Алп манасчынын албан элеси

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО ИНСТИТУТУ

Илимий пропагандалык-координациялык
«Мурас» ишкер долбоору

Алп манасчынын албан элеси

(Залкар манасчы Саякбай Каралаевдин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата эскерүүлөр)

Түзгөндөр: *Ооганбек ИСМАИЛОВ*
Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ

Бишкек
«Кыргызстан»
1994

ББК 82.3(2 Кы)
А—51

Түзгөндөр: *О. Исмаилов, А. Акматалиев*
Рецензент *Б. Садыков*, филология
илимдеринин кандидаты

А—51 **Алп манасчынын албан элеси.** Эскерүүлөр / Түз. О. Исмаилов, А. Акматалиев. Кырг. улут. ИА ж. б. — Б.: «Кыргызстан», 1994. — 160 б.

ISBN 5-655-00954-4

Бул эскерүүдө улуу манасчынын инсандык касиети, рухий дүйнөсү, айтуучулук жана аткаруучулук чеберчиликтеринин ар кырдуу көрүнүштөрү жөнүндө сөз болот.

Жыйнак «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына жана улуу манасчы Саякбай Каралаевдин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата чыгарылды.

А **4702300500—10**
М 451 (11)—94

ББК 82.3.(2 Кы)

ISBN 5-655-00954-4

© «Мурас» 1994

БЕТ АЧАР

«Манас» эпосу кыргыз элинин ыйыгы, улуттук сыймыгы. Аны ушундай даражага жеткирген залкар таланттардын бири Саякбай Каралаев.

С. Каралаев эки заманда жашап, көзүнүн тирүү кезинде эле өзүнүн татыктуу баасын алган адам. Аны XX кылымдын көйкашка ойчулдары М. Ауэзов, Ч. Айтматов «тирүү Гомер», «гениалдуу кайталангыс инсан» деп аташы кокусунан эмес.

С. Каралаевдин тушунда да кыргызда манасчылар көп чыккан. Бирок алардын бардыгы да (Сагымбай Орозбаковду айтпаганда) анын деңгээлине көтөрүлө албаган. Саякбай алардын арасынан тай күлүк сымал бөлүнүп чыгып, мазмуну терең, көркөмдүк сапаты жогору, эпостун үч бөлүмдөн («Манас», «Семетей», «Сейтек») турган, өзүнө 500 553 ыр сабын камтыган толук вариантын жаратты. Ал кылымдардан бери келе жаткан бул ата мурасты сактап гана калбастан аны көп жагынан өркүндөтүп, байытып, жаңы сапатка, жаңы бийиктикке көтөрдү. «Манас» эпосу жалаң эле сөздөн эмес, обондон, жаңсоолордон, мимикалардан турган синтетикалуу чыгарма. Кылымдар бою ал ушул формада жашап келген. Ошондуктан, окумуштуулар белгилеп жүрүшкөндөй, эпос кыргыз эли үчүн бир эле мезгилде окуу китебинин, театр өнөрүнүн ж. б. социалдык-маданий чаралардын милдетин аткарган. Ырас, азыркы цивилизациянын шартында ал өзүнүн экинчи өмүрүнө — жазма түрүндө жашоого өттү. Ошондой болсо да, биз чыныгы «Манасты» манасчылардын аткаруусунда гана толук элестете алабыз.

Саякбайдын «Манасы» ушул жагынан да уникалдуу. Ал эпостун обондотуп сүйлөө (речитатив), ырдоо (попевка), артистизм жагындагы кереметтерин, айтуучулуктун, аткаруучулуктун, жаратуучулуктун таң каларлык сырдуу табиятын ачып көрсөттү. Чындыгында эле, алп манасчылардын акыркысы болгон Саякбай Каралаевди киного тартып, тасмага жазып албаганда, эл оозунда эзелтен бери ацыз болуп келген чоң манасчылар, жалпы эле манасчы жөнүндөгү түшүнүгүбүз бүдөмүк боюнча калмак экен. Саякбайдын «Манасы» асыресе, мына ушул кемелтени толтургандыгы менен маанилүү.

БЕТ АЧАР

«Манас» эпосу кыргыз элинин ыйыгы, улуттук сыймыгы. Аны ушундай даражага жеткирген залкар таланттардын бири Саякбай Каралаев.

С. Каралаев эки заманда жашап, көзүнүн тирүү кезинде эле өзүнүн татыктуу баасын алган адам. Аны XX кылымдын көйкашка ойчулдары М. Луэзов, Ч. Айтматов «тирүү Гомер», «генналдуу кайталангыс инсан» деп аташы кокусунан эмес.

С. Каралаевдин тушунда да кыргызда манасчылар көп чыккан. Бирок алардын бардыгы да (Сагымбай Орозбаковду айтпаганда) анын деңгээлине көтөрүлө албаган. Саякбай алардын арасынан тай күлүк сымал бөлүнүп чыгып, мазмуну терең, көркөмдүк сапаты жогору, эпостун үч бөлүмдөн («Манас», «Семетей», «Сейтек») турган, өзүнө 500 553 ыр сабын камтыган толук вариантын жаратты. Ал кылымдардан бери келе жаткан бул ата мурасты сактап гана калбастан аны көп жагынан өркүндөтүп, байытып, жаңы сапатка, жаңы бийиктикке көтөрдү. «Манас» эпосу жалаң эле сөздөн эмес, обондон, жаңсоолордон, мимикалардан турган синтетикалуу чыгарма. Кылымдар бою ал ушул формада жашап келген. Ошондуктан, окумуштуулар белгилеп жүрүшкөндөй, эпос кыргыз эли үчүн бир эле мезгилде окуу китебинин, театр өнөрүнүн ж. б. социалдык-маданий чаралардын милдетин аткарган. Ырас, азыркы цивилизациянын шартында ал өзүнүн экинчи өмүрүнө — жазма түрүндө жашоого өттү. Ошондой болсо да, биз чыныгы «Манасты» манасчылардын аткаруусунда гана толук элестете алабыз.

Саякбайдын «Манасы» ушул жагынан да уникалдуу. Ал эпостун обондотуп сүйлөө (речитатив), ырдоо (попевка), артистизм жагындагы кереметтерин, айтуучулуктун, аткаруучулуктун, жаратуучулуктун таң каларлык сырдуу табиятын ачып көрсөттү. Чындыгында эле, алп манасчылардын акыркысы болгон Саякбай Каралаевди киного тартып, тасмага жазып албаганда, эл оозунда эзелтен бери ацыз болуп келген чоң манасчылар, жалпы эле манасчы жөнүндөгү түшүнүгүбүз бүдөмүк боюнча калмак экен. Саякбайдын «Манасы» асыресе, мына ушул кемелтени толтургандыгы менен маанилүү.

Кезинде эпосту окуганга караганда анын аткарып берүүсүнө чоң маани беришип, «Саякбай келди» деген жер өзүнчө искусство майрамына айланган, казганактаган эл шашылыш ишине, жамгырдын төгүп турганына карабастан, зор ынтаа менен угушкан. Эпостун обондук, театрдык өзгөчөлүктө аткарылышы улуу адамдарды, тилди түшүнбөгөн башка элдерди да тамшандыргандыгы белгилүү.

С. Каралаевдин дагы бир ыкыбалы — ал бизге замандаш болуп калганы. Аны бүт кыргыз эли, көптөгөн башка элдердин өкүлдөрү өз көздөрү менен көрүшүп, айрымдары аңгемелешип, баарлашып калуу бактысына да ээ болушкан. Манасчынын өзүнө жакын адамдары, достору, курдаштары, асыресе илимдин, маданияттын белгилүү адамдары менен түзгөн байланышы, алакалары өтө кызыктуу жана майнаптуу. Аның М. Ауэзов, Ч. Айтматов, Б. Юнусалиев, В. М. Жирмунский, К. Козин, В. Виноградов ж. б. атактуу адамдардын, окумуштуулардын назарына илинип, айрымдары менен катарлаш басып, өнөр сырын ачып, ысык мамиледе болушу муну ачык айгинелейт.

Саякбай Каралаев жөнүндө көп айтылып, көп эле жазылды. Алардын багыты ар кыл — бирөө изилдөө, экинчиси — эскерме, үчүнчүсү — кыскача мүнөздөмө, ойлор ж. б. Бирок ушулардын бардыгы кантсе да, жетишсиз. Анткени мезгил өткөн сайын «Манас» эпосунун да, аны айткан С. Каралаевдин чыгармачылык өзгөчөлүгүнүн да мааниси улам артып барат. Мезгил манасчынын мына ушул кайталангыс феномендик көркөм дүйнөсүн ар тараптан үңүлүп, тереңден изилдөөнү талап кылып жатат. Улуу манасчынын мааракесине арналып чыгарылган бул жыйнак түпкүлүгүндө ушул максатты көздөйт. Жыйнакка манасчы жөнүндө мурун жарык көргөн, мааниси жоготпогон, терең баамдуулугу жана талдоолугу менен айырмаланган (Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков, А. Салиев, Х. Карасаев, З. Бектенов) жана ретроспективдүү ыңгайда баа берүү менен жазылган (Т. Садыков, Р. З. Кыдырбаева, С. Мусаев, М. Мамыров) эскерүүлөр кирди. Ушул эле планда кээ бир авторлордун жаңыдан (У. Мамбеталиев, Ж. Бекбаев, О. Еркетанов) жана мурун (А. Медетбеков, К. Белеков) жазылган чакан макалалары да орун алды. Айрым эскерүүлөр көлөмдүү болгондуктан (А. Салиев, Н. Удалов) ыңгайына карата кыскартылып берилди.

Баарыбызга белгилүү — В. В. Виноградов кыргыз музыкалык маданияты, «Манас» эпосу жөнүндө көп эмгектерди жазган. Мына ошолордун ичинен манасчыга тиешелүү кээ бир фрагменттерди которуп, өзүнчө топтоп жарыяладык. Саякбай Каралаев көп кырдуу, миң сырдуу талант. Бул сапат анын жалаң эле улуу эпосту жараткандыгынан көрүнбөйт. Маселен, ал ашкере төкмө акын. Ушул өнөрдүн шугунда ал мыкты үлгүдөгү бир топ элдик эпосторду, поэма, мемуар ж. б. жаздырган.

Чыгармачыл улуу инсандар өз өмүрүндө кээде бир эле мез-

гилде эки-үч өнөрдү (жазуучу, акын, сүрөтчү, композитор ж. б.) аркалап өтүшкөн. Саякбай Каралаевдин «Манасты» айтып, ырдап аткаруу менен бирге, белгилүү мүнүшкөр болгондугу дал ушуну күбөлөйт. Бирок анын бул өнөрү да улуу эпостун далдаасында анча байкалбай калат. Чындыгында эле, С. Каралаевдин улуу чыгармачыл инсан катарында тарыхыбыздан ээлеген орду барыдан мурда анын манасчылык өнөрү, «Манасы» менен гана аныкталат. Бул жыйнактагы эскерүүлөр улуу жаратуучунун ушул касиетин, бийик рухий дүйнөсүн, пенделик бай сапаттарын дагы толугураак, даанарак түшүнүүгө белгилүү даражада көмөк көрсөтөт деп ишенебиз. Жыйнак Саякбай Каралаевдин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналып, окурмандардын кеңири чөйрөсүнө ылайыкталып жазылды.

ООГАНБЕК ИСМАИЛОВ.

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

ЗАМАНДАШТАР, АГАЙЫН-ТУУГАНДАР!

(Саякбай Каралаевдин сөөгүн коюу зыйнатында сүйлөнгөн сөз)

Кыргыз журту бул күндө терең кайгыдабыз. Ала-Тоодой адамыбыздан — Саякбай Каралаевден ажырап отурабыз.

Бул кишинин улуулугун биз азыр гана — түбөлүккө коштошуп жаткан күйүттүү учурда гана баалап айтып жаткан жерибиз жок. Сакендин көзү тирүүсүндө биз аны гениалдуу акын-жомокчу, байыркы замандардан калган казынабыз деп, улуттук сыймыктын даражасында даңазалап, мактанар элек, урматтаар элек, таңданаар элек. Антпесе да, тиричиликте биз бул кереметтүү адамдын баркына жеттик бекен, анын не деген алп өнөрүн салмактай билдик бекен деген алда-кандай ойго кетет экенсиң. Аттиң дүйнө, Сакендин «Манасын» кайра баштан өз оозунан, өзү менен кошо бирде күлүп, бирде ыйлап, бир заматтын ортосунда сантүркүн окуя, сантүркүн тарыхка аралашып угуп отурсак канакей! Айкөл Сакең келбес сапарына кетип, жайнаган көзү жумулуп, өрт жүрөгү токтоду.

Мынакей, эми минтип, кабырынын башында жоктоп турган кезибиз. Айла канча, колдон келген бир ууч топурак менен кошо Саякбай Каралаевге арналган акыркы сөзүбүздү айтабыз.

Ала-Тоо койнунда кылымдан-кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, бирден бир жообубуз — «Манасты» берди дейбиз. Демек, элибиздин өлбөс-өчпөс төл чыгармасын баштан-аяк талыбай айткан, ошол тарыхый энчибизди, кемибес мүлкүбүздү бир да кылын жоготпой, бир сөзүн унутпай, бир да боегун өчүрбөй маданий казынабызга чыныгы художниктерче жанын, канын берип, аны байытып, көбөйтүп, залкар талантын «Манас» үчүн бүтүндөй жумшап келген адамыбыз — бирден-бир акылман, бирден-бир кайраткер, бирден-бир гениалдуу адам. Жыйырман-

чы кылымда ошол адам — биздин арабызда жүргөн Саякбай Каралаев эле. Аралашып жүргөндө биз ушуну билдикпи, сездикпи? О, армандуу дүйнө, байыркы дүбүрттүн күлүгү, алыскы учуктун түйүнү Сакең жатпайбы мына эми керилип! Кайран талант, кайран жан! Канткенде Сакемдин ордун толуктап, канткенде Сакеңдей аккан дайраны соолутпай агызып тураар экенбиз? Сакең — кайталангыс жандардан, кайталангыс гений-лерден болуп жүрбөсүн!

Өлбөс адам бар беле, бирок бул сыяктуу башыңа аза түшүп турган саатта ушуну катуу ойлойт экенсиң. Ошондо арканда жөлөк болгон элиңе кайрылып, дале болсо Сакеңдей уул төрөлөөр, чыгаар деп элиңден үмүт этет экенсиң.

Саякбай Каралаевдин о дүйнө кетиши — улуттук жоготуу. Улуттун башына эмне иш түшсө да — ал улуу иш, жамандыгы да, жакшылыгы да ар кимибизге тиешелүү. Андыктан ушуну билгендер үчүн Сакең менен кошо өз өмүрүнүн, өз жанынын ар бөлүгүн кошо жоготуп отурган сыяктуу сезишет.

Улуттун дагы бир касиети — ал кажыбас кайраты, Сакеңди жерге койгон саатта биз өзүбүздү не деп жоотуп, не деп кайраттандырабыз? «Манас» — «Манас» болуп турганда Саякбай Каралаевдин аты өчпөйт, эмгеги унутулбайт. Бул, демек, түбөлүккө калуу деген кеп. Сакеңден мурда да манасчылар өткөн, бирок Сакеңдин бир артыкчылыгы, таалайы — ал совет доорунда жашап, азыркы илимий информация каражаттарынын аркасында кылган иши, сүйлөгөн сөзү, кебете-кешпири кийинки муундар үчүн бүтүндөй сакталып калды.

Кайрат кылалы. Ушуга тобо дейли.

Мына эми мезгил жетти — Сакеңди жерге берүүгө мажбурбуз. Дүйнө жүзүндө өзүнчө жалгыз гана болгон улуу талант асмандан кулаган жылдыздай жалп деп өчтү.

Кош бол, улуу устат, кош бол, ата!

Өзүңдүн айткан Манасың кырк жигитин ээрчитип келип, мүмкүн, азыр ушул жерде тургандыр. Кыргыз Сизге ыраазы, Саке арбагыңыз ыраазы болсун, биз Сизди өлөр-өлгөнчө унутпайбыз. Сиз үчүн, Саке, бүгүн кыргыз журтунун түндүгү жабылуу, байрактары аза күтүп эңкейип турган кези.

Артыңыз кайрылуу болсун! Биз Сизди өткөндөрдүн эстелиги катарында эсибизге тутабыз, бала-чакабызга айтып, эсине салабыз.

АЛ ОКЕАН СЫНДУУ «МАНАСТЫН» МИЛЛИОН САБЫН ЖАТ БИЛГЕН

Мындан азыраак жыл мурда «Советский Союз» журналы менин «Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билет»,— деп аталган макаламды жарыялаган болчу. Анда мен залкар манасчыбыз Саякбай Каралаев тууралуу кеп салган элем. Бүгүн болсо турмуш кыстап, макаланын аталыш наамына «Ал... миллион сабын жат билген» дедиртип кайгылуу түзөтүү киийрип отурат. Кантели, өмүр деген ушундай өлчөлүү болот тура, айтылуу манасчы жайын эми ушунтип өткөн чак менен айтууга туура келет.

Мурда күнү Саякбай Каралаевди жерге бердик. Кыргыз маданияты үчүн бул орду толгус опсуз жоготуу болду. Саякбай Каралаев улуттук маанидеги сүрөткер эле. Не дегенде «Манас» эпосу бизге жеткен азыркы калыбы менен кечээ же бүгүн эле жарала калган эмес. Кыргыз эли ага сан миң жылдык санжыра-тарыхын, дүйнө жөнүндө баккан-көргөнүн, поэтикалык энчи-таалайын катып, тополоңдуу күндөрдүн бороон-чапкынына төздүрбөй, кысталаңдуу замандардын кыямат селине алдырбай, бой тумар сындуу боюна көтөрүп, дөөрүнө сактап, кылымдардын кыйырын түрө кыдырып, улам онуктүрүп, оорчүтүп жүрүп отурган. Манас баатыр жөнүндөгү улама кептин уңгусу жылжыган булак суусундай болуп ой бойлобос, акыл чендебес атам замандагы доорлордо башталган. Бара-бара анын нукжөнү кеңейип, бууракандаган дарыяга айланып, акырында кыргыз жергесинде элдик поэзиянын чалкыган деңизин пайда кылган Саякбай Каралаев эпостун дал ушунтип кемелине келип, толкуп-ташып турган чагында анын таалайына туш болуп, ажарын ачты.

Элдик уламыштын уч-кыйыры көрүнбөс кенендиги менен түбү билинбес терендигин ойго сыйдырып, көңүлгө когондой, «Манас» жөнүндөгү улуу сөздү көөнөртпөй, ар бир муундун көз алдына тутуп, мандайына кармап туруш үчүн ашкан интеллектиси, опсуз фантазиясы жана жанда жок артистик таланты бар, бир эшиткенин элеги эсинен чыгарбас куйма кулак жомокчулар, айтуучулар керек болгон. «Манас» дастанын мурунку муундардан мурастап алып, улам кийинки урпактарга улама кылып жеткирип турган сакадай бою сары алтын андай айтуучулар эл ичинен өксүбөй чыгып турган. Бүт өмүрүн «Манас» айтуу өнөрүнө багыштаган Саякбай

Каралаев урумдан ашкан ошол санжырачылардын биздин күндөрдөгү уркунан эле.

Эми ал жок. Кайран киши көк теңирде жаркырап, балбылдап күйүп туруп, күлап учкан жылдыздай аалам-дан кайып кетти. «Манастын» асманында ага тең келер жылдыз кайра эми жанар бекен? Камсыга ушуну ойлоп, кайрадан калың элге үмүткөр болуп карайсың, анткени Саякбай Каралаев сыяктуу даанышман чыгармачыл инсанды эл гана жаратат эмеспи. Ажеп эмес, уруулуу журттун уюткусунан жалгап, Манас баатырдын санжырасын чеккен дагы бир сайкашка таланттын туурубузга конуп калгысы бардыр, жаңы Саякбай азыр балтыр бешик баладыр, а балким эми төрөлөт чыгаар!

Айтор, улуу манасчы менен коштошуп жаткан күндөрдө Саякбай Каралаевдин көзү бар кезинде жазылган ушул макаланы кайра жаңыртып жарыялап коюуну чечкен «Советская Киргизия» газетасынын жакшылыктуу бул кабарын жан дилим менен ыраазы болуп кабыл алам.

* * *

Кыргыз илимпоздору байыркы «Манас» эпосун кагазга жазып, сарамжалдык менен санжаптап чыгуунун үстүндө сабылып иштеп келатканына быйыл отуз жылга аяк басты. Азырынча анын кыскартылган төрт китеби чыкты, аларга карап олтуруп деле жазмасы жок эл поэтикалык эбегейсиз бул дастанды миңдеген жылдардын мизинен кетилтпей кантип алып өтүп, биздин күндөргө чейин кантип жеткирди экен деп айран-таң каласың.

Кыргыздар — борбордук Азиядагы байыркы элдердин бири. Ал өзүнүн көп кылымдык тарыхында эпикалык маданияттын эң бийик өрүшүнө жеткен. Өзгөчөлүү тарыхый шарттарда (жазуу-сызуусу жок сүрөт өнөрүнөн караманча кабарсыз, өз эркиндигин жана азаттыгын коргоп, жамаатташ турган күч-кубаттуу феодалдык мамлекеттер менен такай жөолашып) узак мезгил бою көчмөн турмушта жашаган элдин кайнар булактай оргуган поэтикалык көрөңгөсү эпикалык ушул жанрдын жаралышына жана оожалып өркүндөшүнө алып келген. Башка көп эл рухий казнасын чежире китептерге жазып, жылнаамаларына жыйнап, көркөм адабиятта, театрда чагылтып, сүрөт полотнолоруна түшүрүп, скульп-

турада чегелеп калтырышса, кыргыздар булардын баарын эпосторго батырып, ошолордо камтып айтып, кастарлап келген.

Кенже деп аталган эпостор бизде он бешке жуук, алардын ону басылып чыккан. Ар бири жүз миңден ашуун ыр сабынан турат. Ар бири тарыхтын кайсыдыр бир доорун камтып, адамдар менен элдердин көп кырдуу тагдырын, турмуштун сан түркүн сай-салаасын санаттайт. Ар биринин өзүнө гана таандык оригиналдуу окуясы, мазмуну бар. «Кожожаш», мисалы, аң уулап, мергенчилик менен мээнеттүү өмүр сүргөн адамдын, табиятка таазим кылган эзелки муундардын жаратылыштын жапан күчтөрү менен күрөшкөн алардын турмушу жөнүндөгү эң байыркы драмалык дастан. «Олжобай менен Кишимжан» болсо лирикалык поэма, даркан талаанын өзүнчө эле бир «Ромео менен Жульеттасы», «Кедейкан» — социалдык-турмуштук утопия.

Бардык кыргыз эпосторунун барып турган үлкөнү, көрсө көз тойбос, укса кулак канбас укмушу, бул албетте, «Манас». Ал адамдын акылын тандырар көрөсөн бүткөн көркөм дүйнө.

«Манас» — океан — эпос. Көлөмү жагынан ал дүйнөдөгү белгилүү бардык эпостордон ашып түшөт. Анын он бир варианты бар, айрымдары жети жүз миңден ашык уйкаштуу ыр сабынан турат. Турмуш көрүнүштөрүн камтыган кенендиги жагынан «Манас» дүйнөлүк эпикада эң бараандуу орунду ээлейт. Журт башына калайман салган бөтөн жерлик баскынчыларга каршы кыргыз элинин жүргүзгөн каарман күрөшү, сабылып-чачылган кыргыз уруулары бириктирип, бир жерге күл төктүрүп, журт кылган айкөл Манас баатырдын эрдигин даңктоо — анын өзөк темасы. Ошондо да бул эпостук мазмундун бир гана сабы, анын мындан башка да тарамдалып бөлүнгөн огеле көп кошумча темалары бар. Калаймандуу казаттарды, баатырлардын эрдигин баяндаган эпизоддордон тышкары «Манаста» адам тиричилигинин, көйгөйү көп өтмүштүн маани-жайын чечмелеп, көп түрдүү көрүнүшүн сүрөттөгөн учурлар кеңири орунду ээлейт. «Манастын» көркөмдүк жана дүйнө таанымдык күчү, келберсиген даркандыгы эс талгыдай эле бар. Анда арзуу лирикасы да, социалдык-турмуштук, моралдык-этикалык темалар да өзүнүн мүрөл үлгүсү менен жолугат. Анда байыркы кыргыздардын география, астрономия, медицина, зергерчилик, аскер өнөрү жөнүндө түшүнүктөрү, мыскалдап жыйнаган маалыматтары

топтолгон. Анда куунак сатира менен юмордон тартып адам жанынын жүрөк титиреткен улуу кайгысын санат кылган трагедиянын бийик үлгүсүнө чейинки көркөм каражаттар менен формалардын албан-түмөн түрлөрү бар. Каймагы калпына элек реализм жомоктук фантастикага жуурулуп, символизм, декларативдүүлүк терең психологизм менен ашташып турат, керемет-сыйкырдын күчүнө ишенген көз караштар философияга келип тогошсо, интимдүү изги сезимдери ашыктыктын ажайып дастанына өсүп чыгат. Ошол эле учурда сүйүү темасы эпосто байыркы феодалдык патриархалдуу-уруулук салт-санаасына тутамдаштырылат. Кыскасы, «Манас» өткөндөгү кыргыз элинин келберсиген чалкар дүйнөсүн бүткүл керемет-кемели менен көз алдыга тартат, бул анын дүйнөлүк маданияттын панорамасындагы залкар көркөм полотносу.

«Манас» муундан-муунга мурасы болуп, ооздон-оозго өтүп турган. Таланты таш жарган эчен бир манасчылардын ысмы эл ичинде жүздөгөн жылдар бою унутулбай, айтылып жүрөт. Андыктан Саякбай Каралаев сыяктуу азыркы кездин феноменалдуу сүрөткери биздин элден чыкканы таң каларлык иш эмес. Жетимиш жаштагы, акылга дыйкан бул адам башынан көптү өткөрүп, далай окуяларга күбө болуп, өрнөктүү өмүр кечирип келатат. Граждандык согуштун жылдарында кызыл партизандардын кошунунда жүрүп, Сибирде Колчактын ак гвардиячыл армиясы менен кармашты. Ат жалында баратканда, а кээде партизандар өргүп, эс алып жатканда, от боюнда олтуруп Саякбай Каралаев «Манастан» үзүндүлөр айтып, элге эрмек болгон. Кыргыз тилин караманча билбесе да, кишилер туш-туштан тегеректеп, Манас баатырдын баянын үзүлө түшүп угушаар эле деп эскерет манасчы ошол учурларын. Көрсө, Каралаевдин ченде жок тубаса актердук чеберчилиги ошондо эле оролуна келип, оргуштап турган экен. Кийин ал туулуп-өскөн жергесине келип, Кыргызстанга атактуу манасчы болуп таанылды.

Дүйнөлүк эпостун чыгаан билерманы, казак жазуучусу Мухтар Ауэзов аны «легендарлуу эпик», «азыркынын Гомери», «XX асырдын рапсоду» деп атаган. Озук окумуштуунун мандайы жарылып айткан бул мактоосу өтө кеткен кеп эмес. Дээрлик миллион ырды жаңылбастан, жадыбалдай жатка айткан мындай адам бу ойроттон оңойлук менен табыла койбос. Каралаевдин аткаруусундагы «Манастын» вариантын, ал билген башка

да бир катар кенже эпостордун текстин жазып алуу үчүн ондогон жылдар керек болду.

Каралаев «Манас» айтып жатканда андан көзүндү тартып ала албай, кирпигинин ирмелишинен тартып колунун жаңсалышына чейинки ар бир кыймылына арбалып, көрөңгөнүн көөр таштай чанда бир кезиге турган шыбагасы даарыган бул адамдын абазына кулак төшөп, муюп олтуруп, анын жасат-жаны эпикалык уюткунун өзүнөн бүткөнбү деп ойлоп кетесиң. Бул манасчынын тулку-боюнан, бешене-бейнесинен сезилип, эбаккы өткөн доорлордун карааны жылып келип, калдайып астына тура калгансып кетет. Ошондогу ойрондуу окуялар, ошондогу кайгы-муң, ошондогу айкөл акыл, ошондогу сар-санаа, жамандык менен жакшылык баары чогулуп, ушу кишиге уютулуп калгансыйт. Каралаевдин аткаруучулук усулу укkан адамдын жан дүйнөсүнө алай-дүлөй түшүргөн ушундай керемет күчкө ээ. Ыраатынан жанбаган ыргак, ышкысы жанган кумар, көңүл көлгүлткөн ылхам биринен сала бири куюлушуп, аларга удаа кусалык, муңканган кайгы каптап келет да, санаага алган убайым, көз жаш кайра барып, айбары бийик айбатка, өткүр кайратка, каармандыкка орун бошотот. Анан кайра ойго салып бирде күлдүрүп, бирде ыйлатып, улуу дастан улана берет.

Тагдыр жалгап кайсы бир жолу Каралаев менен Чүй өрөөнүндөгү чарбалардын бирине барганым эсимен кетпейт. Каралаев келиптир деген кабар алеки саатта айылдан айылга жетип, желден ылдам тарап кетти. Ар кайсы жактан: айдың талаалардан, алыскы фермалардан убап-чубап, үлгүргөнү машинага түшүп, тракторго жабышып, көпчүлүгү жөө-жалаңдап, бир заматта азанказан эл жыйналып калды. Каралаевдин өнөрүнө куштары артылгандар ушунчалык көп болгондуктан, алар колхоздун чакан клубуна батпай тең-жарымы сыртта калышты. Ошондо Каралаев ачык аянтка чыгып, эл ортосунда туруп «Манас» айтмакчы болду. Чакан сөөрүчө жасап, алдына отургуч коюп бериштн, казганактаган эл болсо ким каалагандай жайланышып, көпчүлүгү түз эле жерге мандаш уруп, бир даары машиналардын кузовуна чыгып, айрымдары ат үстүндө туруп анын жомогун тыңдап жатышты. Бир оокумда төбөдөн кара булут сөгүлүп, алты сай жамгыр төгүп жиберди. Бирок Каралаев жомогун токтотподу, эл да козголбоду. Көнөктөгөн жаан алдында өтмө катар суу болгонуна кайыл, назарын бурбай жомокчуну муюп угуп, отура бериштн. Ошол

кезде алардын бүт ыкласы Қаралаевге байланып калган эле. Мен муну эч качан унутпаймын.

Эгер менден өз элиңдин кандай улуу адамдарын билесиң деп сурашса, арийне, алды менен озунуп ушу Саякбай Қаралаевди айтат элем.

Өз элинин тарыхына жана чыгармачылыгына сыймыктанбаган жан болбос. Ошентсе да «Манас» эпосун ойлой калсам, анын минтип жалпы элдин орток маданий байлыгына айланып отурганын эстеп, мартабам артып, байманам ташыгандай өзүмчө эле кудундап, териме батпай кетем. Миң жылдан ашуун тарыхында «Манас» совет бийлигинин жылдарында гана биринчи мертебе кагаз бетине түшүрүлүп, китеп болуп басылып чыкты. Анын кээ бир маанилүү эпизоддору келки-келки үзүндү түрүндө орус тилине которулду. Бул болсо «Манасты» мүлдө адамзат маданиятынын казынасына кошуу үчүн мүмкүндүк ачты.

«Манас» азыр өзүнүн экинчи өмүрүн сүрүп, жаңы доорун башынан кечирип жатат. Ал китеп болуп басылып, опера да ырдалып, спектаклдерде көрсөтүлүүдө, кыргыз кинематографисттери болсо «Манас» фильмин тартууга камданып жатышат.

ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

АСЫЛ МУРАСТЫ УЛАНТКАН ЗАЛКАР МАНАСЧЫ

«Манастын» кыскартылган вариантын редакциялап жүргөн кезибиз. Манасчылар, адабиятчылар, окумуштуулар менен дайым жолугушуу, пикир алмашуу болот. Заманыбыздын улуу манасчысы Саякбай Қарала уулу менен биздин байланыш артыкча күчтүү. Себеби, «Манас», «Семетей», «Сейтек» аталган улуу баян Саякбайдан толугу менен жазылган. Көркөмдүк касиеттери, маанисинин терендиги жагынан да Саякбайдын варианты башкалардан салмактуу. Дал ошол эмгеги үчүн биз зор манасчыны сыйлайбыз, барктайбыз. Ага жараша Сакемдин ачык-айрым сөзмөрлүгү, тамашакөйлүгү, өтө жөнөкөйлүгү бизди өзүнө «курбу» кылып койгондой... Айтор, Сакем келгенде биз жадырап-жайнап жаныбыз-

га зор адамдын келгенине бир жагы сыймыктана түшөбүз. Бирок улуу манасчынын жөнөкөйлүгү, салмак менен айтылган алп сөздөрүнүн жандуулугу, элестүүлүгү, сыйкырдуу күчү, жумшак күлкүсү бизди ошол замат өзүнө тартат. Биз улуу сөздөрдүн кенчине батып жыргап калабыз. Көңүлдү ачып кубантып, күлдүрүп, ойлонтуп коюучу баалуу сөздөрүн улам уккубуз келип Сакеме тийишип, ал кишини кепке чакырабыз.

Саал мурчуя калган Сакең калкандай сулуу мурутун бир-эки жанып алгыча күймөлөт, анан кумдай чубурган асыл сөз түрмөгүн салмак менен лап-лап таштай берет. «Манасты» коюп Сакең бир болгон ангемеден кеп салсын. Тек көз алдыңа сени чымыраткан, жаныңды жыргаткан элес келет, кооз сүрөт тартылат.

Биз бир келгенинде дал ошондой сөзүн уккубуз келип Сакеме тийиштик:

— «Манасыңызды» баштан аяк окуп жатабыз, Саке. Кээде унутуп кетет көрүнөсүз. Бир айтканыңызды эки айтып коймой жайыңыз бар экен. Ал эмнеңиз?

Саякбай ошол замат чалкалай калды. «Э акмактарым» деп угуза айтпаган менен чарасында кайнаган кичинекей көздөрү алыска серпиле, саал өкүнө, кыжырлана кескин айтты:

— Э, кагылайындар, «а» деген тамганы тааныбайм. Кол кой десе, сүйрөлтүп чокмордун сүрөтүн тартып коюп эптеп «канарар» алып жүргөн курган баш. Бабаңардын жомогу чытырман токой экен, кээде адаштырса, адаштырып салгандыр. Анын эмнесине тыңсынасыңар?! Академик, жазуучу, окумуштуулар бир үйүр болуп онон беш жылдан бери силер чуулдап жүрөсүнөр. Кагаздын бетине түшүп, темир сандыктарда катылган мурасты эмдигиче элге берип койдуңарбы?!

Биз жапырт күлгөн болдук. Бирок бул айласыз күлкү?! Баса, айтса-айтпаса төгүнбү?! Тээ отузунчу жылдын башында эле ушул Саякбай Карала уулунан, Сагымбай Орозбак уулунан «Манас» жомогу жазыла баштабады беле. Ошондон бери улуу-кичүүсү болуп ондогон жомокчулардан бардыгы бир миллион ыр сап көлөмүндө ондон ашык вариант жазылып алынса да, кайра элге жетпей тек кол жазма түрүндө фондунун темир шкафтарында катылып турганы да чын. «Манастан» айрыкча «Семетейден» кээ бир келки жомоктору өзүнчө китепче болуп басыла койгону болбосо, улуу баянга күчү даап, аны редакциялап, тактап толугу менен басмадан чыгарууга эч ким дитинбеди. Ушул азыр

да (тигил курама төрт томдукту эске албаганда) элибиздин ушул улуу баяны нукура табигый касиеттери менен мүмкүн болушунча толук түрдө, мүмкүн болушунча өзүнө таандык сүрөттөр менен кооздолуп, шарттуу түшүнүктөр берилип, академиялык басылышы эмдигиче ишке аша элек. Дал ошол нукура тексттен улуу баян эмдигиче орус тилине жеткилендүү которулган жок. Айтор, бул өкүнүчтүү иш. Неси болсо да элибиздин бир нече кылымдык өмүрүн, тиричилигин, жер-суусун терең баяндаган ушул улуу мурасыбыз негизинен толук жазылып алынганынын өзү кол жазма түрүндө болсо да сакталып турганы көңүлгө төтөп... Себеби, «Манас» ошол катылып жаткан калыбында жоголуп калгыдай, не ар кимдин энчисине таандык болуп кеткидей чамалуу нерсе эмес. Биз «Манасты» атаганда элибизди тааныйбыз. Элибиздин эртегисин ойлоп көз алдыга келтирсек «Манасты» эстеп, ушул «Манас» аркылуу өткөн өмүрдү көрөбүз. Ордолуу журт, аймактуу калк атанып бир кездерде өзүнчө мамлекетке ээ болуп турган кыргыздар кээки ички бийликтин ириткенинен бел алдырбай, сыртқы жоонун кандуу чабуулунан тайманбай айкаштарда бирде алып, бирде алдырды. Замандар бою калайыкты катуу коогага салган кыргыздардын, бөлүнүүнүн кесепети түптүү журтту бөксөрттү, аздырды, тентиретти. Ага коомдук өсүштөгү тарыхый шарттар айкашты — жер титирөөдөн улам урап түшкөн зоодой жоокер журттун ордосу да урап, чачырап бөксөрдү, басынды... Ошентсе да башынан жоокер өсүп калган түптүү журттун тукуму биротоло жоголуп кетпеди. Кээкилер аныктагандай алар жапайы да болгон жок. Ошол чачылган, бөксөргөн кезинде анын байыртан салт болуп келаткан жоокердиги эми көркөм сөз баянына алмашты. Албетте, ошентти! Себеби, ар бир эле эл өз башынан өткөргөн тарыхый зор окуяларды көркөм баяндаган, аны ошол учурдун чебер белгилери менен тамгаланган мурасты, эстеликтерди жаратат. Биздин баамыбызда «Манас» жомогу да элибиздин дал ошондой кырдаалда турган кезинде өзүнүн баштапкы башатын ачкан болуу керек. Чынында да ал дал ошондой. Буга, биз күмөн койбойбуз. Ал тургай, «Манас» өз доорундагы элдик маданияттын жалкысы эмес. Баатырдык күрөштөрдү көркөм баяндаган ушул залкар жомокту ого бетер шандантып, аны күүлөп, аны коштогон ошол баатырдык мезгилди күүгө келтирген алп овондорду, залкар күүлөрдү баатырдык сонун музыканы жараткан. Ал музыка өз тушунда сур-

най, жезнай, комуз, кыяк, чоор, сыбызгы сыяктуу элдик күү аспаптары аркылуу аткарылып, элибиздин баатырдык жомокторуна шаң кошкону айгине! Ал гана эмес, колунан көөрү төгүлгөн чеберлер тарабынан жыгачка, ташка тамга калтырганы; Баатырдык аспаптарда, кийимдерде сайма-көчөт, оюу-сызуу болгону; алтын, күмүш, колодон жасалган буюмдарга баатырдык белгилер, түрлөр чөгөрүлгөнү, не элибиздин байыркы жазуусу менен жазылып калган баяндар, адамдардын өмүр-тиричиликтеринин белгилери болгонун биз ушул улуу баяныбыздын кенен мазмунунан айгине сезебиз. Айтор, жеке эле журттун башынан өткөн зор окуяларды, чет душмандан кыйырды коргогон кол башчылардын баатырдык салгылаштарын, жортуулдарын; жеке эле журттун тиричилигин, коомдук түзүлүшүн, уруулардын талаш-тартыштарын; жеке эле адамдардын бири-бирине болгон катнаштарын, аруулар менен баатырлардын арзууларын алардын ашыктык жалындарын, абышка-кемпирлердин акылдуу кеңешин, күлкүлүү окуяларды; жеке эле алптардын залкар кешпирлерин, атын, тонун, кыялжоругун; жеке эле жер-суунун элестүү сүрөтүн, койчу, эчен баалуу албан нерселерди бизге жеткирбестен, ошентип, элибиздин байыркы обонун, күүсүн, музыкасын, байыркы бийин, сүрөтүн — байыркы маданиятын эч айныбас, эч оңбос, эч бузулбас элдик мурас — элдин көркөм тили улуу баян түрүндө бизге жеткирди!

Эмесе, бабаларыбыздын жомогу «Манас» улуу манасчы Саякбай баамдагандай чытырман токой экендиги да рас! Болгондо да бизге дал таанылбай күңүрт калган кылымдарды жортуулдап өткөн жоокер элибиздин татаал өмүрүн, анын байыркы маданиятын кеңири баяндаган маданият токою!

Элибиздин калың катмарынан чыккан укмуштуу зор таланттар, улуу жомокчулар бул асыл мурасты кылымдан кылымга калтырып, ооздон оозго өткөрүп, өнүктүрүп, кооздоп келишти. Атаганат, биздин ушул сонун мурасыбыз эч болбоду дегенде Дыйканбайдын, Акылбектин, Чоюкенин, Тыныбектин, Сагымбайлардын айтууларында толук кагаз бетине түшүрүлгөн болсо не? Биз анда азыркыдан да көтөрүңкү сыймык менен сөз чеберлерин сонун өстүргөн көркөм сөз токоюн аралай бирине бирин салыштыра, бирине бирин толуктата, азыркыдан артык кызыгып, суктанып, мактанып, сыймыктанып, бизге асыл мурасты сактап берген ошол улуу бабаларыбыздын ысымдарын азыркыдан да ыйык баа-

лайт элек! Арийне, бай токойдун ар бир чынары өзүнчө бай, өзүнчө көрктүү, өзүнчө баалуу, өзүнчө асыл болорун ким билбейт.

Ошентсе да биз ага азыр өкүнбөйбүз. Бизге дейре көздөрү өтүп кеткен Дыйканбай, Акылбек, Чоюке, Сагымбай, Тыныбек сыяктуу жаркын таланттардан таалим алган заманыбыздын эң зор таланттуу манасчысы Саякбай Карала уулунун айтуусу боюнча «Манас», «Сейтек», «Семетей» толук жазылып алынган. Азыр колдогу улуу мурасыбыз — кээде адамдар үстүрт болжогондой али ар кайсы үзүндүлөрдөн, курамалардан жыйнакталган, алда кимдер тарабынан дагы далай иштетилүүнү талап кылуучу «чийки» материалдар эмес, бардык жагынан жеткилең, эң жогорку көркөмдүктөгү сонун баян. Тескерисинче, «Манас» бардык жактан жеткилең эң сонун элдик чыгарма! Рас турмушту кеңири камтып, эң таасын, эң көркөм сүрөттөлгөн көп окуялуулугу, көлөмү жактан эбегейсиз чоңдугунанбы? Бир окуяны улам кайталап эл ичинде көп айткан манасчы тарабынан жазылган кезде, ал киши, баянга шарттуу, закондуу кайталоолорду жиберүү менен кээде ал өзү айткандай «Чытырман токойдо» жаздым кетирип, кээки эпизоддорду, айрым сүрөттөөлөрдү кайталап койгону да бар. Эгерде, биз муну жазма адабияттын жаралышына салыштырсак, тек ташкындаган талантынын күчүнөн улам ээлиге олтуруп, «буркан-шаркан түшкөн» зор жазуучу көп татаал окуяларды сүрөттөөдө турмуштук элестерди, адамдардын кыял-жоругун, алардын ички дүйнөсүн ачууда берилүү, кызыгуу, толкундоо натыйжасында өзүнүн чыгармачылык бай түшүмүнө байкоосуздан өзү чөмүлө түшкөн сыяктуу биздин алп манасчыбыз да, калкандай муруттарын жаный сала, бармак, сөөмөйүн тегеректеп кайпаган өткүр көзүнө дүрбүчө кармай берип, тээ алыска — арттагы күцүрт кылымдарга чабыттай, бабасы айкөл Манастын, акылман Бакайдын, алп Сыргак, Чубак, Алмамбет, Семетейлердин кошунунда өзү бирге бараткандай албырып, алкынып, күпүлдөп, жан-дили менен оргуштаган таланттын кызуусуна бериле алп сөздөрдү төккөндө алтындын кумундай чубурган көркөм сөз чагылышына бирин-серин кум-таш аралап кетери да шарттуу иш. Тереңден кайнаган кайнар катуу атылган сыяктуу, чамынган талант кээде ошентип ээ бербейт. Антпесе, алп акын асыл сөздөрдү сүрөттөп төгө да албайт. Ыйынып-ычкынып, тирмийип, кекечтенген менен шыктын бактысы ачылбайт.

Эмесе, «Манастай» асыл мурасты баалуу касиеттери менен толук насиптей сактап бизге өткөзгөн Саякбай Карала уулу жеке эле улуу манасчы эмес, оргуштаган таланттуу асыроочу баамчыл, кеменгер зор акын! Ал жеке эле баатырдык баяндарды эмес, өз өмүрүнөн, замандаштарынын өмүрүнөн, мүнүшкерлик турмушунан көркөм, элестүү сүрөттөгөн бир катар баалуу чыгармалардын да автору.

Акындык зор таланты, актерлук күчтүү шыгы шайма-шай келген биздин Саякбай өзү айткандай билимге каныкпаса да, башынан көптү өткөрдү. Мурунку өткөн зор манасчылардан үлгү алды. Не боз үйдө, не дөбөдө олтурган аз чөйрөдөн тартып чоң театрдын сахналарында, миңдеген калк чогулган аянттарда күүлөнө күпүлдөтө, алптарча айкыра «Тайторунун чапканынын», «Каныкейдин жомогун», «Семетейдин балалык чагын», «Айчүрөктү» айтор улуу баяндын эчен сонун келкилерин, бөлүмдөрүн айтты. Саякбайдын аткаруусунда «Манасты» анын сөзүнө түшүнгөн жеке эле кыргыздар, казактар, өзбектер, татарлар тургай орустар, кытайлар, немецтер, француздар, арабдар, индустар, чехтер, перстер, түрктөр... конференцияларда, эл аралык илимий форумдарга катышкан ар кыл улуттардын окумуштуулары, дүйнөнүн жазуучулары, журналисттери, жалпы элдин өкүлдөрү зор ынтаа коюшуп, түшүнгөндүк менен бийик баалап угушту. Ооба, биз түшүнгөндүк менен дегенди атайы белгиледик. Себеби, биздин тилибизди билмек тургай аны эч укпаган адамдар да, улуу манасчынын укмуштай сонун аткаруусунда анын ыргагынан, анын кебете-сүрүнөн, анын чебер, чечкиндүү окуяларга өтө карт келген таасын кыймылынан, анын бирде конур үнгө салып боздото, бирде баатырдык шандуулукка салып күпүлдөтө бирде өзүнүн өткүр, акылдуу көз карашы менен алптардын дүйнөсүн ача айткан так күчтүү сөздөрүнүн ыргагына карай баянда кандай окуя болуп жатканын тигил кишилер котормосуз эле түшүнгөнүн билдиришип, биздин айтылуу, улуу манасчыбызды бийик урматтоо менен колдоруна көтөрүп алган учурлар канча!

Албетте, бул жеке эле бир адамдын талантына сыйынуу, бир адамдын аткаруусун баалоо беле? Жок. Бул менин кыргызымдай кичинекей, бирок байыркы тарыхы бар, байыркы маданияты бар, шыктуу элимдин асыл мурасын сыйлагандык болучу.

Рас, бул кезде биздин «Манас» улуу тилдерге кото-

рулбаган соң, дүйнөгө ал анча таанылa элек. Бирок, илимдин жеңиши, маданияттын өркүндөшү кылымдардын жыйынтыгын берип жаткан биздин күндөрдө асыл мурасыбызда жакын арада бардык тилдерге которулуп, жеке биздин гана эмес, бардык элге таандык дүйнөлүк мурас болоруна ишенебиз!

Ошол учурда улуу манасчыбыздын ысмы дүйнө элинин оозунда — тирүү Гомер! Гомер дал ушул Саякбайдай болгон дешер... Биз ага да ишенебиз.

Алптын жашын жашап даңктана бериңиз, урматтуу Саке!

УЛУУ МАНАСЧЫ САЯКБАЙ КАРАЛА УУЛУНА АЛКЫШ

Адамдын жан азыгы болгон жандуу, элестүү көркөм сөздүн, адамды ойго салган, адамга акыл кошкон оозеки адабияттын ыр, кошок, жомок, макал, лакап, уламыш түрлөрү менен тааныша баштаганымда эле «Манас», «Семетей» жомоктору мага сыйкырдуу таасирин берди. Себеби, улуу сөздөрдү баалап, салмактап, анын төркүнүнө зор маани берип, көп салган улуулар эл оозунда айтылчу көркөм сөз мурастарынын ичинен «Манас» жомогун көп саларда, аны бийик баалап, ага сыйынышып, аны айтуучулар да, угуучулар да жан-дили менен берилип олтурушчу. Арийне, дасыккан манасчылар айыл башына дайым кыдырып келип турушка жетишчү эмес. Манасчыны чакыргандар, күткөндөр көп болгондуктан алар бардык самагандарга жетиште бербей элди зарыктырышчу. Бирок «Манасты» көп угуп, аны сүйүп калгандар негизги жомокторун өзөктөтүп, белгилүү окуяларды чордондотуп жөө-жомоктоп сүйлөчүлөр көп болушчу да, эл чогулган жерде ошолор манасчынын ордун басышчу. Улуу жомоктун не тигил, не бул үзүндүсүн билген экинчи бирөө анын айтканын толуктап, айтор коллективдүү түрдө бирде ыр, бирде кара сөз менен айтыла берип: алп Манастын, акылман Бакайдын, баатыр Чубактын, Сыргактын, Семетейдин, Күлчоронун элестери акырындык менен көз алдыга тартыла беричү. Ал тургай эл ичинде болуп өткөн мурунку Акылбек, Назар, Дыйкамбай, Суранчы, Байдылда, Чоюке сыяктуу манасчы-семетейчилердин элеси көз алдыга келичү. Себеби, «Манас» же «Семетейди» жомоктоп айтып олтурган адам жеке эле жомокту айтпастан аны аткарган манас-

чыны же семетейчини кошо мүнөздөп, анын кебете-кешпирин, кыялын, жоругун, обонун, өзүнүн салмагын, ырчылык (акындык, манасчылык) күчүн кошо салмактап, кошо мактап олтурчу.

Балким ошондон уламдыр, Манас, Семетей баштаган алптардын элеси биздин көз алдыбызга эбегейсиз зор, адамдын алы жеткис күчтүү, журт баккан адилеттүү болуп элестесе, алардын баатырдык мүнөздөрүн, эрдиктерин, жоого каршы аттангандагы жортуулдарын көз алдыга келтире ушул элге жеткизген манасчылар башкача акылдуу, кеменгер, таасын ырчы (акын) катарында аларды биз өтө касиеттүү адамдар деп билчүбүз. Себеби, «Паландай чоң манасчы келип бабабыздын жомогун айтаарда баарыбыз даарат алып олтурдук, шек келтирбей арбактарына сыйынып олтурдук» деген сөздөрдү чоңдор дайыма айтышчу. Биз балдар «Манасты», аны айткан манасчыларды касиеттүү деп түшүнчүбүз. Ал тургай балдар ойноп жүрүшүп өз ара алда немени талашып мелдеше кеткенибизде:

«Манас акенин арбагы урсун де. Ак барандын огу урсун де, анан ишенем!» деп бакылдашар элек.

Куурай терип, эчки багып жүрсөк да, отун алганы тоого баратсак да балдар өз ара «баатырдык» оюнун баштап, бирибиз Семетей, бирибиз Күлчоро болуп... ал эми «Мен Манасмын» деп айтууга эч кимибиз даай алчу эмеспиз. Антип айткандан балдар коркушчу.

...Жыйырма төртүнчү жылдын жазы болуш керек эле. Апийимдин отоосу кызуу жүрүп жаткан кез. Биз чоң кичинебиз болуп алты-жети кишибиз. Суунун боюндагы узун тилке болуп айдалган апийим аянтын отоп жатабыз. Бир-бирден солду ээлеп жарыша ишти кызытыш үчүн бирибиз жаак жанып ырдап, бирибиз күпүлдөп «Манас» айтып кечке тынбайбыз. Мен ал кезде ырдан да жомокко өтө кызыкчумун. Өзүм «Семетейчи», өзүм Семетей болуп күпүлдөп тигил отоо чөптөрдү менин «чоюнбашыман» кырылып жаткан Коңурбайдын колу деп эпилдете чанжинин жанын тындырбай отоо чөптөрдү «кырып-жоюп» бир маалда ордумдан тура калдым.

Дал ошол замат бизден жүз саржандай окчунураак те апийим аянтынын аягынан зор-зор үч-төрт атчан чубаша жарышып өтө бериштн. Экрандан көрүнгөн элестердей көздөн кайым болушту. Мен адегенде сестее түштүм. Анан ишенимде: — Тигине, Семетейлер чаап өтүштү! — дедим.

Отоочулар ишенер-ишенбестен селдее калышты да, анан мага бири: — Дөөдүрөбөчү, бала,— деди.

Бирок Содонбак деген агабыз чын пейли менен бизди ишендирди:

— Жарыктык алптардын арбагы тирүү. Көп кеп салып, аларды көп эстегенде көзгө көрүнө берет бабаларыбыз...

Өтө берилүүнүн, аша кызыгуунун натыйжасында болгон бул көрүнүш жеке менде эмес, дал ошол мендей жаштардын далайында боло келген иш. Далайлар Манасты же Семетейди түшүндө көрүшкөнүн айтышчу. Ал тургай кандайдыр бир адам алыс жолдо жолоочулап келатып элсиз төрдөгү жалгыз ак ордого келип кымыз ичкени, ал жолоочу аттана берип артына караса, ал ак ордонун ордунда жок болуп калганы, көрсө ал ордодо отурган ак сакал адам Бакай, жолоочуга кымыз сунган көзөл зайып Айчүрөк экен деп айтылчу...

Неси болсо да элибиз сүйгөн ушул улуу жомокту атактуу чоң манасчынын оозунан уксам деп көксөп калгам. 1927-жылдын март айы болуу керек. Мен Караколдо (Пржевальск) окуп жүргөн кезим. Манасчы келди деген соң мен сабак бышыктоону коюп, коңшунукуна бардым. Эшиктен төргө чейин аял-эркек жык толушуптур. Боз шиберди желбегей жамынып, төрдө олтурган арыкчырай, кызыл тоголок адам жаңы эле айта баштаганбы? Үнү улам ачыла, ыргагы улам көтөрүлө берип, өзү да кызып, күпүлдөп чубурган алп сөздөрүн мөндүрдөй сабатып жибергенде тымып олтурган кишилер козголушуп: — Э, бале! — деп сүрөй калышат.

Мен иреге жактан орун алгам. Ушуга дейре мындай жетик айткан манасчыдан укпагандыгымбы, не «Тайторунун» чабышын чоң манасчынын оозунан биринчи угуп жаткандыгымдан болдубу? Билбейм, айтор тигил боз шиберчен кызыл тоголок адам эчен албан көркөм, элестүү жомок сөздөрүнүн сыйкырдуу күчү менен мени бат эле арбап алды. Ал улам кызып, улам күпүлдөгөн сайын, тек кандайдыр бир жомоктогудай жер-суунун көркү көз алдыма тартылып, зор алп кебетеленген кишилердин элестери көрүнүп, үндөрү эшитилип, укмуштай чоң-чоң аттардын туягынан чыккан дүбүрттөр келип... биз олтурган үй толо кишилер баарыбыз бүтүндөй ошо алп дүйнөгө аралаша бердик. Мага баарынан башкача касиеттүү сезилген зор элес — ал энебиз Каныкейдин элеси болду. Манасчы Каныкейдин элесин сүрөттөй баштаганда эле менин көз алдыма өз энем Айымкан

келе түштү да, анан ал бат эле зор тартып, бат эле тайманбас алп тартып, өз ырайын өзгөртүп, жомокто сүрөттөлгөн элестей сүрдүү, күчтүү, кайраттуу болуп кетти. «Энем аман кайткай эле, энем аттан жыгылбагай эле, энемдин байгеге кошкон Тайторусу чыккай эле» деген тилек менин сезимимди чымырата берди. Көзүмө жаш келе түшүп кызып олтурдум. Бир кезде үйдөгүлөрдүн көбү жашып олтурушканы байкалды. Улгайган зайып аста шыпшына: — Жарыктык энебиз ай! — десе, көөдөндөн ысык илебн ургандай болду. Улгайган эркек алга бой созо: — Ой, акылман асыл энебиз ай! — десе, үнү да, сакалы да дирилдейт. А тигил кызыл баркыт бешмантчасынын көкүрөгү күмүш тыйын, күмүш топчу, седепке жыш толгон төрт-беш жашар кыз-бала тамылжып, жуулган карагаттай көздөрүн бакырайта, телмире манасчыдан көзүн албай не корккону, чочуганы, не анын айткандарын боолгой түшүнгөнү байкалбай көз ирмебейт. Балалык жумшак демин чыгарып аста улутунат. Айтор чымын учпай калган үй ичине алп жомоктун сыйкырдуу сыры, касиети жыш толгондой кишилер бирде тымып тынч, бирде жээкке урунган толкундай күжүлдөп-бажылдай манасчыны сүрөй калышат:..

Айтор мезгилдин өткөнү сезилген жок. Ошол түн, ошол түндөгү ортого коюлган чырагдандын жарыгында курчай олтурган кишилердин кубаттоосунда Сакемди биринчи көрүшүм, Сакемдин Тайторусун биринчи чаптырышы эч кетпес-өчпөс элестей көз алдыма сүрөттөлүп калды. Ооба, не коркуу, не ала кубануу баланын эсинде өчпөй-кетпей калгандай дал ошол Сакемдин таасирдүү айтуусу, анын сыйкырдуу күчүн жеке эле улуу манасчынын өз элесин, жеке эле анын айткан жомогун эмес, аны сыйлап, аны угуп олтурган ошол үйдөгү улуу-кичүүлөр, эстей калганымда дал бүгүнкүдөй бардыгы жадырап көз алдымда. О, бул не деген күч! Ата-энени, элди-журтту, жер-сууну көз алдыңа тартып турган көркөм күч Саякбай сыяктуу алп манасчынын, укмуштуу акындын колунан келер.

«Манас», «Семетей», «Сейтек» делип үч бөлүмдөн турган баатырдык баян ушул улуу манасчы Саякбай Карала уулунан толук жазылып алынды. Бабаларыбыздан бери айтылып келаткан асыл мурасыбыз азыр кагаз бетине түштү. Бирок, «Манас» жеке кыргыз элинин эмес, ал жалпы элдик мурас. Ал азыр «Илиада» менен «Одиссеядай» бүт дүйнөнүн төрт бурчуна тааныла элек. Кат тааныган бардык адам баласынын колуна тие элек.

Кан-Теңири чокусу канча бийик болсо да, мурун көргөндүктөн Пушкин менен Лермонтов Казбекке таң калып, аны мурун мактап ырдагандай Улуу Тоо катмарында тарыхый себептер менен катылып келген «Манасыбызды» биз бүгүн тигил «Илиада» менен «Одиссеяга» салыштырып, Саякбайдай улуу манасчыбызды Гомерге салыштырып жүрөбүз. Эгерде «Манас» дүйнө калкына эрте таанылган болсо, анда ал бул кезде өз баасын алмак.

О, ушул улуу баян өз көркөмдүк касиетин сактап, элдин бүт тарыхын укмуштай баяндаган байыркыны бүгүнкүгө таасын жеткизген өз маанисин терең берген салмагы менен башка тилдерде да дал өз күүсү, өз касиети менен бардык элге жеткен биздин «Манас» Алексей Максимович Горький аныктагандай эл баяндарынын деңизи аталып дүйнөгө таанылган кезде улуу эпостун тарыхы, анын жаралышы, анын көркөмдүк күчү, анын мааниси өзүнчө илимий изилдөөнү талап кылып, адабий мурастарды изилдөө илиминин жаңы жээгин ачуусуна ишенебиз!

Эмесе, ушул улуу мурасыбызды укумдан тукумга берип келаткан алп манасчылардын арбактарына баш ийип, туруп, алардын эң кенжеси, биздин замандын улуу манасчысы Саякбай Карала уулу биздин Гомер болсо, Гомер өз кезинде дал ушул биздин Саякбай Карала уулундай болгон деймин!

Элдердин өлбөс-өчпөс улуу мурастарын сактап беришкен ушул улуу адамдарга алкыш!

АЗИЗ САЛИЕВ

«МАНАС» ЖАНА САЯКБАЙ

1

Биздин «Манас» — мындай, биздин «Манас» — тигиндей, деп мактанып көп айтканыбыз менен, аны чет өлкөлөрдө тургай, өзүбүздүн эле мекенибиздеги көп улуттуу окурмандар чөйрөсү, анча-мынча эле атын укпаса, билбейт. Дүйнөлүк чоң тилдердин башкалары эмес, бизге түзмө-түз катнашы бар орус тилинде да бүгүнкүгө чейин анын сапаттуу толук котормосу жок (бул тилде бирин-экин үзүндүлөр жыйнагы гана кырк жыл-

дан ашык мезгил мурда жарык көргөн эле). Ал эми улуу дастандын Сагымбайдан жазылып алынган нускасы архивге түшкөнгө 70 жылга жакындады, Саякбай берген нускасы колго тийгенге жарым кылымдан ашык убакыт өттү. Жалпы эле «Манастын» китеп түрүндө жарыялануу иши ушунча көпкө созулганын айрым бирөөлөр анын чалкыган көлөмүнө байланыштырып жүрүшөт. Биздин оюбузча, бул — өзүбүздү эптеп актоонун аракети. 60—70-жылдын, же жарым кылым ичинде цивилизацияланышкан улуттар ондогон томдордон турган жыйнактарды бир нече жолу кайталап чыгарып жиберишет. Көзүбүзгө кармаган улуу маданий кенчибизге карата болгон мындай кечиримсиз кашандыктын себептери башка — аларды учуру келгенде ачык айтуу ашыктык кылбас.

Ага эң оболу керектүү сабаттуулуктун узак мезгил жетишпей келгендиги кирет. Өз убагында атайын «Манас» маселесине отургузулуп койгон «адистер» кол жазмаларды кандай жөнгө салып, кайсы жерлерин кыскартып, кайсы жерлерин бири-бирине сыйыштырып иштөөнү билбей келгендиги дал ошол сабатсыздыктын, же чала сабаттуулуктун белгиси эмес беле. Ал эми бул себептин кыйла кененирээк алкагы бар эле. Элибиз билимге, илимий сабаттуулукка али жетише элегинде жалпы эле өлкөдө 20—30-жылдарда күч алып кеткен вульгардык социология бизде ого бетер өкүм сүрүп, көркөм маданий көрүнүштөрдү түшүнүүнү өзгөчө мокоткон. Жада калса, илимий сабаттуулук болгон элдерде ачык-айкын эле турчу маселелер боюнча жаңжал чыгарып, айыпталбоочу нерсени да айыптоо ишине өткөндөр улутубуздун тагдырына тыгыз байланышкан баа жеткис ушул «Манас» кенчине «улутчул», «реакциячыл» деген күнөө койгон. Ушул азыр да «Манаска» таш ыргытуу кала элек.

Эми орчундуу көңүл бөлүүнү талап кылган башка маселеге өтөйүн. Ал — улуу дастандын тарыхый негиздерин изилдеп, анын өзүнүн да реалдуу мазмунуна, элибиздин азыркыга чейин түн болуп келаткан орто кылымдык жана байыркы тарыхына да көз чаптыруу милдети. Трилогиянын сюжеттик алкактарын түзүп турган башкы окуялардан гана эмес, алардагы толгон-токой ири жана майда деталдардан да кашкайган эле чыныгы болмуштардын илептери согуп турат.

Бирок издери шаар-кыштактарга да түшүрүлүп калбаган, так документтерге, китептерге да жазылып кет-

пеген эски тарыхыбызды ушул улуу дастандын мөлтүр элестериндеги жылт-жулт сезилген күбөлүктөрүнөн издөөнү бүгүнкүгө чейин эч ким колго албаганы таңыркатат. Илимий даражалары жана наамдары дегеле биїик тарыхчыларыбыздын тобу өтө калың болсо да, алардын эң эле нары өткөн маршруту — 19-кылымдын башы, ошондо да бул маршрут менен баргандар биринэкин. Албетте 20-кылым, совет доору — тарых илимибиздин өзгөчө маанилүү объектиси. Бирок тарыхчыларыбыздын жоон тобу болсо республикабыздын революциядан кийинки ар бир жылы тургай, айы да, күнү да газеталарга, миңдеген документтерге катталган көз көрүнөө эле турмушун улам кайталап жазуу менен гана алек. Маселе көркөм чыгармаларды талдоо үчүн керек болчу филологиялык билимдин биздин тарыхчыларда жоктугунда гана эмес. Негизги себеп чыныгы илимий изилдөө кудуретинин жетишсиздигинде. Ал болгондо жана оңой-олтоң жакка эмес, түйшүктөрү, кыйынчылыктары өтө көп терең изилдөө ишине качырганда, керектүү филологиялык билимдер муктаждык түрдө өздөштүрүлүп алына бермекчи. Арийне, биз жалаң эле «Манастын» материалдары түнт тарыхый дооорлорду ача коет деп жаткан жеребиз жок. Адаттагы тарыхый булактар — китептердеги жана ар түркүн документтердеги маалыматтар, археология маалыматтары ж. б. — өз ордун мында да ээлемекчи. Бул жерде биз «Манастагы» материалдар баалуу күбө боло тургандыгын жана аларга тарыхчылар үңүлүп көз чаптыра албай жатканын гана айтып жатабыз.

2

Ал эми «Манастын» өзгөчө өнөр катарындагы зор касиетин кеңири түшүнүү үчүн анын ошол турпатын бизге жаркын деңгээлде ачып берип кеткен Сарыкбай Каралаевге таандык айрым бир маалыматтар өтө маңыздуу. Улуу чеберди анча-мынча көрүп-билип калгандардын баарына ал маалыматтар сыртынан болсо да белгилүү. Мен 1953-жылдын башынан тартып республиканын Жазуучулар союзунун башкармасынын төрагасы болуп иштеп калгандан кийин Сакең менен далай жылдар тынбай катнашып, калайыкка белгилүү фактыларды жакыныраак байкап жүрдүм. Өзүбүздөгү чоң жыйындарда да, өлкөнүн борборунан жана туш тара-

бынан, чет өлкөлөрдөн келип-кетип турушкан нечен кадырлуу меймандардын алдында да, илимий конференцияларда да ал кишинин «Манас» айткандарынын дээрлик баарына катышып, көп учурларда аның тилмечи жана комментатору катарында да милдет аткарууга туура келген эле. Эми ошол байкоолордун бир кыйласын эскерип жана алардын негизинде кай бир жалпы пикирлерди ортого салууга аракеттенейин.

Эң оболу «Манастын» жанагы өзгөчө турпаты жөнүндө.

Адатта «Манас» да, биздин башка дастандар да ооз жүзүндө жашап келген деп айтылат. Ал эми бул «ооз жүзүндө» деген сөзү өтө эле жалпы мүнөздөмө, анткени «ооз жүзүндө» кара сөз менен жомоктор да айтылат, «ооз жүзүндөгү» форма болуп поэзиянын түрлүү жанрларынын, анын ичинде дастандардын жалаң гана ырдалып келгени эсептелет. Демек «Манас» жана башка дастандарыбыз жөнүндө «ооз жүзүндө» деп жалпы жонунан айтпай, ырдалып келген, ыр менен аткарылган, десек тагыраак болот.

Ал эми мындай тагыраак мүнөздөмө өтө жөндүү: дастандарыбыздын мазмундарындагы, формаларындагы бир катар маанилүү өзгөчөлүктөрү дал ушул ыр менен аткаруу өнөрүнө байланышкан. Бул кырдаал түшүнүктүү болсун үчүн бир фактыны келтирейин.

Сагымбай менен Саякбайдан жана башка манасчылардан жазылып алынган тексттерде ар кыл көлөмдүү көп кайталоолор кездешет да, ал тексттерди басмага даярдаганда ошол кайталоолорду кыскартууга туура келет. Сыртынан караганда, алар берилген материалдын көлөмү кененирээк болсун деген ниеттен чыккансып көрүнөт. Бирок алардын айрымдары гана ошондой ниетке байланышкан болбосо, негизги маселе башкада. Ырдоонун, обон формасынын маңызы ырдалып жаткан нерсеге, көрүнүшкө карата болгон биздин көңүлүбүздү (эмоцияны) таасирлүү түрдө билдирүү. Ушул максатты обондордун толгонуулары, интонациялары менен катар тексттин сөзү да көп учурларда кайра-кайра кайталана берет (кайырма, рефрен) — бардык элдердин ырларында ошондой. Чоң окуяларды баяндаган дастандарда андай кайталоолор узарып кетери табигый иш эле; бул да бардык элдердин дастандарында болгон; мына ошол кайталоолорго ырдап жаткандар кандай мажбур болсо, алар угуучулар үчүн да ошончо табигый нерсе болуп көрүнүп, артык баштыгы сезилбейт, байкалбайт. Ал эми

ырдалган тексттер кагазга түшүрүлгөндө алардын тигил обон, интонацияларына камтылган табигый көңүл ыргактары шылынып түшүп, сөздөрдүн кайталанганы оркоюп көрүнүп калат. Саякбай «Манастын» нечен узак эпизоддорун айтканын канча уктук, бирок аларда кайталоолор болуп жатканын деле сезбей тургансың, ал эми академиянын секторундагы Сакең айткан ошол эле эпизоддорду карап көрсөң айрым жердеги кайталоолор көрүнүп турат.

Эми «Манастын» ошол ырдалып аткарылганын жөнөкөй ырлардан олуттуу даражада башкача экенине өтөлү.

Жөнөкөй ырлардын обондору өз алдынча чарчы келет да, ошол бир түрдөгү обон-алкак ырдын башаягына чейин кайталана берет. Ал эми бизге Саякбай көрсөткөн «Манастын» ыр формасы андай эмес, бул дастандын өзгөчө мазмунуна байланышкан. Анда чыйралган динамика менен өтүп жаткан күчтүү окуялар баяндалат эмеспи: ал окуялардын драматикалуу башталыштары, бири-бирине эшилген, ойку-кайкы тармактары болот, аларда адамдардын мүнөздөрү, иштери, мүдөөлөрү кагылышат. Мына ошол чыйралган окуяларды жана ойку-кайкы кагылышууларды кайра-кайра кайталана берген чарчы калыптагы обон менен баяндаганда ал мазмундун толгоосу, кубаты, күчү солгундап түшүп калат экен. Бул «манасчылар» деп аталып, бирок дастандын эпизоддорун динамикасы жок, бир калыптан чыкпаган сенек речитация менен аткарып жүргөндөрдүн практикасынан ачык көрүнүп турат. Тиги мазмунга жараша ар түркүн интонацияларга өтүп, өөрчүтүлүп турган музыкалык формалар да керек экен, аны тийиштүү даражада таасирлүү аткарып барган артистизм өнөрү да керек экен,— Саякбай дал ушуну көрсөттү.

Анын аткаруусундагы музыкалык формасынан белгилүү адис В. Виноградов 20 дан ашык мотивдерди, вариацияларды тапкан. Музыковед жана журналист В. Орлов (1963-жылы Ч. Айтматовго В. И. Ленин атындагы сыйлыкты тапшырганы келгенде) Саякбайдын Тайторуну чаптырганын эле угуп: «Какая инструментовка! Потрясающе!» — деп аң-таң калган. «Инструментовка» деп татаал музыканы оркестрдеги ар түркүн аспаптарга бөлгөндү айтат. В. Орлов болсо Саякбайдын обонду ар кыл үндөр жана интонациялар менен улам башкача нускалап, жиктеп өөрчүтүп барганын «инструментовка» деп мүнөздөгөн. Ал кишинин адегендеги өтү-

нүчү боюнча Сакең айтып жаткан эпизоддун мазмунун шыбырап которуп турган элем, ошондо: «Простите, давайте — лечше я полюбуюсь этой удивительной инструментовкой!» («Кечиресиз, андан көрө мынабу керемет инструментовканы угуп алайынчы!») деп суранганы эсимде.

Ошентип, мазмунун котортуп билгенден Саякбайдын аткарып жаткан артистизмин артык көргөндүк чет-жакадан келгендердин дээрлик баарына таандык болор эле. Ушул жерде өзгөчө бул фактыны эскере кетким келет: жогоруда айтылган кытай делегациясы бир күнү Илимдер академиясынын президенти И. К. Ахунбаев тарабынан кабыл алынып, жылуу маектешүүдөн кийин, Гэ Бао-цзяндын өтүнүчү боюнча Саякбай менен таанышуу болду. Сакең Алмамбет менен Чубактын жаңжалын айтып жатканда да коноктор улам-улам которо берүүнүн кажаты жоктугун жана ал эпизод тургай, дагы башка жерлерден аткарып беришин суранышкандыктан, жанагы эле Тайтору чаптырылган болчу.

Демек, ырдап аткаруунун өтө бир таасирдүү — драматикалык түрү — «Манас» дастанынын турпатын айырмалаган түпкү, негизги касиеттерден, «Манасты» түзүп жана өөрчүтүп келген, андыктан анын авторлору да, залкар аткаруучулары да деп эсептелген улуу чеберлер дал ушул драматикалык ырдоо өнөрүнүн бийик өрнөктөрүн берип келген дешке негиз бар. Биздин колубуздагы «Манастын» эки негизги вариантынын авторлорунун бири Сагымбайдын аткаруусу, тилекке каршы, белгисиз калды. Бирок анын текстинин чалкыган көлөмүнө, таасын сапаттарына караганда, ал киши жөнөкөй эле аткаруучулардан болбогондугу көрүнүп турат. Тилекке жараша, Сагымбайдан кийинкиси да накта улуу художник болуп чыкты. Саякбай жарым кылымдан артык мезгил «Манастын» кенчин өз элине тартуулап келди, башка калктарга да даңазалады. Ал «Манас» айтканда ким да болсо — кары да, жаш да, кыргызча түшүнгөн да, түшүнбөгөн да, мекендешибиз да, алыскы өлкөнүн адамы да, карапайым малчы да, дүйнөлүк маданияттын чокусуна көтөрүлгөн акылман да — баары оозун ачып отуруп калышар эле. Чарчы бою, чымыр денеси миң толгонуп, тоголок бети алоолонуп, көзү оттой жанып, Сакең күйүп-бышып «Манас» айтып жатканда, ал азыр эле кызыл кыргынды көрүп, же бирөөнүн жүрөк титиреткен зар-мунун угуп келгенсип жана ошолордун баарын шашылыш түрдө калың журтка жеткирүү милдетин

аткарып жаткансып көрүнчү. Ал обонду бир туруп өз турпатында кайталап, бир туруп жорго сөзгө түшүп, бир туруп кубаныч интонациясы менен, бир туруп какшык басымына салып, бир туруп тамаша сөзгө өткөнсүп, бир туруп кадимкидей эле онтоп, анан көз жашын төгүп шолоктоп ыйлап киргенде, ал манасчы эмес, артист эмес, сени менен сүйлөшүп жаткан тек гана бир жалын жүрөк пенде катары сезилчү да, анын айтып жаткандарынын түздөн-түз мааниисине тартылгандык сезими ээлеп кетер эле. «Олтургандар ошончо берилип кеткендиктен, алар өздөрүнүн ооздору ачылып калганын байкашпады. Ой, силер Тайтору чыгып келерин билесиңер да,— десем, «а балким, бул жолу Тайтору чыкпай калар» деген жоопту айтышты»[1],— деп жазат 1964-жылы бизге келип Саякбайдын өнөрүн көрүп кеткен белгилүү немис жазуучусу Карл Якобс-Хайнц. Жанагы эле музыковед, журналист В. Орлов, анын «Манаска» болгон ынтаасын канааттандыруу үчүн ага кээ бир манасчы деп аталып жүрүшкөндөрдүн айткандарынын радиожазмаларын угузганда: «Жогуңуз! Жогуңуз! Саякбайдан кийин буларды угуп олтуруунун таптакыр кереги жок!» деген эле.

Албетте, биз Саякбайдын чыгармачылыгынан көргөн чыныгы манасчылык өнөрүн өнүктүрүп келген таланттар да ар кыл даражаларда боло тургандыгы табигый иш эле,— көркөм чөйрөнүн ар бир эле аймагында ошондой эмеспи. Бирок, алар кайсы жагдайда бири-биринен канчалык айырмаланган болсо да, жалпысынан дастандарды жаратып жана өнүктүрүп келген өз алдынча адистер категориясын түзгөн да, ошол чыгармаларды аткаруу ишине гана белгилүү масштабда катнашкан башка категориядан бөлүнүп турушкан. Эми ушул маселеге өтөлү.

3

Саякбай чалкыган дастандын кайсы эпизоду болбосун дароо айта бергендиктен жана андан жарым миллиондон ашык сап жазылып алынгандыктан, ал ошол чексиз-кыйырсыз материалды мурдагылардан калган мурас катары жаттап алган экен («Жарым миллион сапты жатка билет») деген пикир таркап кеткен. Арий-

[1] Карацыз: «Ала-Тоо» журналы, 1988, № 8, 9-бет.

не, дүйнөдө не кездешпейт,— эске тутушу ошондой бөтөнчө адамдар да болушу мүмкүн. Бирок реалдуу турмушта манасчылардын да, дүйнөлүк башка дастандарды аткаруучулардын да эч кимиси анча чалкыган материалдарды жаттоо менен алек болгон эмес. Маселе — жазма жок кезде дастан чыгаруу өнөрүнүн төкмө (импровизация) жолу менен болуп келгендигинде. Бул өнөр таланты күчтүү акындарга гана таандык,— кубаттуу акындык дарманы жок киши ооз жүзүндө зор окуяларга арналган көлөмдүү чыгармаларды ыр менен жарата алмак эмес да. Ал эми андай таланттардын бирөөлөрү жараткан дастандарды ошол эле багытта кыялдары эргиген башка таланттар тосуп алып, тигилер айткандардын көп жерлерин (тийиштүү жөндөмөлөрү болгондуктан) эсине тутуп, башка жерлерин сюжеттерге жана мүнөздөмөлөргө жараша өз сөздөрү менен айтып, өз нускаларын түзүшкөн. Мындай чыгармачылык дастанчынын жөндөмү канча кубаттуу болсо, ошончо жогорку сапатта өнүгүп отурган. Дүйнөлүк байыркы дастандардын баары ушул жол менен түзүлгөнү жана өнүккөнү адистерге жакшы белгилүү. Илгерки гректердин «Илиадасы» менен «Одиссеясын» ошентип жараткан акындар аэддер деп аталган. Кыргыздардын көп кылымдарга созулган жана жазма маданиятына жетише албай келген көчмөндүк шарттарында дастанчылардын өнөрү өзгөчө абалга дуушар болгон: дастанга түшчү орчундуу материалдар да барган сайын көбөйүп, чыгармачылык эргүүлөр да узак убак чыйралып, такшалып жүрүп олтурган. Натыйжада эбегейсиз зор мазмундарды камтып баяндай алган таланттар өсүп чыккан. Алар башкалардан да уккан, өздөрү да түзгөн көп тексттерди эсине тутуп алып, кайталап айтып берүү менен катар толгон бөлүктөрдү төкмөлүк менен улам жаңылап өөрчүтүүгө маш болуп чыгышкан. Дал ошолордун бизге жеткен жаркын өкүлдөрү — Сагымбай менен Саякбай экен. Ал эми ошондой акындар — аэддер жараткан материалдардан аздыр-көптүр гана жаттап алып эл арасында аткарып жүргөндөрдү илгерки гректер рапсоддор деп аташкан. Андай аткаруу — рапсоддор бизде да аз болгон эмес. Андайлар азыр да кээде сахналарга чыгып, радио жана телекөрсөтүү аркылуу өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аткарып жүрүшөт. Бирок аларды «Манас» дастанын улап, өнүктүрүп келген акын дастанчылар менен чаташтырбоо керек: чоң манасчылар, бир чети мурдагы тексттерди толуктап, өөрчүтүп,

өз варианттарын түзгөн күчтүү төкмө акындар болгон да, экинчи жактан аткаруучулук өнөрү ашкере таасирлүү залкар ырчы-артисттер эле.

Саякбайдын кубаттуу төкмө акындыгы аны жакшылап байкаган адамга даана көрүнүп турчу. Жогоруда мен аткарган кызматыма жараша аны менен жакын катнашып, көп учурларда анын айткандарын четтен келгендерге которуп жана комментарийлеп жүрүүгө туура келгенимди айттым. Ошондо трилогиянын биринчи жана экинчи бөлүктөрүнө таандык болгон эле эпизоддорду Сакендин кайра-кайра айтканын угуп (3-бөлүктөн — «Сейтектен» — дегинкиси аткарчу эмес), алардын сөздөрүн гана эмес, кай бир образ деталдарын да ар жолу кандайдыр бир даражада башкачалап айтканын которууга туура келчү эле. Бул фактыны өзгөчө кытайлардын кыргыздарды чачынды кылганына, Манастын бала чагына, Бээжиндин сүрөттөлүшүнө, Алмамбет менен Чубактын жаңжалына, Көзкамандардын чагымына, Тайторунун чабылышына, Желмаян менен Кумайыкка арналган эпизоддорду айтканынан байкачумун. Сакендин ошол эле төкмө акындыгын андан 12 миң метр киноматериал жазып алган режиссер Мелис Убукеев да даана көрүштүр: ар түркүн себептер менен азыр эле тартылган эпизодду көп учурларда кайра тартууга туура келгенде, Сакең мурдагы айткан сөздөрүн эч качан так кайталабай, улам башкачалап турчу экен; ал эми дастанчы кызып келгенде камерадагы тасма бүтүп калып, дайыма эле техника анын артынан үлгүрө албагандыгы режиссерду бөтөнчө таң калтырыптыр.

Анын күчтүү акындыгы күлүк төкмөлүгүнөн гана эмес, жалпы эле көркөм турпаттуу аң-сезиминен да айкындалып турчу. Бул албетте, эң оболу эле «Манастын» ал берген нускасынын текстине таандык. Бирок ал материалдын поэтикасын талдоо атайын маселе болгондуктан, мен заметканын нугуна карата гана Сакендин демейдеги эле аң-сезиминен даана байкалган өзгөчөлүктү белгилей кетмекмин. Анын сүйлөгөндөрү таасирлүү эпитеттерге, салыштырууларга, метафораларга жыш боло турган. «Бая күндөн бери аюудай болуп үйдө жаттым», «Цыганга карыз берген акчамды доолагансып, күндө эле бухгалтерияга келем», «Көчөдөгү эл коктудагы малдай», «Асмандан күр-күр, күр-күр, күр-күр деген эле жер жарып кетчүдөй үн угулат,— карасам, жанагы бүркүтүм мени көрүп куушурулуп калыптыр», «Ал кызыл түлкүнү басып жыгылды эле, бир убакта отко түш-

көнсүп, «бышактап» жиберди; жетип келип карасам алдында албарсты жатат; аттан түшө калып камчы менен салып-салып жибердим эле,— анын ордуна бүркүт кучактаган төө тапан болуп калды... анан бүркүттөн тиги капырдын сасык жыты кетсечи...» Ушул сыяктуу образдар Сакеңдин кадимки сөздөрүнөн эле.

Ар ар түркүн кызык болмуштарды, уламыштарды өтө көп билсе да өзгөчө бир учур келе калганда гана болбосо, сейрек айтчу. Айтканда, алардын ар бири өзүнчө жаркын жана таасирдүү сүрөт деңгээлинде чыгар эле. Казак элинде болгон окуяларды, эски казак акындарынын өлөндөрүн көп биле турган да, аларды абдан берилгендик менен айтып жиберчү.

Айтор Саякбайдын кулк-мүнөзүнөн бийик жана керемет поэзиянын илеби уруп турчу. Ал «Манастан» дээрлик эч качан чыкпаган болсо да, Карамолдо жөнүндө поэмачаны айтканы бар эле. Анын ошол кубаттуу акындык жаратылышына куштар болгон мен бир күнү: «Саке, бул сиз өзүңүздүн «Манасыңызга» кошуп, жанагы акындардыкындай ырларды эмне үчүн жазбайсыз?» — деп сурап калдым. Суроом жакпай калдыбы, же кандай кыскачалап жооп берүүнү ойлонуп калдыбы, демейдегисиндей мурчуюп, бир аз олтурду да, анан: «Ай, менин салганым бүркүт болсо,— мага кыргыек менен чүйлү не керек»,— деди...

Камчы менен чапкандай бул жооп мени эсиме келтирди. Дароо дүйнөлүк классика искусствосуна мүнөздүү кенен таркаган бир факт ойго түштү: өз өнөрүнө терең берилген күчтүү художниктердин айрымдары тандап алган аймагынан чыгышпайт экен. Италиялык атактуу бельканто өнөрүнүн жаркын өкүлдөрүнүн бири Марио дель Монако жалаң эле трагедиялык жана драматикасы күчтүү ролдордон башканы аткарбаган (ырас, кийин гана бир катар неополитан ырларын пластинкага жаздырган). Биздин Семен Чуйков да «Мен — однолюбмун» («бир нерсеге гана берилген адаммын») — деп, жалаң эле Чүй тоолорун, андагы кыргыз адамдарын тартып келген да, башкадан Индия темасына гана кайрылып өткөн... Ушул сыяктуу мисалдарды адабияттан да, бөлөк чөйрөлөрдөн да кезиктирүүгө болот.

Ал эми манасчылык өнөрүнүн жогоруда кыскача белгиленип кеткен өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган өтө бийик абалы болгон. «Манас» өзүнүн эбегейсиз масштабдуулугуна да, ашкере акындыкты, ырчылыкты, артисттикти камтыган синкреттигине да жараша бөтөн-

чө чыгармачыл жөндөмдүүлүктү талап эткен. Манасчылык өзүнүн улуулугу, «падышалыгы» жагынан кыргыз маданиятында теңири артыкча бийик залкар комузчулук өнөрү менен гана жанаша тура алган.

Анын табиятына жараша ага жол аччу бөтөнчө жөндөм да анчейиндик менен берилген эмес. Залкар манасчылыкка алакеттери жыш, психологиялык өнүгүү көтөрүп чыга турган. Ага жылдызы жангандар улуу дастандан уккандан кийин өзгөчө тынчы кетип, не бир таасирлүү түштөрдү көрүп, же галлюцинацияларга чалдыгып, уктап жатып да, жалгыз жүрүп да «Манас» айтып жүрчү экен. Саякбайдан мен 1964-жылы төмөнкү аңгемени магнитофонго жазып алып, кийин «Человек входит в мир» деген китебимде орусчага которуп жарыялаган элем. Ошону айта кетейин.

Орто Токойдо айыл кыдырып, жарамазан айтып жүргөндө Саякбай жолдошторунан бөлүнүп, үйгө бет алат. Тар капчыгайдан өтүп келатканда кулак жарган укмуштай чаңырык чыгат. Тигил корккон бойдон атынын оозун кое берип, капчыгайдан өтө бергенде жол боюнда сонун өргөө туруп калган болот. Анын тушуна келгенде ашкере сулуу айым алдынан чыгып, аттан түшүп даам тата кет, деп кайрылат. Аң-таң болгон Саякбай атын мамыга байлай коюп, сулуу ачкан эшиктен кирсе, үйдө эч ким жок, дасторкон жайнаган дүйүм тамак, «уялба, уялба жигит, табактагылардын ар бирипен даам тат» дейт. Жыртык жаргак шымынан кысынып, эптеп кымырынып-кымтынып, Саякбай сулуу айтканды кылат да, туруп кетмекчи болот. «Ай, жигит ай, неге шашасың, тамактан жеп кет» дегенине болбой сыртка чыгат. Чыкса дүрбөгөн эле атчан жоокерлер. Чоң сакал карыя теминип-демитип кирип келет. Сол колунда аттын тизгин-чылбыры менен кошо кармаган найза, оң колун асынган баштыгына салып бир нерсе уучтап чыгып, «мына жигит, момуну оозуңа салып, чайнап жут» дейт. Же таруу эмес, же кум эмес бир нерсени уучтап алып оозума салсам, качырап чайналбайт. Какап-чакап жутуп жатам. Найзасы менен тап берип, «бирөөнү калтырбай жут» деп карыя ат үстүндө турат теминип. Анан тигил жоокерлерге кайрылып: «Мынабу Аккуланы мингенди өзүң билесиң. Наркысы — Алмамбет, тиги — Чубак, андан аркысы — Сыргак...» деп эле санап кирет. «Андан кийин мынабул өз жолуңа чыкканда эки кой айдаган киши кезигет, ошол койлорду сатып алып, эл чакырып союп бер да, батасын ал, анан мына

бул көргөндөрүңдүн баарын төкпөй-чачпай айтып жүр», дейт да, карыя жоокерлерге бир ураан таштайт. Жоокерлер дүр коет, жер дүңгүрөп эле чаң асманга көтөрүлүп калат. Баягы чаң таркап кетет, караса Саякбай бир таштын түбүндө олтуруп калган болот, тигил ак өргөө да жок. Куланы башын жерге салып ары жакта турат. Бир чети аң-таң болуп, бир чети не бир толкуган сезимдерге батып, Саякбай жөнөп калат. Бара жатып чыны менен эле эки кой айдап бараткан кишиге жолугат, жарамазан айтып тапкан акчасын берип, эки койду алып кетет. Үйгө келип, аларды союп, эл чакырып бата алат, жанагыларды айтат.

Ошондон кийин эле күн сайын эртең менен ата-энеси анын уктап жатып таң аткыча «Манас» айтып чыкканын сүйлөп калышат.

Өздөрүнүн «Манас» жөнүндө жазгандарында Мухтар Ауэзов менен Калим Рахматуллин манасчылардын ушул сыяктуу айткандарын алар өз өнөрлөрүн не бир сырдуу кылып көрсөтүш үчүн гана ойлоп чыгарган сөздөрү деп баалашкан. Ырийне, «жарымы төгүн, жарымы чын» — жалганы менен иши жок, көбү төгүн, көбү чын — көрүп келген киши жок»,— деп манасчылар өздөрү айткандай, алардын кимиси жанагыдай учурду башынан өткөргөн, кимиси өткөргөн эмес,— биз биле албайбыз. Бирок бул жерде дастанчылар үчүн да толук мүмкүн болуп келген бир реалдуу психологиялык практиканы белгилей кетүү зарыл. Ар түркүн толкундоолордон, терең толгонуулардан кийин болчу не бир чиеленишкен түштөр ар кимдин башынан өтөт. Ал түштөр бизди буран кеткен күчтүү эмоциялар, табигый түрдө уюп түшө турган фантазия элестери экенин илим эбак эле аныктаган. Ошону менен катар эмоция түшүбүздө гана эмес, өңүбүздө да жаратылышы тигилердей эле болгон фантазия элестерине айланып турганын илим далилдеп келатат: ар бир эле адам чындыкта эч качан болбогон не бир окуяларды, элестерди өзүнүн толгонууларынын, ой жүгүртүүлөрүнүн арасында дайым ар кыл даражада түзө коюп жүрүүдөн арылбайт; андай фантазия — элестерди орустар «грезы» деп, кыргызча кээде «кыялдануу» деп жүрөбүз. Толкундоолор, толгонуулар канча күчтүү болсо, алар туудурган эмоциялардын басымы канча күчтүү болсо, фантазия-элестери ошончо мол, жыш болуп чыгат. Ал эми ошол психологиялык абалдар белгилүү бир чектерден чыкканда фантазия-элестер алар жаралган сезүү органдарын (көзгө, кулак-

ка ж. б.) тийиштүү аракеттерге келтирип, чынында эле болуп жаткан окуялардай таасирлерди туудуруп жиберет. Ар бир эле адам кээде жалгыз калганда кандайдыр бир үндөрдү уккансып, не бир кыймылдарды, же жыттарды сезгенсип, а түгүл не бир караандарды көргөнсүп калган учурларын билет. Мындай учурларды галлюцинация дейт.

Галлюцинация толгонууларга тез жана терең берилип кетчү адамдардын, анын ичинде көркөм чыгарма өкүлдөрүнүн көбүндө кездешери табигый нерсе экен. Мисалы, Данте, Микеланджело, Державин, Байрон, Гюго, Диккенс, Теккерей, Шуман, Мопассан, Верлен, Крамской, Вагнер, Гете, Ал. Иванов, Достоевский, Чехов, Рафаэль ж. б. толгон художниктер галлюцинацияга чалдыгышчу экен. Бизде чоң манасчылардын кимиси галлюцинацияга дуушар болгонун так билбесек да, жалпы алганда алардын өнөрүнүн күчүнө да, таасирчил мүнөздөрүнө да бул психологиялык абал төп келе тургандыгы закондуу иш. «Манастагы» окуялар кыргыз элинин тагдырынын дал өзүнө тийиштүү болуп турса, андагы кейипкерлер жана баатырлар ар бир кыргызга эс тарткандан баштап, өмүр бою өзгөчө бийик жана ыйык болуп эсептелсе, аларды биз көргөн Саякбайдай сыйкырчы устат акыл-эске терең жууруп кетсе, анан ушунун бары ыңгаасы менен таасирленүүсү өтө курч жаш таланттарды чексиз бийлеп алары закон эле го...

4

Саякбайдын артыкча өнөрүн терең түшүнүп, жогору баалагандын бири «Манасты» изилдеген атактуу казак жазуучусу Мухтар Ауэзов болчу. Бир жолу Москвага жыйналышка барып калганыбызда ал киши мени көрүп, өзү жакында Ысык-Көлгө барып кайтаарын айтты да, Саякбайды кошо ала кетүүгө болор бекен деп сурады. Дастанчы менен мурдатан эле жакшы тааныш экенин жана бул жолу аны менен нукура чыгармачылык бир маселе боюнча кездеше тургандыгын сүйлөдү.

Үйгө кайтканда мен Сакеме Мухтар Ауэзовдун жиберген саламын да, тиги өтүнүчүн да айтып, анын макулдугун дароо телефон менен Алматыга билдирдим. Мындай эки чоң адам менен бирге болуп көрүү мага да өтө кызык эле,— муну да Мукаңа айтсам, «Ие, ие, тиштн дурыс болады-гой!» — деди.

Көрсө, Мукаң Сакенди да, көлдөгү бир адамды да, демек, Кыргызстанды да кыйла даражада камтыган эпикалык чыгарма жазсам деген ниетте жүрүптүр. Тигил адам — Оттук кыштагында жашаган, ошол аймакка кеңири белгилүү Бөлтүрүк деген балбан киши экен. Ал илгери падыша армиясында болуп, анан революциядан кийин өзү менен жоокерчиликте бирге жүргөн казак жолдошу менен кайтып келатып, анын айылына токтоп калат. Айыл болсо тиги эле чоң Абай менен Мухтар Ауэзовдун жеринде экен. Ошолордун туугандарынын бирининн кызын алат да, Бөлтүрүк туруп калат. Жылдар өтөт, акыры Бөлтүрүк аялы менен кошо анын эки инисин алып, айылы Оттукка келет. Алардын бирин өзү багып, экинчисин иниси Чормонго бала кылып берип чоңойтушат. Улуусу Анварбек Хасанов республикабыздын белгилүү тарыхчыларынын бири, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти болуп көтөрүлдү, кичүүсү Талгат Чормонов Фрунзедеги өзү окуп бүткөн пединституттун математика мугалими катары көп жыл иштеп, анан Алматыда белгилүү профессор болуп өсүп чыгат. Жазуучу Бөлтүрүккө байланыштуу ушулардын да тагдырын сүрөттөп, анын элине жакын эле тукумдардан чыгып, граждандык согушта ыктыярдуу отряд менен Колчакка каршы барып, анан айылдагы совет курулушуна да катышып, кийин улуу мансапчы болгон Сакенди да аралаштырып көркөм дүйнө түзмөк экен.

Бул дүйнөгө кеңири таанылган Мухтар Ауэзов турмуш жагынан да, чыгыштын маданияты менен адабияты жагынан да көп билгени мындай турсун, өтө сөзмөр жана тамашакөй адам экен. Демейде сүйлөбөгөн Сакең да өзү менен мурда эле жакшы таанып ага кошулганда жабырап «сөз кылитин» ачты. Экөө бир туруп калк адаттарын айтышат, бир туруп тарыхка киришет, бир туруп казак менен кыргыздардын эски акындарынын ырларына өтүшөт, бир туруп Мукаң «Бул Сакенди көргөндө кыйсык сөз айткым келип тур» деп баштаганда бири-бирин «чукулап» киришет,— айтор Фрунзеден чыгып, Рыбачьеге кандай келгенибизди билбей калдык. Оттукта да болуп, көлдүн тескейин да, күңгөйүн да айланып 3-4 күн жүрүп келгиче мен бул эки алптын жанында не бир мектептен өткөндөй болдум. Алардын даанышмандык салмактуу сөздөрү да, чыгармачылыктын устаттары катарындагы мырзачылыгы да, кадимки эле пенде катарындагы карапайымдыгы да жүрөгүндү

чексиз жылыткан бала мүнөздүгү да мен үчүн таалай берген сейрек күчтөрдөн болду.

Кийин алар менен көлгө ушул сыяктуу дагы эки жолу бардым. Баса, Мукаң Саякбайга кошуп Түгөлбай Сыдыкбеков менен да Ысык-Көлгө барганды жакшы көрчү, ошондуктан алардын байланышы жөнүндө Түкөм да көп билет.

Атайын айта турган жолугушуу 1956-жылы кыргыз адабиятынын Алматыда өткөн күндөрүндө болгон эле. Барабыз деп биз даярданып жатканда Мухтар Ауэзов атайын телефон чалып, арабызда Саякбайдын сөзсүз болушун суранды. Ал жерде биринчи жана негизги кездешүү казак интеллигенциясына арналып, университеттин залында даярдалыптыр. Кириш сөз Мухтар Ауэзовго берилип, ал жалпы эл достугу, совет улут маданияттарынын байланышы, казактар менен кыргыздардын тарыхый жакындыктары жөнүндө айтып келип, баргандарыбыздын ар кимисин кыскача мүнөздөп өттү да, Саякбай жөнүндө кенен сүйлөдү. Баса, бизге келген сайын жазуучу өлкөбүздө да, чет мамлекеттерде да «Манас» жана Саякбай жөнүндө сөз кылганын дайыма айтар эле. Кечеде да аны кеңейте сүйлөп, Париж менен Нью Йоркто телевизор аркылуу, Делиде президент-философ Радхакришнандын алдында атайын ошондой сөз болгонун белгиледи. Анан «Манастын» дүйнөлүк дастандар арасында болгон кээ бир жаркын өзгөчөлүктөрүн айтып, Сакендин өнөрүнө өтө толкундангандык менен токтоду да: «Осы улы адам шалкыган дастандарды жараткан даулердин соңы гой. Европалыктардын сөзү менен айтканда: «Последний из Могикан»[2]. Булай алп дастаншы Сакенден кийин дүйнөгө келмейди. Осы улы дөө адамды казак калкы, биздин казак интеллигенциясы жана жастары көрип калсын деп алдырып келип отурбыз. Сакемди жаксылап көрип калыңдар. Кэзир Сакем алдымызга шыгып, дастандын сөзинен айтып береди. Осыны тыңдап, Сакендин өнөрин да, сөзин да, өзүн да эске тутып калыңдар»,— деди.

Ауэзовдон кийин Сакене сөз берилгенде зал ордунан

---

[2] «Могикандар» деп Түндүк Америкада илгери жашаган күчтүү уруулардын бири аталыптыр. Ал жерлер кийин европалыктар тарабынан колонизацияланып, могикандар бара-бара таптакыр жоголуп кетти десе болот. Ошолордун уруктарынын бири жөнүндө Фенимор Купердин «Последний из Могикан» деген романынын ушул аты жалпы эле кандайдыр бир социалдык кубаттуу топтун акыркысына карата айтылып калган.

турун овация жасады. Сакең Тайторунун чабылышын айтты. Эл батпаган кенен зал чымын учса угула турган тынчтыкта ынтаа менен кулак түрүп олтурду. Демейде эл ушунтип угуп жатканда, Сакең, Каныкейдин Тайторуну тосуп боздоп ыйлап турган жерине келгенде өзү да жашын кетер эле, азыр да ошентти. Мындай шумдукту көрбөгөн зал манасчы бүтөрү менен дүр эте жапырт көтөрүлүп, узакка кол чаап турду...

Сакеңдин бул чыкканы да, кийинки кечелерде чыккаңы да Алматыда өткөн кыргыз адабиятынын ошол күндөрүндөгү өтө жаркын окуяларынан болгон.

1957-жылы Мухтар Ауэзовдун 60 жылдыгына карата Москвада өткөрүлгөн кечеден кийин ал киши кирип кет деп мени мейманканадагы номерине чакырып калды эле, ал жерде окуп жүргөн Чыңгыз Айтматов менен командировкага барган Токтоболот Абдумомуновду ала барып тааныштырдым. Узакка созулган маекте Мукаң адатындай «Манаска» да өтүп, «Осы баа жеткис кенчти көтеринлер, өнөрүнө теңелетин өнөр жок Саякбайды көтеринлер» деп айткан эле... Ошол кездешүүдөн төрт жыл өтпөй Мукаң дүйнөдөн кайтып кетти. Бирок даанышмандын тигил кеңеши бизге кийин керез маанисинде калды. Ал убакта жазуучулук сапарына жаңыдан гана аттаныл жаткан Чыңгыз Айтматов, кийин биздин Орто Азия жана Казакстан адабияттарынан Мухтар аганын жолун жолдоп, советтик алдыңкы ишмерлердин катарында бүт дүйнөгө таанылды. Анын тигил керезин да аткаруу претинде «Манасты» да, Саякбайдын өнөрүн да кеңири даңазалоо ишине түздөн-түз катышып келатат. Сакеңдин 70 жылдыгында жазуучу ысык сезимдерге бай доклад жасап, улуу устаттын бийик өнөрүн баса белгилеген. Андан кийин ООНдун маданий чөйрөлөрү боюнча уюмунун «Курьер ЮНЕСКО» деген журналына атайын Саякбай жөнүндө макала басып, анын атын бүт дүйнөгө таанытты. Акырында жазуучу «Манас» дастанынын академиялык масштабдагы жарыяланышынын башкы редактору катарында Сагымбай менен Саякбайдын нускаларын толук басып чыгаруу ишине беделдүү салым кошуп олтурат.

Эми тигил атактуу чоң жазуучулар Мухтар Ауэзов менен Чыңгыз Айтматовдун да, чет жакадагы айрым башка көрүнүктүү ишмерлердин да Саякбайга болгон өтө бийик мамилесинен улам мен өзүмдүн да узак убак ичинде ого бетер бекиген баалоомо токтолмокмун.

5

Саякбайдын «Манас» айтканы менен кыргыз калайыгы 30-жылдарда эле чыккан ашын пластинкалары аркылуу кеңири таанышкан,— ал пластинкаларды ошондо эле биз бала кезибизде не бир маашыркангандык, не бир таң калгандык менен угаар элек. Ал эми дастанчынын өзүн мен биринчи жолу 1945-жылы филармониядан угуп, бир топ күн ошонун таасиринде жүргөмүн. Элибиздин мурас болуп келген маданиятынан мени чыны менен аң-таң кылган ушул Сакендин өнөрү болду. Кийинчерээк Жазуучулар союзунда иштеп калганда аны менен жогоруда айткандай, дайыма жакын катташта болуп жана анын өнөрүн улам көбүрөөк көрүп, бул — гений дастанчы дегенге ынандым. Ошондон бери 35 жылдан ашык мезгил өттү, өлкөбүздөгү боордош улуттардын ар түркүн маданий байлыктарын да, дүйнөлүк цивилизация жараткан кенчтерди да улам кеңеңирээк таанып-билүүгө туура келди, алардын бир далайын илимий изилдөөгө да алып көрдүк. Бул чалкыган маданий чөйрө көркөм чыгармачылыктын бийик сапаттары да, залкар түзүүчүлөрү да кандай боло тургандыгына көз ачты. Өзүбүз да турмуштун ойку-кайкы сыноолорунан өтүп, көрүнүштөрдү баалоо ишинде зыкым болууга коюдук. Мына ушул жолдо тигил **гений дастанчы** жөнүндөгү түшүнүгүм дагы-дагы бекиди.

Адабияттын да, музыканын да, сахна өнөрүнүн да, сүрөт өнөрүнүн да, кинонун да эбегейсиз бай практикасы гений көркөм чыгарманын негизги сапаты **жетиктик** (совершенство) экенин көрсөтүп келет. Бир көрүнүштү бир маселе жагынан, бир кырдаал жагынан эки, же андан да көбүрөөк автор жогорку сапаттагы көп чыгарма жазууга болот экен да, алар бири-биринен кандай айырмаланып турса да, мазмунду ачышы, көркөм формасы, таасирдүүлүгү бирдей жетик болуп турса, ошол баары гений чыгарма болот экен. Ал эми жетиктик сапатка карата биздин манасчылардын өнөрүнө мүмкүн катары жакыныраак болгон чөйрөдөн мисалдарга кайрылалы.

Илгери менин пианистка мугалимим Мария Львовна Кандель: «фортепьяно өнөрүндө Рахманиновдон артык кылар иш жок» деп айтар эле. Чынында эле Рахманиновдун фоножазма мурастарын уксаң адамдын көңүл толгонууларын билдирген интонациялары жагынан да, кадимки эле сөз менен сүйлөп жаткандагыдай

жеңилдикке жеткен техникасы жагынан да мындан артык болбос деген ойго келесиң. Москвадагы атактуу театрлардын классик артисттери М. Тархановдун, Е. Гоголеванын, А. Яблочкинанын, Б. Чирковдун, А. Тарасованын, М. Царевдун, И. Ильинскийдин ж. б. өнөрлөрүн көрүп калдык: булар ойногон ар бир ролду мындан артык аткаруу болбос дейсиң... Айтор мисалдарды улай берүүгө болот.

Чыгарманын жетиктигинин дагы бир негизги белгиси — эч качан тандырбагандыгы. Жанагы эле Рахманиновдун өнөрүн фортепьяного берилген адамдар канча укса да танбайт жана кызыгы эч качан өксүбөйт. Тиги классик артисттердин киного тартылып калган өнөрлөрүн канча көрсөң да канбайсың. Улуу бельканто өнөрү боюнча чыккан устаттардын — Карузонун, Жильинин, Руффонун жана азыркы Дель Моноконун, Жоан Цазерлендин, Кабельенин, де Домингонун ж. б. ырдаганын угуп да эч качан кумарың таркабайт.

Саякбайдын өнөрү да — «Манас» дастанчылыгындагы жетик көрүнүш. Анын кыргызча түшүнгөндү да, түшүнбөгөндү да, карапайым малчыны да, классикалык музыка тарбиялаган европалык илимпозду да, эл чыгармачылыгынын күйөрманын да, азыркы курч көркөм формаларга берилгендерди да — айтор кимди болсо да арбап отургузуп койгон сапаты — дал ошол жетиктиктин белгиси. Муну менен катар, ал Сакендин «Манас» айтканын канча укса да эч тандырбагандыгы — жетиктиктин экинчи бир айкын белгиси. Биз көрбөй, укпай калган улуу манасчылардын кимисинин өнөрү өз алдынча кандай болсо да ошол Саякбайдыкындай жетик болсо керек деп баамдайбыз.

Бирок Сакендин өнөрүнө таандык бир орчундуу өзгөчөлүк бар: ал элибиздин жаңы заманда каптап келген ар түркүн күчтүү көркөм-чөйрөлөр (классикалык, музыка, театр, кино ж. б.) эргитип курчуткан аң-сезимине жана кабылдоосуна өз өнөрүн төптөштүрүп, күчөп чыкты, муну түшүнүү үчүн манасчыга эл реакциясы канча маанилүү экендигин айкындаган бир фактыны эске салалы. Сакенди алгач ирет радиого жазабыз деп кабинага киргизгенде, алдында эл жок болгондугу үчүн «Манас» айта албай койгонун укчу элек. Кийин мен ошону өзүнөн сурасам: «Бир караңгы шкафка киргизип эле жаап салышты, айнектелген тешиктен жыландын башындай болгон бирдемесин алдыма коюп, колун эле жаңсайт, же үнү угулбайт, «Манас» айтайын десем же

угуп олтурган эл жок. Кысталып-какап олтура бердим. Түшүнүштү окшойт, ары-бери жүгүрүшүп, бир топ кишини айдап келип олтургузганда гана сөзүм ачылды», деген эле. Демек, улуу дастанчынын биз көргөн өнөрүнүн зор кубатына калайыктын жаңы доордогу өткүр таасирленүүсү көп даражада дем берген.

Демейде «гений» десе эле, ал адамгерчилик сапаттары жагынан кандайдыр бир өзгөчө, телегейи тегиз, катардан тышкары турган адам болуу керек деп түшүнөбүз. Ал эми гений конкреттүү гана бир чөйрөдөгү артыкча жөндөмү бар адам экенин, демек, башка жактарынан кадимки эле пенделик мүнөздөргө ээ, эл арасында эле жүргөн адам болорун анча аңдабайбыз. Карл Маркс: «Мен — адаммын, ошондуктан адамга тийиштүү нерселерден оолак эмесмин» деген да!... Бул жерде В. И. Ленинди да маселебизге бир аз кыйыр болсо да таандык сөзүн эскере кетели. Ал: «Эч нерсе жасабаган адам гана ката кетирбейт»,— деп айткан жери бар. Айтор, өз ишинде, өз кесибинде сырттан, гений болгон адам, башка нерселерде, мүнөзүндө, жүргөн-турганында кадимки эле катардагы кишилерден болорун, ал түгүл кемчиликтерден да куру эместигин эске алуу зарыл. Баса, өз кесибинде гений адамдар ошентип жалпы жагынан катардагы эле кишилерден болгондуктан, алардын сырттандыгы демейде анча байкалбагандыктан, өз убагында аларга тийиштүү баа берилбей, кийин гана көбүнчө көздөрү өткөндө гана гений делип аталып калчу практика илгертен бери эле орун алып келатат.

Манасчылык өнөрүндө сырттандык, генийлик деңгээлге айкын эле көтөрүлүп чыккан Саякбайдын турпатына кайрылсак ошондой эле катардагы кишилик мүнөздө болгону табигый нерсе го. Арабызда жүргөн Сакең деле карапайым, кээде деле басмырт көрүнө турган. Кыргыз интеллигенциясынын ичинен граждандык согушка жалгыз катышып, кийин улуу дастанчы деңгээлине көтөрүлсө да, ал көзгө илинейин, сөзгө алынайын, сыйлыктарга ээ болуп, наамымды жогорулатайын деп аракеттенген да адам эмес эле. Кээде сөзүн кененирээк угайын деп аны мен үйүмө алып келип, жалгыз отурган учурларда да официалдуу кызматчы деп мага ниетин айтып шыбырачу эмес. Албетте салмактуулук, салабаттуулук мүнөзү бар болчу. Бирок анын жөнөкөй шарттарда да, үйдө да, эл арасында да болгон негизги турпаты карапайымдык жана тартынчаактык эле.

Анын ушул сапаттарына жакын дагы бир даана мү-

нөзү — демейдеги шарттарда момундугу болучу. Мен ал кишинин эл арасында гана эмес өз үйүндө да, аз киши менен конокто болгондо да далай эле көрдүм, сүйлөбөй эле эки жакты өткүр карап, баарын байкап олтура бере турган; суроолорго токтоолук менен кыскакыска жооп берчү. Мага бул киши кээде: «Манастагы» асман атып толкуп жаткан океандай окуяларды батырган өзүнүн ички дүйнөсүн шар деп чыгып кетпесе экен деп күч менен бөгөп, оозуна сөз албай олтурат го дегендей ой калтырар эле. Бирок «Маңаска» келгенде жана бүркүттөр жөнүндө айтканда Сакендин сөзү тоо суусунун атырылганындай ээ-жаа бербей чыгар эле. Баягы демейдеги үн катпаган момун Сакең таптакыр кубулуп, өзү баяндап жаткан дастандагы улам күчөп чуркаган тулпарды элестетип кетчү. Ал эми Сакең ошентип буркан-шаркан түшүп, «сөз килитин ачканда» ал илгерки ата-бабалардын керезин аткарып, кыргыздын башынан өткөндөрүн азыркы урпактарга төкпөй-чачпай ысык дем менен жеткирип калайын деп шашып жаткансып көрүнөр эле.

Анын дагы бир мүнөзү — ички тарлыктан, ушак сөздөрдөн, өз ара кайрашуулардан обочо тургандыгында болчу. Бир мисал: жаңы маданиятыбыздын башатындагылардан деп эсептелишкен аттуу-жөндүү эле бир-эки адамдын Саякбай — мындай, Саякбай — тигиндей, деп жактырбагандыктарын байкап калдым эле. Алардын бирөө жада калса: «Унчукпаган киши акылы тайкылыгынан унчукпайт. Саякбайдын көп сүйлөбөгөнү — акылсыздыгымды билгизип койбоюн дегени»,— деп айтып жиберген. Сакең булар менен чекилешип калганбы, деген ойдо мен учурун таап, байкатпай алар жөнүндөгү мамилесин билейин дедим эле,— бир жаман сөз айткан жок. Кайра: «Алар урматтуу адамдар эмеспи»,— деп койду...

Акырында, анын ички дүйнөсү үчүн мүнөздүү бөтөн берилгендиктеринин ичинде бүркүтчүлүгү эле. «Манастан» кийин Сакенди өзгөчө толкуткан, өзгөчө бийлеген ошол керемет жаныбар болгон. Бүркүттөрдүн түрлөрү, жашаган жайлары, кулк-мүнөздөрү (баатырлыгы, эркелиги, туруктуулугу, мырзалыгы ж. б.) жөнүндө сүйлөгөндө Сакендин сөзү да бүтчү эмес, ал сөзү «Манастагыдай» жалындаган элестерден кем калчу эмес. Анан калса улуу дастандагы бийик жана чексиз чалкыган аймактан, же дүңгүрөткөн окуялардан жана асыл баатырлар дүйнөсүнөн түшпөгөн Сакендин асмандагы алп,

эр жүрөк канаттууга өзгөчө куштар болгондугу төп кырдаал го! «Адамдын эң айкөлү, эң эр жүрөгү — Манас. Жер үстүндөгү айбанаттын берени — арстан. Асмандын ээси — бүркүт» дээр эле Сакең. Узак убак салган бүркүттөрү жөнүндө толкуп көп айта турган. Ал бүркүттүн баатырлыгы менен мырзалыгына бөтөнчө суктанчу. Магнитофонго жазылган маектерибизден кыскартылып айтылган кээ бир фактылар мына: «Көйрөң кара ашкере кыраан болчу. Ал бөрүнү тепкенде балта менен чапкандай шылыр эле. Короодогу малга да, тезек терип жүргөн кыз-келинге да кол салып жибербесин деп аны катуу кармагамын...» «Боз жигит асыл эле, аны тогуз жыл салдым. Тоонун кырында жүрүп төмогосун алганда да капкайдагы кокту-колоттогу түлкүнү, бөрүнү таап барчу. Аны жинди жаным кокусунан какатып алып, өлүп калды. Үйдүн ичине каран түн түштү. Үч күн үйдөн чыкпай жатып калдым...» «Күлдү бадамды 12 жыл кармадым. Учуп чыкканда куру түшчү эмес. Жейрен, текелерди ала берип мени көптүрүп жиберген... Азыр да эсиме түшө калганда жаным куйкаланып кетет. О, дүйнө кетип, кыяматтын кырына барып калсам көрүшөр бекемин деп ойлоп калам. Ай, сагынтты го чочкоң!..» «Азыр колумдагы — Кара Чолок. Жети жыл болду. Эми мунун бөрүнү көргөндө каткырып эле жыгылып калат. Булар карышкырды серпкенде бир колу менен тумшугун карыштыра кармап, оозун бекитет эмеспи. Бир жолу ошентип жатканда текөөрүнүн бирөө итиндин оозуна кирип кетиптир,— чайнатып жиберип, ошол колу чолок болуп калган. Анан бөрүгө ого бетер өчөшкөн. Серпип алып асманга чыгаар эле да, башын ылдый каратып, кадимки эле иттей аңылдатып кыйкыртып, таштын үстүнө таштап жиберер эле. Азыр да Кара Чолок бөрү алып жүргөнүн жанагы кинодон көрбөдүңөрбү...»

«Кино» деп Сакең аны Болот Шамшиев тарткан фильмди айткан. Ал фильм бир катар чоң өлкөлөрдө жогорку байгелерге ээ болуп, андагы Сакең менен Кара Чолоктун даана кадрлары нечен журналдардын беттерине түшүп таркаган...

Кийин улуу дастанчы алптардын акыркысы Сакем дүйнөдөн кайтканда ошол көк асмандагы алптардан ага дос болгондордун акыркысы тиги Кара Чолок аны жоктоп «киллак-киллак»,— деп жалгыз калган...

Күлүк күлүктөрдүн арасында чуркап, күлүктөрдүн сүрөөнү менен озуп чыгат. Өнөрпоз өнөрпоздордон үйрөнүп, алардын өрнөгүнө таянып устаттыкка көтөрүлөт...

Саякбайды сүрөп көтөргөн кенен чөйрө улуу революциядан кийин дүркүрөп өскөн жалпы маданиятыбыз, көп улуттуу Совет искусствосу болду. Ал эми анын түздөн-түз таалим берип, шыгын арттырган таянчы — кыргыздын тарыхый көркөм мурасын жаңы заманыбызга алып келип кошкон чеберлердин жоон тобу эле. Токтогул, Карамолдо, Атай, Осмонкул, Калык, Ыбрай, Алымкул, Муса, Шекербек, Ысмайыл, Мыскал... Ушулардын радиодон жазылып алынган күүлөрүн, ырларын магнитофондон угузуп калганымда, Сакең колундагы кесесин алдына коюп, көздөрүн жылтыратып, мурутун сербейтип былк этпей отуруп калчу,— бул анын ичинен толгоно баштаганынын белгиси эле. Ар биринин өнөрүнө маашырканчу, ар бири жөнүндө берилген суроолорго бир-эки сөз менен айтылган так жообу болор эле.

«Осокең — төкмөнүн жеткирбес күлүгү...» «Калык — ырчынын төрөсү...» «Боогачы менен Сыртпайдын ырларын ырдагандарды жаштайыбыздан көп эле уктук, бирок Мусадан керемет ырдаганы жок...» Сакендин ушундай сөздөрү эстен кетпейт. Сырттандар деп баалап, ашкере суктанган эки кишиси бар эле — Карамолдо менен Атай.

Карамолдого суктанганы жалпы эле маңызы жагынан «Манаска» жанаша турган комуз өнөрүнүн бийиктигин терең сезгенине байланыштуу. «Комуз — кыргыздын таалайына жаралып калган нерсе го. Комуз болбосо элибиздин өнөрү соолуган көлгө окшоп кемип калбайт беле»,— дечү Сакең. Баса, комуз күүлөрүн башка элдерде кездешпеген жана кыргыздын дүйнөлүк музыкалык кенчке кошо турган салымы деп белгилүү орус музыковеди А. Затаевич да жогору баалаган. Күүлөрдүн бийик кудурети жалпы эле өнүккөн музыкага да, классикалык музыка маданиятына да таандык «тема өнүктүрүү» деген беделдүү принципти өздөштүргөндүгүндө экенин советтик ири адистердин бири В. Виноградов ачык белгилеген. «Тема өнүктүрүү» деген эмне экенин жана ал комуз күүлөрүндө канча даражада өздөштүрүлгөндүгүн кыргыз окурмандары үчүн биз ата-

йын бир катар жолу жазгандыгыбыздан[3], бул жерде кайталап отуруунун кажети жок. Ал эми Карамолдо күүлөрдү ошол тема өнүктүрүү принциби жагынан да, башка жактардан да канча мол байытканын музыканттарыбыз жакшы билишет.

Арийне Сакендин андай принциптер жөнүндөгү түшүнүктөр менен иши жок эле. Бирок таасын художник катары Карамолдонун бөтөн деңгээлин жакын сезүүчү. «Молдокемдин өнөрүн 8 ай уксам да канбасмын»,— дечү. Ага дал ушундай ашкере маашырлангандыгынан Сакең өзүнүн «Манастан» төмөн түшүп, кадимки ырларды жазбаган адатын бузуп, жалгыз гана ага арнап поэма айткан го!..

Атайды «ырчылардын сырттаны»,— деп мактачу. «Ой булбул! Ой булбул!» — деп селкини жалаң гана селкилиги үчүн атаганын карабайсыңбы...» «Анын өнөрү толгонтпогон кыргыз болобу!» — дечү. «Атайдай берен дүйнөгө бир гана келет, кайра келбейт»,— деген сөздөрү эсимде. «Кайран киши:

«Күйдүм-күйдүм күйдүм чок!
Күйдүм десем түтүн жок.
Жүрөгүмдүн башында
Жүгөрүдөй бүтүн жок»

деп олтуруп эле өрттөнүп кетпедиби... андай сырттандар жалындап жүрүп эле күйүп кетет турбайбы...»

Айланасындагы өз табиятына өтө жакын мына ушундай жалындуу көркөм дүйнөлөрдү бүт сезгич дили менен кабылдап, алардын ысык илептерин ой-сезимине жууруштуп сиңирип келгендиктен гана Сакендин өнөрпоз кубаты демденип күчөгөн.

Эми аның өнөрпоздугуна тийиштүү экинчи кырдаалга — аның айланадагыларга тийгизген таасирине кайрылалы.

Өнөрпоздордун тийгизген таасирине келгенде адатта ошол көркөм чөйрөдөгүлөр кабылдаган өрнөктөр жөнүндө гана сөз болот. Ал эми чындыгында художниктин таасири турмуш көрүнүштөрүнүн таасириндей эле кенен жана татаал жолдор менен болот эмеспи. Көркөм чыгарма ар биребизди жаратылыштын, адам аракетинин жана кулк-мүнөздөрүнүн күчтүү фактыларындай эле толгонтот, эргитет, шыктандырат да. Ошондуктан

---

[3] Асыресе «КМга» 1988-жылдын 18-февралында чыккан «Комуз музыкасынын тарыхындагы маанилүү окуя» деген макаланы караңыз.

жазуучулардын, музыканттардын, сүрөтчүлөрдүн, артисттердин өнөрлөрүнүн таасирин алардын бири-бирине карата гана эмес, жалпы эле айланадагыларга карата алып кароо керек. Ошондо да таасир нукура психологиялык процесс болгондуктан, анын жолдору ой-сезимдин терең түпкүрлөрүндө чиеленишип кетери табигый нерсе. Бир тамчы кислота бир челек суунун даамын өзгөртөөрүн, же костюмдун жакасына тийген өткүр зат аның жиптерин аралап отуруп жеңинин учуна да, этегине да жетерин билебиз,— бул өтө эле жөнөкөй мисалдар. Ал эми биздин ички дүйнөбүз мындан канча татаал!..

Демек, айрым күчтүү художниктин башка өнөрпоздорго гана тийгизген таасирин эле алганда иш жөнөкөй эмес. Жазуучулардын чыгармалары алардын бири-бирине гана тургай, музыканттарга да, сүрөтчүлөргө да, артисттерге да, музыканттардыкы менен сүрөтчүлөрдүкү — жазуучуларга да жана башкаларга да тийе тургандыгын адистер жакшы билишет.

Саякбайдын өнөрүн укканбыздын, музыканттардын, артисттердин, сүрөтчүлөрдүн ичинен аның таасирине дуушар болбогону кездешпес, бирок кайсынысына ал таасир кандай жолдор менен өткөндүгү татаал психологиялык нерсе го.

Бул жерде айкын көрүнүп турган тышкары эки-үч мисалга гана тие кетели. Көрүнүктүү киночуларыбыздын бири Болот Шамшиев студент кезинде эле Сакендин өнөрүнө маашырланып жүрүп, өзүнүн алгачкы чыгармасын — жапаңы фильмди ага арнаган. Ал фильм кубаттуу чыгып, андан кийин жараткандары улам арымдан келүүдө. Балким бул ийгиликтердин түпкүрүндө Сакендин өнөрүнүн даараасы да жаткандыр...

Экинчи мисал катарында Чыңгыз Айтматовдун эле өзүн алалы. Дүйнөлүк залкар жазуучубуз да — Саякбайдын улуу өнөрүнө ашкере суктангандардын бири. Ал 1964-жылы дастанчынын 70 жылдыгында өтө толкугандык менен жасаган докладын жана «Курьер ЮНЕСКО» журналына жазган макаласын жогоруда айтып өттүк. Анын башка учурларда да Сакене бийик баалардыберип жүргөнү кеңири маалым. Ал эми мындай мамиле чыгармачылык планда алганда да бекеринен эмес го дейсин: «Саякбайдын өнөрүнө да, анын чыгармачылыгына да таандык кубаттуу сапаттар — терең психологизм, драматизм, динамикалуулук, алардын тарыхый чыгармачылык формалары, жолдору, деңгээл-

дери, өзгөчөлүктөрү ар башка болсо да, тиги жалпы тектештик даана нерсе...

Ал эми манасчылык өнөрүнүн өзүнө тийиштүү бир факты. Мындан 20 жылча мурун мага бир бала келип калды. Өзүнүн жүзү кыргызга окшобосо да кадимки эле айылдык баладай кыргызча сүйлөйт экен. «Атым — Асанкан, фамилиям — Жуманалиев» — деди. Көрсө, ымыркай кезинде баласыз жубайлар ал орус баланы багып алыптыр. Кичине кезинен эле «Манастан» укканларын эсине тутуп, айта баштаптыр. Саякбайды телевизордон көргөндөн кийин ал ынтаасы ого бетер күчөгөн экен. Менден: «Саякбай атама көрүнүп, батасын алсам»,— деп суранды. Ал кишинин үйүнө барып чай ичип отурганда илгерки дастанчы-устаттардын салтын улап, Сакем «Манастагы» ар кыл эпизоддорду сөзгө алып, «мына ушуну айта жүр», «мына ушуну айта жүр» деп нуска берип жатты. Акырында Асанкандын эки бетинен өөп: «өмүрүң узак болсун балам, өнөрүң артсын» — деп жалгаган эле.

Асанкан ошондон кийин өзүнүн студенттик чөйрөсүндө да, эл алдында да, телевизордон да үзбөй дастан айтып келатат. Университетти бүткөн соң Таластагы айылында мугалим. Алты баласынын баары да дастанчылыкка шыктанып жүрөт экен. Ушул эле жылы 10-апрелде өзү үйрөткөн жаш манасчылардын онунан турган оригиналдуу ансамблдин өнөрүн Республикалык драма театрында көрсөтүп кетти.

Бул үч мисал — түздөн-түз белгилери бар чыгармачылык фактылар. Бирок тигиндей белгилери көрүнбөгөн таасирлердин көп боло тургандыгы түшүнүктүү нерсе го: кайсы кыргыздардын жүрөгүнө Сакендин өнөрү илебин тийгизбеди! Ал күпүлдөп турган кезде азыр маркум болуп кеткен М. деген киши тестиер баласы дастанчынын өнөрүн телевизордон улам көрүп алып, үйрөнгөн үзүндүлөрдү шакылдатып айтып жүрөт деп калды. Сакең батасын берсин деп ошол балага жолуктурганыбызда дастанчы да, башкаларыбыз да аябай кубанганбыз.

Азыр Тоң районунун бир кыштагында Азиат деген тестиер бар, ал да телевизордон Сакенди көрүп, «Манас» айтканга шыктанып жүрөт.

Тиги биринчи бала чоюлуп өзүнчө адис болуп кетти. Азиат да жолун таап кетет. Бирок эс тарта баштагандан эле Сакендин өнөрү ой-сезимдерин ушинтип даарып кеткен ошол эки жаштын мисалы мүнөздүү нерсе.

Улуу дастанчыбыздан калган «Манас» китептери, киночыгармалар, телефильмдер да кылымдарды аралап келечекке барат. Ошол алыскы мезгилдердеги кыргыз балдары да аларга суктанып, эргибей койбос...

Жаңы замандын таңы сүрүп келгенде аны ички жана тышкы жоолордон коргоо үчүн маданият ишмерлерибиздин ичинен граждандык согушка катышкан жана аның нуру менен элибиздин көзүнө кармаган жаркын мурасының өнөрүн бийик даражада көрсөтүп, Гомер баштаган алп дастан чынардын катарына көтөрүлгөн Саякбай Каралаев коомубуздагы эң жогорку наамдарга жана сыйлыктарга татыктуу эле. Биз ошого кам көрө албаптырбыз. Бирок эми гений өнөрпоздун көзү өткөндө ага борбор шаарыбызда эстелик тургузуп коюу парзыбыз го...

ТУРГУНБАЙ САДЫКОВ

УЛУУ МАНАСЧЫНЫН РУХИЙ БИЙИКТИГИ

«Манас» — искусство чеберлери үчүн шыктануунун, чыгарма жаратуунун түгөнгүс булагы. Эпостун каармандары, образдары, манасчылар көп жылдардан бери менин көркөм изденүүлөрүмдүн да орчундуу багыты болуп келе жатат. Ушул жагдайда Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын алдындагы скульптуралык-архитектуралык композиция (комплекс) уруттуу иш болуп калдыбы деп ойлойм. Бул боюнча көрөрмандар, адистер өз учурунда бир топ жылуу пикирлерин айтышкан. Ансамбль негизинен бирин-бири толуктап турган жана идеялык-образдык тутумун ачып берген эки топтон — Манастын атчан монументи, буга ыраатташ Каныкейдин, Бакайдын айкелдери (тулкулары) жана улуу манасчылардын портреттери. Бул эмгекте мен бир эле учурда бир топ ойлорду айткым келген. Бирок алардын бардыгын териштирип олтуруунун кажаты жок. Мында эң башкы, аныктоочу идеялар катары — эркиндик, гуманизм, достукту гана бөлүп көрсөткүм келди. Бир эле учурга токтолуп кетейин: кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында эки жолу гана чыныгы эркиндикке туш болгон. Анын ал-

гачкысы эпос боюнча Манастын ысмына байланыштуу. Ал чачылган элди жыйнап, баш коштуруп, душманга каршы көтөрүп чыккан жана өз мекени Ала-Тоону алардан бошоткон. Кийинки урпактарына мекенин, эркиндигин көздүн карегиндей сактоону осуят кылып калтырган. Бирок, тарыхтын «тар жол, тайгак кечүүсүндө» кыргыз эли эркиндигин гана эмес, бүтүндөй өзүн жоготуп жиберүү коркунучуна туш келгендиги да белгилүү.

Мына ошол осуят эми гана — кыргыз эли өзүнчө эгемендүү мамлекет болгон учурда гана жүзөгө ашып олтурат. Менин оюмча, кыргыз эли дайыма улуу эпостун духу менен жашап келгендиктен гана ушул эркин турмушка жетише алды.

«Манасты» башка жанрларда көркөм өздөштүрүү өтө татаал иш. Мен муну өз тажрыйбамдан улам жакшы билем. Бул мен үчүн да эч качан оңой-олтоң болгон жок. Мага адегенде бул багытта көптөгөн байкоолорду жүргүзүүгө туура келди. Эпосту дегеле манасчыларсыз элестетүүгө такыр мүмкүн эмес.

Манасчылардын ичинен менин өзүнө өзгөчө «кылтактап» алган Саякбай Каралаев болду. Мен үчүн ал киши дээрлик ачылбаган «сыр сандык» сыяктанды. Ошондуктан манасчыга адегенде ачык даай албай жүрдүм. Концерттерде көрүп, радиодон угуп, жөн саламдашып, жүргөн учурда да, дайыма байкоо салам. Сакем өз өнөрүнүн акыркы мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп жүргөн кези 50-жылдардын аягына туш келген эле. Чыгармачылык жактан анча-мынча жетилгенден кийин С. Каралаевге тике эле байланышып, катташып, пикир алышып, анын портретин тартайын деп ниет кылып жүрдүм. Бул уникалдуу адамды өз учурунда сүрөткө алып калуу жөнүндө, анын гениалдуу сапаттары, кайталангыс өнөрү тууралуу А. Салиев, Б. Бейшеналиева ж. б. көрүнүктүү маданият ишмерлери да көп эскертишти. Ошентип камданып жүргөнүмдө өнөрканама Сакем өзү эле келип калбаспы. Бир жагынан «чындап кудай берди» деп ичимден кыпылдап кубандым, экинчи жагынан бул күтүүсүз жолугушууга карбаластап, шашып да калдым. Өзүн татыктуу кармаган аябагандай ачык киши экен. Киргенден кийин өнөркананы тегерете карап: «Ой, бул сенин кылганың бүт эле кара жумуш го!» — деп калды. Анан өзүнө тааныш адамдардын портреттерине кызыга тиктеп, «союп каптап койгондой өзү» деп кубаттап койду. Мен Сакемди жайланышып олтурууга сунуш кылдым. Менин максатым анын ички дүйнөсүн ар тараптан

баамдоо. Өңү-түсүнө, сүйлөгөн сөзүнө, ар бир кыймылына кылдаттык менен көз салам.

Сакем сөзгө чебер, музыка жандуу адам экендиги дароо байкалды. Манастан үзүндү айттырып көрүүдөн мурда, аны күүгө, тапка келтирип алууну ойлоп, магнитофонду иштетип койдум. Магнитофондон жаңырган белгилүү обончу жана комузчу Калмырза Калбаевдин чыгармасын укканда өзгөчө берилип, делебеси козголуп, бир башкача боло түштү. Үнүн акырын чыгарып мындай деди:

— Биринчи жолу угуп олтурам. Бул адам учурунда Токтогул, Карамолдо Орозов, Ыбрай Тумановдордун деңгээлинде турган, элге кеңири таанымал адам эле. Эч ким аны чындап көтөрмөлөп, чыгармаларын жыйнап, калкка тартуулаган жок. Ырлары, күүлөрү дээрлик аз. Сен бул жазып алганыңды бекем сакта,— деп күрсүнүп, ойго батып, токтоп калды. Азыраак тынымдан кийин:

— Саке, «Манастан»,— «Чоң казаттан» айтып бербейсизби? — деп сурадым.

Ал дароо макул болду. Илхом ушунчалык кыстап келип калганбы, эч токтобой төрт саат бою нөшөрдөй токту. Анын көмөкөйүнөн обон да, сөз да оргуштап, фонтандай болуп атылып турду. Токтомок түгүл, кызып калган буудаига окшоп, арышын кайра күчөтөт. Эргүү канаты алып учуп алда кайда сабалайт...

Кийин бир жолу сеанс өткөрүп жатып Сакемден дагы бир ошол «Чоң казатты» айтып берүүсүн өтүндүм. Алгачкы жолкусун магнитофонго жазып алган элем. Аны ошондо укканбоюнча да, кийин магнитофондон кайталап укканда да, обону, сөзү дээрлик эсимде калыптыр. Дагы ошону айтат экен десем, Сакем таптакыр башка варианттыайтып таштабадыбы. Магнитофонду иштетип койгонум жакшы болгон экен. «Манастын» «Чоң казат» окуясынын дагы бир өзүнчө жазылганына ээ болуп калдым. Ырас, манасчы негизги сюжетти сактады. Бирок текст көркөмдүк жактан башкача чыкты. Бул мени таң калтырбай койгон жок. Ал ашкере төкмө экен. Мындай касиет зилинде чоң манасчыларга гана мүнөздүү. Алардын ар бир аткаруусу кайталангыс маанииге ээ, өзүнчө жаңыланган көркөм дүйнө. Сакемден «Манастын» көп эле үзүндүлөрүн жазып алдым. Көптөгөн жолу этюдга түшүрдүм. Нечен жолу аңгемелештик, сыр алыштык. Ушулардын бардыгы бир гана максатта — улуу манасчынын жан дүйнөсүнө тереңирээк сүңгүп кирүү үчүн жүргүзүлдү.

1965-жылы С. Каралаевдин колодон жасалган портретин бүтүрдүм. Аны дүйнөгө таанымал музей Третьяков галереясы өз фондусуна алды. Ал портреттин көчүрмөсү биздин көркөм музейде сакталып турат. Бирок иш ушуну менен гана чектелип калбастан, кайрадан күч алды. Ага жалаң эле өнөрканада эмес, башка жагдайларда да серп салууга туура келди. Сакем мүнөзү жагынан өтө назик киши эле. Бир нерсе көңүлүнө жакпай калса, ага кайра оңой менен ынанчы эмес. Бир жолу мага белгилүү кинорежиссёр Болот Шамшиев телефон чалып калды. Ал С. Каралаев жөнүндөгү «Манасчы» деген документалдуу фильм тартып жаткан. «Эмне болду?» — деп сурасам: «Эртең тоо жакка чыгып фильмди тартканды улантмак элем, Сакем болбой коебу деп чоочулап жатам, сенин тилиңди жакшы алат, Сакемди көндүрүп алып чыгып, биз менен кошо кино тартканга барып келе аласыңбы?» — деп суранып калды. Мен Болоттун эмне үчүн мындай абалга туш келгенин такып сураганым да жок. Түз эле макул болдум. Себеби, мындай учур мага да керек эле. Сүрөтчүнүн сеансында отурганга караганда Сакем камера алдында өзүн кандай сезээр экен деп кызыктым. Манасчынын татаал, көп кырдуу дүйнөсүнүн дагы бир урунтуктуу жерин илип алсам ажеп эмес деп ойлодум. Ойлогонум кийин ордунан чыккандай эле болду. Андагы жараткан кээ бир эскиздерим кийин көп эле керекке жарады.

Болот Шамшиевдин ошол «Манасчы» деген документалдуу тасмасы, кантсе да жакшы тартылды. Мында С. Каралаевдин манасчылык кубаттуу даремети, гений-лик түспөлүү динамикалык планда жетик камтылган. Эл аралык фестивалда, ж. б. учурларда фильмдин аброй-луу сыйлыктарга ээ болушу кокусунан эмес.

Кези келгенде айта кетели, Саякбай Каралаевди тасмага тартып калуу аракетинде Мелис Убукеев да чоң үлүшүн кошту. Мына ушуларды ал өз каражаты менен жасагандыгы чыныгы атуулдук. Б. Шамшиевдин, М. Убукеевдин бул эмгектери, сөзсүз түрдө, келечек үчүн зор кызмат кылат. Алар алп манасчылардын эң акыркысын тасмага тартып калышты. Бул жагдай кийинки муундар үчүн манасчынын уникалдуу таланты-ның накта күбөсү болууга мүмкүнчүлүк түзөт, «Манас» эпосун кең-кесири түшүнүүгө көмөк көрсөтөт.

Сакемден кийин ыгы келгенде акырын чегип, киного тартылуудан эмне үчүн тайсалдай баштаганын сура-

сам, Болот Шамшиев Ысык-Көлдө аны кайра-кайра суу кечтире берип жадатып жибергенин айтып күлгөн.

Саякбай Каралаевди чоң мүнүшкөр деп да укқам. Бирок анын бул өнөрүн өз көзүм менен көргөн эмесмин. Көрбөсөм да угайын деп, аны ушул багытта көп эле жолу аңгеме-дүкөнгө тарттым. Сакем жаныбарлардын «мүнөзүн», «жүрүш-турушун» эң кызык кылып айтып бересер эле. Бөтөнчө ал өзүнүн бүркүтүн кандайча тапка келтиргенин берилип айтчу.

— Бүркүт канаттуулардын мырзасы, кайра тартпаган эр жүрөгү. Ал эркиндикти сүйгөн асыл жаныбар. Ошон үчүн бийик аскаларга уя салып, бийик асманда каалгып учуп жүрүшөт. Муну жырткыч деп айтууга болбойт. Эгерде ушундай болсо, бардыгына алы жетет, кырып жибербейт беле. Мүнөзү, албетте, катаал.

— Сиз аны кандайча тапка келтиресиз?

— О, бул өтө татаал өнөр. Бул тоонун эркин кыраанын колго түшүрүү да, үйрөтүп, тилге келтирүү да көп түйшүктү, көп нерсени билүүнү талап кылат.

Сакем кайсыл учурда аңчылыкка чыгуу керектигин, кандай кезде түлкүгө, коёнго салууга боло тургандыгын ж. б. саймедиреп айтат.

Мүнүшкөрлүк — кыргыздарда илгертен келе жаткан чоң өнөр. С. Каралаевдин ушул өнөрдү кош тизгиндеп келиши анын манасчылык өнөрүн ого бетер толуктап турат. Сакем жаныбарларды, жаратылыштын кооздугун чексиз сүйгөн киши болгон. Бул «Манас» эпосунда гана эмес, анын башка чыгармаларында, ошондой эле азыр сөз болгон мүнүшкөрлүгүндө ачык байкалат. Кийин карылыгы жетип, бүркүт салганга шайы келбей калганда бүркүтүн эркиндикке кое берген деп укканым бар.

С. Каралаев менен болгон мамилемде, мени барыдан мурда анын манасчылык өнөрү өзүнө көп тартты. Анын өнөрканама чакыртпай эле өзү келип калышы, эпостон сураган жеримди ынгыранбай аткарып бериши эч качан эсимден кетпейт. Анан калса, мага зарыл болгон анын талантынын кереметтүү жактары, генийлик касиеттери ушундай учурларда даана байкалды. Бир күнү мага өтө көтөрүңкү маанайда кирип келди. «Манасты» айтууга шыктанып, даярданып алгандай. Көрүнүшү да заңкайып, жүзү да албырып, өзүнчө укмуш. Эпостон үзүндү аткарып жатты. «Мына, манасчы деп ушуну айт!» Таң калып, эскиздерге да шилтей салам. Ушунда Сакем бүткүл дараметин жайып таштагандай болду. Айтып бүткөндөн кийин жүз аарчысын алып,

бети-башын шашпай ааарчып, акырын басып өнөрканаанын короосуна чыгып кетти. Мен өз ишим менен алек болуп жаттым. Бир убакта Сакем кирди. Көргөн көзүмө өзүм ишенбейм. Баягы мындан бир нече убакыт мурун көргөн Сакем эмес. Шөлпөйүп, жели чыккан чаначтай болуп бир абышка турат. Ошондо манасчылардын ыкыбалы накта эпостун духунда экендигин ачык сездим. Мына ошол дух келгенде, ал манасчыны ээрчитип, канат бүтүрүп, кубат берип өзүнчө бир бийиктиккке көтөрүп чыгат экен. Эпостун сөздөрүнүн, Манастын образынын магиялык күчүнүн накта сыры ушунда жатат деп ойлойм.

Сакем айтчы эле: «Мен эпосту айтып жатканда каармандары менен аралашып кетем»,— деп. Мындай учур манасчыда гана эмес, биз сыяктуу сүрөткерлерде да болот. Мен «Манас» темасында иштеп жатканда образдар кадимкидей көз алдыма тартылат. Кээде Сакемдин көнүмүш калдайган карааның да көрөм. Аны менен сүйлөшүп, аңгемелешип тургандай сезип кетем. Өнөрканада андан жазылып алынган «Манастын» үзүндүлөрүн укканда, кадимкидей чыйралып, ойлогон образдарым даанараак боло түшөт.

Мен үчүн чыгармачылык изденүү — түгөнбөгөн түйшүктүү процесс. Алдыда көптөгөн ойлор, пландар бар. Жакында «Эл куту» деген архитектуралык-скульптуралык жаңы комплексти аяктадым. Анда Жусуп Баласагын сыяктуу тарыхый инсандарыбыздан тартып, кыргыздын чыгаан, даңктуу адамдарынын айкелдери камтылган. Булардын ичинде өзүнүн «Манасы» менен унутулгус болуп калган Саякбай Каралаев да бар.

ВИКТОР ВИНОГРАДОВ

ЭПОСТУН МУЗЫКАЛЫК АТКАРЫЛЫШЫ[1]

«Манас» — синтетикалык формадагы өнөр. Анын компоненттери: сөз, обон, жансоо жана мимика. Булар ар бир аткарууда дайыма болушу абзел.

[1] Тема шарттуу коюлду. С. Каралаевге тийиштүү байкоолор автордун: «Киргизская народная музыка, 1958, «Напевы Манаса» (Манас. Киргизский героический эпос, книга I, М., 1984) деген эмгектеринен иргелип которулуп алынды. Которгон — О. Исманлов.

Айтуучу үчүн угуучулар өтө керек. Мунсуз манасчы эргий да албайт, таасирдүү да эмес. Манасчы дегинкисинде шандуу майрамдык атмосферага, айтып жаткан баянына болгон кызыгууга абдан муктаж.

Көтөрүңкү маанай — айтуучунун астейдил жөлөгү, шыктануусунун жана ийгилигинин чечүүчү фактору. Каралаев «табында» болгондо ал конфликтти аябай курчутуп-татаалдантат, жаңы эпизоддорду киргизет, белгилүү узак убакыттын ичинде кандайдыр бир конфликтти ийине келтирип айтып берүү үчүн драматургиялык көз караштан алганда маанилүү тиричилик деталдарын же жаратылыш картинасын кызыктуу сүрөттөөгө керектүү сөздөрдү табат. Каралаевдин көркөм каражаттарынын бүткүл комплекси ал «формада» болуп турганда чоң максаттуулукка жана стилистикалык биримдикке эгедер. Манасчы дайыма аспаптын коштоосусуз солодо өзүн текшерип, анан аудиторияга карап ондонуп-түздөнүп (азербайжандын ашугдары айткандай «көкүроктү кызытып») дегендей ага карагандардын көңүлүн өзүнө бурат. Анын интонациясы жана көркөм каражаттарынын бүткүл комплекси ушундан баштап так эсепке алынып, ырдоосу (попевка) туруктуу, сөзү, сүйлөөсү, сөз түрмөгү, ыр түзүлүшү, образдар көндүм жана тааныш, жаңсоолор шайкештүү болуп калат. Аткаруусу кызыктуу болушу үчүн ал өзүн кылдат кармап, өтө этияттык, эптүүлүк менен ырдайт. Баяндоонун башталышы же «Манастан» кыскача үзүндү айтуу алгачкы учурда чачкын компоненттер катары көрүнөт, али бир бүтүнгө чогула элек деталдар, толук аяктай элек архитектуралык курулуштардын колонналары, терезе-эшиктери сыяктанат.

Мына, 10—15 минут өттү (убакыт шарттуу алынды). Ушундан кийин гана аудиторияда кызыгуу да, көңүл дөнүү да, тартип да пайда болот, рапсод эми угуучулардын алдына өзүнүн бүткүл дараметин ачып көрсөтөт, анын өнөрүнүн бардык элементи органикалык бир бүтүндүккө барып уюлат, ушундан соң «Манастын» аткаруучулук стили даана сезилип, көз алдыга таасын тартыла баштайт. Жаңырган «Манас» — ал эмоциялардын стихиясы. Анын көркөм каражаттарын, алардын уюштурулушун, оттенкаларын, ал түгүл жалпы эле эпостун мазмунун ушул өзгөчөлүктөрсүз түшүнүү мүмкүн эмес. «Манастын» музыкалык тилинин, обондун ар түрдүүлүгүнө карабастан эпосту жандуу аткарууда, биз барыдан мурда баяндоонун музыкалык канвасын ка-

былдайбыз, шөкөттөөнүн экспрессивдүү манерасына баш-отубуз менен арбалабыз.

Синтетикалуу табиятына карап «Манас» аткарууну бир актердун театры дешке болот. Жаңсоолор үчүн аткаруучунун колу дайыма бош болушу керек. Баяндоонун мазмунуна карата өңү-түсү чыңалып, мимикалар кадрлар тынбай алмашкандай көрүнүшү абзел.

Жалпы алганда «Маната» музыкалык аткарылыштын эки агымы бар: обондотуп сүйлөө (речитатив) жана ырдоо (попевка). Бирок бул экөө да эпосту музыкалык шөкөттөөнүн бүткүл көп түрдүүлүгүн, байлыгын толук ачып бере албайт. Анткени обондотуп айтуунун (речитатив) өзү эле бир нече түрдө, ал эми ырдап (попевка) аткаруу жүздөп болбосо да, ондогон варианттарда жолугат. «Манас» жети-сегиз муундагы ыр түзүлүшүнөн турган кыргыздын элдик речитациясынын энциклопедиясы, элдик ырлардын хрестоматиясы.

Мына ушул каражаттардын бардыгы «Манастын» жанрдык жана көп кырдуу эмоционалдык жалпы аткаруучулук стили — баатырдык, шаңдуулук, катаалдык, албууттук, лирикалык — назиктик, темпераменттик, кээде опсуздук (экстравагантык) ж. б. менен тыгыз байланышкан.

Албетте, «Манастын» музыкалык шөкөттөлүү манерасында кийинки кездерде олуттуу өзгөрүүлөр учурайт. Муну, асыресе менин С. Каралаевдин 50—60-жылдардын аягындагы аткаруучулук манерасына карата байкоолорум бир топ ырастай алат. Мурун түз ырдап кирип, көбүнчө өзүн жеке бийлеген эмоциялардын туткунунда калса, кийинки жылдарда абдан токтоолукту, көркөм ченемдикти көрсөтүп, «өздүк режиссёрлуктун» таасири андан айкын сезиле баштады.

Негизинен алганда, Каралаевдин айтуусунан жаңырган «Манас» адамды өзүнө катуу тарткан, шаркырап төгүлгөн обондотуп айтуунун айкын, алоолонгон, кез-кези менен буркан-шарканга аралашкан эмоциялардын стихиясы. Каралаев арман, кошокторду аткарууда жан-дили менен берилип ырдап, көзүнөн жаш агып турар эле. Буркан-шаркан түшүп обондотуп айтканда кандайдыр бир музыкалык параметрди — үндүн бийиктигин да, ритмиканы да кармоо кыйындыкка турат. Ал түгүл ырдын шарында куюлуп турган сөздүн өзү да так угулбай калат. Ошондой болсо да, адатта эпостун динамикалык учурларын — согуштук кармашуулардын, каармандардын тынчсызданган сөздөрүн берген обон-

дотун айтуунун бул формасы сейрек кездешет жана бардык эле манасчыларда бирдей эмес.

С. Каралаев «Каныкейдин арманын» аткарганда бир эле сүйлөп ырдоону (речитативная попевка) он жолуга чейин кайталайт, бирок ар бир жолу ага жаңы экспрессивдүү түстөрдү (оттеноктору): бирде илептүү айтуу-ну, бирде куру кыйкырыкты, кээде күрсүнүүнү, айрым учурларда күйкөлөктөгөн акцентти киргизет, кай бирде жумшак, салмактуу өтүүнү колдонот. Бирде чоң, бирде кичине терция шумдуктай тез алмашып отурат. Кээде ырдагы муундардын саны көбөйүп кетет, мындай учур-да музыкалык ритм ажырап, сүйлөм узарат. Бирок басандоочу каденция: квинта, кварта, тоника эң чоң таасир калтырат.

Каралаев үндүк байланыштарды күчөтүп, кекиртек тембри менен ал үндөрдү өзгөчө бөлүп айткан, булар-дын акыркысын чоң фортеге жеткирген жана аны күтүүсүз үзүп таштаган учурлары болот.

Бир жолу Каралаев «Коңурбай менен салгылашуу» деген кеңири белгилүү эпизодду аткарып калды. Баян-доонун бир эле жеринде ал үч хордолуу (трихордовый) ырды 59 жолу катары менен кайталады. 7—10 минут өткөндө үшул эле ырдоого дагы кайрылды. Бул жолу ал ладдык жактан даана жана жөнөкөй жаңырды.

«Манасты» музыкалык шөкөттөө көп өлчөмдө аткарылуучу фрагменттердин эмоционалдык-образдык мазмуну менен жөндөлүп турат. Мында манасчы бир эле музыкалык каражат, ырдоо менен ар түрдүү маанай-ларды бере алат. Бул жерде кеп анын кантип, кандай оттенкалар, кандай темперамент менен аткарылышында.

1938-жылы Каралаевден эпостун эң белгилүү «Чоң казат» циклинен фрагмент жазылып алынган эле. Ушул эле фрагментти мен 1940-жылы кайталап жазып алгам. Кийин Каралаев аны акыркы жаздыруудан бир жума өткөндө аткарды. Бул жолу угуучулардын суроосу ме-нен микрофонсуз айтты. Ушул жерде ачык байкады: биринчи жолу жазганда да, экинчи жолу жазганда да Каралаев атайын коюлган шарт менен чектелип калган экен. Не дегенде ал механикалык түрдөгү жазууга даярдалыптыр: эпостон белгилүү үзүндү тандалып алы-нып, микрофондун алдында өзүн кандай кармоо үчүн бир нече көрсөтмөлөр берилип, хронометраж орнотул-ган ж. б. Ошондон улам, акыркы вариантка караганда мурунку экөө көп жагынан бири-бирине жакын чыккан.

Биз карап жаткан фрагментти драматургиялык бел-

гиси жагынан экиге бөлүп карооо болот. Бул жерде Манас дүрбүсү менен өзү камоого алган шаардын чет жакасын карап турганы, андан соң анын каарданып сүйлөгөнү баяндалат. Ушунун ар бирин Каралаев музыкалык жактан ар башка формада берген: биринчи учурда эпикалык кеңдикте, алда канча тең салмактуу, ал түгүл жаркын, салтанаттуу жаңырып турганы угулат. Ал эми экинчи учурда Каралаев кыйла жеткилең чыңалган регистрге өтөт, темпти ылдамдатып, басымды (акцентировка) күчөтөт. Ушул эле фрагмент микрофон жана хронометраж менен кысымга алынбаган эркин шөкөттөөдө таптакыр башкача. Мында Каралаев муну үч минут эмес, он-он беш минут аткарган. Маселен, согуштук кырдаалды ал токтоо жана көтөрүңкү манерада узартып баяндайт, андан кийин улам арбытып жана өөрчүтүп тез регистрге өтөт да Манастын кармашуусунун жакындап келаткандыгын билдирет. Бул учурда Манастын каардуу үнү, сүйлөгөнү зор темперамент менен, биринин артынан бири токтоосуз шаркырап, умтулуп келген ырлардын агымында баяндалат. Ал тандап алган обон ыргагы катары менен 60 жолу кайталанып, бирде мажордо, бирде чыргый минордо, кээде такыр эле түшүнүксүз ладда күчөнүп, токтолбостон бийикке атылып чыгат. Кээде бул ыры бир эле нотада кыйкырып калган ритмикалык склетке айланып калат. Мындай кезди баяндоодо эмоциянын стихиясы өкүм сүрүп, музыкалык-уюштуруучулук башталыш бир гана ритмде көрүнөт. Ошентсе да бул фрагмент алгачкы эки варианттан айырмаланганына карабастан, алардын бардыгын баяндоонун мазмунунда жана аны музыкалык камтууда таасын көрүнгөн жалпы драматургиялык тутум бириктирип турат.

Саякбай Каралаевден эпостун экинчи фрагменти пластинкага жазылып, аны мен нотага түшүргөн элем. Бул ат жарышка — байгеге арналган эпизод. Эпосто Тайтору деген сай кашка күлүк ат жарышка түшө тургандыктан ал «Тайторуну чабуу» деп аталат. Күйөрмандар күйүп-бышып, зор кызыгууну көрсөткөндүктөн, жарыш абдан чыңалган, курч атмосферада өтөт. Анан калса, бул жарыш өзгөчө эле. Бул ата-энесин билбей, тууган жерден алыста өскөн Семетейге арналып берилген той болуп, ошондой эле Манастын аялы Каныкей да ырымдап өзүнүн күлүгү — Тайторуну кошуп жаткандыктан, асыресе, мына ушул кызыкчылыктын корголушу чоң маанини ээлейт.

Тайтору, тилекке каршы адегенде артта калат. Аны жүздөгөн аттар басып өтөт. Каныкейдин жаны кашаят. Көзүнүн жашын он талаа кылып, тыя албайт. Каршы тарап кубанат. Сезимдеги уйгу-туйгулар, санаалар күчөп, эң жогорку чегине жетет. Бирок Тайтору күчүн жыйнап, акырындык менен аттарды биринин артынан бирин басып өтө баштайт. Көрүүчүлөрдүн көңүлүндө, маанайында өзгөрүүлөр болуп өтөт. Бул жерде манасчы көп боёктуу, эмоционалдык жактан өзүнө оп тарткан ушундай картинаны сүрөттөп көрсөтөт.

Музыкалык материал жалпы драматургиялык тутумга ылайык уюшулары белгилүү. Каралаев ырдоонун негизги 28 варианттын (мотивдик, вариациялык түрүн) пайдаланат. Бул өтө сейрек кездешүүчү нерсе. Алардын мындай молдугу айтуучунун көпчүлүк учурда бири-бирине речитативдик киргизүүлөр менен четтелген ар түрдүү картиналарын — маанайларын, көңүлдөрдүн алмашууларын реалисттик планда берүү аракети менен аныкталат.

Каралаев «музыкалык берешендигин» дайыма эле көрсөтө бербейт. Бул да, көпчүлүк учурларда драматургиялык жагдай менен байланышкан. Маселен, ал «Каныкейдин арманын», башкача айтканда, аялдардын — Манастын аялынын кайгылуу ырын аткарып жаткында бүткүл үзүндү **ля-лемоль**, до, **ре-бемоль**, **ми-бемоль** шекилдүү үч катарында, речитативсиз бир гана ырдоо (попевка) менен толуп чыгат. Кыязы, ал баяндоонун адабияттык негизине кызыгып кетет өндөнөт, музыкалык каражаттардагы мындай чектелгендик Манастын тышкы түрүн сыпаттоодо да байкалат. Манас апыртылган (гиперболизацияланган), жомоктук кейипте сүрөттөлөт жана манасчы ушуга ылайыктуу образдарды, эпитеттерди, салыштырууларды ж. б. издеп табат.

С. Каралаевдин «Манас» эпосун аткаруудагы музыкалык байлыгы, артисттик чеберчилиги — өзүнчө чалкып жаткан көркөм дүйнөнү элестетет.

МАНАСЧЫ САЯКБАЙ КАРАЛА УУЛУН ТАБЫШЫМ

1931-жылы Ленинграддагы Чыгыш институтун мөөнөтүнөн мурун бүтүрүп, дипломду алып Фрунзеге келдим. Жогорку маалыматтуу илим кызматкери жок. Келерим менен ишке кириштим. Менин милдетиме: Лугатка сөз чогултуу. Эл адабиятын жыйноо үчүн «Колдонмо» түзүү жүктөлдү. «Колдонмону» түзүп бүттүм. Илимий кеңешмеде жактырышты. «Жаңы маданият жолунда» журналына кошумча кылып өзүнчө бастырдым. Мурунку жылдары диплом жазуу үчүн бир жылга келгенимде басма күнүнө арнап, «Манас» деген тема коюп чоң макала жазгамын. Анда Сагымбайдын «Манасын» чогултууда кетиришкен кемчиликтерди ачык жазган элем. Илимий кеңеште менин жазгандарым ырастыкка чыгып, «Манас» жомогунун кошумча варианты чогултулсун деп чечим кабыл алышкан. Ошондо катышкандар: Тыныстанов Касым, Тойчиев Ыбырай, Жолдошев Токчоро, Эшеналы Арабаев, обкомдун агитация пропаганда бөлүмүнүн башчысы Сатар Кулматов, Айымжан Шабданов жана дагы бир-эки киши болчу. Кошумча вариант чогултулсун деген пикирге келишти. Албетте, мага курулай жабышкандар да болду.

Бирок Сатар Кулматов менин газетага жазган «Манас» аттуу макаламды («Кызыл Кыргызстан, 27/V — 30-жыл) кескин түрдө жактап чыкты, «Манасты» бастырып чыгаруу жөнүндөгү долбоорумду жактырышты. Токтом кабыл алды. Токтом орусча жазылган. Бардык материалдар колумда жүрчү эле. 1944-жылы «Манас» секторунун башчысы Ташым Байжиевге бергемин. Ал камалганда материал кошо жоголду. Балким, бир жерден кийин чыгар.

1931-жылы кышка жакын менин колума өзүм түзгөн «Колдонмону» жана даяр күбөнаманын текстин берип, бир айлык илимий командировкага Ысык-Көл айланасына жибериштн. Эл адабиятын чогултуп бере турган кабарчыларды издөө, алардын колдоруна күбөлүк кагаз берүү жана «Манас» жомогун жакшы билген манасчыларды издөө эле. Бир топ жерлерге мугалимдерден кабарчыларды уюштурдум. Алар ийгиликтүү иштеп да беришти. Толгон эл адабияттары келе баштады.

Эми кайрадан манасчылар жөнүндө баштайын. Тал-

ды-Суу айлында Мүкөбай деген манасчы бар экенин билчүмүн. Ар ырыс кесер ал жерден кетип, Нарын жактагы бир кулактын аялын алып, өзү да кулакка тартылды деп уктум. Ошондойбу, ким билсин. Айлам кеткенде карыя манасчыларды издеп жүрүп, Караколдун күн чыгыш жагында жашаган Койдуу деген карыяны таптым. Узун бойлуу, сөзмөр адам экен. Манасчы издеп жүргөнүмдөн кеп салдым. Карыя узун ангемеге кирди: — Балам, ниетиң жакшы экен. Эми атактуу манасчылар калбай калбадыбы. Илгери Балык, Найманбай дегендер болгон. Андан кийин Дыйкан, Чоюке дегендер чыкты. Нарындан Сагымбай деген манасчы чыкты. Андан илгери Тыныбек деген өткөн. Садагасы кетейин ал манасчылар доорунда шаңшып өтүштү. Ошондо бир акылдуу адам чыгып, ошолордун «Манасын» жазып калбаптыр. Кыргыздын манаптары өз камынын гана артында жүрүп, эчтеке кылбаптыр. Мына Совет өкмөтү чыккандан бери эл ичиндеги өнөрпоздорду чогултуп, алардын билгенин жыйнап жүргөнүн көрүп атабыз. Бул жакшы жоролго. — Балам, ким дегендин баласы болосуң? Ошо жагынан кеп салчы? — деди карыя.

— Карыя, мен Карасай дегендин уулумун. Айлыбыз Кең-Сууда болот,— дедим.

— О баракелде, өз балабыз турбайсыңбы. Эмесе балам, саа болгон манасчыларды, семетейчилерди айтып берейин. Көчүдө Кара ырчы деген бар эле. Ошол киши манасчы эмес, семетейчи. Аз айтат, бирок жакшы айтат. Ал киши жамакчы, куудул адам,— деди карыя.

— Карыя, ал кишинин «Семетейин» мен 1925-жылы жазып кеткемин. Анын «Семетейи» бизде бар,— дедим.

— Аб баракелде, балам, сен көптөн бери ушул иш менен аракеттенип жүргөн турбайсыңбы, анын жакшы экен,— деп маа ыраазы болгондой түр билгизди. — Эмесе азыркы күндө Манас айта коюп жүргөн бир адам жөнүндө саа айтып берейин. Ал киши мынабу Кызыл Жылдыз деген колхоздо турат. Элдин баары быйыл колхоз болбодубу. Ошол кишинин аты Саякбай Карала уулу. Ал илгерки Чоюкеден үйрөнгөн. Өзү далайды башынан өткөргөн жигит. Бартыйзан да болдум деп жүрөт, ал эмнеси экенин жакшы билбеймин. Ошол Саякбай Тайторунун чапкан жерин укмуш айтат. Тегеле эч бир манасчы Саякбайдай айта алган эмес. Мен өзүм да «Семетей» айта коём. Саякбай «Чоң казаттан» да бир топ жакшы айтат. Эмики эле калган манасчы көл башында ошол. Ошону таап ал,— деди карыя.

Койдуу карыядан Саякбайдын жөнүн уккан соң, сельсоветине бардым. Саякбай бир жакка кеткенин айтты. Аны эптеп маа жеткиргин деп Кең-Сууга кеттим. Бир нече күндөн кийин киши жибергем, барган кишим: «Саякбай издеп жүргөн кабарды угары менен Кутан Торгоев деген ГПУларга жол көрсөтүп жүрчү адам менен Ак-Шыйракка кетип калганын айтып келди. Айлам кетти. Айлыбызда Бейшемби ажы деген бир топ окумал, жаңылыктан да кабары бар кадырлуу тууганыбыз бар эле. Ошол кишини Саякбайга жибердим. Кандай кылсаңыз да, таап алып келүүнүн амалын көрүңүз дедим. Бир нече күндөн кийин Саякбайды ээрчитип келди. Абдан кубанып кеттим. Саякбай сакалын керттирген тоголок кызылдуу киши экен. Ошол тапта колхоз уюштурулуп тап тартышы абдан курчуп турган маал болчу. Анын үстүнө көл башында контрабанда көбөйүп, апийимди Кытайга алпарып, ал жактан мата алып келип, түн каткан контрабандаларды ГПУ, анын эрктүү отряддары кубалап, бир жагынан кулактардын үгүтү менен кээ бир дыйкандар Кытайды көздөй качып, эл ичи кым-гуут болуп турган кез. Бир топ кары кишилерди чакырып, атам бир козусун союп, Саякбайды «Манас» айттырдык. Карылар жактырды. Эртеси Саякбайды ээрчитип алып, Пржевальскиге келдим, Фрунзеге алып келүүнүн камында. Саякбай да колхозго кирген экен. Аны колхоздон сурап, уруксат алып, анан кетишим керек экен. Райком партиянын катчысы Абдылда Айылчиновго бардым. Ал киши менен акылдаштым. Ал киши: «бир балаасы жок болду бекен» деп комендатуранын башчысы Красовский дегенге шыңгыратты. Саякбай жөнүндө сураганда, кандайдыр тескери, жаман жоп алды. Мен ошол начальникти райкомго чакырууну талап кылдым. Чакырды эле, келди. Чек арачылардын формасын кийген узун бойлуу киши экен. Манасчы жөнүндө кеңири кеңештим. Ал киши мындай деди:

— Саякбайдын үстүнөн материал бир топ. Бул киши Кытайга качмак ниетинде. Оозуна келгенди сүйлөйт жана колхозго каршы ыр чыгарат,— деген сыяктуу жаман пикирлердин четин чыгарды.

Айылчинов бир топ түшүндүрүп:

— Бул киши эң акыркы манасчы. Мына бул окумуштуу атайын издеп келиптир. Саякбайды тарбиялап алабыз. Бул кишиге алып кетүүгө уруксат берели. Райколхоздон уруксатты мен алперем,— деп начальникти көндүрдү.

Мен да билген акылымды жобурадым. Иши кылып, Саякбайды алып кете турган болдум. Көрсө, Сакем «Шаналакты бек тиштеп, жалгыз атты күш-күштөп, Кытайга кетсем деле, «Манасым» менен оокат кылам»,— деп берчү экен. Ниети бузук адамдар аны эки эсе кылып маалымдай бере турган түрү бар. Абдылданы кошо алып, анын машинеси менен Кургак-Көндөйдөгү совхоздун политотдели — агабыз Мукамбаев Ысакатыкына келдик. Конуп, «Манас» уктук. Мукамбет эптеп бир жүк машинесин бермек болду. Саякбайды үйүнө жибергеним жок. Дагы бир жакка жылт коёбу деп чочуладым. Начальник менен болгон сөздүн четин гана чыгардым. Саякбайдан тап жылбай, көңүлүн жайладым, келечеги жөнүндө өтө жылуу сөздөрдү айтып, өзүмө үйүр кылып алдым.

МАНАСЧЫ САЯКБАЙДЫ ФРУНЗЕГЕ АЛЫП КЕЛИШИМ

Мукамбаевдин берген жүк машинеси менен жөнөдүк. Байбичем да мени менен бирге эле. Ага да жер көрсөтүп, айылдагы ата-энем менен кеңири тааныштыруу үчүн ээрчите баргамын. Транспорт деген жок. Шалдыркаңы чыккан машине улам бир жерге токтоп ордунда чиниришип калат. Шофер «түрткүлө!» дейт. Саякбай экообуз түшө калып түртөбүз. Эптеп олтуруп Балыкчыга келип, бир-эки күн эс алдык. Кончуу жер ыгы жок эле. Саякбай ушул жерде менин бир иним бар, ошондо баралы деп ээрчитип алып барды. Аялы шиштей кара келин экен, бизди жактырбады. Кабак-кашын көргөн соң, менин бир алыс иним райононун башчысы эле, ошондо бардык. Абдан жакшы кабыл алды. Сакем иниси-нин аялына абдан ыараазы болуп, ыза болду окшойт.

— Атаңдын көрү, аталаш эле туугандын балдары элек. Мен ушул келиним жөнүндө бир ооз бирдеме айта кетейин, ииниме айтып койгула деди да:

Оо иним, сенин Балыкчыда айылың,
Байкап карап олтурсам.
Сенин суу чулдуктай зайыбың!

бир нече түрмөк ыр саптарын таштап койду. Саякбайдын төкмө акын экендигин да мен ошондо байкадым. Транспорт күтүп, төрт күн жатып калдык. Анын үстүнө көчөдөн 200 сом акча да таап алдым. Аны каржылап жата бердик. Ошондо Сакем менен сырдаштым.

Чын эле колхозго каршы ыр чыгарганы ыраспы, билейинчи деп:

— Саке, сиз «Манастан» башка дагы ыр чыгарасызбы? Ошол жагынан да кеп салыңызчы? — дедим.

— Силерге жакшылаган гана ыр керек го! — деди.

— Жок, Саке, биздин коомубуздун элге жакпаган жагын да билишибиз керек. Ал тарых үчүн да керек,— деп тузакты кеңири таштадым. Аны айтып берген кишиге деле акча төлөйбүз,— дедим. Сакем шектүү карап:

— Мен андай жамандаган ырды чыгарбайм, биздин сельсоветтин секретары жаш жигит. Ошол ырды айтат. Азыркы турмушту келиштирип согот, укмуштуу ырчы. Ошонукун жазып албайсыңарбы, жамандаган керек болсо,— деди.

— Ошо жигиттин айтканынан бир ооз айтып бербейсизби? — дедим. Саякбай адатынча мурутун оң колунун сөөмөйүнүн сырты менен акырын сылап койду да:

— Эми сурап калдың, бир ооз айтайын:

Колхоз кылды багыңды,
Ортого салды малыңды.
Үй кайтартып салды го,
Токсон беште чалыңды!

деп бир нече түрмөктү таштап койду. Чынында эле ушундай ырды ошол колхоздун катчысы чыгардыбы, же Саякбай өзү чыгардыбы, ким билсин. Комендатуранын начальниги айтканы эсиме түштү да, Саякбайды бир чети жемелеп, бир чети акыл айтып, түшүндүрдүм. Анткени мен Саякбайга кепил болуп алып келе жатам да!

— О, Саке, Сиз менден улуу кишисиз. Сизге акыл үйрөткөндөн да айбыгып атам. Ошондой болсо да, билген акылымды айтайын, угуп турунуз, капа болбоңуз! — деп, мындай баштадым: — Кыргыз эли өзүнүн ырчыларын, акындарын бир нечеге бөлөт. «Манасты» да акын кишилер айтат. «Манасты» эл улуу жомок дейт. Ошентип, жомок да эки түрдүү. Улуу жомок «Манастан» башка да жөө жомок деген бар, аны да сиз жакшы билесиз. Ошентип, улуу жомокту айткан кишилерди «манасчы» деп айтат. Сиз ошолордун ичине киресиз.

Эми жомоктон башка «жамак» деген бар. Аны айткан кишилерди «жамакчы» дейт. Жамакчылар илгери бир манапты мактап, бирин кордоп оокат кылган. Андай акындарды кыргыз анча жактыра берген эмес. Улуу жомок «Манасты» айткан кишилер чоң кадыр-баркка ээ болгон. Биз ошол улуу жомок «Манасты» сизден жазып алалы деп издеп жүрбөйбүзбү! Сиз улуу жомокту

булгап, ага жамак аралаштырасыз. Өзүңүздү партизан болуп, Кара-Кумда актар менен койгулашып, кеңеш өкмөтүн курууга катышкан адамдардан деп укканым да бар. Жогоркудай жамандаган ырыңызга жол болсун! Мындан кийин эч кимге, кимдики болбосун, азыркы турмушубузду жамандаган ырды айтпай жүрүңүз! — деп кесе айттым. Сизге мен кепил болуп алып келе жатамын,— дедим.

Саякбай ойлоно түштү да:

— Анан айттырып алып, кайта маа доомат коёсуң. Өзүң айт-айт дедиң, деги мен «Манастан» башканы оозума албасам кутуламбы! — деп капа боло түштү.

— Жок, Саке, андай эмес. «Манастан» башка элдин накыл кептери бар, аларды айта бериңиз, алар керек,— дедим. Иши кылып Саякбай менен жакшылап сүйлөштүм.

Саякбайды Фрунзеге өз үйүмө алып келдим. Эртеси, Тил, адабият институтуна барып, манасчыны алып келгенимди айттым. Тыныстанов Касым мындай деди:

— Сенин үйүңө бир кичине чөйрөдө этнографиялык кече өткөрөлү. Акча берели. «Манасты» угуп жүргөн карыялардан, илимий кызматкерлерден, жооптуу кызматтагы адамдардан жети-сегиз киши чакыр. Ошолор уксун, пикирин билели. Андан кийин, «манасчыбыз» жарактуу болсо жаздыруунун камын көрөлү,— деди.

Кечинде төмөнкү адамдарды чакырдым: Белек Солтоной уулу, тарыхты көп билген, эл адабиятын жакшы түшүнгөн адам. Касым Тыныстан уулу, жазуучу-акын, илимпоз, профессор, Ыбрай Тойчу уулу, жогорку маалыматтуу, Облревкомдун орунбасары болгон адам. Осмонкул Алиев жогорку маалыматтуу «Эркин-Тоо» газетасынын эң алгачкы жооптуу редактору, Эл агартуу комиссары, кийин обкомдун секретары. Бөрү Кененсарин, жазуучу, акын. Осмонова Турсун апа, Эл агартуу комиссариатынын орун басары, Мамбеталы Жаңыбаев эмгек сиңирген мугалим. Ошол кезде Тил, адабият институтунун илимий катчысы. Дагы кимдер катышканын эсимден чыгып кетиптир.

Саякбайды жогорку адамдар менен тааныштырдым. Ал кезде Саякбай жаш, андай адамдар менен отуруп көрө элек кези. Анын үстүнө Касым Тыныстанов жен отурбай, «Сен бозонун тобун жеген тору быштыдай неме экенсиң» деп ат коюп жиберди. Саякбайдын жүрөгү канчалык экенин билейин дедиби, коңураган жакшы үн менен «Манастан» бир топ куплетти айдатып жибер-

ди. Қасым эл менен отурганда жеке сүйлөгөн, адамдарга ат койгонду жакшы көргөн киши болчу. Бул отурушта да Саякбайга жогорку атты кое салса болобу. Саякбай жүрөкзаада болуп, саруулап калды. Эшикке чыгып кеткен. Бир кезде мени чакырды.

— Ой, Кусейин, тиги жерде отургандардын ичиндеги эңгечер, башы чарадай боз жалпак киши манасчыбы? — деп сурады.

Сакемдин сүрдөп калганын байкап:

— Андан чочулабаңыз. Сизден башка манасчы жок. Ал Тыныбектен жаттап алганын айтып атат. Жакшылап, өзүңүз үйрөнгөн элдин арасында отургандай манасчыңызды келиштирип айтып бериңиз. Ошолор жактырып калса, жаздыруунун чарасын көрөбүз — дедим.

Үйгө киргенден кийин отургандар Саякбайга «Чоң казаттан» бир аз айтууну талап кылды. Саякбай жакшы аткарды. Айрыкча «Манастагы» Алмамбет менен Чубактын жол талашканын келиштирди. Андан кийин мен Қойдуу карыядан уккан «Тайторуну ат чабышта чыкканын» айтууну сунуш кылдым. Саякбай аны өзү кошо ыйлап аткарганда, отургандар кошо жашыды. Мына ошентип, Саякбай билермандардын сынынан да өттү. Отургандар бир ооздон «Саякбайдын «Манасы» жазылсын»,— деген пикирге келишти.

Эртеси акылдашып, Саякбайды камынып кел деп элге жибердик. Келгенден кийин жаздыра баштадык. Бирок Фрунзеде туруу кыйын болду. Анын үстүнө бир чоң кызматкерге Саякбай жакпады, Саякбайды таап келген мени иттин терисиндей көрүп калды. Қасым менен акылдашып туруп, эмгек инвалиди Юнус Рис уулу деген менин айылдашыма тапшырып, анын колуна мандат берип, кайта айылга жөнөттүк. Ошо бойдон Саякбайдын «Манасынын» баш жагынын баарын ошол эмгек инвалиди Юнус Рис уулу жазып, институтка тапшырды. (Анын документи бүт бойдон менин архивимде турат.) Манаска жазылган баш сөздүн эч жеринде ал адам жөнүндө бир ооз сөз жок. Албетте, өкүнүчтүү!

Манасчы Саякбайды алып келген менин да тагдырым тескери чечилди. Мени Жалал-Абадга мугалим кылып жиберди. Саякбай кароосуз калды. Иштин бир тобун раматылык Рисов Юнус бүтүрдү. Кийин эстеп Саякбайды чакыртып келип жаздыра баштады.

ЗЫЯШ БЕКТЕНОВ

САЯКБАЙ «КАЛЕВАЛА» ЖЕРГЕСИНДЕ

Билбеске сыртынан караса
Бир жүргөн чүкүйгөн карыя.
Билгенге бүт элди тамшанткан,
Жомоктон жаралган дарыя.

Б. САРНОГОЕВ

Чындыгында эле Саякбай жомоктон жаралган дарыя эле го, чиркин! Сакемдин «Манас» айтканын мындай көелук, жөнөкөй эле бир окуяны сүйлөгөндө, чымында — төөдөй, төөнү — тоодой кылып апыртып, эпикалык планда сүйлөөчү эмес беле, кайран киши!

Сакем менен 1949-жылдын февралында Фрунзеден Петрозаводскиге чейин бирге сапар чегип, жол бою сүйлөгөн аңгемесин кана тыңшап, бир кумардан чыкканым али эсимде.

Карело-фин элинин атактуу жомогу «Калеваланын» басмадан чыкканына 100 жыл болгон юбилейине катышуу үчүн Сакем экөөбүз международный вагонго түшүп кетип бара жатабыз.

Бир кезде Сакем мага кайрылып:

— Э, балакетиңди алайын, сенин келинчегиңдин төркүнү кайжерлик,— деди.

— Фрунзенин өзүнөн,— дедим.

— Фрунзеде канча жылдан бери турасың?

— 1925-жылы он төрт жашымда, окуйм деп келгемин, ошондон бери турам.

Бул сөзүмдү укканда, Сакем безге сайгандай чоочуп кетти:

— Садагаң, секетиң кетейин, кайындарыңа көп үйүр болбо. Бул жагынан менин оозум күйгөн жайым бар,— деди да аңгемесин баштады. Ошондо, жолдо уккан аңгемелерди баяндап берейин.

ЖЕ СЕН ТУРАСЫҢ, ЖЕ МАНАСЫҢ!

Менин кайын журтум Бостерилик болот. Женеке 20-жылдын башында үйлөнгөмүн. Женең а деп жүрүп, бу деп жүрүп, мени бир кезде төркүнүнө ээрчитип кетти.

«Манасты» жаңыдан айта баштаган кезим. Ал кезде

эл арак иччү эмес, кайсы бир кишилер кыш мезгилинде өз үйлөрүнө бозо салчу, же кезек менен кордоп бозо салышып, жигиттер жоро бозо иче турган.

«Манасты» көбүнчө жоро ичкен жерге айтып, үйгө дайым түнкү төрт, бештерде кайтчу болдум.

Бир жылы күзгө жуук болсо керек, «Манасты» бир жыйында көпкө чейин айтып, үйгө түнкү саат төрттө кайттым. Үйүмө жакындап келсем, терезелерден жарык чыгат, оозгу үйдүн да, төркү үйдүн да эшиктери ачык. Аялым узундугу жарым кездей келген чоң шамшар бычагымды оозгу үйдөгү дөңгөлөк кум кайракка шартылдатып кайрап жатат. Шамшарды кум кайракка жанган сайын, кыпкызыл учкундар жайнай түшөт. «Жети түндө бычак курчутуп, бу жинди катын кимди сойгону жүрөт»,— деп, чочуп кеттим.

Оозгу үйдүн босогосун жаңы эле аттай бергенимде: «Ичине бозонун тобун шыкап салган тайдын жем башты гындай гана болгон... Эки жылдан бери үй бетин көрбөй, күнү-түнү менен айтсаң да бүтпөгөн бу кандай түгөнбөгөн «Манас!» Бул үйгө мындан ары же сен, же «Манасың» турат!» — деп, далымдан чапчып туруп оозгу үйдөн төркү үйдү көздөй ыргытты эле, камгактай учуп барып, төркү үйдөгү салынуу турган төшөктүн үстүнө көмкөрөмдөн түштүм.

— Капырай, жеңем укмуштай балбан киши экен ээ! — дедим.

— Сага жалган, мага чын, бир жолу кыштын кырчылдап турган кезинде, ошондо жеңеңдин он сегиз жаштагы курагы, бакандай төрт жигит менен жалгыз кармаша кетип, төртөөн төрт жерге төбөсү менен карга сайганын өз көзүм менен көргөмүн. Бети курсун. Жеңеңдин балбандыгын сураба. Күч жагынан анын жанында Кайып кандын Карабөрк жана Каткаландын Сайкалдары шоона эшпей калат.

Ороңгу турду ороңдоп
Чачтарынын ичинен
Отуздай чычкан сороңдоп

— деп, Сагымбай мактаган Ороңгудан да кем калышпайт. Мени деле каакы ордуна көрбөйт. Ачуусуна тийсем, алаканына салып, тим эле оң-тетири калчап жиберет.

Төшөктө жаткан жериме келди да өтүгүмдү сууруп ыргытты, шымымды, бешмантымды чечип салды. Көйнөк, ыштанчан калдым. Жеңең баягы чоң шамшарды

дагы кайрап кирди: «Бозонун тобуна тойгон тору быштыдай болгон гана...» деп, сөгүнүп, аркы-терки баса баштады.

Байкасам, түрү жаман. Колундагы шамшар менен бөйрөккө кичине эле нукуп койсо, күм-жам болчудаймын. «Манас» айтамын деп бир жакка кеткен, кайда жүргөнүн ким билсин» — деп койсо, анын үстүнө төркүндөрүнүн арасында турсам, иштин бүткөнү эле да.

Бир кезде: «ай ушу сени деги...» деп келип, куйругумдун үстүн шыпыра кармап, бирдемемди кесип ыргыткандай болду. Куйругумдун үстү желдей түштү. Колум менен акырын сыйпалап көрсөм, кыргызча тигилген ыштанымдын көчүгүнөн табактай жерин шыпырып кетиптир. Шамшар эки эле эли төмөнүрөөк шилтелсе, куйрук майымды бүт мойсоп кетмек экен. Менде жан калган жок.

— Экинчи эл кыдырып, түн катып, «Манас» айтсам, майпакенин таз катыны болоюн. Жоро бозону ичсем, жонконумду ичип калайын, атам Караланын канын ичейин. (Андан башка жалынган жерим канча дейсиң!) Жан соога! Кулдугум бар, эжекебай! — деп саймедиреп жалына баштадым.

Мен азармандан безерман болуп, өпкөмдү чаап, жарым саатча жалынгандан кийин гана жоболоңдуу жеңең колундагы бычагын оозгу үйгө ыргыткандай болду. Мына, ошентип, кесепеттүү жеңең мени жайлап коюуга аз эле жерден калган. Кайындарыңа көп үйүр болбо, балакетиңди алайын,— деп, Сакем ыкшып күлүп калды.

СЕМИЧКЕ ЧАККАН ШАЙТАН

Аскерден келип, үйдө жүргөн жаш кезим. Бир күнү тарс эле ооруп калдым. Келте болсом керек. Этим — от менен жалын. Градусум, кудай билет, 41—42 ден төмөн эмес. Жер астын-үстү, дүнүйө тегеренип, көз ала чакмак... Эшикке таяк таянып араң чыгып калдым, боз үйдөбүз.

Түн ортосунда ойгонуп кетсем, үлүңдөп күйүп турган оттун жанында бир шайтан семичке чагып, мыймылыңдап отурат. Мандай тиши кетик сыяктуу. Мени карап, ырсаландап күлүп, семичкесинин кабыгын мен жакка ыргытып коет.

«Ии, бу болду-болбоду, баягы эл айтып жүргөн сасык албарсты турбайбы. Аны чачынан кармап алып

сабаган киши көзү ачык куучу болот дечү эмес беле» — дедим да башымды көтөрүп, акырын төшөгүмө отурдум да жанымды сыйпалап, таягымды таап алдым, таякты ичке башынан кармап, баягы мыймылыңдап отурган шайтанды кулак түпкө берип калдым.

Көзүң жамандыкты көрбөсүн, шайтан күрр этти да коломтонун жанына кулап кетти. Тыбырап, жанталашкан өңдөнүп жатат:

— Оо, жеңе! Тез! Шамшар бычак кайда? — деп көтөнү түшкөн аюудай бакырдым.

Боз үйдүн төр жагында жаткан жеңем төшөгүнөн атып туруп, май чырагын жакты да жаныма жетип келип, чеке башымды сыйпалап:

— Э, уул, эмне болду көлөкөм?!

Кудай ай, сактай көр! Этиң тим эле от менен жалын го! Каран күн! Көзүнө бирдеме көрүнүп, чочулап жаткансың го! Сага суу кайнатып берип жаткан кум чөөгүндү да кулата чапкан турбайсыңбы!» — деди.

Карасам, үйдүн ичи сапырылган күл, капкагы өзүнө кошо бекитилген, төбөсү шлемдукундай шуштуйган боз кум чөөгүн коломтодо кулап жатат. Оттун ысык илеби тийгенде, чоргосунан тамчылаган ысык тамчы мага шайтан семичке чагып, кабыгын ыргытып жаткан сыяктуу көрүнүптүр,— деди.

БҮРКҮТҮМ АЛГАН АЛБАРСТЫ

Бир күнү таң заарында бүркүтүмдү кондуруп алып, Чолпон-Атанын сайын өрдөп кетип бара жатсам, бир кезде бүркүтүм жулуна баштады. Томогосун тартып жиберип, шилтеп калдым. Бүркүтүм асманга атып чыкты да кудуган бойдон сай ылдый, Чолпон-Атаны көздөй жөнөдү. Карала атымды башка-көзгө койгулап, артынан мен да кетип бара жатамын. Бир кезде карасам, бүркүтүм кара жолго жакын жерде бир тааныш кишимдин он эки жашар кызын мыкчып алыптыр.

— Айланайын Саякбай! Бүркүтүндү ажырата көр! Өлтүрмөк болду! — деп, баягы кыз мени көргөндө, чыйпыйы чыгып, кыйкыра баштады. Менде жан калган жок. Карала аттын үстүнөн кандай ыргып түшкөнүмдү билбейм.

— Оо чочко! Кое бер эле кое бер! — деп кыйкырып келип, бүркүтүмдүн мойнун үч толгоп жибергенимде, ал мыкчыган чеңгелин жазып жиберди.

— Ой, эмне болду? Ооруган жериң жокпу? — деп, баягы кызды карасам, ал көздөн кайым болуп кетсе болобу! Көрсө, байкуш бүркүтүм сасык албарстыны алган тура. А мен акмак аны билбей, курган бүркүтүмдүн мойнун жулуп ала жаздаптырмын,— деп, Сакем күлүп калды.

КҮЙӨӨЛӨГӨН БҮРКҮТ

Бир жылы бир балапан бүркүт баксам, ургаачы экен. Баягы бүркүтүм бир түлөгөндөн кийин, үнүн баспай, үч күнү удаа шаңшыды. Бүркүт минтчү эмес эле, буга эмне болду, жин тийдиби? — деп, колума кондуруп алып тоо этектеп, Үч-Коону бет алып жүрүп калдым. Колумдагы бүркүт бир кезде дагы шаңшып жулуна баштады.

Дал ошол учурда асмандан шаңшыган бүркүттүн үнү кулагыма угулду.

Ал үнду укканда, бүркүтүм мурдагысынан да катуулап жулуна баштады.

— Бар, эмне болсоң, ошо бол! — дедим да томогосун тартып жиберип, коё бердим. Бүркүтүм менден эки жүз метрче алыстап барды да чоң жалпак ташка конуп, күрпүн куйругундай кылып, куйругун жазып жиберди. «Бул эмнеси?» деп таңыркап туруп калдым. Бир кезде баягы асманда шаңшып сызып жүргөн үзүктөй кара бүркүт куушурулуп кирип барып, менин бүркүтүмдү басып калса болобу.

«Менин бүркүтүмдү алган экен, мыжып өлтүрүп салбагай эле» деп, чаап жетип бардым. Мен жакындап калганда жапайы бүркүт асманга көтөрүлө берди. Карасам, бүркүтүмдүн эч жери эч нерсе болгон эмес, кымпыйып конуп отурат. Көрсө, асмандагы үзүктөй кара бүркүт менин барчын бүркүтүмө күйөөлөп түшкөн тура, мен аны билбей эле, өлтүрдү деп чапкылап, куру бекер убара болуп жүрүпмүн.

* * *

Алыска сапар чеккенде, жолдошуң сөзмөр болсо, узун жолдун кыскарганы ошол экен. Сакемдин апырта сүйлөгөн аңгемесинин кызуусу менен Петрозаводск шаарына кандай жеткенибизди сезбей калдык.

Юбилейлик сессиянын пленардык жыйналышын Карело-фин союздук (ал кезде союздук республика болуучу) республикасынын Жогорку Советинин председатели Отто Куусинен башкарып отурду. Саякбай экөөбүз да президиумга шайланып калдык.

Бизге куттуктоо сөздүн ирети келгенде, мен чыгып: «Силердин элдик эпосуңардын юбилейлик майрамына кыргыз эли өзүнүн сүйүктүү манасчысы Саякбай Каралаевди өкүл кылып жиберди жана кыргыз элинин сүйүктүү эпосу «Манастын» орусча басылган бир китебин белекке алып келдим!» — дедим да «Манастын» жүз сомдук кызыл томун президиумга узаттым. Президиумда отургандар китепти биринен сала бири алып, талашып көрүштү.

Ошол кезде залда отурган элдин ичинен бирөө:

— Жомокчу жолдош Каралаев «Манас» эпосунан кичине үзүндү аткарып берсин! — деп кыйкырып калды эле, отурган эл дуу кол чаап жибериштн.

Отто Куусинен ордунан турду да:

— Жолдош делегаттар, кадырлуу меймандар, азыр пленардык жыйналышты күн тартиби боюнча өткөзөлүк. Юбилейлик сессиябыз беш күнгө созулат. Сессиянын эң акыркы күнүндө өкмөттүк кабыл алуу болот. Жолдош Каралаев «Манастан» үзүндүнү ошондо аткарып берсин — деди.

Март айынын башы. Кар калың, күн суук, «түү!» деген түкүрүк жерге түшпөйт. Беш күндүн ичинде шаардын кино-театрларын, музейлеринин тегерегиндеги Петр I нин дачасын, Өкмөттүк жайларды жана суусу жүрөк ооруга миндин бири болгон атактуу курортун көрдүк.

Карелиянын жеринин көпчүлүгү карагай жана атактуу карелия кайыңынан турган токой экен.

Карело-фин деген эл экен,
Айланасы жыш токой,
Карагай, кайың жер экен.
Ак аюу менен арбашып,
Камандар менен кармашып,
Кашабаң жүрчү жер экен.
Чечендер сени козгогон,
Чечилбес кара доо бекен,
Чеберлер сени козгогон
Ак кайың түбү тал бекен?

деп, Сакем Карелиянын кайыңдуу токоюна суктанып, кээде күңкүлдөп ырдап да коёт.

Юбилейлик сессия аяктап, делегаттарды Карело-фин республикасынын өкмөтү кабыл алып, сый тамак уюш-

турду. Эл отурган залдын ортосуна бийик чарпая жасалган экен, анын үстүндөгү орундуктарда 8—9 жашап калган аял олтурат.

— Э, садагаң кетейин, тиги отурган аялдар кимиси? — деди Сакем таңыркап.

— Алар «Қалеваласын» аткаруучу аялдар,— дедим.

— Ой, койчу! Эмне дейт! Булардын «Қалеваласы» аял болгон бекен? — деп Сакем чочуп кетти.

— Жок. «Қалеваласын» эл алдында айтуучулары, сиз сыяктуу жомокчулары жалаң аялдар болот экен,— дедим.

— Э балакетинди алайын, анда булардын жүз жомокчусун жалгыз өзүм алдыма салып айдап алат турбаймынбы! — деп, Сакем санын чаап ыкшып калды.

Столдун үстү чылк балык этинен бышырылган түрдүү тамактарга толуп турат. Сакем столдун үстүн жакшылап карап алды да:

— Э ботом, баары эле жайнагансып турат, жей турган эч нерсеси жок го? — деди.

— Қантип, Карелиянын жеринде үч миңге жакын көлү бар турбайбы. Булардын негизги кесипчилиги балыкчылык болсо, эмне кылсын! Андан көрө бүгүн арак уурттабай, «Манас» айтууга даяр болуп отуруңуз. Көп узартып, Бостеринин бозоканасында айтып жаткансып айкыра бербей, мен этектен кармап силккенде токтоп калыңыз. Тил түшүнбөгөн элге беш-алты мүнөттөн ашык айтууга болбойт,— дедим.

— Қалыбы, ушул жерден эле тура калып айтуучудай болуп турам го. Дегеле өмүрүмдө тике туруп айтып көргөн жок элем! Эми, Қошой, Бакай бабалардын арбагына сыйынып көрөбүз го — деди Сакем.

Төртүнчү тостту академик Виктор Жирмунский алып:

— Қымбаттуу достор! Арабызда кыргыз элинин атактуу манасчысы Саякбай Қаралаев катышып отурат. Ушул тосубузду Саякбай Қаралаевдин ден-соолугу жана СССР элдеринин достугу үчүн көтөрүп койсок, анан жолдош Қаралаев бизге «Манас» эпосунан үзүндү аткарып берсе — дегенде эл дуу кол чаап жиберди.

Мен отурган элге кайрылып:

— Ардактуу достор, азыр сиздерге кыргыз элинин атактуу манасчысы Саякбай Қаралаев Тал-Чокуда Алмамбет менен Чубактын жол талашып чатакташкан жеринен үзүндү аткарып берет — дедим.

Қан кыл деп айттым киминди?
Қакылдаган Чубак кул,

Каның экөөң бир болчу,
Сенин кагайынбы жининди?
Бек кыл деп айттым кимиңди?
Безилдеген Чубак кул,
Сенин бейжайлыгың билинди...

деп, алаканын шакылдатып, айкырып киргенде, залда отургандардын кыймылы кан буугандай токтоду. Баш аягы беш-алты мүнөтчө болгондо, Сакемдин этегин карман, эки-үч силкип токтоттум. Жок. Туруп аткарганда, алда кандай болот деп бекер сарсанаа болгон экенбиз. Сакемдин бул жолку тике туруп аткарышы отуруп айткандан ашып түштү. Алакандар дуулдата чабылып, залдагы элдин бир тобу орундарынан туруп калышты. Окумуштуу чалдардын бир тобу: В. М. Жирмунский баш болуп, Сакемди кучакташып, бетинен өөп жатышат. Алардын бирөө менин ордума отуруп алды.

Сакемдин «Манасты» кайсы жерге качан айтарынын планы күн мурунтан эле түзүлгөн болчу. Эртең менен Карелиянын радиосу мындай деген кулактандыруу жарыялады:

«Бешинчи март күнү саат эртең мененки тогуз жарымга чейин Карело-фин республикасынын радиосунан кыргыз элинин атактуу манасчысы Саякбай Каралаев «Манас» жомогунан үзүндү аткарып берет. Түштөн кийин саат беште Академиянын филиалынын базасында тойго келген окумуштуулардын жана жазуучулардын манасчы Саякбай Каралаев менен жолугушуусу болот. Ал жолугушууда манасчы Саякбай Каралаев кыргыз элинин баатырдык эпосу «Манастан» үзүндү аткарып берет». Эртеси эрте туруп, Сакемди Карелиянын радиосуна ээрчитип бардым. Бул жерде да Саякбай азоо кулундай чыңырып, Каныкейдин Тайторуну чапкан жеринен үзүндү аткарды.

Радиодон кайтып келгенде:

— Саке, түндөгү жана бүгүнкү аяк ташташыңыз жаман эмес, бирок «Чоң казат» алдыда турат. Жуунуптараныл, жайбаракат отуруп тамак ичиңиз да жакшылап бир эс алыңыз,— дедим.

— Э секет кетейин, түндө мени кучактап өпкүлөп жатып, мойнумду жооруткан өлөсөлүү абышкалар ким деген немелер, алардын жөн-жайын мага айтып койсоң боло,— деди.

— Өлөсөлүү абышкалар дейт тура. Алар академик Гордлевский, академик Козин, академик Жирмунский деген атактуу окумуштуулар.

— Анда эмесе, деле рас болгон тура. Үч-төрт күндөн бери мойнуң-башымды самындап жууй элек элем — деп, Сакем күлүп калды.

Кечинде жолугушууга бардык. Залда жүзгө жакын киши отурат. Алардын максаты Саякбай Каралаевге «Манастан» үзүндү айттырып кененирээк угуу болчу.

Кабылан Манас баатырды,
Салып жүрүп там кылган.
Сайып жүрүп бак кылган,
Кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурдуусу

Кайран жеңем Каныкейдин Тайторусун дагы бир жолу чаптырайын — деди.

Каламандын кара аты,
Каратынын бар эле,
Капталында канаты
Кайсы чоро таарынса,
Кабылан Манас баатырдын
Тарта жүргөн адаты

дегендей капталыңызда канатыңыз бар эле, Саке! Бүгүнкү «Чоң казатта» канатты карга каккылап, сабалай турган кезиңиз — дедим.

Ушу турган чоң залга,
Сыйбай турган кезегим.
Угууга кумар жан болсо,
Жыйнай турган кезегим.
Кабылан Манас баатырдын
Арбагына жалынып,
Каныкейге кошулуп,
Бүгүн ыйлай турган кезегим.

деп мурутун жанып, тапка келген бүркүттөй болуп, элдин алдына чыкты.

Сакемдин Манас айтканын мен ошого чейин көп эле укканмын, бирок бул жолку аткарганындай айтканын эч качан көргөн эмесмин. Айта баштаганына 20 мүнөтчө болгон кезде, Сакемдин айкырыгы таш жарып, муруттары биринделп, эки этеги дирилдеп, кадим Тайторуну жылоолоп алып, өзү сүрөп келе жаткансып:

Арстан Манас өлбөй кал,
Азапты бейбак көрбөй кал.
Кандай мүшкүл болот деп,
Кайгырып бөлдүм санаамды,
Кардымдан чыккан баламдан
Капыстан өлүп каламбы?!

деп, Каныкейге кошулуп, Сакем ыйлап кирди шолоктоп. Залда тырс эткен дабыш жок, эл Сакеме айрандай

уюду. Айтканына жарым саат болгон кезде, токто деп белги бересем, көрбөйт, токтолор түрү жок. Кирген буурадай буркулдап, оозунан көбүк чачып, буркан-шаркан түшүп, Сакем угуучуларды башка бир дүйнөгө жетелеп кирип кетти.

Бир кезде көз жашын жоолугу менен сүртүп жатып, менин берген белгимди көрүп токтоп калды.

Талкуу башталды. Жазуучулар менен окумуштуулар Сакемдин талантын жерге-сууга тийгизбей, мактап кириштн. Кээси айттырып, жомогун бүт пленкага жаздырыш керек десе, кайсы бирөөлөрү киного тартыш керек дешти.

Окумуштуулардан академик Козин чыгып: «Мен көп элдин жомокчу, ырчылары, артисттеринин эпос аткаргандын, ырдагандарын көргөмүн, бирок Каралаев сыяктуу укмуштай таланттуу аткаруучуну көргөн эмесмин: «Чечендик сөзгө мына ушул даражада кунт койгон элдин уйкаштуу сөздү дүйнөдөгү чеберчиликтин эң бийиги катарында санашаары өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошондуктан кыргыздарда элдик поэзия эң жогорку баскычка өсүп жеткен. Кара кыргыздардын ырлары ырдап жатканда, сөздү так айтуу жагынан башка уруулардын ырчыларынан ашып түшөт. Алардын обондору ырдалган ырдын маанисин кыргыздардын өздөрүнө гана эмес, башка кишилердин түшүнүшүнө да жардам бербесе, зыян келтирбейт»,— деп бир кезде академик В. Радлов бекер айткан эмес экен. Каралаевдин аткаруусу ушунчалык таланттуу, мунун азыркы аткарган «Манасына» тил билбесек да түшүнүп, катуу таасирлендик»,— деди.

Байыркы Манасчы кереметтүү Келдибек «Манас» айтып жатканда, күн ачык турганда, катуу бороон көтөрүлүп, боз үйдүн үзүк туурдуктары делпилдеп: куралжарактуу кырк чоросу менен Манас баатыр, ат дүбүртү менен жер таарытып, короону аралата чаап өтүп, жылкы кишенеп, уй мөөрөп, кой маарап, чуру-чуу, азанказан болчу экен дешет. Саякбайдын бул жолку айткан «Манасы» угуучулардын ой-санаасын коштоп алып, алда кайда алып учкандай болду. Атаганат, ыраматылык Максим Горький Саякбайдын бүгүнкү Манас айтканын өз кулагы менен угуп олтурса бирдеме дебейт беле! — деп мен бир аз тунжурай түштүм.

Эртеси Ленинградга (азыркы С-Петербург) жазуучу Леонид Леонов башчылык кылган москвалык 25 жазуучу, акын Владимир Саянов башчылык кылган ленин-

граддык 15 жазуучу жана он бештей окумуштуулар менен бирге келдик.

Ошол кезде Ленинградда өтүп жаткан эл аралык ярмарка аяктап калган учур экен. Пассаж дүкөнүнөн жазуучу Леонид Леонов аккредитивинен кырк миң сом акча төлөп, ичи кундуз, сырты күрөң замшы, кыш жакалуу ичик кийгизгенде: «Ботом, бир тонго сексен ириктин акчасын төлөйт деген эмне шумдук!» — деп Сакем баш чайкап, аябай таң калды.

Ленинградда эки күн туруп, эстеликтерин, ажайып сонун жайларын, Эрмитажын көрдүк. Академик Виктор Максимович Жирмунскийдин үйүндө коноктo болдук.

Николай падышанын боз атчан эстелигин көргөндө:

— Биздин ак-суулук Коска деген теричи оруска окшогон бул кимиси? — деди.

Нева өзөнүнүн боюнда Петр биринчинин эстелигин көргөндө: «Баракелде, баракелде келиштирген экен! Айгырынын бардык мүчөсүн окшоштурган тура. Каралыгы гана болбосо, Карагулдун токмок жалдуу Торайгырынын дал өзү турбайбы?! Баягы мен айткан асмандан шашпыган алгыр бүркүт кебетеленген киши экен. Бу Бөтүрү кандай иш көрсөткөн падышасы?» — деди.

— Орус элине Европанын маданиятын жайылтууга себепчи болгон, ушул шаарды салдырып, Европа деңиз жолун ачкан мыкты падышаларынан болгон. Ошондо эстеликти тегерете басып, кайра карап туруп:

— Астында кара аты бар
Адамдан болок заты бар,
Күркүрөгөн кара тар,
Күчү пилге барабар.
Желкесинин тоосун ашыптыр,
Жел жетпеген кара айгыр
Жеймин деп келген жыландын
Желкесинен басыптыр —

деп, Сакем толкунданып ырдап жиберди.

Ленин шаарынын дагы толгон ажайып жайларын көрүп, эки күндөн кийин Сакем экөөбүз сапарыбызды карыттык да, элди көздөй жол тарттык.

Заманыбыздын улуу жомокчусу Сагымбай Орозбак уулу дүйнөдөн кайтканда:

Орозбактын Сагымбай,
Сайрап өттүң жаңылбай.
Эпсиз акын неме элең,
Эми калдың табылбай! —

деп, жазган эле Тоголок Молдо.

Анын сыңарындай, нукура таланттын уютулган кени, жалпы эле өзүнөн мурда түрк тилинде ырдап өткөн акындардын алпы, 20-кылымдын Гомери, «Манас» эпосунун кайталангыс чыгаан аткаруучусу Саякбай Каралаев да эми биздин арабыздан табылбай калды. Аны эми биз:

Кергаблан минип сызса да,
Келдибек куун өтпөгөн.
Зөр күлүк элең жер жүзүн
Бир заматта тепсеген.
Саякбай, сага сабалап,
Сандаган акын жетпеген,—

деп айтсак да арзыйт.

РАИСА ЗАИТ КЫЗЫ КЫДЫРБАЕВА

САЯКБАЙДЫН КӨӨНӨРБӨС МУРАСЫ

Мага залкар манасчы Саякбай менен замандаш болуу бактысы туш келгенине чексиз сыймыктанам. Ал кишинин көрүп, билип, кереметтүү искусствосунан рахат алып гана калбастан, кээде дидарлашып, «Манас» эпосунун тегерегинде, жалпы эле чыгармачылыктын сырлары тууралуу пикир алышкан учурларым көп эле болду. Бул асыресе мен илимий багытымды биротоло «Манас» эпосун изилдөөгө арнап, ушул жакка өткөн жана Саякбай бир топ улгайып, жолугушууларга көбүрөөк көңүл бура баштаган 60-жылдардын аягына туура келет. Мен Сакеме жолугушуп, маектешип олтурганда дайыма көз алдыма алгачкы көргөнүм тартылып өтөөр эле.

Мен анда 6 же 7 жашта болсом керек. 1936—37-жылдардын жай айлары, ата-энемдер менен Жети-Өгүз курортунда эс алып жатканбыз. Биз үй-бүлөбүз менен жыл сайын ушул жерге келип, боз үйдү өзүнчө заңкайтып тигип коюп, ошондо эс алаар элек. Ата-энем күнүгө ары жактагы «Көк-Жайык» деген жайлоого чыгып, таза абадан кере-кере дем алып, таза суудан кана жутуп, табияттын кооздугуна маашырканып, убакытты өтө көңүлдүү өткөрүшүүчү. Биз, жаны тынч албаган балдар, керели кечке оюн менен алекпиз. Бирде чуруллдап-чуркурап, тоолордун чокуларына чыгып кетебиз,

бирде токойду аралай чуркап, бүлдүркөн терөбиз, кээде Жети-Өгүз суусун бойлоп, таштан үй куруп, кумга, топуракка түрдүү сүрөттөрдү тартабыз.

Атам — Кыдырбаев Заит, энем — Кыдырбаева Хадича ошол кездеги кыргыз жаштарын агартуу, билим берүү ишине кызуу тартууга активдүү катышкан, алдыңкы интеллигенциянын өкүлдөрүнөн болгон. Кыргызстанга таанымал мугалимдердин ошол кездеги белгилүү адамдары менен да карым-катнашы кеңири эле. Үйгө, асыресе ошол курортто эс алып жаткан мезгилибизде бизге конокторо көп келишчү. Бир жолу Ж. Бөкөмбаев, К. Маликов, М. Токобаев, М. Элебаев менен бирге Саякбай Каралаев да келип калды. Бардыгы бажырашып чыгармачылык жөнүндө көп сүйлөшүштү. Анан кымыз ичилип, бешбармак желип бүткөндөн кийин Саякбайдан сураныпын «Манас» айттырышты. Бардыгы зор ынтаа менен угушуп, макташып-алкашып, ыраазылыгын, каалоолорун аяшкан жок. Биринчи жолу мен «Манаска» ушундай кырдаалда «жолугушкам». Ырас, мен ал кезде эпостун маанисин, мазмунун түшүнө алган эмесмин. Ал мага кандайдыр бир сыйкырдуу жомоктой сезилген. Бирок мени мында бөтөнчө таң калтырган нерсе: Саякбайдын өзү, анын күпүлдөгөн үнү, жаңсоолору, азыркы тил менен айтканда артисттик, айтуучулук чеберчиликтери болгон. Ыр ыркырап төгүлүп, окуяны улап түшүүсү кыйын болсо да, анын күйүп-бышып бир эле учурда үнү, өңү-түсү нечен түрлөнүп турганына караганда оңой адам эмес экендигин туюп, кандайдыр башкаларга окшобогон кишидей кабылдагам. Сакем ушул «биринчи концертин» бергенде азыр ойлосом 40 жаштарга келип, акыл, күч жагынан толуп, манасчылык өнөрү улам өрүш алып, гүлдөп, оргуштап турган кези экен.

Ортодон бир топ мезгил өттү... Сакем «Манасын» элге тартуулап, алардын жарпын жазып, чоң тарбиялык иш аткарып жатты. Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда иштеп жүргөндө мен дагы көптөгөн кызыктарга жолуктум. Мына ушулардын ичинде Ыбрай Абдырахманов менен кездешкеним өзүнчө чоң жаңылык болду. Ал кишиге бардыгыбыз «Молдоке» деп кайрылар элек. Бул киши кыргыз элинин фольклорун, бөтөнчө «Манастын» варианттарын, алардын айырмачылыктарын, жалпы эле эпостун бардык бөлүмдөрүнүн текстерин жатка билген, эс-акылы жагынан өзүнчө энциклопедия сыяктуу киши эле. Саякбай-

дын «багын» ачкан да ушул Ы. Абдырахманов десек болот. Сагымбайдын «Манасын» ж. б. чыгармаларды жазып алуу жагынан зор тажрыйбасы бар бул адам Саякбайдын «Манасын» кагазга түшүрүү үчүн да көп күч-аракетин жумшаган. Ал Фрунзеге келери менен эле Саякбайдын вариантын жазып алууга киришкен. Анын Саякбай манасчыдан жыйнаган материалдарынын жалпы көлөмү 146. 152 сап же 2100 басма табакка барабар келет. Ы. Абдырахманов Саякбай манасчынын гана эмес башка көптөгөн манасчылардын чыгармаларын жазып алууда активдүү катышып, өзүнүн эпосту терең билген жагы менен пайдалуу кеңештерин айтып, чоң урмат-сыйга ээ болуп жүрдү. Ы. Абдырахманов менен катар Институтта Саякбай Каралаевдин өзү менен да жолугушуп калуу учурларым көп эле болуп жатты. Кеп мында эле: 50-жылдары Институтта «Манас» эпосунун бириктирилген вариантын түзүү боюнча иш чаралар каралып, аны жүзөгө ашырууга тийиштүү адамдар кызуу киришип калышкан. Ы. Абдырахмановдун жана Саякбай Каралаевдин жардамы менен жазуучулар — Л. Токомбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков ошол бириктирилген варианттын тексттерин даярдап, талкуулап, мунун тегерегинде ар кандай пикирлер да пайда болуп жатты. Ушундай кырдаалда мен Сакем менен тез-тез жолугушуп, кээде кең-кеспи сүйлөшүүгө да туура келди. Сакем, көңүлүн тапсаң өтө ачык киши экен. Бирок мен ал кишиден ийменип, көп нерселерди айтып, ачык сүйлөшө алчу эмесмин. Кийинчерээк, «Манас» эпосун изилдөөгө биротоло киришип калганымда, ал киши менен мурункуга караганда жеңил сүйлөшүп, ачык пикир алыша баштадым. Сакем эпостун келечектеги тагдыры жөнүндө, манасчылар өнөрүнүн өркүндөшү тууралуу дайыма камтама болуп, ушуларга карата камкордук көрүүнү дайыма өтүнөөр эле.

Сакем «Манас» бөлүмүнө тез-тез келчү болду. Кыясы зеригет же бизден кызыктуу маалымат уккусу келет окшойт. Келгенде үнүн бийик көтөрүп, карс-карс күлүп коюп, жайдарылана кеп баштайт. Манас жөнүндө, анын осуяты, насааты жөнүндө көп айтат. Бир жолу мындай дегени эсимде: — «Ысык-Көлдү, балдарым эч качан таштабагыла, көлдөн кетпегиле!,— деп катуу эскерткен экен урпактарына Манас баатыр. Силер да мына ушуну унута көрбөгүлө!».

Москвада 60-жылдары Чыгыш таануу маселеси боюнча эл аралык конгресс өтүп калды. Ошол жыйынга

Саякбайды да чакырып кетишти. Чындыгында эле Чыгыш элдеринин маданиятын, адабиятын жомокчуларсыз, эпосту аткаруучуларсыз элестетүүгө мүмкүн эмес да. Андан калса, ошол мезгилде Саякбайга окшогон гениалдуу манасчылар али жашап, чыгармаларын жаратып жатышкан. Мына ушундан улам, конгресске ар бир республикадан белгилүү өнөрпоздорду чакырууга туура келген. «Жакшы барып, ийгиликтүү келиниз!» — деп Сакемди узатып койдук. Бир нече күн өткөндөн кийин ал кишинин келгенин да эшиттик. Конгресстен маек куруп берсе деп күтүп жүргөн күндөрдүн биринде өзү эле бөлүмгө кирип келди. Адегенде болгон көргөнүн, жалпы таасирлерин баяндады. Анан кызык учурлардан кеп салды. Баарынан да биздин боорубузду эзгени, Сакемдин ошол конгресске башка жактан келген айтуучуларды туураганы болду. Туураганда да кандай тууралайт дебейсизби, тим эле ошол айтуучунун үнүн, мимикасын, эпосту аткаруудагы речитациясын болгонун болгондой келтирет, көз алдында тургандай сезесиң. Бөтөнчө түркмөн ашугунун айткан чыгармасын туурап бергенде, көздөн жаш чыкканча күлдүк. Ушунда ачык билишим — Сакем жалаң эле курч конфликттерди, трагедиялуу кырдаалдарды жетер жерине чейин аткарган драматикалык артист гана эмес, күлкүлүү учурларды келиштире туураган комик да экен.

Бирок кандайынан алып караганда да, Саякбай Каралаев баарыдан мурда манасчы болуп саналат. Бул өнөр өзгөчө синкреттүү жагы менен айырмаланган. Бул үчүн анда акындык зор талант, артисттик чоң чеберчилик, айтуучулукта кайталангыс, өзүнө гана тийиштүү обон талап кылынат. Төкмөлүк артыкча касиеттин күчүлүр нөшөрдөй куюлуп, окуялар ташкындаган дайрадай агып турушу абзел. Саякбайга дал ушундай касиет мүнөздүү болгон. Ал кыргыз профессионал адабиятына булак катары кызмат кылган жогорку идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөгү «Манас» үчилтигин («Семетей», «Сейтек») жаратып, кийинки урпактарга зор мурас калтырды.

Буга ал жөн эле жеңил-желпи жете койгон жок. Көптөгөн чыгармачылык изденүүлөрдүн, такшалуулардын, ал түгүл кыйынчылыктардын шарында келди. Кыйынчылык дегеним, маселен, бул учурлар жалаң эле Сакемден «Манастын» текстин жазып алууга эле тийиштүү эмес. Саякбай сабатсыз киши болгон. Бирок ушунчалык зор көлөмдөгү эпосту кызыл тилинин алды-

на бекем каткан феноменалдуу акыл-эске ээ жагы таң калтырбай койбойт. Андан эпос негизинен үч жолу жазылып алынган. Алгачкысы 1930-жылдары башталып (манасчынын өзүнүн эскерүүсү жана дептерлерге жазылган даталар боюнча 1935-ж.) 1947-жылга чейин созулган. Экинчи жолу эпостун кыскарган үлгүсү 1952-жылы кагазга түшүрүлгөн. Акыркы жолу 1968-жылы «Манас» үчилтиги толугу менен магнитофондук тасмага жазылып алынган. Мындан сырткары эпос документалдуу фильмдерде (М. Убукеев, Б. Шамшиев), концерт, атайын берүүлөр ж. б. материалдарда да сакталган. Кыскасы, эпос Саякбайдан жазылып да, айтылып да алынган. Бирок бир өкүнүчтүү жери — андан эпосту айттырып жазып алуу учуру улгайып калган курагына туш келип, көп жерлери камтылбай, кызыктуу чыкпай калган. Биз муну он-он беш жыл мурунураак ойлонсок бир топ жакшы болмок экен.

«Манастын» төрт китептен турган бириктирилген вариантын даярдап жаткан кездерде, Сакем биздин бөлүмгө көп-көп келип, бир нерсеге ичинен өтө эле бушайман болуп жүрдү. Көрсө, аны кээ бирөөлөр тымызын Сагымбайга каршы коюп, башын чаташтырып, ар нерселерди айта беришчү экен. Улуу эки манасчыны мындай кароо чындыгында эле айрым мансапкорлор үчүн өтө керек болгон. Мунун айрым саркындылары ушул кезде да байкалат. Бирок, кантсе да, Сакем турмуштун өйдө-ылдыйларында өзүн дайыма сөөлөттүү кармап сабырдуу болуп, чыгармачылыгын өркүндөтө берди. «Манастын» толук вариантын мен жараттым, менин чыгармам» деп жогорку жактагылардын эшигин каккылап, же илимпоздордун тынчын алган жок. Муну менен ал өзүнүн нускалуу жагын гана көрсөттү.

С. Каралаевдин бир артыкчылыгы — ал активдүү манасчы болгон. Өз чыгармаларын, айрыкча «Манасын» элдин арасында тынбай пропагандалап, ал түгүл чет элдерге аткарып, улуттук маданиятыбызды кадыр-баркын көтөрүүдө чоң салым кошту. Баарынан да, анын «Манас» эпосун сактап калуудагы эмгеги мактоого арзырлык. Минтип айтканымдын жөнү бар: Сакем «Манастын» тегерегинде көтөрүлгөн чууларда, бөтөнчө 1952-жылы эпостун элдүүлүгү тууралуу кыжылдашкан талаш-тартыштарда анын катышуучуларына, чоң манасчы катары эпосту аткарып берүү менен, эпоско карата болгон туура эмес мамилени, көз караштарды, түптамырынан бери өзгөртүүгө зор салым кошкон. Кандай

айтканда да «Манас» эпосунун кылымдар бою айтылып келген салтын, терең мазмунун, бийик көркөмдүгүн чыпчыргасын коротпой сактап, бүгүнкү күнгө жеткирүүдө, мына ушуну менен гана чектелбей, аны өркүндөтүп, байытып жаңы бийиктикке көтөрүүдө Саякбай Каралаев чыгармачылык бүткүл күч аракетин жумшады. Муну менен ал, эң башкысы — муундан муунга улана бере турган, барган сайын маанисн дайыма арта берген, эч качан көөнөрбөгөн өзүнүн «Манасын» жаратып кетти.

САМАР МУСАЕВ

ЧОҢ МАНАСЧЫЛАРДЫН АКЫРКЫСЫ

Саякбай Каралаевди (манасчынын ысмынын ушул түрдө аталышы ал адамдын өзү көзү тирүү кезиндеги анын макулдугу менен документтерде көрсөтүлгөн үлгүсү эле, ошон үчүн ал кишини ушул түрдө атоону туура деп эсептейм) элибиздин оң-солу бүт мыкты манасчы катары кеңири билүүчү жана ошого ылайык урматсый көрсөтүүчү. Биз адис катары Саякбай Каралаев чоң манасчылардын эң акыркысы деп түшүнчүбүз жана ошого жараша баа берүүгө аракеттенчүбүз.

Эмнеси болсо да Саякбай жомокчу аты легендага айланган, өзү жөнүндөгү улуу инсан делген бааны көзүнүн тирүү кезинде өз кулагы менен уккан, урмат-сыйга бөлөнгөн бактылуу адамдардын бири. Бирок турмуш деген турмуш. Тирүүлүктө нелер болбойт. Өөдө-ылдыйы, күңгөй-тескейи болбогон жашоо жок да. Саякбай да өз өмүрүндө элинин эркеси болуп, аты ооздон түшпөй, өз эли эле эмес узун элдин учу, кыска элдин кыйырына атагы дүңгүрөп, «XX кылымдын Гомери!» деген наам анын атына да, затына да куп жарашып, мындай баага аны билгендердин, өнөрүн өз көзү менен көргөндөрдүн ар бири чын пейилден макул экендигин билдирип турган, тийген күндөй жаркыраган учурлары, ошону менен бирге эле өз деңгээлине, эмгегине, талантына тете шарт түзүлбөй, көр оокаттын камы, жашоонун түйшүгү сыяктуу көптүн бири катарындагы тиричиликте кездешүүчү көлөкөлүү учурларга дуушарланып жүрүп дүйнөдөн көчкөнүн көрүп, билип жүрдүк, көбүбүз күбө болдук.

Бүгүн сөз Саякбай айткан «Манастын» илимий проблемалары жөнүндө эмес, жалпы эле Саякбай инсан жөнүндө эскерүү, уккан билгенимен тартып, көзүм менен көргөн, бирге болгон учурлардын айрымдары жөнүндө болмокчу.

Мен Саякбай манасчыны биринчи жолу бала кезимде 5-класста окуп жүргөндө азыркы Ак-Талаа районундагы Куртка деген жерде 1939-жылдын кеч күзүндө концерт берип эл кыдырып жүргөн артисттердин арасынан көрдүм эле. Оюн көрсөткөн артисттердин арасынан тааныганым Молдобасан, ал кишини мурда көргөмүн. Ошол концерт бергендердин ичинде Саякбай бар экенин билем, бирок элеси эсимде так сакталып калбаптыр. Тескерисинче Жумамүдүн Шералиев даана көз алдымда турат. Ырдаган ыры эмес, сахнага кантип басып чыкканы, отургучка кантип олтурганы. Кыясы менин балалык сезимиме ал адамдын өнөрүнөн мурда жаш жигиттин таякчан жүргөн көрүнүшү катуурааак таасир калтырса керек.

Жалпы «Манас», Сагымбай манасчы жөнүндө мектепке чейинки бала күндөрүмдөн эле айрым кабарым бар эле. Анын жөнү мындай: 1934-жылы Нарындагы Аламышыктын тоосунда Чыргайлуу деген жерде боз үйдө жашадык. Ошол жылы атам кандайдыр араб тамгалары менен колдон жазылган жазуулары бар калың дептер алып келип, үйдө болгондо, айрыкча кечинде чырактын жарыгына ошол дептерде жазылгандарды окуп жүрдү. Кээде менден улуу агам Инаятка үнүн чыгарта окутуп угар эле. Аны биз да укчубуз. Жазылгандар «Манас» эпосунун Сагымбайдын вариантынан экен. Кыштын күнкү узак кечтердеги тоо арасында жашаган эки үйлүү адамдардын негизги эрмеги ошол дептер болгондуктан улам кайталанып окула берип, көп жерлерин мен жатка билер элем. Ал дептердеги үзүндү азыр баамдасам «Чоң чабуулдун» башынан тартып, Алмамбет менен Чубак Макел дөөнү өлтүрүп, башын байлашып, Манас менен Сыргакка барган жерине чейинки окуялар экен.

Коңшубуз Чекир деген адам менен атамдын сүйлөшкөн сөздөрүнөн Манас баатыр, анын эрдиктери «Манас» чыгармасынын биз билген дептердегиден башка окуялары жөнүндө, Сагымбай манасчынын адресине карата айтылган мактоолорду көп угуп жүрдүм (ал үзүндү жазылган дептер Сагымбайдын вариантынан көчүрүп алып, колдон колго өтүп жүргөн материалдардан болсо

керек. Атам кийинки жылы кайтыш болду. Ага чейин дептер биздин үйдө эле. Кийин бирөөлөр алганын, же жок болуп кеткенин билбейм).

Себебин так биле албайм, балким программада жоктур, же болсо да бизди окуткан мугалимдер тиешелүү материалдар таппагандыктан айтпагандыр, мектепте окуп жүргөндө «Манасты» сабак катарында окуган жокпуз (биздин жогорку класстарда окуган учурубуз согуш жылдарына туура келди, балким ошонун кесепетидир).

«Манас», анын варианттары, манасчылар, Сагымбай, Саякбай ж. б. маалымат-кабарларды пединститутта окуп жүргөндө мугалимдердин лекцияларынан уктук. Айрыкча өз алдынча тың фольклористтердин бири Абдылдабек Тайгүрөнов окуган лекциялар мазмуну терең, фактыларга бай болор эле.

Саякбайды биринчи бетме-бет жакындан көргөнүм 1951-жылдын жаз айларынын биринде ушул Бишкекте болду. Күн кечке таяп калганда кызматтан келатып, ал кездеги Дзержинка (азыр Эркиндик бульвары) менен өйдө карай, үйүмө бара жаткан жолдо бак арасындагы узун отургучтардын биринде Молдобасан менен Осмонкул карыялар сүйлөшүп олтурганын байкап, учурашуу үчүн атайын бурулуп барып, жай сурашып туруп калдым. Ыңгыча өйдөдөн тоголок кара киши жай басып келип, олтурган эки кары менен учурашып, өзү көчүк баспай, турун турган абалында токтолуп, сөзгө аралашты да, басып кетпей сөз тыңшап турган мени байкап: «Бул бала ким?» — деп жалпы сурап калды. Осмонкул аксакал: «Мусаев деген бала, институтта мугалим»,— деп түшүндүрдү. Саякбай: «Ла Мусаев болсо жакшы бала турбайбы. Бул бала бир китеп чыгарган экен, мени да киргизиптир, жакында тыйынын алдым»,— деп мени карап койду да бет алган жагына карата басып жөнөдү (Саякбайдын эскергени орто мектептердин 8-класстары үчүн түзүлгөн хрестоматия. Ага Саякбайдын айткан «Төштүк», «Манас», «Семетейден» үзүндүлөр кирген). Осмонкул аксакал анын артынан үн сала: «Жакшы бала деп мактайсың, аның чын болсо пиво алып бербейсиңби?» — деп күлдү. Саякбай кылчайбаган калыбында: «Кийин өзүнө алып берем, азыр жанымда тыйын жок»,— деп коюп кетип калды.

Экинчи жолу Саякбай менен 1952-жылы «Манас» боюнча өткөн жалпы союздук илимий конференцияга кызуу даярдыктар көрүлүп жатканда жолуктум. Экөөбүз биргелешип орто мектептердин 8—9-класстары үчүн

окуу куралдарын, окуу китептерин түзүп жүргөндүктөн Жаки Таштемиров менен мамилелеш элек. Ошол адам бир жолу ал иштеген Тил, адабият жана тарых институтунда Саякбай манасчыдан «Манастын» тексттерин кайра жаздыруу иштери жүргүзүлүп жатканын айтты. Ал кезде «Манастын» айланасында катуу талаш-тартыштар жүрүп жаткан учур. Мен кыргыз фольклорунан дарс окуган пединститутта, студенттер арасында, лекциялар учурунда да бул багытта сөз көп болор эле. Анын үстүнө кыргыз совет адабияты боюнча сабак өтүүчү П. И. Балтин лекция учурунда «Манас» реакциячыл чыгарма» деп айтканы үчүн студенттер жогору жактарга арыз жазып, бул үчүн кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы болгон мага да сөз тийип, деги эле ким болбосун абалдан чыгуунун жолун издеп, убарачылык күчөп турган шарт болгондуктан, «Манасты» кайра жаздыруу аракетин эпосту сактап калуунун жолудур деген үмүт менен иштин жүрүшүн көрүү үчүн атайын барып, тексттердин жаздырылышын карап олтурдум. Саякбай аксакал менин көзүмө мурдагы көргөнгө караганда жүдөөкү тарткансып, өзүн кармашы, сүйлөгөн сөздөрү басмырт көрүндү. Үн-сөз жок, бир четте тынч олтурган мени же тааныбай, же эмне келди деген түрдөбү, улам карай берип, өз ишинен алаксып жаткандыктан мен атайы жакын барып, өзүмдү айтып таанытып, «керек болсо жазуу ишине катчы катары жардам бергени келдим» деп түшүндүрүүгө туура келди. Саякбай «аа!» деп коюп, унчукпан жок. Бир саатка жакын угуп олтуруп, мен чыгып кеттим. Иштелип жаткан иштин маңызы мага жаккан жок. Анткени ошол кездеги айланада болуп жаткан чуунун түпкү теги эмнеде экендигин ачык түшүнө албаган манасчы эпосту көз көрүнө эле коммунисттик идеологияга ылайыктап «редакциялап» жатканы дагна байкалып турган. Бул менин бүгүн, бардыгы дайын болуп, ар бири өз-өз ордуна келгендеги айтканым эмес. Ошол кезде эле мен студенттерге окуган лекцияларымда жалпы илимде кабыл алынган принциптерге ылайык оозеки чыгармалар өз учурунун талабына жооп берип турары, аны өзгөртүү, оңдоо туура болбостугу жөнүндө айтчумун. Бул сөздөрдү жеке эле мен эмес, ар бир бул багыттагы адис ошондо эле айтууга милдеттүү болчу. Демек, ал кездеги «Манасты» ревизиялоо аракеттери адис эмес адамдардын туура эмес иштелген иши экендиги айдан ачык нерсе эле.

Бүгүн жашырар негизи деле жок. «Манасты» кайра

жазуу ишине менин өзгөчө кызыгуумду туудурган себептердин бири жеке эле ошол материалдарды студенттерге лекция окууда пайдалануу ниетинен башка да ошол кезде жазылып бүтүп, бастырылуунун алдында турган 8-класстардын окуу китебине зарыл керек болгон материалдар табуу үмүтү да чоң эле. Бирок, ал үмүт акталган жок. Анын үстүнө көп узабай андай зарылчылыктын өзү да болбой калды. Анткени атайын өкмөттүк комиссия түзүлүп, анын чечими менен «Манасты» мектептерде окутуу программадан чыгарылып салынды. Окуу китеби басмадан «Манас» жөнүндөгү материалдарсыз чыкты (калыстык үчүн ушул жерде айтыла кете турган бир сөз комиссия мүчөлөрү мени чакырып алып мектептердин окуу программасына тактаган, чыры жок материалдарды гана киргизүүнүн зарылдыгын, менин жаштыгымды, мындай иште сак болуу керектигин айтып, үрпөндөмүш болушканына, ошол кездеги Агартуу министри Токтогоновдун конференцияда сүйлөгөн сөзүндө реакциячыл Сагымбайдын өмүр баянын балдарга окутууну сунуш кылып программага киргизген «жаңылыштыгым» үчүн атым аталып катуу эскертилгени жарыялаганына карабастан илгери-кийин бул ишим үчүн эч кимден куугунтук жеген да, жеме укпан да жокмун, иштеген ишиме да эч тоскоолдук кылуулар болгон жок. Тескерисинче бир-эки жыл өткөндөн кийин эч кимден уруксат сурабай, макулдук албай туруп эле «Манасты», Сагымбай, Саякбайларды кайра программага киргизип, окуу китебиме кошуп койгонумда кимдир бирөө бул эмне кылганыңар? — деп сураган да жок. Көрмөксөн, билмексен болгон тейизде, программа да, окуу китеби да министрликтин коллегиясында бекитилип, закондук укук алды. Муну мен «Манастын» баркы, ар бир өзүн кыргызмын деп эсептеген адам бул эстеликке каршы болууга дити барбагандык менен түшүндүрөм).

Кийинчерээк, айрыкча мен 1965-жылы «Манас» секторунда иштей баштагандан тартып Саякбай аксакал менен көп кездешип моокум канганча баарлашып сүйлөшүп да жүрдүк. Бирге жатып, бирге туруп дегендей бир ай бою кошо жүргөн учурубуз да болду. Бул адамдын инсандык касиеттери, чыгармачылык даремети, эмнелерди билгени жөнүндө айрыкча ошол бирге болгон бир ай ичинде алда канча көбүрөөк билдик.

Атайын чакырганда эле эмес, Саякбай аксакал керек болгондо өзү жай басып секторго келип, биз тете-

ректеп алып өткөн кеткенди сураган учурларыбыз көп эле болду, бирок эртеден кечке бирге жүрүп, бир күн эмес, көп күндөр удаа бирге болуу чоң айырмалуу нерсе экен. Ошол Саякбай аксакал менен бир ай бою бирге жүрүүнүн жөнү мындай эле.

Бир эле айтуучу-информатордон бир чыгарманы бир нече жолу кайталап жазуу түрдүү элдердин оозеки чыгармаларды изилдөөчү окумуштуулары тарабынан кеңири практикаланган, чоң илимий мааниси бар, бул же тигил чыгарманын эволюциялык өсүш жолун аныктоодо фактылык материалдар берүүчү иштердин биринен. Мындай иш айрыкча «Манас» эпосун, анын өсүш жолун, манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн иликтөөдө зор мааниге ээ болор эле. Бүгүнкүгө чейин илимде манасчы ким? Анын чыгармачылык өзгөчөлүгү эмнеде? Кадимки ырчы-акын менен манасчынын түпкү тегинде айырма барбы, же жокпу? деген сыяктуу суроолорго так айтылган, терең изилденип, ишендирерлик фактылар менен бекемделген жооп жок. Манасчы эпостогу окуяларды баяндаган ыр саптарын кантип жана кандай түзөт. Жатка айтуу менен жаңы ыр түзүүдө, сюжеттик пукту гана сактап, анын деталдарын өз сөзү менен кайрадан айтуунун, же иштелип чыккан даяр материалдарды жөнөкөй кайталоонун катнашы, деңгээли кандай? Ушул сыяктуу ж. б. көптөгөн илимий кызыкчылыгы бар суроолорго манасчылардан алар айткан вариантты кайталап жазуу — жооп ала турган фактыларды бериши мүмкүн болчу. Бирок, «Манастын» зор көлөмү, аны баштан аяк кайра казуу узак убакытты, көп күч аракетти, аз эмес каражатты талап кыларын билип туруп буга аракеттенген да эч ким болгон эмес. Саякбай элге кеңири белгилүү болгон чыныгы манасчы-профессионалдардан, болгондо да чоң манасчылардын эң акыркысы экендигин, эгер бул иш жүзөгө ашырылбаса илим орду толбой турган жоготууга учураарын эске алып Илимдер академиясынын президиумуна Саякбай Каралаевдин айткан вариантын баштан аяк магнитофондук лентага жазып калтыруу жөнүндө сунуш киргизип, ал президиум, айрыкча академиянын президенти К. Каракеев тарабынан колдоого алынып, тиешелүү каражат бөлүнүп, 1968-жылы жайында Саякбайдан эпостун тексттерин үчүнчү жолу кайра жазуу белгиленди. Жыл сайын эки айдан иштеп, керек болсо ишти зарылдыгына жараша бир нече жылга созуу макулдашылды.

Илимий көз караштын түшүнүгү боюнча ушуга чейин

Саякбайдан да, башка манасчылардан да эпостун текстгерин жазып алууда кетирилген орчундуу кемчиликтердин бири иштин жүрүшүндө жомокчулардын көндүм болгон шартынын бузулушу. Айтуучу чыгарманы эл алдында кандай айтып жүрсө ошол көнгөн адатын табигый түрдө толук сактап жазбай, жазалма-лабораториялык ык менен манасчы менен катчы гана мандай-тескей жалгыз олтурушуп, информатор чыгармачылык эргүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, текстгерди адаттагыдай шыдыр айтпай, ыр саптарын бирден терип айтып берүү менен жаздырууга мажбур болгон. Ушундай эсептелип жүргөндүктөн азыркы жаздырууну колдон келишинче илимдин талаптарына толук туура келгидей кылып уюштуруу аракети көрүлмөк болду да кайда, кандай шарт менен иштөө жөнүндө ойлоно баштадык. Ошол кезде менин институтта бирге окуган жакын жолдошум Абдиев Рабхатбек Тянь-Шань районунда райкомдун биринчи катчысы болуп иштөөчү эле. Ал биз каалагандай шарт түзүп берүүгө көмөктөшөт деген үмүт менен Саякбайды Соң-Көлгө алып барып, жазууну ошол жерден өткөрмөк болдук. Бирок, айрым адамдар С. Караласвдин жашы улгайып, ден соолугу начарлап калган адам экендигин эскертишип, тоо башы жайлоодо узак убак иштөө гана турмак жөн эле бир нече күнгө барып келүү да опурталдуу болушу мүмкүн дешти. Муну жөндүү деп эсептеп манасчынын өзү менен кеңешсем Сакем өзү да: «Жайлоого барсак, тирүү пендебиз, кымыз ичип, анан сен «Манас» айт десең, көтөрө албай, мандем болуп калам го»,— деп чыныи айтты. Кеңешип олтуруп тоо аралабай, жакада эле, мүмкүн болсо көнгөн көл жээгине жакын жерлердин биринде иштөөнү оң деп чечтик. Сакем өзү «досум бар, жакшы адам, илгертеден бири-бирибизди жакшы билебиз, ошонукуна эле баралы, кысынбай эркин болобуз, башка жерге барууга көңүлүм чаппай турат»,— деп туруп алды. Мен макул болдум, бирок кат жазып болсо да досу менен кабарлашууну, ал кишинин бир ооз макулдугун алып, сыпайыгерчилик үчүн да эскертип, алдынан өтүп коюуну өтүндүм. Сакем: «Ал жагынан камсанаба, жанымдай көргөн алгыр бүркүтүмдү берген досум, мага менин өз үйүм менен анын үйүнүн айырмасы жок»,— деди. Экспедицияга баруучу Сапар Бегалиев экөөбүз кеңешип, бара көрөрбүз, туура келбей калса башка жер табылар — деп тим болдук.

Алдын ала убадалашкан күнү 1968-жылдын 8-июлун-

да издеп барып Сакемди Балыкчыда турган уулу Сыргактын үйүнөн таап үчөөбүз Тоң районундагы «Улахол» совхозундагы Ашырбай аттуу буркутчунун үйүнө келдик.

Сакемден мурда кабар алгандыктан Ашырбай аксакал короосуна чоң боз үйүн тигип камданып, бизди күтүп жаткан экен. Биз барып түшөрүбүз менен мурдатан кабардар болуп, кулак түрүп, акмалап турган өндөнүшөт эч кабар бердирбей, чакыртпай эле Сакемдин бүркүттү бирге салып, мурдатан бирге жүргөн тең-туш-курбулары чогулуп келишти. Чогулган 6—7 абышканы көрүп «Манас» уга турган аудитория негизинен камсыз болот экен деген ойго келдик. Барган күнү ишти баштоого мүмкүндүк болгон жок — электр жарыгы убактылуу өчүп калыптыр. Ага тынчсыздансак үй ээси, жергиликтүү адамдар: «бул бизде боло бере турган көнүмүш адат иш, монтер балага эскертип коюу керек, ордунда жокко, кечинде сөзсүз жарык күйөт» деп камырашкан жок. Чынында эле кечке жуук жарык күйдү. Ошентсе да мектепке барып, ар кимден сурештырып, жергиликтүү мугалимдерди издеп таап, алардын арасындагы мурда менден студент болуп окуган жигитти: «монтер менен сүйлөшүп, жарыктын үзгүлтүксүз болушун камсыз кылууну өтүн» — деп жибердим. Чынында эле биз кеткенче жарык өчкөн жок.

10-июлда 6—7 абышка, 5—6 кемпир, бир нече мугалим, көп майда балдардын угуучулар катары катышуусу менен эки магнитофонду катар орнотуп коюп, жазуу ишин баштадык. Биз «Сакемди кадимки Тайторуну чапкандай кылып күпүлдөтүп айтат, магнитофондун лентасын алмаштырууга шай келбей шаштыбыз кетер» — деп ойлодук эле. Чынында андай болбой калды. Узак убакыттар бою эпостун окуяларын ирээти менен баштан аяк айтпаган манасчы көбүн такыр эле унутуп калган сыяктуу, андан-мындан бир тийип, окуялар бири-бирине байланыштуу, көндүм нуктагы өнүгүштө болбой, баш-аламан, карама-каршы келген жерлер өтө көп болуп калып жатты. Сапар экөөбүз кеңешип туруп мындай кылуу илимий принциптерге туура келбесин, такыр эле аракетибизден эч майнап чыкпай калуудан чочулап, өзү мурда айтып жаздырган тексттердин сюжеттик негизги канвасын Сакемдин эсине салып туруп, ишти анан улантууну зарыл деп таптык. Мындай чечимге келүүгө бизге айтуучунун улгайган курагы жана чыгармачылыгынын өзгөчө шартка туура келиши, б. а. ал адам эпос-

ту бир кездерде жаш, күүлүү-күчтүү учурунда гана ирээти менен баштан-аяк бүт айтып кагаз бетине түшүрүп, андан кийин ал ишти дээрлик практикалабагандыгы болду. Эл алдында көбүнчө белгилүү бир эпизод — үзүндүнү аткаруу менен гана чектелип, башка эпизоддор айтылбагандыктан эстен чыгып кетүү табигый нерсе экендик актана турган жүйөлүү себеп катарындагы ролду ойноду. Сакем өзү чарчап токтогонго чейин жайына коюп, тыныгуу учурунда пикир алышуу, аңгемелешүү түрүндө, колубуздан келишинче сактык менен, ал кишиге билгизбөөгө аракеттенип эпос боюнча жалпы сөз козгоп, отургандарга айтып түшүндүрүп жаткан тейизде Саякбай айткан варианттын негизги окуяларын өз ирээти менен бүт айтып, ошол аркылуу жомокчуга ал мурда айткандарын эсине салдык. Бышыктоо, көңүлүн буруу үчүн сөз арасында Сакемдин өзүнө кайрылып, «Саке, ушундай эмеспи, ээ!» деп, атайылап ал кишини сөзгө тартып да жаттык. Сакем «туура, ооба» деген кыска сөздөр менен чектелип, биздин сөзүбүздү анча кызыкпаган киши сыяктуу, көңүл кош укту. Муну байкаган биз аракетибизден анча деле майнап чыкпайт ко деген чочулоодо калдык.

Бир топ узакка созулуп кеткен тыныгуудан кийин жазуу ишин кайра баштап, аракетибиз бекер эле убарачылык экенине көзүбүз жетти. Иштин андан наркы жүрүшү жөнүндө 11-июль күнү менин күндөлүгүмдө жазылгандар бул: «иш начар, жазууну токтотсок да болор эле. Көп окуялар, ал гана эмес чоң-чоң эпизоддор да такыр айтылбай калып жатат. Андан-мындан бир тийин кыскартып эле баратабыз. Эгер ушундай жазсак «Манасты» бир-эки күндө эле бүтүп салабыз го. Мындай түрдөгү жазуунун илимге пайдасы болор бекен?».

Экспедициянын үчүнчү иш күнүн Сапар экөөбүз эрте туруп, кыштактын чекесине чыгып, өзүбүзчө кеңешүүдөн баштадык. Бизди түпөйүл кылган негизги нерсе — иштеп жаткан ишибиз тууралы, пайдасы барбы? — деген маселе эле. Жашырган менен не, тирүү адамбыз да. Жазып барган материалдарыбызды эртең уккан адамдар ушунча каражат, убакыт жумшап, чоң иш иштейбиз деп чуу көтөрүп жүрүп бул эмне кылган халтураңар деп шылдыңга албасын? — деген ой да жок эмес эле.

Кеңешип олтуруп «ишти токтотпойлу!» деп чечтик. Ал гана турмак мурдагы өзүбүз түзүп, кубатталган программаны бир кыйла өзгөртүүгө да макулдаштык. Анын

жөнү мындай: көнгөн адат боюнча Саякбай Каралаев айткан варианттын көлөмү өтө чоң болот деп эсептеп, баарын жазууга шаабыз жетпес, анын үстүнө каражат да өтө эле көп талап кылынат, ошондуктан манасчыдан түрдүү учурларда магнитофондук лентага жазылган белгилүү эпизоддорду бул жолу дагы кайталап жазбай эле коёлу деп чечкенбиз. Ошол планды бузуп, эпостун окуяларын бүт жазалы деген бүтүмгө келдик. 12-июль күнү иштин аягында күндөлүккө жазылган сөздөр бул: «Кеңешип туруп, ишти токтотпойлу деп чечтик. Анын үстүнө токтоткон күндө да Сакем тыйынды (сөз информатор-манасчыга төлөнүүчү акча жөнүндө, ал ошол кездеги нарк менен бир топ эле ири сумма эле — С. М.) келген күнү бүт алып алган. Мурда магнитофондук лентага түшүрүлгөн эпизоддорду да жаздыра берелик дедик. Буга бир нече себеп болду: 1) ушул жаздырууда манасчынын оюн бузбай, эркине коюп, эпосту баштан-аяк бүт айттыралы дедик; 2) мурда магнитофонго жазылган менен бүгүн жазылгандын арасында кандай, канча айырма болор экен? 3) окуялар, жалпы сюжет өтө кыскартылып жатат (мына бүгүн Алмамбет менен Чубактын чатагынын аягына чейин жаздык), бул жактан алганда мурда жазылгандарды кайра жаздыруу финансылык жактан анча деле зыянга учуратып кыйрата турган эмес: «Манастын» теңинен көбүн айтарлык жазып бүттүк, бар болгону болжол менен он басма табак материал көлөмүндө гана болду. Бүгүн «Көкөтөйдүн ашы» да жазылды. Сакем бул эпизодду «Семетейде» айтчу эле, азыр «Манаска» кошуп койду. «Бул окуя «Семетейде» айтылуучу эле го?» деген менин суроомо Сакем жок, ушул эле жерде айтылат деп жооп берди. Кийлигишип кысым жасагандай болбоюн деп мен унчукканым жок».

13-июлда ишибиз бир топ ийгиликтүү болду. Сакем барган сайын такшалгансып, арбыта айтып, окуялар толугураак, бири-бирине дурус байланыштырылып жатты. Мисалы: Алмамбеттин арманы башка эпизоддорго караганда алда канча кеңири айтылды. Бирок, күндөн күнгө угуучу элибиздин саны азаюуда. Кызыгы тарадыбы, же Сакемдин Тайторудай болуп эти кызый албай жатканын сезиштиби, айтор эртели-кеч кошулуп калуучу жаңы адамдар турмак бизге «дос» абышкалар, ал турмак алгач жардам көрсөтүүгө дилгир болуп, эл чогултуп, кезектешип чакырып бизге чай берип ысык мамиледе жүргөн мугалимдер да көр оокат, тиричилик

бар эле деп жалтайлап, көп каттабай калышты. Чынында эле өзүбүзгө ыңгайлуу болгон менен элге туура келбеген учурду тандап алган экенбиз. Жайдын толугу, эмгек кайнап турган кез, жумушка жарактуулар таң заарынан талаага кетип, күүгүмдө кайтат экен. Бизге угуучу, болгондо да кечке бирге болуучу адам жумуш кылбаган, же жумушка жараксыз карылар болбосо, башкаларды келип бергиле дешке ооз да барбачудай. Кыскасы, жаныбызда Сапардын күнүгө түштө дүкөнгө барып келерин жакшы билишкен жана аны элпек, сыр билги, жакшы жигит экен деп, мактап туруучу эки-үч абышка гана туруктуу угуучуларыбыз болуп калды. Боз үйдүн эшик жагын бербей котолоп туруучу майда балдар да Сапардын дем алуу учурларында алардын үнүн жазып, кайра өзүлөрүнө угузуп «кызыктыруу» иштерин жүргүзгөнүнө карабай мурдагыдай таңыркоо жок, кызыгы тарап, үстүбүзгө кирсе да дем чыгарбай өлтуруп бербей, тескерисинче түртүшүп чокуша кетип, сүйлөшүп, тоскоол болуп, аларды үйдөн кууп чыгууга бизди мажбурлоочу болушту.

14-июлда анча иштеп жарытпадык. Буга жүйөөлүү себеп болду: эртең менен чай ичип олтурсак айылдын төмөн жагынан чуу чыгып, аңгыча сырттан кирген адам баланча аксакалды (ишке тиешеси жок нерсе катары ал адамдын аты-жөнүн күндөлүккө жазган эмес экенмин — С. М.) эртең менен торпок аркандап кайра келе жатканда чоң жолдон өтүп бараткан машина уруп кеткен экен. Айдоочу кайрылып койбой кете бериптир. Абышка жыгылган эле жеринде жан бериптир деп укканын айтты. Каза болгон адамды билүүчү элек, Сакемдин жакын досторунун катарына кирбеген менен кээде ал адам да келип, эл катары «Манас» угуп, сөз тыңшап калар эле. Дээрлик унчукпаган, момун адам өндөнгөн. Ыйманы саламат болсун! — дедик.

Чай ичилген соң Сакем мага кайрылып: «Билген кишиге угуп туруп барбай койсок болбойт ко. Макул десең баарыбыз тең эле көз көргөзүп келели» деди. Биз бул ойду туура таап, Сакем, Ашырбай аксакалдарды ээрчип Сапар экөөбүз да өлүк чыккан үйгө бардык. Балдары малчы, турмуштары тың экен, эл көп чогулуп, өлүк камы көрүлүп жатыптыр. Кыргыз экенибизди билдирели деп үйгө жакындаганда Сапар экөөбүз абышкалардын алдына чыгып, өкүрүп бардык.

Сакем сыйлуу жерден орун алып, өткөн-кеткен сөз сүйлөнүп, кетели деп айта албай бир топко кармалып

калдык. Сакемдин өзгөчө көңүлү көтөрүңкү олтурганын көрүп, Сапар экөөбүз тим эле коёлу деп макулдашып, өзүбүз акырын кетип калдык. Сакем кечке жакын келди. Өзүн күнөөлүү сезгенсип иштейли деп сунуш кылып калды. Азыраак иштедик.

Мурдагы күндүн эссесин чыгарып 15-июль күнү аябай көп иштедик. «Манасты» бүтүп, «Семетейге» өтүп кеттик. Эпостун Сакем айткан варианты толугураак түрдө жазылып калса болот эле деген ниет менен Сапар экөөбүз макулдашып туруп, мурдагыдай кыйытып, жылмалап олтурбай эми: «сизден жазылган тексттерде мындан кийин бул маанилүү окуя келчү эле, ошол жерди сиз таштап кеттиңиз, кокусунан калып калган болсо кайра тууралап жазалы» деп түз эле айта баштадык. Сакем бир да жолу кайра жаздырууга макул болгон жок. Биз чыдабай кетип кайра эрежени бузуп анын айтып жаткандарына кийлигишкен — баланча окуя, эпизод калып калды — деп» эскерткен учурларда «ии, билем, ага келе элекпиз» деп коюу менен гана чектелип, кыйын дегенде ошол биз эскерткен окуя жөнүндө бир-эки сөз кошуп көбүнчө калып кеткен үзүндү ошол бойдон эскерилбей кала берип жатты. Мисалы: «Чоң казаттын» аягында Шуутунун кабарга келген окуясын өз ордунда айтпагандыктан бир аз эс алуу учурунда эскертүүгө мажбур болдук. Сакем «ага келе элекпиз» деп койду. Талашуу жөнсүз деп эсептеп, анын үстүнө балким манасчынын өз ою, планы бардыр деген ой менен унчукпай тим болдук. Жазуу кайра башталганда сөз болгон эпизод боюнча эки сап ыр кошуп айтты да, жомокчу андан нары өтүп кетти. Буга караганда окуянын мурдагы өзү айтып жаздырган ички деталдык курулуштары эсинен чыгып кетсе керек. Ошондой эле Манастын өлүмү, ага күмбөз салдыруу окуяларына байланыштуу айтылуучу Коёнаалы жөнүндөгү маалыматтар да такыр эле эскерилбегендиктен аны сурасак жоокалатып түз жооп бербей койду. Демек бул окуя да манасчынын эсинен чыгып кеткен окшойт. Бизди таң калтырган жана түшүнүксүз нерсе жомокчунун мурда өзү айткан окуяларды дээрлик ирээти менен кайталап айтып бергенде да аларды ордуна келтире албай жаткандыгы. Сапар: «кыясы булар мурда салттык туруктуу окуялар болбосо керек. Өзү күүлүү-күчтүү, чыгармачылык шыгы артып турган чакта эпоско билген, укканларын, ал турмак өзү ойдон чыгарып да кошуп, кеңейтип айтып, эми карылык, ден соолук сыяктуу, дем-күчкө

байланыштуу узак убак эпостун окуяларын ирээти менен толук айтпоо кошулуп, натыйжада манасчынын эсинде салттык туруктуу окуялар гана сакталып калып, башка «кошумчалар» унутулуп калган окшойт»,— деген ой айтты. Башка жүйөөлүү себеп таба албагандыктан ошондой болушу да мүмкүн,— деп мен макул болдум. Бирок, чынында бул ишенимдүү жооп эмес эле. Анткени, он экинчи кассетанын аягында Сакем Тайторуну чапкандан кийин дароо эле Каныкейдин жомогуна өтө баштады. Тыныгуу учурунда Семетейдин өз тек жайын укканы айтылбай калып калбадыбы? Сюжет үзүлүп окуя байланышсыз, ошонун кесепетинен түшүнүксүз болуп калат да, Сары таздын окуясын айтуу керек эле деген биздин суроого караганда талапка окшогон өтүнүчүбүзгө «ооба, ооба, аны азыр айтканы жатпаймынбы» деп макул болгон манасчы 13-кассетанын башында ошол окуя жөнүндө бир нече сап ыр айтты да бүтүрүп таштап, башкага өтүп кете берди. Семетейдин өз тегин билүүсү семетейчилердин көбүндө айтылган, мүнөзү боюнча туруктуу салттык окуя. Саякбай манасчы аны мурдагы жаздырганында жаңы кошуп койгон дешке эч негиз жок. Демек, Сакемдин бул же тигил эпизодду унутуп калышынын жөнүн түшүндүрүүгө кылган теориялык жоромолубуз чынында сын көтөрө албай турган пикир болчу. Аны өзүбүз деле туюп, жүрөктүн терениндеги чыныгы жоопуздеп жатканбыз. Ошол суроого бүгүн деле так жооп болгон жок. Анткени бул маселени атайын иликтеген адам болбоду. Анын үстүнө жомокчулук өнөрдөгү мындай татаал көрүнүштүн жандырмагы оңой эле табыла коюбосу өзүнөн өзү түшүнүктүү нерсе. Себеби, чыгармачылыктагы мындай белгинин жообу бир эле көрүнүшкө байланыштуу чечилбейт, адамдын акыл-эсинин, алы-күчүнүн көптөгөн маселелерине байланышы мүмкүн.

18-июлда «Улахолдон» Бостериге көчүп кеттик, албетте бул «түйшүккө» байланыштуу, ал күнү иштеген жокпуз (экспедициянын күндөлүгүнүн ар бир барагын бул жерде ирээти менен тизмелеп чыгууну зарыл деп эсептебедик. Ар бир күнкү иштелген иштин толук мазмуну, буга байланышкан ой пикирлер ж. б. маселелер убагы келсе ыгына жараша кеңири сөз болуучу өзүнчө маселе С. М.).

«Улахолдон» көчүүгө бизди үчөөбүз баш калкалаган үй ээси мажбурлады, же себепкер болду дешке эч негиз жок. Кудай алдында Ашырбай аксакал да, ал кишинин

эки аялы да, бала-бакыраларына чейин сөзү менен болсун, мамилеси менен болсун бизге кабак бүркөгөн да, оорчулук келтирип жатканыбызды сездирген да жок. Тескерисинче ар биринин каш-кабагы жарык, узак жаткаңыбызга карабастан жаңы келип түшкөн сыйлуу коноктору кабыл алып жаткандай мамиле кылып турушту. Бирок биз өзүбүз сыйлуу конок болуу мөөнөтүбүз узарган сайын ыңгайсыздана бердик. Мунун жөнү мындай: экспедиция бир жерде, болгондо да конок үйү, ашканасы жок айыл жеринде узак мөөнөткө созулуп өтөрүн жакшы түшүнгөндүктөн (Р. Абдиевге баралы дегендин жөнү да ушундан эле) өзүбүз ыңгайсыз абалда калбас үчүн жана барган үй ээсине оорчулугубуз тийбес үчүн кам көрүүбүз зарыл эле. Минип жүргөн унаабыз болбогондуктан тамак-аш, оокат ала жүрүү жөнүндө ойлонуп кереги жок эле. Биз райондук жана жергиликтүү жетекчилерден жардам аларбыз деген үмүт менен академиянын президентинин атынан райкомдорго экспедициянын ийгиликтүү иштешине көмөк көрсөтүп, жардам берүүнү өтүнгөн кат даярдаган элек. «Улахолго» келген күнү эле Сапар экөөбүз Тоң районунун борборуна барып райком, райисполкомго кирип, жөнүбүздү айтып түшүндүрүп, президенттин катын берип, ыгына жараша жардам берүүлөрүн өтүнгөн элек. «Камсанабагыла, совхоздун жетекчилерине тапшырып коёбуз, өзүлөрү барып, ал-жайыңарды сурап турат, кандай зарылчылыктар туулса айтып турарсыңар»,— дешкен. Совхоздун парткомунун секретары ошол биз барган күнү кечинде Сакем келгенин угуп, келип учурашып кеткен. Ага да жөнүбүздү айтып, районго барып келдик, жардам берүүгө убада кылышты дегенбиз. «Бизге тапшырса баарын уюштурабыз» — деген. Биз көңүлүбүз жай жатып калганбыз. Ошондон кийин жергиликтүү чоңдордон эч кимиси бизден кабар албады. Райондон айтышкандыр, анын үстүнө парткомдун секретары өзү болбоду беле, келишер, эмгек кайнап, өнөктүк күчөп турган учур эмеспи, колдору тийбей жаткандыр деген үмүт менен күтүп жүрдүк. Качан гана келгенибизге он чакты күндөй өтүп, ушуга чейин эч кимдин биз менен иши жок, район турмак жергиликтүү жетекчилердин бири да сыпайылык үчүн болсо да бир ооз ал-жай сурап койбогон соң алардан жардам болорунан түңүлүп, тынчсыздана баштадык. Анткени үй ээси, анын үй-бүлөсү билдирбегени менен үч адамды дайым сыйлуу конок катары күтүү корукчунун (Ашырбай аксакал то-

кой коруқчусу болуп иштейт экен) маянасы менен жан сактаган, эки аялы иштебеген, балдарынын эң улуусу гана иштеп, энеси экөө бөлөк турган үй-бүлөгө бир топ эле сезилерлик жүк экенин түшүнүп эле турдук. Анын үстүнө жеке эле үчөөбүз эмес биз илимдин кызыкчылыгын сактайбыз деп аудитория катары чогулткан адамдар, айрыкча алардын арасындагы дээрлик күн сайын келип туруучу 2—3 кары адам жайылуу дасторкондун четинде, дайым кайнап турган самоордон чай ичип, кезкезде кечки тамакка да аралашып жүрүштү. Кыргыз айылынын ичинде мындай көрүнүш көндүм болуп, эч ким көңүл бурбаганы менен шаар адамдары Сапар экөөбүз сезип да, кобурашып сөз кылып да жүрдүк. Сөз кылган менен абалдан чыга коё турган оңой жолубуз жок эле. Анткени жөө-жалаңдап райондун борборуна жетип, бизди унутуп калдыңарбы? — деп «чоңдорунун» эсине салууну намыс көрдүк. Анын үстүнө ошол биз барган күндө да ал иштен майнап чыгары күмөн эле. Айтканбыз, дагы айтабыз! — деп иттен чыгарып коюп, «унутуп» калышары мүмкүн болучу. Угуп-билип туруп (райондун жетекчилери тапшырбаган күндө да бир кыштакта туруп, баладан карыга чейин сөз кылып дүрбөп жүрүшкөнүн совхоздун жетекчилери кантип эле эшиткей коюшсун) меймандостуктун сыпайыгерчилик жолун кылбаганы — кандай иштеп жатасыздар, жардам керекпи? — деп бир ооз бири келип сурап койбогон (Сапар экөөбүздү го билбесин дечи, Саякбай Каралаевди билбеген кыргыз барбы, ал эми биз турган айыл анын өз айылы да!) жергиликтүү «чоңдорго» барып жүгүнүүнү намыс деп түшүндүк. Башка айладан кыштакта жалгыз дүкөн бар экен. Анда сатылгандардан биздин керегибизге жарай турган жалгыз товар — арак. Ырас, аны кээде керекке «жаратып» да жүрдүк. Бирок, Сапар экөөбүз тең оозго албаган бул «тамакка» анча деле көңүл чаппады. Аны алгач Сакемдин тентуштарын сыйлоо катары бир-эки жолу өзүбүз алып келип, кийин кээде Сакем түшкү чай учурунда оюн-чындан «менин шумкарларымдын жүрөгүнө чай барбай, суусап калышкан өңдөнөт, Саке!» — деп мени тамашага алганда гана «элпек бала» Сапар жүгүрүп барып келе коюп жүрдү. Маселенин экинчи бир жагы үй ээси Ашырбай аксакалга ал жол менен «ракмат» айтууга мүмкүн да эмес болчу. Анткени биз түшкү чай ичип, кээде суусундук жутканда ал адам көбүнчө болчу эмес — күндүз кызматына кетүүчү. Ошентип жүргөндө жүрөктүн башын-

дагы тоңгон майдай болуп жүргөн маселени Сакем, мен, Сапар үчөөбүз жалгыз олтурганда ортого салып, эмне кылалык, Ашырбай аксакалга, же аялдарына тыйынтыпыр берсек кандай болот? — деп, Сакеме кеңештик.

Бизден мурун эле Сакем өзү да ыңгайсызданып, түпөйүл болуп жүргөн экен. Бирок, бизге айта албаптыр. «Сиз өзүңүз болбой жатып алып келбединиз беле?! — деп айтышат ко — дедим, болбосо мурун эле айтат элем,» — деди. Жаткан үйгө тыйын сунуш кылууга чечкиндүү каршы чыкты. — Анда Ашырбай таарынат, буга акы төлөгүлө деп сен айткансың го. Чоочун балдарга мени уят кылдың, элге кеп болом деши мүмкүн. Ыза болуп калар, шагын сындырбайлы! — деди. Менин жаман туугандарым намыс үчүн болсо да бир жолу көтөрүп кетүүгө жарабай коюшпадыбы! — деп өкүнүч, таарынычын айтты. Кыясы бизди бул жерге ээрчитип келгенде намыс кылышып, жакшылап тосушар деген үмүтү болсо керек. Биз ага мурда көңүл бурган эмеспиз, оюбузга келген эмес.

Биз Сакеме Фрунзеге кетип, ишти ыңгайына жараша ошол жерде уланталы,— дедик. Намыстандыбы, башка ою болдубу, белгисиз, Сакем көнбөдү. Жок, Фрунзеге мен барбайм, кемпиримден ажырагандан бери негизинен бул жакта жашап жүрбөймүнбү. Андан көрө Бостериге — менин улуу кызымдыкына баралы. Өз үйүбүз, эч өрөөнү жок, не болсо да эркибиз менен болобуз. Күйөө балам өз баламдай, теңтуш катары сүйлөшө беребиз. Анын үстүнө менин көнгөн жерим, мен Ак-Өлөңдө туулган менен өмүрүмдүн көбү ошол жерде өткөн, өзүм жашаган эски үйүмдүн орду да турат, силерге көргөзөм, көлдүн жээги, бир маал көлгө түшүп алып, иштей беребиз,— деп бизди үгүттөй баштады. Анча деле көп иш калбаганына көзүбүз жеткендиктен, мынча болгон соң экспедицияны биротоло аягына чыгарып кетели деген ой менен Бостериге барууга макул болдук.

Бостериге баргандын эртесинен, б. а. 19-июлдан тартып ишти уланттык. Бирок, мурдагыга караганда шартыбыз начарыраак — боз үй, уккан эл жок. Эл чогултуп, опур-топур кылууну өзүбүз да туура деп таппадык.

24-июль күнү «Семетейди» бүтүрүүгө жакындап калгандыктан Сапар экөөбүз өзүбүзчө кеңешип туруп быйылкы жыл үчүн эле ушул экспедицияга бөлүнгөн каражат эпостун бардык бөлүмдөрүн бүт жазгандан кийин да ашып калуусу мүмкүн экендикти эске ала, ко-

лубуздагы даяр материалдарды эсептеп чыгып, акыры ушул жолу Саякбай Каралаевден ал айткан «Манас», «Семетей», «Сейтек», алардын уландыларын бүт, ал турмак өмүр баянын толук жана башка билгендерин да калтырбай жазып алууну туура деп таптык. Бул план толугу менен аткарылды. Акырында экспедициянын жүрүшү, максатынын орундалгандыгы жөнүндө менин берген суроомо манасчынын жообун алып, ошо менен жалпы ишке чекит койдук.

Иш кандай жүрүп, кандай өттү? — деген сурооно Сакем кадимкидей жашып, көзүнө жаш алып туруп: «жакшы, кемпиримден ажырап, карылык басып, ооруга чалдыгып, мусапыр болуп калганда жолукпадыңарбы. Мен кадимкидей күүлүү-күчтүү, «Манасты» күпүлдөтүп айтып турганда ушундай кылып жазсаңар армансыз болбойт белем?» — деген өкүнүчүн билдирди. Анын айтканы чын эле. Ага чейин эле Сапар экөөбүз кайран кишиден мурдараак жазганда илимге эң маанилүү фактылар алынып калмак экен! — деп ооз карманып, өз ара сүйлөшүп жүрчүбүз. Анткени, азыркы жазылгандар чоң манасчынын мурда айтып кагаз бетине түшүрткөндөрүнүн 10 проценти гана болуп калды. Ошентсе да такыр колго алынбай калганга караганда ушунун өзүнө да шүгүрчүлүк дедик.

Саякбай манасчыдан ошондогу жазылып алынган материалдар бүт кандай болсо ошол түрдө кагаз бетине түшүрүлүп, ленталардагы түп пускалар да, алардын кагаз бетине түшүрүлгөн көчүрмөсү да Адабият жана көркөм өнөр институтунун кол жазмалар фондусунда сакталуу, бүгүн «Манас» таануу илимининн айрым проблемалары боюнча изилдөө иштеринде пайдаланылып жүрөт.

Ушул экспедицияга чейин мен Саякбай Каралаевди улуу инсан, чоң манасчы катары гана четте турган кыязда, оолактан, сырттан билген менен адам, болгондо да тирүү адам катары өтө эле аз билчү элем. Иштеген ишиме байланыштуу муну зарыл деп эсептеп жакындашууга ыгы келсе таттуу болууга кылган аракеттеримден натыйжа чыкпай, Сакем мени суз кабыл алып, арабыз жакындабай, мамилебиз негизинен официалдуу түрдө гана болуп, баарлашып сүйлөшкөн учурубуз да болбоду. Манасчы мага өз иши менен, ал гана турмак жардам сурап, өтүнүч менен кайрылган учурларда да ачылбай, коомай туруп, тоң жүрдү. Муну жакшы билчүмүн, сезчүмүн жана себебин да билчүмүн. Бирок, өзүм

ак, жамандыгым жок болгон соң мен эмнеге өнтөлөйт элем, эртедир-кечтир адилеттик билинер деп тим болуп, сөзүн эки кылбай, колумдан келсе жардам да берип, өзүнө болсо түз, калыс мамиле кылып жүрдүм.

Сакемдин мага андай суз мамилесине мен да, ал киши да күнөөлүү эмес болчу. Мунун өзүнчө себептери, бир топ узун тарыхы бар: Мен 1965-жылы «Манас» секторуна башчы болуп кызматка келген күндөн тартып эпостун илимдик проблемалары менен иш алып баруучу бул топтун ишиндеги негизги багыттардын бири «Манастын» текстгерин илимий принциптердин негизине таян басмадан чыгаруу керек деп эсептеп, принцибинде макулдашып алуу үчүн бул маселени «Манас» редакциясынын талкуусуна койдум. «Манасты» бастырып чыгаруу керек дегенге эч ким каршы чыккан жок, бирок менин ишти Сагымбайдын вариантын жарыялоодон баштайлы деген сунушума Түгөлбай Сыдыкбеков макул эместигин билдирип, Саякбай Каралаевдин вариантын жарыялоо зарыл, анткени анда эпостун үч бөлүмү бүт бар, эң негизгиси панисламизм, пантюркизм сыяктуу реакциячыл терс жактары жок,— деп өз сунушун айтты. Мен эпостун текстгерин басмага даярдоодо эле эмес, кайсыл материалды качан жарыялоо маселесинде да илимий принцип сакталыш керек. Сагымбай жашы боюнча Саякбай Каралаевден улуу, ал айткан варианттын текстгери да мурда жазылган. Хронологиялык ирээттүүлүк бузулбас үчүн Сагымбай мурда жарыялашы керек. Саякбай айткан вариантты жарыялоого эч ким каршы эмес, бирок ал экинчи болуп басмадан чыккаңы туура. Сагымбайдын вариантында кезиккен терс көрүнүштөрдү кыскартабыз. Ансыз деле эч бир вариант бүт жарыяланбайт. Сагымбайдын варианты көркөмдүгү мыкты, эл жогору баалайт деп өз билгенимди түшүндүрүүгө аракеттендим. Түгөлбай Сыдыкбекович буга катуу нааразы болуп, эч кандай принцип бузулбайт, Саякбайды гана жарыялоо керек. Кайдагы бир мадыра башгар келип эле «Манасты» оюна келгендей бурмалай бересиң? Мындай маанилүү иште жердешчиликке, туугандыкка жол бербөө керек! — деген оюн айтып, бекем турду. «Мадыра башка» мен маани да бербедим, көңүл да бурбадым. Анткени, ошол кезде жаш жагынан болсун, коомдогу орду жагынан болсун Түгөлбай Сыдыкбековго салыштырганда менин мадыра баш экеним чындык эле. Ошондой эле көзү тирүү турган Саякбайдын вариантын жарыялайлы деген сөз жөнү бар, жүйөө-

лүү ой болчу. Бирок мага катуу тийген, жан кашайткан жана эч ойго келбеген нерсе менин Сагымбайга тууган жана жердеш катары жан тартып жаткандыгым жөнүндөгү жалаа эле. Чынында мындай сезим менин оюмда жок, түшкө да кирбеген нерсе экени чын. Аны мен сөз аркылуу гана айтпай, иш менен ага чейин эле далилдегенмин: Мен түзгөн программаларда, окуу китептеринде, жазган диссертацияда ж. б. Сагымбай да, Саякбай да чоң манасчылар деген баа алып, бири жаман, бири жакшы делбей тең коюлуп эле жүргөн. Анын үстүнө мектепте окуган курагы согуш жылдарына туура келип, согуштан кийин дароо ишке аралашкан мен курдуу адамдар жакшы билишет, ошол кезде, жеке эле мен эмес, дээрлик көбүбүз андай бөлүнүп, жарылуу деген түшүнүктү билчү эмеспиз. Ошон үчүн буга катуу теригип, өз күнөөсүн көз көрүнөө мага жаба салат деген ой менен өчөшүп, сыйлуу, кадырлуу, белгилүү адамдын сөзүндөгү жүйөөлүү жагын эмес, мага терс жагына басым жасап, Сагымбай мага тууган эмес, илим мекемесинде иштеп жатып илимий принципти бузууга жол бере албайм, бул жекече менин пикирим эмес, бүт сектор кызматкерлери мени колдойт деп көшөрүп туруп алдым. Сектор мени колдоору чын эле. Анткени мурда кеңешип, ушундай иштейли — деп, баарыбыз макулдашканбыз. Редколлегия менин сунушума макул болуп, «Манастын» тексттерин жарыялоо Сагымбайдын вариантынан башталсын — деп чечим кабыл алды. Түгөлбай Сыдыкбеков өз сунушу өтпөй калганына ыза болдубу, же башка себеби барбы, айтор не болсо да жыйналыштагы сөздү ошол бойдон калтырбай, башка жерлерде да айтып, өз аргументтерин кеңейтип, тереңдетип макала жазып (ал макала жазуучунун эмгектеринин тандалган жыйнагында да жарыяланды), тар чөйрөдөгү кепти сыртка чыгарып, кеңири жайып жиберди. Натыйжада Т. Сыдыкбековго жакшы көрүнгүсү келген кошоматчылар да, Мусаевди жаман көргөндөр да ал сөздү учуртуп, ырбатып, акыры менин артыма Сагымбайдын тууганы, Саякбайдын жаман көргөн душманы катарындагы ярлык тагылып, ыплас сөз ээрчип алды (бул маселеге мынча кеңири токтолуунун себеби да ушунда. Чындыкты башкалар да билип калсын деген пенделик нээт). Албетте менин артыма жабыштырылган ярлык Саякбай манасчыга да жеткени, болгондо да кыйла тереңдетилип, «ишенимдүү» адамдар тарабынан (ал, ишенимдүү адамдардын аты-жөнүн да Сакемдин өзүнөн

укканбыз) жеткирилгени күмөнсүз. Ошон үчүн ыраматылык Сакем мага шектүү карап, мурчуюп, сыртын салып, жакындабай, коомай жүргөн болчу. Мунун эсесин экспедиция учурунда чыгардык. Кана сүйлөшүп, сырдаш катары тамашалашканга чейин барып, сыр алышып, оюбуздагыны айтыштык. Айрыкча үч кишиге катар салынган төшөктө жатып, чырак өчүрүлгөндөн кийинки уйку алдындагы аркы-беркини айтып кобурашуулар канчалаган ушакчылардын көп күнкү шыбырын заматта жууп кетирерлик сезимге дуушарлаган учурлар аз болгон жок. Ошондой сүйлөшүүлөрдө Сакеме, мага адис катары манасчылардын жакшы, жаманы жок экенин Сагымбай, Саякбай турмак ар бир башка манасчы да мен үчүн ириде изилдөөнүн объектиси — фактысы экенин, мыкты манасчы эле эмес, начар манасчы да мага факты берерин айтып, талкан таап жеген кесибим ошол манасчыларды үйрөнүү болсо бирин жаман көрүп, экинчисин жакшы көрөр не себебим болсун? Саякбайды жоготуп, Сагымбайды гана алып калганда менин табар пайдам не? Жеген талканым көбөйбөй, тескерисинче азайып калбайбы?! — дедим. Сакем аныц чын деп макул болду.

Бир жолу Сакем эмне үчүндүр жанакылардын сөзүнө ишенип, мурчуюп таарынып, сени коркутуп жүрүп мен зыян тарткан турбаймынбы? — деп калды. Эмне үчүн? — дедим. Мен четтеп туруп албаганда сен «Манасты» мурда жазмак турбайсыңбы. Мурда жазсаң жакшы болбойт беле! — деди. Мен: «Жок, Саке, болор иш болуп өттү, ушак жерге кирсин. Сиз экөөбүз бири-бирибизди түшүнүшпөдүкпү. Эми ал ушактар жөнүндө эскербей эле коюңуз. Ушактан сиз деле, мен деле зыян тарткан жокпуз. Мурда мен Университетте иштегенде «Манаска» тиешем жок эле. Бул жакка жакында эле келбедимби. Аныц үстүнө эпосту жазуу, коюу мен жалгыз чече коюучу маселе эмес. Бир кыйла каражат талап кылынат, аны чондор бөлөт. Ошого байланыштуу эмеспи»,— деп түшүндүрдүм. Ал адам: «Ии, аны билем»,— деди. Бирок чынында кары манасчынын сөзүндө чындыктын үлүшү да бар эле.

Ошентип биз мурда алыстан карап чоң манасчы катарында гана билген адам кадимки эле мыкты жагы менен бирге айрым кемчилиги да бар, ак көңүл, бала кыял, ишенчээк, сезимин ичине ката албаган, бирөөнү жактырбаса дароо байкалып турган, бир мүнөз, көңүлүнө туура келбесе мурчуюп унчукпай олтуруп алган,

жөжө ээрчиткен тооктой болуп бала-бакырасына карап, кемчилигин көрүп турса да ага ишенбей үстүнө түшө калып коргоого даяр турган момундук-аңкоолук жактары да бар, тамашакөй, борсулдап күлүп, тамашалашканды да жакшы көргөн адам экендигин көрдүк. Албетте, бул мүнөздөмөнү толук дешке болбойт. Не болгон күндө да ал адамды биздин жакындан байкообуз бир эле жолу, анча узакка созулбаган убакыт ичиндеги көргөндөргө негизделип жатат. Ошол жолу бат-бат жолугушуп туралы колдон келсе ушул жолку сыяктуу узак убак бирге болууга аракеттенели деп убадалаштык эле. Узак бирге болуп, экспедицияга барабыз деген ойду мен айткамын. Кыргыз жергесин колдон келсе бүт кыдырып, жер-жерлердеги Манастын атына байланышкан ажайып кооз жайларды, түрдүү белгилерди түстүү фото сүрөткө тартып, ошолорго байланышкан легенда, аңыздарды эл арасынан жыйнап, сүрөттөрдөн турган китеп кылып, аларды бир нече тилде ар бирин ошол сүрөт турган жерге кошо берип бастырып чыгарсак жаман болбос эле деген кыял бар болчу. Ошол тилекти Сакеме да айтып, эгер каражат, зарыл жабдыктар, унаа таба алсак сизди кошо ээрчитип алып, мисалы Каркырадагы Көкөтөйдүн ашы өткөндөгү казылган кемегелердин орду делген жерге барып, аштын окуясын айтып жатканыңызды документалдык кино лентага тартса жаман болбос эле го десек, Сакем кадимкидей кубанып, ошентсеңер мен барам! — деген. Бул жөнөкөй айтылган тамаша эмес, чынында ойдогу максат болчу, бирок манасчыны ал ишке катыштырмак турмак идеянын өзүн жүзөгө ашыра албадык. Ал ой турмак Сакем менен бат-бат кезигишип туралы дешкен убада деле так аткарылбады. Ырас, жолугушуп, үйгө келип чай ичишип дегендей мамиледе жүрдүк, бирок Сакем дайым эле Фрунзеде тура албады, анын үстүнө көр оокат менен иштен чоло тийбей ошол ал адамдын бул жерде болгон учурларын деле сак-сактап кайтарып, келе калганда дароо жолугушуу дайым эле колдон келе да бербеди. Буга кошул-ташыл болуп ошол жылдары реакциячыл Сагымбайдын вариантын чыгарып жатат деп мени айыптаган арыздар Фрунзеден Москвага чейин жамгырдай жаап, ар бир арызды текшерүүгө келген комиссиялар, аларга түшүнүк жазуу, көптөгөн арыздардын талкууларын ж. б. сыяктуу көр пенделик машакаттарга алаксып, мыкты адамга берген убаданы так аткарууга чама да жетпеди. Ошентсе да Саякбай манасчыга Са-

пар экөөбүз бирге туруп берген убадаларыбыздын эң негизгиси толук жана так аткардык деп эсептейм. Ошол экспедиция учурунда: «Саке, камсанабаңыз, аман болсок сиздин вариантыңызды баштан аяк басмадан чыгарабыз!» — деп убада кылдык эле. Сакем «атаа айланайындар, ошентсеңер жакшы болбойт беле!» — деп ыраазы болгон. Бирок ошол кезде бул убада ал адамга жөн гана көңүл улап айтылып койгон сөз катары түшүнүлүшү да мүмкүн эле. Анткени, Сагымбайды чыгарабыз, анан сиздин вариантты да бастырабыз деген сөздөрдү бир нече жолу укканы менен канчалаган жылдардан бери эч кимдин колунан келбеген мындай чоң ишти ушулар эле жакында бүтүрө коет деп ишенгенин кудай билет. Анын үстүнө ишти баштаганыбыз менен ошол кезде аягы эмне менен бүтөрүнө эч ким кепил да боло алмак эмес. Қыйындыктан эмес, өжөрлүк менен тырышып жүрүп Сагымбайды да, Саякбайды да жарыялап, элге жеткирдик. Бул убаданын жүзөгө ашканына кубанабыз жалгыз гана ошол учурду манасчынын өзү көрбөгөнү өкүнүчтүү. Эгер Саякбайдын жалган күйөрмандары менен биздин ишибиздин ийгилигин көрө албагандардын бут тосууларын, арыздар жазуу, аны уюштуруудан башка да толгон тоскоолдуктары болбогондо, ушунун кесепетинен терилип бүтүп, басууга кол коюлган, «Манастын» биринчи китеби басмаканада 4—5 жыл кармалып жатпаганда кадырлуу аксакалга берилген убада алда канча мурда аткарылмак.

Саякбай манасчы айткан вариант беш том болуп, мазмуну, толук дээрлик мүнөздө жарыяланды. Биринчи китеби жарык көргөндө ага жазылган баш сөзгө кирбей калган айрым ойлорду айтуу жана бул улуу жомокчунун маанисин дагы бир жолу баса белгилеп коюу максатында көлөмдүү макала жазып, газетага жарыялассам мурда Саякбайга «күйөрман» болуп жүргөндөрдүн ичинен өзү иштеген ишти өзү мактап жатат, муну тыйбайсыңарбы деп партиянын Борбордук Комитетине арыз жазгандар да болушту...

Саякбайдын улуулук касиети манасчылык өнөрүнө байланышкан. Бул багытта билгендерибизди колдон келишинче айтып жүрөбүз, дагы ыгы келген учурларда айтуу эпостун изилдөөчүсү катары да, улуу инсанды билген-көргөн адам катарындагы адамдык да моюндагы парсыбыз.

Чоң манасчы, анын өнөрү жөнүндөгү айтылуучу сөз али көп. Ошентсе да бул жыйнактын түзүүчүлөрү мага

бөлүп берген көлөмдүн ченеминен бир топ ашып кеткендикти эске алып, ойду аяктаганыбыз жөн. Бирок, Саякбай манасчыга байланыштуу айтылуучу илимий атайын эмгектердин тутумуна кире турган, ошого карабастан бүгүнгө чейин анча көңүл бурулбай келген бир маселени эске салып коюу иретинде бир-эки ооз сөз менен болсо да айта кетүүнү зарыл деп турам. Ал Саякбай билген улама, аңыз, легенда, макал-лакап ж. б. элдик оозеки көркөм чыгармачылыкка кирүүчү материалдар.

Саякбайды адамды зериктирбей сүйлөп берүүчү сөзмөр адам дешке болбос, бирок өткөн-кеткен, белгилүү адамдар, алар жөнүндөгү аңыз, легендаларды ж. б. эл чыгармачылыгынын материалдарын бир топ эле арбын билчү. Буга биз өзүбүз жогоруда сөз болгон экспедиция учурунда күбө болдук. Бир эле жолдо, узакка ирээти менен айтканын байкабадык, бирок сөз арасында эсине түшкөн бул же тигил окуяга, ойго, сөзгө байланыштырып айтылган ого эле көп маалыматтарды уктук. Алардын ичинде Кыдыр, Саза бүркүтчү, Байбагыш болуш, Көкөтай (белгилүү куудул), Тыныбек манасчы, Чоюке, Мойт, Солтобай ырчы, казактардын Тезек төрөсү, Түпөк акын, Кулмамбет акын ж. б. бар. Биз экспедиция учурунда «Манас» жана анын бөлүмдөрүн жазып бүткөндөн кийин деги эле билген, укканыңызды бүт айтыңыз деп айткандарын лентага түшүргөнбүз. Бирок көп сүйлөп көнгөн адам болбогондуктан Саякбай жомокчу билгендерин ирээти менен дароо эстеп айтып бере алган жок. Ал турмак ал кишинин өз оозунан мурда биз уккан материалдардын да көбү айтылбай, баягыны да айтпайсызбы — деп айрымдарын биз эсине салып жатып жазганбыз. Ошол жазууга киргендеринин айрымдары, жазылбаган да бир кыйла маалыматтар мен уккан учурда кагаз бетине түшүргөн түрүндө экспедициянын күндөлүгүндө жүрөт. Ал материалдар чогултулуп, кенен сөз кылынууга-изилдөөгө алууга татыктуу. Өзүнчө бастырылып чыгарылса да жаман болбос эле. Албетте, С. Каралаевдин бизге калтырган мурастарынын ичиндеги эң негизгиси «Манас» жана анын бөлүмдөрү болгон «Семетей», «Сейтек», «Кенен», «Алымсарык-Кулансарык». Манасчыдан эпостун тексттери үч жолу жазылганы менен көркөмдүк сапаты, толуктугу жактан өзгөчө болуусу ал 30—40-жылдардын ичинде ирээти менен айтып берип жаздырган үлгү. Жарым миллиондон ашык ыр сабынан турган бул текст маалыматка бай, эпостук

салтын туруктуу дээрлик бүт камтыган, көркөмдүгү жогору варианттардын биринен, көлөмү боюнча бүт дүйнөдө теңдеши жок. Саякбай манасчынын артына калтырып кеткен улуу мурасын кыргыз журтчулугуна, анын чегинен сырткары элдерге да кеңири тааныштыруу аракеттери көптөн бери системалуу түрдө жүргүзүлүп келе жатат. Дегеле «Манастын» кандай чыгарма экендигин дүйнө адамдары да алып көрүш үчүн бери болгондо Сагымбай менен Саякбайдын варианттарын толук түрдө англис, орус ж. б. элдердин тилдерине жогорку сапаттуу деңгээлде которуп жарыялоо зарыл иштердин биринен.

Жомокчу жөнүндөгү ушул эскерүүнү турмушта болгон бир кичине окуяны айтуу менен аягына чыгаргым келет.

Мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун өтүнүчү боюнча курска келген мугалимдерге «Манас» боюнча лекция окуган учурлардын биринде сабактын акырында суроо-жоопто мугалимдердин бири менден Сагымбайды көрбөсөңүз да Саякбайды көп эле көргөндүрсүз, балким бирге да болгондурсуз. Саякбай кандай киши эле? — деп сурап калды. Мен Саякбай улуу манасчы, жакшы киши болчу,— дедим. Суроо берген жигит жок, аны баарыбыз жакшы билебиз. Тирүү адам катары кандай кемчиликтери бар эле деп жатам — деди. Эң кур дегенде майда кемчиликтери болбогон да тирүү жан болчу беле. Саякбай манасчы да тирүү адам эле, анын да өзүнө тиешелүү майда-барат мүчүлүштүк кемчиликтери да бар болчу, аны көргөмүн, билемин, бирок айтпаймын! — дедим. Мени тамаша кылып жатат дешти өңдөнөт угуп олтурган мугалимдер күлүп калышты. Эмне үчүн айткыңыз келбейт? — деп суроо берген жигит такыр туруп алды. Мен ар бир тирүү адам өлөт, анан кемчилиги да өзү менен кошо жоголот, Саякбай улуу адам. Улуу адам өлбөйт, демек бүгүнкүлөргө эле эмес, эртеңкилерге көбүрөөк таандык. Келечек муундар үчүн Саякбайдын тирүү адам катарындагы майда кемчиликтеринин жарым тыйынчалык керектиги жок, алар анын эмгегин баалап ошого жараша баасын беришет. Демек улуу адамдын тирүүсүндө мүчүлүштүк — кемчилиги болсо да ал жөнүндөгү маалымат кабарлар ошол адамды жеке билген кишилердин чөйрөсү менен гана чектелип, ошол чөйрөгө кирген инсандардын өмүрүнөн ашпасы ж. б. алардын көзү өткөндө киши жоголуп, унутулуп калуусу жөндүү. Жеке өз түшүнүгүмдө андай

маалыматтарды ооздон-оозго айтуунун, айрыкча кагаз бетине түшүрүп жазуунун зарылдыгы жок деп эсептейм. Себеби оозеки айтуу да, бөтөнчө узакка сакталуу жөндөмүнө ээ болгон кагазга жазуу да керексиз маалыматтардын жашоосун узартат. Ошон үчүн силер да Улуу инсан Саякбай манасчынын тирүүсүндөгү адам катары майда кемчиликтерин билбей эле, эгер билсеңер да өзүңөр окуткан мектеп балдарына айтпай эле койгула. Андан силер балдарга берүүчү билим анча деле бөксөрүп калбайт! — дедим. Угуп олтурган мугалимдердин көбү туура, туура! — деп коштоп кетишти. Ушул ойду азыр да айтмакчымын. Биз билгенден Саякбай Каралаев улуу манасчы, жакшы киши эле! Анын талантын, эмгегин баалап, атын сыйлап жүрөлү! Арбагы баарыбызга ыраазы болсун!

МУҢДУК МАМЫРОВ

«ЧОЮКЕ ЧЫНАР — МЕН ЧЫРПЫК»

Бүт дүйнөнүн байыркы элдеринин эпостору көлөмү жагынан кыргыздын «Манас» жомогуна теңеле алышпаганы эбак далилденген. «Манас» эпосунун көлөмү кандай чоң болсо, анын мазмуну да ошондой бай. Жеке эле кыргыздардын турмушу чагылдырылбастан, ар кыл кырдаалдарда коштошу жашап келген байыркы эл менен уруулардын тиричилиги да «Манас» эпосунда жалпылаштырылып сүрөттөлөт. Көлөмүнүн зордугу, ар кыл турмушту кеңири көрсөткөндүгү менен да «Манас» эпосу башка байыркы элдердин маданий мурастарынан бөтөнчө айырмаланат. Сөздүн ток этер жерин айтканда, «Манас» эпосу — кыргыз элинин жазылбаган өзгөчө тарыхы, өзүнчө түгөнбөгөн архиви.

Кыргыз элинин бирден-бир сейрек мурасы «Манас» эпосун белгисиз мезгилден бери түзүп, биздин күндөргө чейин өнүктүрө сактап келишкен таланттуу жомокчулардын сиңирген эмгеги аябай зор. Айтып да түгөткүс, ошондой таланттуу манасчылардын ириси — Саякбай Каралаев болгон. Азыркы адамдардын отуз жаштан өйдөкү мууну жакшы көрүп-билип калган көрүнүктүү манасчы жөнүндө эскерип сөз кылуудан мурун жалпы эле

«Манас» үчилтигине тиешелүү бир мүнөздүү өзгөчөлүктү алдын ала белгилеп алмайынча, Саякбайдын чыгармачылык жүзү ачылбайт. Саякбайдын күчтүү таланты, жомокчулук өзгөчөлүгү жазылып алынган «Манас» үчилтигинин көп варианттарын кыскача мүнөздөгөндө гана таасын көрүнөт. Үчилтиктин ар бир бөлүгү боюнча толук жана толук эмес эпизоддук мүнөздөгү болгон материалдарды бирге алганда — бардыгы 50 дөн ашык вариант чогултулган. Ар бир бөлүгүн өзүнчө эсептегенде «Манастын» 20, «Семетейдин» 21, «Сейтектин» 10 варианты жазылып алынган. Ушул элүүдөн ашык варианттын — бүт үчилтик боюнча алганда да, ар бир бөлүгүн өзүнчө эсептегенде да жападан-жалгыз толугу Саякбайдын варианты. Сагымбайдан жалгыз эпостун «Манас» бөлүгү гана жазылган. Анын вариантында эпостун акыры — Манастын өлүмү эл билгендей, өткөндөгү көп манасчылардын муундары айтып келгендей бүтпөйт. Бул Сагымбайдан жазылган эпостун «Манас» бөлүгү да толук эмес экендигин ырастайт. Калган варианттар үчилтикти бүт, ар бир бөлүгүн өзүнчө алганда да толук эмес. Ар бир бөлүктүн айрым окуялары, бөлүктөрү гана жазылган. Көпчүлүк варианттардын окуялары, эпизоддору схемалык мүнөздө. «Манас» үчилтигинин ар бир бөлүгүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн тапатак-аныктоодо толук жана толук эмес вариант деген термин — атоону колдонгондо гана илимий мамиле жасалат. Ошондо бүт үчилтикти өзүнчө алганда Саякбайдын, эпостун «Манас» бөлүгү боюнча Сагымбайдын варианты гана толук, калгандары толук эмес варианттар экендиги менен айырмаланат.

1957-жылы кайрадан «Манас» сектору ачылды. Ошол жылдын 5-октябрынан баштап, мен «Манас» секторуна кенже илимий кызматкер болуп орноштум. Мага чейин сектордо Ыбырайым Абдыракманов кенже илимий кызматкер, Аскар Сопиев секретарь, И. Раимбаева лаборант болуп иштечү экен. Кийин сектор башчылыгына Өмүркул Жакишев дайындалды. Ошол мезгилде кыскартылып бириктирилген вариант түзүлүп, негизинен бүтүп калган кези эле. Бириктирилген варианттын башкы редактору университеттин ректору, академик Болот Юнусалиев. Даярдалган эпостун текстгерин талкуулаган сектордун жыйыны бат-бат болуп турат. А. Сопиевдин секретарлыгы ошондой жыйындарды уюштуруп, иш кагаздарын тейлөөнү, жүзөгө ашырат. Жыйындын жүрүшүндө Б. Юнусалиев кыскартылып бириктирилген вариантка баш сөз жазууга кызуу киришип, алек болуп

жүргөнү дароо байкалды. Ошондой жыйындарга кээде Саякбай Каралаев да катышып калчу. Эпостун «Манас» бөлүгү негизинен Саякбай менен Сагымбайдын вариантынан алынган. Варианттардын өзгөчөлүгүн тактоодо жыйындын катышуучулары Саякбайга такай кайрылчу. Себеби бир Кубанычбек Маликовдон башкасы эпостун «Манас» бөлүгүнүн тексттери менен толук тааныш эмес болучу. Сагымбайдан жазылган эпостун «Манас» бөлүгүнүн салттык окуяларын, мотивдерин түзүүчү катары К. Маликов түзүк билчү. Ө. Жакишев экөө эпостун «Манас» бөлүгүнө байланыштуу айрым маселелерди, окуяларды, мотивдерди талашып, жыйындын жүрүшүн кызытчу. Саякбайга суроону көп берип, тактагандар Б. Юнусалиев менен Касымаалы Жантөшев боло турган. Алардын суроосуна Саякбай токтолбостон шар жооп берип, эпостон ыр түрмөктөрүн да күпүлдөтүп айтып жиберчү. Жооп сөз же ыр менен айтылса да, ошо замат күлкү менен коштолуп, отургандардын жарпы жазыла түшчү. Кээде Саякбайдан эпостун бөлүктөрүнөн үзүндү айттырып угуп, сектордун жыйыны бүтчү. Саякбай катышканда жыйын узакка созулса да, убакыт кандай өткөнү билинбей калчу. Жаштар же улгайган адамдар менен сүйлөшсө да, күлкүсү таш жарып турчу. Анын адам катары жөнөкөйлүгү, сөзмөрлүгү, жылдызы жанган жагымдуулугу — тубаса чоң талант жана эриш-аркак айкашын, өзүнчө жарашыктуу өң берчү.

Айрым учурда жыйынга катышкандардын арасынан Маликов менен Жантөшев Саякбайга тийишип, сөз айткашын да угуп калчубуз. Андайларга Сакемдин таап, таамай айткан сөздөрү ошол замат куюлуп кетчү. Сөздү таре эттирип бетке айтканда, Сакемдин хандан-бектен кайра тартпаган өткүрлүгү дароо билинчү. Каш кирпиги бириндеп, муруттары тик тура турган. Жантөшевдин тийишкенине Сакем аябай таң калчу. Отурган боюн түзөп, качырып кала берчүдөй комдоно көзү жайнап кетчү. Ал Сакемдин, Молдобасандын «Манас» айткашын кыймыл-аракетин, аткарган үнүн, кыраатынан бери — ар бирин куду өзүндөй туурап тийишчү. Угуп-көргөндөр Жантөшевдин укмуштуудай артисттик өнөрүнө таң кала күлүп жатса, Сакем адегенде ормоё карап, берилип кеткенин сезбей калчу. Акыры көзүнөн жаш чыккыча күлүп, жаш баладай жадырап-жайнап каткырчу. Пендечилик кылып, кээде чычалап, ызага жендирип да ийчү. Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Асылбек Алтымышбаев, Бегимаалы Жамгырчинов, Сатар Илия-

сов, Азиз Салиев өндүү кыргыздын көрүнүктүү акын-жазуучулары, окумуштуулары Саякбайды атынан айтпай, алдынан кыя өтпөй, Саке деп чоң урмат-сый көрсөтүшчү.

«Манас» секторунда иштегенден баштап, мен эпоско арналган илимий изилдөөлөрдү, макалаларды, бир учурда жазылып алынган варианттарды үйрөнүүгө киришитим. Алгачкы мезгилде Сагымбай менен Саякбайдын варианттарын үйрөнүүгө көңүл айрыкча бурулду. Эпостун окуяларын басып чыгаруулар да, орус тилине которуулар да, өзгөчө изилдөөлөр менен макалалар да дээрлик Сагымбайдын вариантына гана негизделип келгендиги белгилүү болду. Себеби — Сагымбайдан эпостун «Манас» бөлүгү мурда жазылгандыгы да тиги бу деңгээлде түрткү берген. Бул биринчиден. Экинчиден, отузунчу жылдары айрым жетекчи кызматкерлердин жердештик саясаты Саякбайдан «Манас» үчилтигинин жазылып алынышына тоскоолдук кылгандыгында. Бир мисал келтирейин. Саякбайды сураштырып жүрүп, Ысык-Көлдүн башынан атайы Фрунзеге келип, үчилтикти жазып алууну уюштурган — азыркы ардактуу академик, профессор Хусейин Карасаев 32-жылы илимий мекемеден куулуп, Жалал-Абадга жиберилет. Акыры ал түрмөгө да түшөт. Саякбай кайра Көлгө кетүүгө аргасыз болот. Өз мезгилиндеги көрүнүктүү окумуштуу — «Манас» эпосун биринчи изилдөөчүнүн бири Касым Тыныстанов менен ошол Хусейин Карасаевдин демилгеси менен эмгек майыбы Юнус Рисовго Саякбайдан үчилтикти жазып алуу иши «тымызын» тапшырылат.

«Манас» эпосун басып чыгаруудагы, изилдөөдөгү бугa чейин айтылган өзгөчөлүгүн, бөтөнчө жазылып алынган негизги варианттардын мүнөздүү айырмачылыгын таанып-билгенден кийин мен Саякбайдан жазылган үчилтикти үйрөнүүнү алдыма атайы максат кылып койдум.

Саякбайдын «Манас» үчилтигин кандайча, кантип айтып калгандыгын, кимден үйрөнгөндүгүн, өмүр баянын жекече сүйлөшүп билүүгө да атайы кызыктым. Эпосту айтып калуудагы мурда белгилүү материалдарды тактап алууга, жетилтүүгө да аракет жасалды. Баарыдан мурда Саякбайды качан биринчи көрүп, эпос айтканын укканымды кайрадан көз алдына келтирүү түйшүгүн тартууга да туура келди. 39-жылдын жай айы болсо керек эле. Тоңдун Кара-Суу айлына артисттер келишиптир. Оюн коёт экен деген сөз андан 4—5 кило-

метрдей аралыктагы Туура-Суу айлына угулуп калды. Айылдын алыстыгына карабай, кечке жуук өспүрүм балдар Кара-Суу айлына шаша жөнөдүк. Жер эңкейиш болгондуктан бирде бирибизди-бирибиз кубалаган болуп, бирде каадалана басып, айылга кандайча жеткенибизди сезбей да калдык. Эки айылдын аралыгы ак топуроктуу келгендиктен Ак Дөбө аталган. Жолдон жалгыз атчан киши өтсө эле чаң уюлгуп калат. Бирин-серин адамдар ат менен келишти. Ондон ашык балдар топтошуп, кууша чуркаганда чандын буруксуганын айтпа. Балдар баарына кайыл, оюн көрсө гана болду.

Ал кезде айылда клуб өндүү маданий жай дээрлик жок. Колхоздун кенселери, кампасы, кырманы өзүнчө бир короодо, жалпак там түрүндөгү жайларда жайгашкан. Ошондой жалпак тамдардын бет алдына эки-үч көшөгөнү тарта коюп, артисттер оюн көрсөтүштү. Свет да жок болгондуктан бир нече фонарды пайдаланып, оюн коюшту. Чынын айтуу керек, аткарылган чыгармалардын айрым ыр саптары, сөздөрү азыр да кадимкидей эсте. Артисттердин өң-түсүн жакшы деле ажырата албадык. Айрыкча эсте калган артисттер — Саякбай, Калык, Шаршен болду. Калык топучан, комуз менен ырдаган. Эмнегедир ырдап жатканда башындагы топусу бирде чекесине келе калып, ошо замат кайра желкесине жылганы таң калтырды. Шаршендин көшөгө ачылар замат көрүнгөнү, баскан-тургану, өңү-түсү, кыймыл-аракети эле күлдүрүп, сүйлөсө күлкү таш жарып жатты. Саякбай «Манас» айтканда тымтырс болуп, балдар да, чоң адамдар да абдан берилип угушту.

«Баатыр болсо, мына ушундай болсун! Мына, кыргыздын атын чыгарган баатыр уулдары! Бали! Саякбай сага чоң ыракмат! Көп жаша!» деген сөздөрдү чоң адамдар кайра-кайра кайталап айтып жатышты. Ат минип келген жаштар отургандарга жакындап Саякбайдын «Манас» айтканын чукулунан угуп-көрүүнү каалашты. Кайра-кайра кол чаап, Саякбайды кайрадан сахнага да чыгарышты. Экинчисинде мурункудай узак айтпай, эл менен кайра-кайра ийиле коштошуп көшөгөгө кирип кетти.

Оюн көрүп кайткандан кийин айрым балдар Саякбайдын «Манас» айтканын, Шаршендин куудулданганын, Калыктын топусун кыймылдатып ырдаганын туурого аракеттеништи. Куду өзүндөй болбосо да Шаршендин айрым сөздөрүн, кыймыл-аракетин, өңү-түсүн көпкө чейин туурап да жүрүштү. Калыктын топу кыймылдатка-

нын эч ким туурай албады. Барып-келип акыры Калыкты, Шаршенди тууроо унутулду. Саякбайды туурап, эпостун айрым саптарын айтып, балдар бири-бирине тийишип, кыр көрсөткөнүн кадимкидей уланта бериштн. Саякбай «Манас» айтканда балдардын жаттап алып, туурап жүргөн ыр саптары мына булар эле.

Атаңдын көрү дүңүйө,
Арбыды мээнет күңүгө
Атпай түрктүн балдары
Жамандык кылдым кимиңе.
Кан кыл деп айттым кимиңе,
Какылдаган Чубак кул
Каның экөөң бирикчи,
Кагайынбы жиниңди...

Саякбайдын эпосту айтып жатканда кадимки баатыр жоокердей найза сайганын, күрсү уруп, айбалта чапканын кыймыл-аракет менен элестеткенин да балдар туурап көрүштү. Сеники окшобойт. Мына, мен окшотом деп талаш-тартышка да түшүштү. Ошентип, Саякбайдын «Манас» айтканын көргөнү да, көрбөгөнү да биринен бири үйрөнүп, айтканын улантышты. Көрсө Саякбай эпостун «Манас» бөлүгүнөн Чоң казаттагы Алмамбет менен Чубактын чатакташкан окуясын айтыптыр. Алмамбет менен Чубактын чатагында баатырлардын психологиялык абалы, карама-каршылыгы, кайгылуу тагдыры абдан курч сүрөттөлгөн. Ошонусу менен ошол окуя жаралган мезгилинен элге күчтүү таасир калтырып келген. Ушкандар баатырларды кайраттуу эрдигине, өткүрдүгүнө ыраазы боло жактырса, кайгылуу тагдырына кейип-аяшкан. Баатырлардын ар кыл абалдагы тагдырын бөлүшүп, каарданса кошо кайраттанып, өкүнсө бирге үшкүрүшкөн. Ушундай өзгөчөлүгү менен элес кеңири таанылган — бирден-бир ири окуя катары жогору бааланган. Аталган ыр түрмөктөрүн балдардын угаар замат жаттап алып айтып калышынын сыры — жалпы эле «Манас» эпосунун элдин турмушундагы алган орду, жогору бааланып келиши менен түшүндүрүлөт.

Саякбайды эскерип, сөз кылганда, жалпы эле «Манас» эпосун үйрөнүү тарыхында өзгөчө мааниге ээ болгон бир учурду атайы белгилеп коюуга мен өзүмдү изилдөөчү катары милдеттүүмүн деп эсептеймин. Барып-келип ал дале Саякбайдын «Манас» айтканына бекем байланышкандыгы менен жогору бааланып, бөтөнчө айырмаланат. 1952-жылы Фрунзе — азыркы Бишкек шаарында откорүлгөн Бүткүл Союздук илимий конференцияга

бирден-бир ири манасчы катары Саякбай да катышкан. Конференцияга Ленинград, Москва, Алматы өндүү ири шаарлардан-ар кыл адистиктеги көрүнүктүү окумуштуулар келип, «Манас» эпосу боюнча докладдар жасап, сөз сүйлөшкөн. Сагымбай, Тоголок Молдо, Шапак өндүү манасчылардын варианттарында панисламдык, пантүркчүлүк идеялардын, басып алуучулук согуштардын күчтүүлүгүн баса белгилеген окумуштуулар да чыгышкан. Конференция жөнүндө сөз болгондо «Манас» эпосун сактап калган М. Ауэзов болгон деп көптөн бери айтып да, жазып да жүрөбүз. Мындай ойду айтууда Ауэзов армяндардын «Давид Сасунский» эпосунун жашырын басып кыргыздын «Манас» эпосунан колдонуп, жаңы «ачылыш» жасаган.

Армяндардын «Давид Сасунскийи» 50 варианттан кураштырылып бириктирилген. Кийлигишүү бардык жагынан кеңири жүргүзүлгөн. Бир мисал келтирсем бардыгы өзүнөн өзү ачык-айкын далилденет. Фонетикалык жагынан арарат диалектисине жакындатылып түзүлүшү, кийлигишүү кандайча, кантип жасалганын маалымдайт. Байыркы мурасты, оозеки айтылып келген эпосту мындай түрдө чыгаруу илимге каршы ой экендигин кеч болсо да баса белгилеп коюуга тийишпиз. Бул биринчиден, Экинчиден, кыргыздын «Манасы» менен армяндын «Давид Сасунскийинин» өзүнчө чыгарма катары калыптанышынын айырмасы асман менен жердей. Кыргыздын «Манас» эпосунун толук жана толук эмес варианттарынын ар бир окуясы өзүнчө иштелип бүткөн поэма түрүндө бизге жетти. Демек, ар бирин өзүнчө чыгарууга жарактуу чыгарма — вариант. Армяндардыкы мындай түрдө айтылбайт. Узун сабак, кээде чакан ырлардын үзүндүсү түрүндө гана жазылып алынган. Ошондой ырдын үзүндүлөрүнөн «Давид Сасунский» эпосу кураштырылып бириктирилген.

Конференциянын жүрүшүндө Ауэзов «Манастын» кыскартылып бириктирилген вариантын өзүнчө түзүп чыгаруу керектигин (илимий жагынан туура эмес болсо да) теориялык жагынан далилдесе, эпостун элдик чыгарма экендигин турмуштук практикалык жагынан аныктаган Саякбай болгон. Конференцияда Саякбайдын «Манас» айтып бериши — окумуштууларга, жалпы катышуучуларга эпос чыныгы элдик чыгарма экендигин аныктаган. Саякбай эпос айтканда да конференциянын катышуучулары дүркүрөтө кол чаап бериле жактырышкандыгын жапырт билдиришкен. Ошондон баштап, «Ма-

нас» кыргыз элинин байыркы белгисиз мезгилден биздин күндөргө чейин бериле сүйүп, угуп-көргөн кино-театры — азыр да кадимкидей оозеки айтылышып жашап жаткан «тирүү» эпос аталып кеткен.

«Манастын» тирүү эпос аталышы ошентип, илимий конференциянын жүрүшүнөн жаралып, кийинки күндөргө чейин аталып калган.

Саякбайдан жазылып алынган үчилтиктин бирден бир толук вариантын изилдөө иши мына ушундай өзгөчөлүктөрдү атайы көңүлгө кармоодон жаралган болучу. Бир учурда Саякбайдын өмүр баянына, чыгармачылыгына тиешелүү мурда белгилүү маалыматтарды тактап, жетилтүүнү эстен чыгарбадык, ошол максатта Саякбай менен жекече аңгемелешип, сүйлөшүүнү ойдон чыгарбай, иш жүргүзүүгө туура келди. Мурдагы маалыматтарда Саякбай Жети-Өгүз районунда туулган делип калса, мени менен сүйлөшкөндө Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Чоң-Сары-Ойдун Үч-Кой-Суу деген жерде туулганын өзү айтып берген. Баласы ымыркай кезинде — атасы Карала Жети-Өгүзгө жер которгон. Атынын Саякбай аталышын дале ошол күңгөйдөгү саяк уруусунун арасында төрөлгөндүгүнө байланыштырып түшүндүргөн. Бала кайсы жерде же чоң уруунун арасында төрөлсө, ошол аймактын, тайпанын атына байланыштырып наристеге ат коюу мурдатан эле кыргыз элинде кадимки жакшы салтка айланып кеткен. Бугубай, Кыдык, Саяк, Сарбагыш, Солто, Нарынбек, Жумгалбек деген адам аттары ошондой ысымдардан. Мындай түрдө ат коюуну кыргыздар ошол жерде, уруусунун арасында жашаган мезгилине ыраазы болуп, башына баш кошулган, жакшылыктын белгиси, колдоосу катары түшүнүшкөн. Баласы да өмүрлүү болуп, ошол жердин, уруунун атындай түбөлүккө айтылып калган жакшы ысымдуу адам болушун каалашкан. Ата-эне баласына Саякбай деп ат коюшуп, көздөгөн максатына, тилегине жетишкен. Акыйкатта ата-эненин каалоосу орундалып, саяк уруусунун аты белгисиз мезгилден биздин күндөргө чейин тарыхта кандай айтылып келсе, Саякбайдын ысмы да көрүнүктүү манасчы, чоң талант, улуу адам катары ошондой түбөлүккө ырдалып калды. Балага ат коюуда ушундай маани беришин эске алганда Саякбай чынында эле Ысык-Көлдүн күңгөйүндө Үч-Кой-Суу деген жерде саяк уруусунун арасында туулгандыгы ар тараптан ырасталат. Мындай түрдөгү тактоолор Саякбайдын түш көрүүсүнөн, Көзкамандардын окуясы менен Көкөтөйдүн ашы-

ның эпостун «Семетей» бөлүгүндө жазылып калышынан да байкалды.

Адамга ат коюуга байланыштуу белгилүү комузчу Чалакыз Иманкулов менен Саякбайдын тийишип сүйлөшкөнүн да көрүп-угуп калдык. 1960-жылы кеч күздө карыя акын Шамейдин 80 жылдыгын өткөрүү үчүн Тоңдун Ленин атындагы колхозуна Саякбай, Чалакыз, Кубанычбек, Райкан, Абдырасул барышкан. Акындын юбилейине арналган жыйын бүткөндөн кийин — райкомдун биринчи секретары Үмөталиев баш болгон адамдар менен бир үйгө Фрунзеден баргандар конок болушту. Ар түрдүү сөз сүйлөнүп, Райкандын аракты кантип койгонун өз оозунан сурап угушту. Кубанычбек менен Райкан сөзмөрлүгүн көрсөтүшүп, кызыктуу окуяларды айтып беришти. Кубанычбек Саякбайга тийишип да сөз учугун серпкен болду. Сөз эрте бооз бээни минип бүркүт жайганына байланыштуу жүрдү. Саякбай да жемин жедирбей Кубанычбектин эпостогу Жолойго эле тете соргоктугун апырта айтты эле, Кубанычтектин оозу ошону менен жап болду. Анан сөздү Чалакызга буруп, бул бүтүн адам эмес, жарым жартылай жарты адам. Чалакыз деп да ат коёбу. Аты эле жарты адам экенин ырастап турбайбы десе, Чалакыз — көптөн бери эле менин атыма асылдың да калдың — эмнеси болсо да менин атым мурдатан бери эле адамга коюлуп келген ысымдардын бири. Сенин айтканына мен чычалабайм. Өзүндүн атаңдын атын ойлоп көрчү. Бул атты кыргыздар итине коюшчу. Иттин аты. Итти мс Карала деп чакырат. Экөөбүз ат жөнүндө бири-бирибизге сынтакпайлычы деп сөздү дароо башка жакка буруп кетти.

Саякбайдын шашмалыгын айтып берейин деп сөз баштады. Филармонияда иштеп, райондорду кыдырып ар бир колхозго оюн коюп жүргөндө кыргыз-орус аралашкан бир чоң айылга барып калдык. Колхоздун кеңсаларына барсак колхоздун башкармасынын энеси өлүптүр. Мурда да барып, оюн коюп жүрүп таанучубуз. Ал жайды сурашкандан кийин башкарма үйгө келгиле. Силер нарктуу карыяларсынар. Энеме силер да топурак салсаңар сообу тиер деди. Биз топтошуп башкарманын үйүн көздөй бет алдык. Көрсө, ошол айылдагы орустардан да бир кемпир көз жуумптур. Эл топтолгон үйгө жакындаганда Саякбай өкүрүп коё берсе болобу. Аңгыча бир адам калдаландап бизди утурлап,— бул орус өлүгү десе болобу. Кыргыздыкы тиги көчөдө деп жаңаша көчөнү көрсөттү.

Шагыбыз сына түштү. Саякбай, Чалакыз баштаган артисттер орустун кемпирине өкүрүптүр. Анан мен — Саякбай сен шашмалыгыңды, алаңказарлыгыңды качан коёсуң? Элге шылдың болбодукпу деп жемелесем ошол замат берген жообу бул болду.

«Чалакыз, сен, кудайыңы кара! Орус болсо да мен кудагыйыма өкүрдүм. Сен үчүн, сени сыйлап өкүрдүм»,— деп кайра мени сөзгө сындырып, үстөмөндөтүп кетти. Баарыбыз тең каткырып күлүп калдык. Акырында Саякбайдын капилеттен сөз тапкан аны тарс эттире бетке айткан курчтугу бар деп сөзүн бүтүрдү Чалакыз карыя.

Саякбайдын сөзгө чеберчилиги — кары-жашына, мартабасына карабай сүйлөшө билгенинен, тийишсе берген жообунан таасын байкалчу. Адатта чыныгы тубаса чоң талант — өзүнүн талантынын күчүн, келечегин түшүнө, баалай билсе, ал хандан бектен кайра тартпаган, курчтугу, өткүрлүгү менен башка адамдардан бөтөнчө айырмаланган. Ошондой өзгөчөлүгү менен ал элдин чыныгы уулу, анын бирден-бир улуу адамы катары жогору баалангап.

Ары улуу, ары чоң адам жаратылыш берген күчтүү таланты менен түзгөн баалуу чыгармасы эле эмес, таамай таап айткан бир ооз сөзү менен да, сүйгөн элинин тарыхында, адамдардын сүйлөгөн сөзүндө түбөлүккө айтылып калуу кадимки салтка айланган. Дал ушундай таасын сөздү мен «Манасты» кимден, кантип үйрөнгөнүн сурасам алп манасчы Чоюкени Саякбай «Чоюке чынар — мен чырпык» деп таамай сыпаттап, сөз баштаган. Бул тубаса чоң таланттын, улуу адамдын өз окутуучусуна, устатына берген таасын аныктамасы, эч качан оңгорбой турган түбөлүктүү туура баасы.

Чыныгы тубаса таланттар угуп-көргөнүн ошо замат корком сөздүн таасын сүрөттөөсү менен баалап, аныктама бере билгендиги менен башка адамдардан өзгөчө айырмаланғандыгы башынан болуп келгендиги тарыхта да айтылат, мындайлар бардык элдердин таланттуу адамдарынын өмүр баянынан, чыгармачылыгынан кеңири кеңигет. Коңшу казактагы Жамбылдын карылыгы жетип, чөгүп калганда Кенен Азербаев деген акыны атайы барып, учурашат. Ал жайды сурашып, бүтө элек жатса Жамбыл «Ой, сага, не болду! Унга тыккан кара мышык баштанып» — деп өңү кара Кенендин чачы жашынып агарып, карылыктын сыны кирип калганын дароо байкап, таасын сөз менен сүрөттөптүр. Ушул бир ооз

сөздү ошол эле Ауэзов Жамбылдын сууруп салма чечен акындыгын мүнөздөгөн белги катары илимий изилдөөсүндө атайы эбак белгилеген.

Саякбай мындай түрдөгү таасын сөздөрдү, чечендикти адамдар менен сүйлөшкөн жерде куюлуштуруп жиберчү. Адамдардын көрүнүшүнө, кыймыл-аракетине, сүйлөгөнүнө жараша таамай сыпаттап, кээде ат коюп да сүйлөөчү. Бул жалпы эле таланттуу адамдарга мүнөздүү касиет сыяктанат. Алы Токомбаевде да ушундай мүнөз бар экендиги жалпыга эбак маалым.

Таап, таамай айтылган кыска аныктамаларына учкул сүрөттөөлөрүнө Саякбай терең маани берип сүйлөчү. Ошондой сөздөрүнүн айрымдары өзүнчө чечмелөөнү, изилдеп тактоону да талап кылат. «Чоюке чынар — мен чырпык» деген аныктамасына терең маани зындын ташындай уюшулган. Ошол аныктамасында Чоюкенин акындык талантын бийик өскөн — саябандуу чынардын бараандуу көрүнүшү менен берген. Эскерүүнүн «Чоюке чынар — мен чырпык» делип аталышынын мааниси да мына ушунда.

УРКАШ МАМБЕТАЛИЕВ

МЕН САКЕМДЕН БАТА АЛГАМ

Эсимде так сакталбаптыр. Жаңылбасам согуштан кийинки, эл чарбасын эми эми калыпка сала баштаган 1946—47-жылдары болуу керек. «Манас» эпосунан адабий окуу китептерине үзүл-кесил чыга калган эпизоддук кичине баяндарынан жаттап алып, окуучулар арасында «бала манасчы» аталып жүргөн кезим. Ошондой делөөрүп жүргөн күндөрүмдүн биринде заманыбыздын улуу манасчысы Саякбай атаны көзмө-көз көрүп, анын колунан шыбага татып, ак батасын алып калышым али күнгө оттой жайнап көз алдымда. Қыш мезгили. Айылыбыз тоо этектей жайлашкандыктан кар жылына адаттагыдай үзөңгү бою тиреле түшүп, мелтиреп тунуп турат. Андагы радио жана телевидение дегенден кабарсыз алыскы элеттиктер үчүн, борбор жактан өнөрпоз-артисттердин келиши өзүнчө чоң сайран, айтып бүткүс салтанат эле. Ошондой кар жумурткадай уюп жаткан ызгаардуу кыш-

ка карабай, жогору жактан эл шайырлары келиптир деген кубанычтуу кабар биздин айылдыктарды да бир дүүлүктүрүп өткөндөй болду.

— Оо, Бишкектен чоң өнөрпоздор келишиптир, дейби?

— Ооба. Болгондо да кош ат чеккен чана менен башкармабыз Осмон өзү баштап Түптөн тосуп алышыптыр,— дейт.

— Алар кимдер болду экен?

— Угушубузда айтылуу чоң манасчы Саякбай Карала уулу, ырчылардан Куттубай кызы Анвар жана Төлөш Турдалы уулу деген булбул таңшык мыкты ырчылар дешет.

— Кимдикине түшүптүр?

— Башкармабыз өз үйүндө меймандап жатыптыр. Мындай уу-дууну эшиткен шыктын бир тал тарууудай дагеги бар өспүрүм бала ээликпей туралчубу? Түмөн тоолук журтубуз касиеттей кастарлап күткөн мындай укмуштуудай өнөрпоздорду кечки оюнда бир көрүүгө чыдамым жетпөөчүдөй... Анын үстүнө башкарманын үйү бир көчөлөш, улагалаш жашагандыктан ал өнөрпоздордун ак дидарын бир көрүүгө ынтызарлана көңүлүм делөөрүтө тартып туруп алды. Сабагыбыз түштөн кийин болгондуктан, кыштын илепсиз кыска күнү терек бою көтөрүлө бергенде, мен Осмон башкарманын үйүн акмалай кадам алдым. Дал ошол учурда мени аптыктыра сүрдөтүп алп манасчы атабыз Саякбай баштаган төрт-бештей атчан адам Осмондун короосунан дүпүрөтө чыга келишти. «Чыйырчыктай карала, Алмакендин чоң тулцар үйкуймулчак Сарала» дегендей, жал куйругу жалтылдай төгүлгөн бөкөн соору чокулуу сарала ат минген ортодогу манасчы атабыз көзгө толо бараандуу. Анын манасчылык атак, айбатын башкача сырткы эр сымбаты менен оң каруусуна кондурган томоголуу көмүр жүндүү зор кара бүркүтү да ого төтөн арттырып тургандай... Ооба, анын чытыраган алмадай кызылдуу иреңине, калкандай чыйрак кара муруту кынала жарашып чырактай жаркын турат. Уюткан таштай төрт чарчысынан келген чымыр денелүү адамдын ат үстүндө отурушу да зилдей салмактуулугун байкатат. Бүркүттөй терең кабак астынан оттуу көз карашы ошончолук сүрдүү да, ажардуу да... Кулпунган суусар тебетейчен, сеңсел кара көрпө жакалуу, кара ичикчен Сакемдин элеси дал шер Манас атабыздын айбаттуу элесин чагылта тоо тарапты көздөй багыт алып баратты.. Аркасынан таңкала аңкайып ка-

рап турганымды байкап калган белем? Нарытан мага жан тарткан бирөө: «Сенин нес боло тигилип турганың дал ошо манасчы атаң Саякбай! Кечинде атын ала оттоп-жемдеп, колуна суу куюп батасын алып кал! — деп ак дилинен агалык кеңешин берди. Кечинде эл кышкы суукка карабай кулубга сыгыла кылкылдай келишти. Анвар эжебиз менен Төлөш ырчы алмак-салмак сахнага чыгышып кулак черин тарата аянбай ырдап беришти. Акырында Саякбай атабыз элдин суроосу менен Каныкейдин «Тайторуну чабышын» айтты. Турмуштук сан кагылышта окуяга жыш, бул мундуу баянды Сакем жүрөктөн-жүрөккө куюлта чоң эргүү менен өтө жеткиликтүү айтты белем, жаш кары дебей көзүнө жаш албаган адам жоктой. Мен да өзүмдү жогото муун-жүүнүм дирилдей бошоп, кыялымда Сакеме үндөшө жанашып, энебиз атын марага жеткирүүгө темине сүрөөндөшүп бара жаткандаймын... Улуу манасчынын ошондогу оргуштай төгүлүп айтып берүүсүнөнбү, айтор он кубулган кереметтүү айбат добушу менин кулагыма таңкы булбулдай сайрап бергенсип көпкө чейин жан дүйнөмдү сергите бир түрлүү жаңырыктап жүрдү. Сакем Тайтордан улай, Төө-Балбан менен Семетейдин күрөшкөн жерин эт бышымча эсти оодара күпүлдөттү.

Эми Сакем бет дидарынан сызыла чыккан бермет терин ааруынып, алтын шилекейин ичке тарта дем алып, чайга карады. Эт тартылардын алдында, үйдүн ээси башкарма Осмон агабыз: «Саке, сиздин жолду жолдоп биздин айылдык бир кулунуңуз «Лйкөлдүн» жомогун элдир-селдир айта коюп жүрөт. Мүмкүн болсо угуп көрүп, батаңызды берип кетпейсизби?» — деп калды. Сакем жандана түшүп: «Кана, кана? Жакшы кеп экен. Угуп көрөлү» — деди. Аны эшиткенде жантерим келе кысыла түштүм. Зор манасчынын сүрү баскан мен улага жактан Сакеме арбала тартылып бараткансыдым. Коркуп кетип ордума ныгырыла чөк түштүм. Анан балалык курчтугума келе калдым да көздү чылк жумуп алып Сагымбай атабыздын Манасты сыпатташын аптыга айтып бердим. Сакем: «Балам, баракелде, буюрса бирдеме чыкчудай. Баарыдан кырк эрдин сүрү бар, биздей «көкжалдардын» алдында оозунан сөзү түшө абдырап токтоп калбай, тайманбай шар айтып бериштин өзү эле Конурбайды сайгандай чоң эрдик эмеспи!» — деп тамашага чала элди бир дуу күлдүрүп алды. Анан сөзүн насыяттай нары улантты. «Бу сенин дыр бердирип өткөн бир эки түрмөк Манасың ак нөшөрлүү манасчы

Сагымбайдын сөзү экен. Оо, андай манасчы болобу? Ар сөзүнүн салмагы ат кунуна барабар го чиркин! Ырас, «ырыс оошот, талант жугушат» дегендей, биз деле кезегинде өткөн айтылуу аксакал манасчылардан кыя өтпөй ээрчип, үйрөнүп жүрүп анан бара-бара дасыга өз алдыбызча чыйыр сала жолго түшкөнбүз. Маселен, Сагымбай, Чоңбаш, Тыныбектерден үлгү алса, мен бугу уругунан чыккан Белектен, Дыйканбай арык тукумунан, Чоюкедей чоң манасчыларды аркалап, иштеген ишимден кечээ үч-төрт жылдап такай ээрчип үйрөнө айтуум менен Саякбай манасчы атыккам. Бу Манас дегенибиз деңиздей чалкар, учу-кыйырсыз бүтпөс баян эмеспи. Эгер чындап «манасчылыкка» дит койсоң, окуп үйрөнүү менен айылдык сөз баккан куйма кулак санжырачы агаларыңдан кулак кагуудан тажабай, алардын айткан баалуу сөздөрүн көкүрөгүнө түйүп ала бил. Жана да шыкка кайрак чоң аракетчил бол!» — деп бир топ сезим козгөор накыл кептерин айтты. Анан чарадагы толгон эттен чай чыныга чеңгелдей салып ооз тийди да: «Мендей манасчы болуп жүр, уулум»,— деп өз колу менен шыбагасын сунду. Албетте, мен алп манасчынын батасын алып калуу менен эле оозума куюлуша ыр келип, салган жерде түтөтө айткан чоң төкмөчү-манасчылардын катарына кошулуп калдым деп куру мактанып, эч калп айталбайм. Саякбай деңиз болсо, мен анын бир тамчысы, Саякбай күрсү болсо, мен бир камчы сыяктуу эле биздин доордогу кичине, кенже манасчылардын биринен болом. Бирок Сакем айткандай шык эмгекте курчуса, өзүмдөгү табигый кичине дыңылдаган «чымыныма» жараша мээнеткечтигимдин бардыгы ырас. Ошонун натыйжасында эпостук ыкманын үлгүсүндө өз оюмдан чыгара бир топ эпизоддордун бутактанта айта коймой жайым да бар. Эмесе, сөз Сакемдей кудуреттүү манасчы жөнүндө болуп жаткан соң ал жөнүндөгү оюбузду чечмелей чекит коёлу. Анын манасчылык касиети жайында Сагымбайдын «Манасын» бүт кагаз бетине түшүргөн Манас жыйноочу жана өзү да манасчы Ыбырай Абдрахман уулунун минтип аңыздай айтканы эсимде: «Нукура даанышман манасчылардын кандайдыр бир колдоочусу бар экендиги ырас. Маселен Сагымбай малы ылаңдаган бир айылга түшүп «Манас» айтса бир туягы чыгашасыз айыгып кетүүчү экен. Ал эми байлатма жин чалган катуу оорулуу бүлөсү бар адамдын үйүнө туш келип түнү бою күпүлдөтө «Манас» айтса эртеси эле кулаңдан соо акылына келе түшчү экен». Ушул уламага

шайкеш бир мисал — Саякбайдын да жаңы үйлөнгөн кези экен. Аялынын төркүнү көлдүн күнгөйүндөгү Бостериден болот. Төркүлөтүп жиберген колуктусу көпкө келбейт. Элге эми аты чыгып жаңы тирденип келе жаткан Саякбай колуктусун алып келүүгө барса, колунда бардар кайнатасы сыртын салып сүйүнкүрөбөй кызын ажыратып алып калуу арамдык оюн айтат. Сакем жалгыз жалдуу кара кунанына шарт камчы басып, артын кылчак карабай бек таарынып мурчуя жөнөп калат. Узата карап турган кайнатасы ичи бөксөрө бекер иш кылганына өкүнө түшөт. Ошол учурда кайнатасынын короосуна асмандан бир бармактай кызыл чок түшөт да, үй-жайы өрттөнө баштайт. Чоң катачылык кетирген кайнатасы күйөө баласынын астына жалынып жалбара түшүп, кызын кошуп берип, аттап-тондоп узатканча шашылат. Ошондой элдик легендага айланган «Манас», «Семетей» эпосторун толук жазып өткөргөн ташкын таланттуу манасчыбыз зор эмгегинин үзүрүн көрө, өкмөт менен эл журтунун сый урматына бөлөнө бакыбат жашады. Бирок, бири кем дүйнө дегендей көзү тирүүсүндө жамгырлата айткан «Манасынын» эч дегенде бир көзгө толо китебин көрө албай кетти. Канткен күндө да Сакемдин улуу арбагы өкмөт менен эл-жерине ыраазыдыр дейм. Анткени өзү көрбөй кетсе да, миң жылдап казса чети оюлгус, биздин рухий зор байлыгыбыз болгон, анын кол көтөргүс беш томдук «Манасы» жакынкы эле жылдары элге тартууланбадыбы. «Манас» эпосунун миң жылдык мааракесинин алдында кошул-ташыл анын жүз жылдык тою өкмөтүбүз тарабынан белгиленип жатышы жалпы кыргыз журту үчүн сыймыктуу иш. Эмесе айтылуу залкар манасчы атабызды эскерип макала жазуу менен бирге ага төмөнкү ырымды арнамакмын.

САЯКБАЙ АТА ЖҮЗ ЖАШТА

Сакем жүздө — демек кылым кырында,
Сапары сан уланары кылымга.
Жер шарына жете шары согулар
«Шер Манастай» чалкар деңиз ырында.

Конуп-түнөп конок болуп өтпөгөн,
Басса ийинден таштай бир күч чөкпөгөн.
Көкжал Манас өзү болуп туюлчу
Көздө кайрат — көк жалындан өчпөгөн.

Угушумда салып кыт-кыт күлкүсүн,
Кар сонорлой, күндүз салып бүркүтүн.

Ак чекеден, ак мончок тер сызылта
Айкөлдү айтчу таң сөгүлө түнкүсүн.

Ал айрыкча арманды айтып жатканда
Айга жетип зарлуу доошу асманда.
Катыра айтчу Каныкей ат чабышын
Айгай сүрөөн... Ат дүбүрттөй капталда.

Бир кем дүйнө, токтоп өмүр барасы,
Көксөй күтүп, көрбөй кеткен карачы!
Көркөм казна — миң каз чети оюлгус,
Көрдү жарык том-том китеп «Манасы».

Кызыл пренч, курсактуу адам буруйган,
Калкандай кыл мурутунан жымыйган.
Көз алдымда сүйкүм, сүрдүү элеси,
Кабак алды тоо бүркүттөй чулуйган.

Менин бактым андан жанып улана...
Кучак толо кубанычым шык ала.
Талды-Сууда бала чакта бата алып,
Татып калгам өз колунан шыбага.

Сакем жүздө демек кылым кырында,
Сапары сан уланары кылымга:
Жер шарына жете шары согулар
Шер Манастай чалкар деңиз ырында...

НИКОЛАЙ УДАЛОВ

САЯКБАЙ

(адабий портрет)[5]

Томоголуу бүркүтү обочо жерде арчанын жоон бутагында үргүлөп олтурду. Муунак-муунак, катуу мүйүздөй тырмагы көп олтургандан жылмакай тарта түшкөн арчага денеси кыймылдаган сайын бата түшөт. Үнү мурдагыдай шыңгыр ачык чыкпай, тамагы бүтүп калганын кышылдайт, демң оор созулуңку.

Көзүн сүзүп, бүркүт эмнелерди эсине түшүрүп олтурат болду экен? Мүмкүн көк мелжиген асканы, андагы бычактын мизиндей урчук таштын астындагы уяны, ага тийип кайкыган булуттарды, жакын эле жерден жарк этс түшкөн чагылганды же биринчи түлкүнү качырга-

[5] Кыскартылып алынды. Николай Удалов, Саякбай, адабий портрет. Ала-Тоо, № 4, 73—103-беттер.

ның эстеп олтурган чыгар? Шамал эки канатын, төшүн тиреп, шуулдап учканда жан алакетке түшкөн кызыл түлкү мант берүүгө да үлгүрбөй калбады беле ошондо! Мүмкүн көк асманга, жылдыздарга чейин биринчи жолу айланып көтөрүлүп чыкканы азыр түшүнө кирип жаткандыр? Оо, бүркүт оюндагысын айтып берсе кана! Азыр эми ал байлоодо, томого кийип олурат. Бирок, анын узун канаттары, курч тырмагы, жагоо куйругу, болоттой бекем тумшугу учуу, кармашуу, тытышуу үчүн жаралбады беле? Андай болсо эмне үчүн капастагыдай байлоодо, адамдын колун, көзүн сагалактап карап олурат?

Алп куштун оюндагысын биле койгонсуп Сакем кээде-кээде:

— Кыйтуу, кыйтуу, зериктиңби, карыдыңбы мендей болуп? — деп жумшак сурап коёт. Бирок, эркелетип жонунан, төшүнөн сылабайт. Корозду, тайганды, атты сыласа болот. Бүркүт — эркин өскөн эрөөн куш. Көзү ачык болсо, сылатпай калсын. — Шашпа, таң атсын да, күн чыксын,— дейт оюн улап карт адам. — Кар да сампарлап келатат. Сонорлоп чыгарбыз буюрса. Моокумунду бир кандырбасам. Тарамыштарың да тарый түшсө керек. Чыда, жарпың жазылчу саат алыс эмес...

Отко куурайдан таштап коюп, ал киши сыртка чыкты. Таң атып калган экен. Боз үйдүн ичи улам жарык боло берди. Жылуу төшөктөн ажырагым келбей, отко көз салып, жата бердим.

— Ой, сыртка чыксаң боло,— деди бир оокумда Саякбай кара кумганын көтөрө үйгө баш багып. — Кар жакшы жааптыр. Көл гана көгөрүп, жер аппак. Бүдүр эткен чекит жок. Күн чыга элек. Ошентсе да камыналы. Аңчылыкты эрте баштаган жакшы болот.

Ката түшкөн боорсокту кырсылдата ысык чай ичтик. Аттарды да сугарып, үзөңгү теминдик.

Муздак шамал беттен каарыйт. Мен үшүгөнсүп кеттим. Сакем «ным» дей турган эмес. Атынын ээр токумуна бүркүтүн кондуруп алып, кеменгердей койкоёт. Сүрдүү, айбаттуу. Өзү айтып жүргөн Манастай жоого аттанып бараткандай түрү бар.

Бүркүтү эмнегедир ачууланып, мээлейин чокуп-чокуп коёт. Абышка анын кулагына кайсы бир сөздөрдү кобуроодо. Балким «Манастан» бир үзүм айтып берип жаткан чыгар. «Кап, тил билсемчи» деп ошондо өзүмдү бир жемеледим.

Ал унчукпай калганда:

— Саке, эгерде азыр бүркүттү биротоло коё берсе

эмне болот? — деп сурадым. — Сизге, тууруна кайра келип конобу же учкан бойдон тоо таянып кетеби?

— Шүк, баччагар, бүркүттү да коё берчү беле! — деди ал каардана. — Балапан кезинен бактым. Мага да, тууруна да биротоло көнүп калды. Эми өзүнчө күн көрө албайт. Бат эле өлүп калат. Муну сага мүнүшкөр айтып жатканын бир билип кой... Башыман мындай окуя өткөн... Илгери бир балапанын алып, ним түлөк болгончо бактым. Анда бүркүттүн мүнөзүн азыркыдай жакшы билчү эмесмин. Бир жолу карасам үңкүйүп, үрпөйүп олтурат. Ооруп калса керек деп боорум ооруп, боосун чечип коё бердим. Күн ачык тийип турган. Ал асманга бийик көтөрүлүп, тоону бет алды. Уясы биздин үйдөн анчалык алыс эмес болчу. Бирок, уясын тапкан жок. Айланып-айланып жүрүп же уясын таппай, же туурун таппай башы айланса керек, түшкө маал боюн төмөн таштады. Мен баарысын карап олтургам. «Же түлкү, же коён көрүп качырган го» деп ойлодум адегенде. Атты токуй коюп, бүркүт түшкөн жерге чаап бардым. Эч персе көрүнбөйт. Көп издедим. Учса көрөт элем го. Анда көз курч, майы кете элек кезек. Же качырган илбээсини көрүнбөйт... Көптөн кийин барып таптым. Урчуктуу ташка төшү менен урунуптур.

— Мүмкүн ташты «коён» деп качырып жүрбөсүн? — деп аярдана сурадым.

— Жок, ташты коёндон кантип ажырата албай калсын? Бийик асмандан жердеги чычканды көргөн бүркүт мындайда жаңылбайт. Ал дүйнөдөн кечип, атайын эле урунган. Муну коё берсем так ошондой болот...

Биз көлдүн түндүк кылаасы менен күн чыгышты көздөй жорго салдырып бараттык. Сол жакта өрөөн, ары тоо, оң жакта көл. Тоо кыркалары уламдан-улам жакындай берди.

Айлана мемиреп тынч. Кагышкан үзөңгүнүн шоокуму, карчылдата чайналган ооздуктун шыңгыраганы, жердин, туяк астында дүңгүр-дүңгүр эткени гана угулат. Тердей түшкөн аттар улам демигип, алдыга жүткүнүшөт. Тизгинин коё берсек, таскактап жөнөчүдөй түрү бар.

Бирде алдыга озуп, бирде артта калып, бирде оңго буйтап качкан кара тайган кардын үстүндө чала күйгөн дөңгөч кейиптенет. Бул тайганды Саякбай аңчылыкка дайыма ээрчитип чыкчу.

Жанаша желе-жортуп бараткан тайган кээде бүркүтко алдыртадан карап коёт, сыягы андан чындап эле коркот окшойт. Ээсинин буйругун чыдамсыздык менен

күткөнү ар бир кыймылынан сезилип турду. Алдыда түлкүбү, коёнбу сорок этип чыкканын добушунан эле бу тайган заматта билет. Ошол тарапка атырылып жөнөйт.

Саякбай ээрде термелип баратты. Мен аны үргүлөп кеткен экен деп ойлодум. Башы төмөн түшүп, көзүн жуумп алгандай. Кылдат эңкейип карасам, жок, көзүн жумбаптыр, жүлжүйтүп, туш-тушка кыраакы карап баратат. Анан үнү угулду. Адегенде жай чыгып, мага үсүлкесил араң жетти. Аттын жүрүшүнө оропара келип, улам күчөгөн дооштон улам ал «Сейтектен» айтып баратканын түйдум. Сурасам, айткан жери бул экен:

«Ай энеке, сүйүнчү,
Душманга болор күйүнчү
Олжо катын Айчүрөк
Эркек төрөп, эл чуулап,
Тоюна токсон сойду дейт,
Атын Сейтек койду дейт,
Көңүлдөгү капанын
Бирин койбой жойду дейт.
Күн эсебин алганда
Семетей уулду болду дейт.
Сейтекти төрөп турганда
Кыйындар тоюн жеп кетти.
Бала аман чоңойсо,
Кыйланы кылар деп кетти,
Агыштын уулу — Кыязга
Тең салышар деп кетти
Аргын, кыргыз аты уйкаш
Тең салышар деп кетти.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жерин издээр деп кетти.
Кулдуктагы Күлчоро
Шерин издээр деп кетти.

Саякбай «Манастын», «Семетейден», «Сейтектен» анда-санда бир үзүмдү таштап коёр эле. Бул сапар да ошентти. Манас айтканда эки жүзү нурданып, көздөрүнүн каректери жылтылдап, эки колу өзүнчө дирижердун колундай серпиле берчү.

Ээсинин үнүнө абдан байыр алып калса керек, жанатадан бери тыбырчылап, талпынып, чокуп келе жаткан бүркүтү да тынчып калды. Кээде гана тумшугу менен канатын, төш жүнүн тарап-тарап коёт, үндү көздөй башын көтөрөт.

Биз анчалык чоң эмес ак сайды кесип өттүк. Ак дегеним аркы өйүзүндө өсүп турган чычырканак, бадал, тал — баарысы кардан ак чүмбөт жамынган. Демейдеги сайда жатчу бош таштар да азыр аппак топучан дүмпүйүшөт.

Бир бадалдын арасынан ракеталардай кызарып үч кыргоол шатыр-шутур атып чыгышты. Аттарыбыз үркүп, мен жыгылып баратып, ээр токумдун башын кармап араң калдым. Сакем боорун тырмап күлдү.

Кыргоолдор чычырканактын эң калың жериңе барып, топ-топ этип түшүштү. Ага чычкан болуп кетсек да бара алчудай эмеспиз. Тигилер учкан жерден алыс эмес чакан ачык аянтчада кызыл ала кан, чачылган жүн, издер.

— Азыр кыргоолдор абдан семиз,— деди Саякбай. — Алыс учуп да, жөргөлөп да кете алышпайт. Түлкү муну жакшы билет. Көрбөйсүңбү, бирин сугунуптур. Сөөгү да калган эмес. Эми бир жерде кайраның курсагын чердейтип, көшүлүп уктап жаткан болуу керек. Уктай берсин. Изден убара болуп нетебиз? Бир күнү колго түшөр. Ошондо бул кыргоолдун ургаачысынын өчүн алабыз.

— Ургаачы экенин кантип билдиңиз?

— Кыр жүнү боз. Эркеги кызыл ала, көгүш, сары болот эмеспи.

— Кыргоолго салып көрбөйлүбү, Саке? — деп мен кеңеш сурадым.

— Ашыкпагын, болбойт. Боюн токтото албай, жерге урунушу ыктымал.

Тайган кандын жана жүндүн издерин искеп алды да кызыл ала карды такырайта жалап жиберди. Бул жыт иттин кызуусун келтирип, араанын ачты бейм, ал жонундагы жүнүн түксүйтүп, бир жолу ырылдап алды да, калың бадалды бет алып чуркады.

— Учар, кайда! Кайт артка! — деп, Саякбай катуу кыйкырды.

Қара тайган эрксизден артка бурулду да эми жандап жортту.

Күрөгак чоң арыктан өттүк. Кайрадан талаа, күн нуру чагылышкан жылтылдаган кар жылдызчалары. Алыстагы кар көгүлтүм болуп көрүндү. Таң калдым. Анан барып түшүндүм: бир жагынан көк аскалар, экинчи жакта көгүлжүм көл жатса, ал түс карга чагылышпай калбайт окшойт.

Саякбай аттын тизгинин тартып, алакан астынан алыска серепчилеп карады. Бырыш баскан жүзүндө жылмаюу пайда болду. «Эмне көрдү?» — деп ойлоп, мен да ошол тарапка көз чаптырдым. Бизден жарым чакырымча аралыкта шум түлкү бир секирип, бир жата калың ойноп жатыптыр.

— Чычкан кармап жүрөт,— деди Саякбай мурутун

сылап. Бизди да байкай турган эмес. Ушуну олжо кылсак кантет? Байкашымда суусар го? Жүнү кыпкызыл. Же карда ошондой экиленип көрүнүп жатабы...

Түлкүнүн тамашасын карап, бир аз турдук. Анан Саякбай бүркүтүнүн томогосун тартып жиберди да кушту көкөлөтө ыргыта таштады. Ал канатын жая абада бироокумга катып калгансып турду да, анан көтөрүлө баштады. Кайрадан бир орунда катты. «Жерге эмне үчүн кулабайт? — деген ой кылт этти. — Канаты талып калса керек. Уча алар бекен?»

Саякбай «ойт!» деп катуу кыйкырды. Бүркүт эми гана уйкудан ойгонгонсуп, канатын кере-кере таштады да көк ийримге багытталды. Ал түптүз учпай, айланып учту. Саякбай дагы «Кыйту-Кыйту!» деп кыйкырып, атынын тизгинин коё берди. Бүркүт абдан бийиктеп алды да канаттарын куушуруп, жерди көздөй атылды. Сыягы ал түлкүнү эми гана көрсө керек.

Түлкү да аны байкады бейм. Бир оңго, бир солго серпилип, буйтап, жаналакетке түштү. Ал ойноп жаткан жер ачык болчу. Кайда жашырынат? Кай жерге корголойт?

Күү түлкү бизден да коркуп, тээ арыда дүпүйүп турган чычырканакты көздөй төшөлдү. Саякбай биротоло жанданып алды окшойт, үзөңгүсүн темине, өйдө тикесинен тура калып, атына үстөккө-босток камчы басып кыйкырды. Мен ага жетүүгө канча аракет кылсам да самсып алыс калдым.

Саякбайдын бир көзү бүркүттө, бир көзү түлкүдө. Бири тик качыруурга, таамай барып тийүүгө ниеттенсе, экинчиси анын уу тырмагынан кандай болбосун качуунун, жашырынуунун амалында.

Биз эки жүз — үч жүз кадамдай гана жетпей калдык. Алп куш тигил карсакты канаты менен жаба жыгылды. Түлкү анын астында көрүнбөй калды.

Саякбай тайганына бир нерсе деп табыштап, а бу дегиче тигил экөөнүн жанына жетип, атынан жаш жигиттей жеңил секирип түштү. Чылбырын коё берип, тайганды мойнунан басып, жаткырып койду. Ал бир аз кыңшылап; унчукпай калды. Эки көзү тымтырс катып калган бүркүт менен түлкүдө. «Мени качан коё бересиңер? Мен да алышсам болбойт беле? Бекер келдимби?» — деген ойду анын жайнаган көздөрүнөн окууга болор эле.

Көп буйдалбай Саякбай бүркүтүнө томогосун кийгизе койду. Ал тырмагын коё берди. Түлкүнүн денеси селт этип, күйрүгү кээде серпилип карды сапырып коёт.

Түлкүнүн териси сыйрылгандан кийин мен бүркүттүн текөөрү, эң күчтүү арткы тырмагы — анын дал жүрөгүн тешип өткөнүн көрдүм. Текөөрү шибегедей учтуу болбосо, түлкүнүн терисин теше алмак беле.

Саякбай терисин куржунга салып жатып:

— Жанагы кыргоолду ушул шумпай тытып жеген чыгар. Канча кыргоол, кекилик, чил, коён, бөдөнөнүн түбүнө жетти дейсиң, бул баччагар. Эми мына күнү бүттү. Бул түлкүдөн сен тебетей тиктирип ал. Жылуу да, кооз да чыгат. Көрдүңбү манаттай кызыл түлкү экен. Жүрөгүнөн бүркүткө жедирели. Мээнети кайтсын. Эмгек ушунуку болду... Кандай, алгыр бекен? Мурда карышкырды да карыш жылдырчу эмес. Эки жылдан бери карышкырга сала элекмин.

— Чын эле алгыр экен,— дедим кубаттап. — Канча жыл колдо жашайт болду экен?

— Так билбейм. Буга сегиз жыл болуп калды го.

— Коён алдырбайлыбы? — деп сурадым.

— Алдырса болот. Түлкү, карышкыр көрүнбөйт.

Бир аз унчукпай тургандан кийин кайра айныды.

— Жок, коёнго салбайлы. Чарчап калды. Коёнду майда, кичине, алгыр куштар алышсын. Турумтай, ителги, куш, ылаачын — алар үчүн коён алуу кызык тамаша. Бүркүттү карышкыр, түлкү, эликке сал. Бүркүт — чоң, оор. Коён — кичине, жеңил. Күү менен келип, токтоно албай тигини басканда, ташка, же кыртышка катуу тийиши, майып, жарадар болушу мүмкүн. Кой, тигиндей, тоо этектеп барып, кайра тарталы. Күн көтөрүлүп кетти. Жан-жаныбар эми жашырынып калды. Бекер убара болобуз.

— Бүркүт да чарчайбы? — деп кайра сурадым. — Эртеден кечке чейин былк этпей олтурса, эмнеге чарчайт? Тамагы болсо жалаң эт экен. Кайрат бар да.

— Тамагы го эт, бирок канат сермелбей олтура берсе талып калат. Карыйт. Асманда абалап учуп жүргөндө капаты күчтүү болот. Чарчабайт. Эки-үч саат айланып жүрө берет. Мен алгыр куштардын тоо үстүндө каалгып учуп жүргөнүнө көп көз салам. Бирок, бүркүттү коёнго салууга болбойт. Кушту таранчыга салгандай кеп. Ошону түшүн.

Бирок, карыя коёнго аңчылыкты канчалык жекирбесин, куштарды бири-бирине канчалык салыштырбасын биз акыры коён издеп жөнөдүк. Саякбайдын «буйругу» боюнча Учар алдыга кетти. Эми гана күнү туугансып, кара тайган бадал арасында, икак сайда чымын-куюн

болуп чуркап жүрүп, көп убакыт өткөрбөй бир картаң чоң коёнду тиштеп алды. Куйругун шайпаңдатып, кубанганын билдирип ойноктойт. Коёнду жерге бир таштап, кайра тиштеп, качып оюнга батты. Саякбай алып канжыгасына байланып алганда гана тынчыды.

Албайт деген бүркүт да бир коён алды. Аны жөн эле илип кетти. Жерге буту да, канаты да тийген жок.

Үйгө күн батайын деп калганда олжолуу болуп келсек, боз үйдүн тегерегинде үзөңгүлөшүп, чылбырлашып, тушалып турган аттарды көрдүк. Жыйырмадай ат. Көрсө бул күнү Саякбай «концерт» бермек экен. Эл анысын эбак угуп, тээ алыстагы айылдардан, кыштоолордон ат арытып келишиптир. Үйдүн ичинде бака-шака, бош орун жок. Сакем экөөбүзгө орун табылып, төр жакка өтүп олтурдук.

Бул кечте Саякбай келген коноктордун суроосу боюнча «Манастан» үзүндү айтты. Бирок, бул сапар мурдакыдай балкып, эрип айткан жок. Бир жолу жай күндөрүндө так ушул жерде Караласв көп эл чогулган жыйында «Манасты» айтканы укмуш элес калтырды эле. Ал айтканын өмүр өткөнчө унутпасмын.

* * *

Мен Кыргызстандын түштүгүндө жашап турганда тоодогу үңкүрлөргө көп кирдим. Ичи капкараңгы, ширецке чаксаң кычкылтек жетпей өчүп калат. Тоо дем алгансып, үшкүрүп, азыр кулап, басып калчудай туюлат. Башың ийинге эрксиз өзү тартылып, көзүң алактайт, экп колду алдыга сунуп аярдап басасың. Анан алыстан бүлбүл-бүлбүл жарыктын шооласы көрүнгөндө, алтын таап алгансып кубанычың койнуна сыйбай, кыйкырып жибергиң келет.

Акындын, манасчынын, сүрөтчүнүн жүрөгүн жана оюн дайыма талант менен эмгектин жарыгы так ошондой шоолага бөлөп турат. Мээсинде ар кандай мүнөздөр, окуялар жаралат, сыртка оргуп чыгат.

Жарыкты, нурду, шооланы табият жаратты. Таланттуу бул абышка да ошол табияттын бир кыпыны. Бирок, табиятта андай асыл заттан гана турган кыпындар өтө аз, сейрек учурайт. Алар башкаларга жарык беришет, нур себишет.

Саякбайды биз: «шыктуу, таланттуу, акылман» деп айтабыз. Бирок, ал өзүнүн таланты, шыгы, акылы менен

эч качан мактанчу эмес. Ал жөнөкөй гана адамдай жашады. Жер жер болуп, жашай берсе, анын ысымы эч бир заманда, эч бир доордо унутулбас. Тукумдар анын ысымын эскерет.

Саякбай далысын күүшөй бир силкип коюп, айта баштады. Кейипкерлердин мүнөзү биринен сала экинчиси көз алдына тартыла берди. Бири сүрдүү, бири муңдуу. Окуялар, салгылашуулар, өмүр көрүнүштөрү асмандагы булуттай: бири — аппак, нурдуу, жеңил; бири — капкара, сүрдүү, салмактуу.

Кайгылуу элес баяны жүргөндө манасчынын кабагы бүркөө, капалуу, сур булуттай. Ал чагылганы жаркылдап, күнү күркүрөгөн шоокумду элестетет.

Кээде сөздөр шурудай тизилип, каухар таштай жаркылдаса, кээде таштан-ташка шылдырап, булдурап кулап түшкөн тоо булагы элес тартат, алыска ашып-ташып сапар чегет, акыры күрпүлдөгөн сууга барып кошулат.

Саякбай «Чоң казатты» айтканда күрпүлдөп кирген дайраны, аска ташка камалган албуут дайраны көз алдыга сүртөт. Дайра төөдөй-төөдөй ташты калдырата, жээкке көбүк бүркө төмөн атырылат, колдун жоого каршы аттанып бара жатканы жердин дүңгүрөгөнү, аттардын кишинегени.

Кээде сөздөр желге ыргалып турган жоогазын гүлдөрүн ойго салса, кээде көл үстүндө айланып, кайкып учуп жүргөн ак чардакты эске салат. Бул жоокерлер өз жерине аман-эсен кайтып келгени, сүйүктүү элине салам бергени.

Сөздөрдөн, сүйлөмдөрдөн образдар жаралат. Бири шайыр, бири ачуулуу, бири баатыр, бири коркок. Бири-бирине окшобогон адамдар түгөнгүс, мүнөздөрү да түгөнгүс. Саякбай ар бирин сүрөттөп, асемдеп, жан киргизип сүйлөтүп олтурат.

Обону бирде өйдө, оболоп көтөрүлүп, бирде төмөндөп, жерге жашырылып төшөлөт. Ал ырдап жатат десе да болот, сөз менен айтып жатат десе да болот. Бир сөз менен айтканда укмуш. Мурда мен мындайды көргөн да, уккан да эмесмин.

Орто бойлуу, кең далылуу ак жуумал киши. Мындайлар эл арасында көп. Көчөдө, талаада бара жатканда анын алп манасчы Саякбай экенин эч ким деле тааныбас чыгар. Жөнөкөй эле бир киши, «Алптын даңкын алыстан ук, жанына барсаң бир киши» деген макал чын.

Мен ага алгач жолукканга чейин чын эле ал киши, көкүрөгү кулач, үнү дөөнүкүндөй корулдап чыккан, эки көзү от болуп жанган алп киши деп ойлоп жүргөм. Эмне үчүн ошондой ойлогонумду өзүм да билбейм.

Отузунчу жылдарда Темиркул Умөталиев менен кетип баратсам, аркы көчөдөн калпакчан бир киши көрүндү.

— Саякбай Каралаев деген манасчыны көрдүң беле? — деп менден Темикем сурады.

— Жок. Көргөн эмесмин. Ал шаарга батпай, айылда же тоодо жашап жүргөн чыгар. Алп киши болуу керек. Радиодон күпүлдөп ырдаганын уккам. Доошу укмуш. Ар бир кан тамырды зиркилдетет.

— Ха-ха-ха! — деп Темикем боорун тырмап күлдү. — Жакында бир жерде «Манас» айтат. Барасыңбы? Ээрчитип барайын.

— Сөзсүз барам. Унутпай ээрчитип кетсеңиз.

...Кийин Саякбай Каралаев менен жолугушуу болот экен деген кабарды укканда мен биринчилерден болуп шашып барчу болдум. Тилим башка болгону менен тигинин кыймыл-аракетинен, кол жаңсаганынан, кабагынын же ачылып, же түйүлгөнүнөн, жанымдагы котормочу жолдоштордон ал эмне жөнүндө айтып жатканын үзүл-кесил түшүнүп жүрдүм.

Манасты угууга келишкен тестиер балдар кантет? Алар боз үйдү туш-туштан тешип, астын түрүп, бири-бирин түртүшүп, өзүлөрүнчө бушайман, түнү менен болсо да угууга кумар, дилгир.

Манасчынын көмөкөйүнөн кандайдыр бир кубулжуган, майда шагыл таштай куюлушкан доош чыкты, өңүндө кубаныч, ажарануу, бакыт.

— Азыр эмне жөнүндө айтты? — деп жанаша олтурган мугалимден сурадым.

— Жоокерлер кайтып келгендеги кыздардын шайыр күлкүсүн туурап жатат. Жүрөктөрү сүйүүгө толо элжиреп, алар жигиттерин түн ичинде алты бакан тээп, сармерден айтышууга чакырышты. Тигилер макулдугун бериштн. Ошон үчүн кыздар шаңшып күлүшпөдүбү.

Анан манасчынын үнү корулдап, басаңдап, доошу кандайдыр суз тартты.

— Эмнчи? — деп мугалимди тажатып бүтмөк болдум.

— Добулбастар кагылып, жоокерлерди, эрендерди кайрадан жоого каршы бет алууга чакырды. Кыздардын деми кысылып, же ыйлай албай, же күлө албай

шокшүндөрү сууду. Манасчы алардын көңүлүнүн чөкконүн басандаган үнү менен, кайгылуу каңырык түтөө менен элестетип берди. Манасчынын үн ыргагына кулак тоңосоңуз, ал бир калыпта чыкпайт. Адегенде гана оңойдой окуя болуп жатканын айттырбай билүүгө болот. Жоокерлердин курал-жарагын камдашы, аялдардын жана кыздардын аларга кийим-кече, күлазык белендеши, эненин баласы менен коштошуусу, найза майышы, кылыч сынган кагылышуулар, кандын дайрадай агышы жана чоң жоготуулар, чабуулга бара жаткан аттардын дүбүртү, жоокерлердин айкырыгы — баарысын айтуучу өзүнө гана тиешелүү үн, ыргак менен айтып бере алат. Ар бир окуя, ар бир жоокердин кылык-жоругу, жасаган иштери айтуучунун сезиминен гана эленип өтпөстөн, жүрөгүнөн да сызылып, таразаланып чыгат. Ал үн менен гүлдөрдүн өңүн жана жытын, суунун агымын жана көлөмүн, тоонун бийиктигин жана токойлорун, асмандын жылдыздарынын жалбырагынын жана кара булут чүмкөнгөнүн... элестетип берет. Жүроктүн кагышын, акылдын иштешин, денеенин кыймылын, желдин жүрүшүн, Күндүн тийишин манасчы кудум өзүндөй таасын сүрөттөйт. Угуучулар манасчынын айткандынан: каз-катар тизилип баратышкан атчандарды, артында жер бетин бербей каптаган чаңды, Манастын кырк чоросун, жоокерлердин чабуулга «чү!» коюшканын көрөт. Алар деле жөнөкөй эле адамдар болушкан. Ар биринин өзүнчө кубанычы жана кайгысы, күлкүсү жана ачуусу, сүйүүсү жана жек көрүүсү болгон. Эл кызыкчылыгы талап кылган милдет экен, казатка жөнөштү. Бардык муундар ошентишкен — өз элин, өз жерин коргошкон, каардуу душмандан да айбыгышкан эмес.

Боз үйдө төрөлүп торолгон бала жаш кезинен Манас, Семетей, Сейтек, Эр Төштүк жөнүндөгү жомокторду уга баштайт. Андагы кызыктуу окуялар, табияттын кооз сүрөттөлүшү, чабуулдар, жоокерлердин эрдиги жана баатырдыгы баланын сезимине коргошундай бипротоло уюп, келечекте өзүн да тайманбас шер, баатыр болуп өсүүгө шыктандырат. Бул жакшы сапаттар өмүр бою аны узатып жүрүп олтурат да, эл жери үчүн дайыма күрөшүүгө чакырат.

Саякбай томогосун алып койгон бүркүттөй дагы бир жолу оштонуп койду. Ал бийик асмандан жерди, жердин бетинде кыбыр эткен жан-жаныбарды көрдү. Ооба, үшул саам (андан кийин деле) ал мага бүркүттөй көрүнүп жүрдү.

Насывай атым убакыт тыным алды да, ал кайра баштады. Шашпай, өзүн дагы бир жолу текшергенсип, өзүнүн үнүн өзү тыңшагансып, акырын, салмактуу баштады. Өткөндүн окуялары кайрадан көз алдына тартыла түштү бейм, бетине кызыл жүгүрүп, көзүнөн от чачырап, жандана түштү. Жүздөгөн жылдарга кайрылып, ошондо болгон окуяларга сүңгүп кирүү, аларды дасторкондо жаткандай элестетүү... Бул иш кимдин колунан келет? Таланты сейрек, тубаса шык даарыган адамдардын гана колунан келеби деп ойлойм. Терең жана тунук акыл менен кылымдардын көшөгөсүн ачып таштап, окуяларды бүгүнкү күнгө жакындатуу, аларга жарык нур жиберүү, өткөн доорлордун баатырларынын элесин, кейпин түзүү — Саякбай Каралаев сыяктуу сейрек адамдардын акылынан гана жаралышы мүмкүн.

Саякбай «Чоң казаттагы» жеңиш, жеңиштин тою жөнүндө айтып жатканда өзү ушул жерде той берип жаткансыды. Угуучулар да аны так ошондой кабыл алышты. Окуяга окуя тизмектешип, чабуулдар жеңиш менен бүтүп, кээде жарык күндү караңгы түн каптап элестин артынан элес кубалайт. Саякбай «Чоң казаттагы» жеңиш жөнүндө айтып олтурганда, эл жанында кырк чорону, башка жоокерлерди көрүп отурду: тигине Чубак менен Алмамбет, калган чоролор. Баарысы абдан чарчашкан. Айрымдары жарадар. Жараттарын таңып, жеңишке ыраазы болуп, энелеринин, сүйгөндөрүнүн, элинин кашында олтурушат.

Ар бир эле адам өзүнүн мээсинде элинин укмуштай чоң эпопеясын күнү бүгүнкүдөй сактап, башкаларга таасирдүү кылып айтып бере албас. Саякбай жаратылыш берген таң каларлык бул мурасты жаш кезинен тереңдетип жана калыпташтырып келди. Айрыкча үй эмеректерин, курал-жарактарды, жаратылыштын сүрөттөрүн элестүү айтуу ыкмаларын өздөштүрдү. Аталган нерселер ал айтып жатканда өзүлөрү сүйлөп жаткандай туюлчу.

Мына айтуучунун каштары жыйрыла түштү. Эмне болуп кетти? Көрсө кейипкери капсаландуу окуяга дуушар болуптур... Эми көзүнөн от бүркүп, тегерекке каарду карайт. Көрсө душман жакындап, чоролордун каны кайнап, ызырына баштаптыр... Мына ал эки канатын жыйып жиберди... Демек, жоокерлер чабуулга өтүштү. Эми анын жүзүндө кубаныч пайда болду. Демек, каргашалуу жоо талкаланып, кылкылдаган кол журтуна кайра тартканы.

Угуучулар дайыма аны менен кошо күйүп-бышып олтурушканын мен өз көзүм менен көп жолу көрдүм. Бирок, ар бири өзүнчө күйүп бышчу. Кээси былк этпей, угуп олтурса (мүнөзү тынч адамдар болуу керек), кээси чыйпылыктап, туйлап, отурган жеринен кыйла жерге жылып да кетишчү.

Күн акырын калкып барып, Боом капчыгайына эриген жез табактай куюлуп көздөн кайым болду. Адегенде ала көлөкө түшүп, бара-бара теребел караңгылыкка чөмүлдү. Тоо тараптан салкын тартты. Бирок, эч кимдин үйүнө кеткиси келген жок. Манасчы баягы эле олтурган калыбында. Бирок, доошу шаңдуу, бийик, жарык. Ал жеңиши жөнүндө баян айта баштады. Салтанатка байланыштуу жайык аянтчада ар кандай оюндар: эр сайыш, ат чабыш, кыз куумай, балбан күрөш... өткөрүлүп, элдин көңүлү көтөрүлүп, ар биринин маанайы жарык.

Балбандардын булчуңдары түйүлүп, маңдайы тырышып, далысы нымшып тердеп, дем алганы оор. Улам бири илеге салып, торой чалып, көтөрүп чабууга тырышып, көзүнөн от бүркөт. Тигинде — оодарыш. Аттар төрт туягы тыбырап, балбандарды аран көтөрүп ачуулашып, бири-биринин жалын карч тиштеп, эки жакка чаап кетүүгө даяр. Балбандардын чырмалышкан билектери гана аларды эч жакка коё берчүдөй түрү жок.

Улуттук оюндарды көрүү да, угуу да кызык. Алар бири-бирине окшобогон көп артыкчылыктарга ээ.

Саякбай айтуу ыргагын өзгөрттү. Эми анын доошу таскактап чаап бара жаткан тулпардын такасынын ташка тийип тарсылдаган шоокумун бир туураса, чабышы акырындап барып бастаган аттын жүрүшүн бир элестетет. Өпкөсүнө ушунчалык аба кайдан батканына ал көөрүктөй болуп, көкүрөгүн кыймылга келтиргенине таң каласың.

* * *

...«Московская» деген көчө бар. Ал көчөдөн троллейбус жүрөт. Көчөнүн орто ченинде, азыр дүпүйүп өсүп калган бактын бет маңдайына үч кабат үй салынды. Ага «жазуучулардын үйү» деп ат коюшту. Анысы туура. Себеби, бул үйдө жалаң жазуучулар жашайт.

Бөлмөлөрү бийик жана кенен. Ар бир жазуучуга үч төрт бөлмөлүү үй берилген.

Бир квартирасы Саякбайга тийди. Мен бул кабарды угуп, жаңы конушу менен куттуктаганы атайын бардым. Терезелери түштүк, тоо тарапты каратыр. Полдору сыр жыттанат. Үйүндө муздак суусу, сууну жылыта турган темир меши бар экен. Үй буу менен жылытылат. Саякбай мындай үйдө жашап көргөн эмес. Кубанычы койнуна сыйбай турса да мага мындай деп айтканы күнү бүгүнкүдөй эсимде.

— Куттуктап келгениңе ырахмат, досум. Үй жакшы салыныптыр. Анысында талашым жок. Бирок, мен мындай тамда мурда жашаган эмесмин. Боз үйдө туулуп, боз үйдө өмүрүм өттү. Шарттарына карабай жакшы көнө албай жатам. Шаарга көнгөн адамдарга ылайыктуу... Жашап көрөйүн, болбосо... Эми сен келиптирсиң куттуктап, кубанам келишиңе. Үйдө шарап бар, отур, ич, көңүлүң көтөрүлсүн...

Жаңы үйүндө Саякбай бир кышка араң чыдады. Анан туулуп өскөн жери Ысык-Көлдөгү айылына кетти. Жайы менен ошол тарапта жашап, жүрөк оорусун таза аба менен дарылады. Ат арытып, куш салуу, көлгө, улуу тоолорго суктанып эртеден-кечке чейин көз чаптыруу, шиберден бүткөн кымыз, бетегеден бүткөн эт аны кышкы сарсанаадан биротоло арылткансыды.

Күзгө маал бир жолу көл тарапка каттаганда ага атайын барып дагы жолуктум. Бети анардай кызарып, көзү карагаттай жайнап, көңүлү сергип калыптыр.

— Кышында, биринчи кар жааганда кел. Сонорлоп чыгабыз,— деди. — Бүркүт-Шамал да, тайган да бар. Чабандар үч жерден түлкүнүн ийинин көргөнүн айтышты. Баягы бир кезде экөөбүз баргандан башка жерде. Ал тарапта коён да көп. Моокумунду бир кандырайын. Келбей койбо. Деги шайыр жүр, дос.

Менин көп жылдык байкоомдо Саякбай түнт, карамүртөз кержейген адамдарды жаман көрчү. Андайларга алдыртадан мамиле жасоочу. Ушакчы, кероозо, дардаңпозго жолугуп, кокусунан кол алышып учурашып калса, ары бурулуп баса бергенде тигиге билгизбей колун шымына аарчып, чырт түкүрүп койчу.

Түнт адамдын койнунда котур ташы бар,— дечү. — Анын жүрөгүн кара ыш басып, боору ачуусунан шишип кеткен. Мен андай адамдарды билем. Мен айтпайын, сен аттарын укпа. Шайыр, ачык жүргөн адам жакшы. Ал адамдар булакта жаткан таштай таза да, тунук да.

Саякбай жакшы адам менен достошконду, башкаларга жардам бергенди, жаш балдарды артык көрчү.

Бирөөнүн ийгилигине көз артпай, тескерисинче, кубанчу, жолуккан жерден куттуктап, колун кысуучу.

Бир жолу биздин досубуз жазуучу Райкан Шүкүрбеков катуу ооруп калды. Аялы бала-чакасы менен айылга кетип, Райкан шаарда жалгыз. Мен учурашып, ал-абалын билейин деп баш бактым. Согуштан кийинки жылдар, кийим-кече, тамак-аш тартыш, азыркыдай кой үстүндө торгой жумурткалаган убакыт эмес. Илгери үмүт, адал эмгек менен жашап жүргөн кез. Баарынан артыгы душманды жеңгенибиз, жеңишке ээ болгонубуз. Ал жеңиште Райкандын да үлүшү бар.

Мен келгенде Райкан примус жагып, эт бышырып жатыптыр. Үйдүн ичи иретсиз, куну качып суз, күңүрт. Аялдын жоктугу киргенде эле көзгө урунат.

— Кел, адам,— деди Райкан чычаладай көзүн жылтылдатып, тармал чач чоң башын силкип. — Ниетиң жакшы экен тамактын үстүнөн чыктың. Чалга ырахмат, койдун бир жамбашын алып келип таштады. «Көбүрөөк эт же, шербетти аз ич деди. Ошондо гана кайра адам болосуң». Туура айтат. Өзүбүздү өзүбүз колго албасак болбой калды, адам.

— Кайсы чал? — деп сурадым.

— Саякбайчы. Жакшы киши. Көл тараптан эт келип калса, сөзсүз бөлүшөт. Мени, Узакбайды да унутпайт. Ал бечара да оорукчан эмеспи. Экөөбүзгө тең чал шорпо ичүүнү сунуш этти. Өзү деле жыргап кеткен жери жок. Картошка менен жашап жатат. Бирок, дайыма бөлүшөт. Бүгүн курсак чоң тойгону турат. Ичсең вино бар. Отур, эт да бышайын деп калды.

Ооба, Саякбай ошондой боорукер эле. Жапа чегип калган адамга дайыма жардам берүүгө ашыкчу. Дастанды жан-дили менен айтып жатканда ал, угуучулар чоң поэзияны терең түшүнсө экен деп тилөөчү, ошого умтулчу. Бул анын адамдык эң асыл сапаты болучу. Ушул асыл сапатты, ал өмүр бою сактай алды, башкаларга мурас кылып калтырды.

Саякбай адам болуп жашады, бечара адамды аяп жашады. Ал көптөргө жакшылык кылды. Көптөрдөн жакшылык көрдү. Башкаларга күн болуп тийүү оңой эмес. Бирок, ага умтулуу керек. Саякбай умтулчу. Башкаларга дем ала турган аба болуу оңой эмес. Бирок, ага да умтулуу абзел. Саякбай буга да умтулчу. Анын өмүрүн чоң жана түгөнгүс дастан менен гана салыштырууга болот. Анын өмүрү «Манас» деген дастандын уландысы.

* * *

Мен Саякбай менен жалаң гана мергенчиликте болгон жокмун. Анын Москвада кыргыз адабияты менен искусствосунун он күндүгүндө берген бир концерти көңүлүмө биротоло, айрыкча уюп калды. Кийин деле анын доошун көп уктум, бирок ошол салмактуу турпаты, аброю эмнегедир азыр да көз алдымда.

...Өлкөгө кеңири таанымал «Трехгорная мануфактура» текстиль фабрикасынын маданият Дворецине эл жыкжыйма, толгон. Цехтерде илинген плакаттар, көчөлөрдө илинген чоң кулактандыруулар, бүгүн бул жерде кыргыз адабияты менен искусствосунун чеберлери менен жолугушуу кечеси боло тургандыгы жөнүндө жарыялап турду. Эл келе берди, агылып келе берди. Жолугушуунун алдында ар кандай кызыктуу сөздөрдү уктум.

— Кыргызстандын түштүк тарабында пахта өстүрүлөт,— деди бир билерман. — Андан токулган кездемени мына биз кийип жүрөбүз. Кант кызылчасы да көп эгилет. «Кант» деген кыштагы да бар. Мен практикада ошондо болгом.

— Жердин кыйыры, тоо өлкөсү дешет го ошол тарапты. Чынбы?

— Ооба, андан ары жол жок, бүтүндөй тоо, аска, зоокалар.

— Мен Жети-Өгүздө дарылангам,— деп сөзгө аккуумал, буудай чач сулуучa бир аял аралашты. — Укмуштай кооз көлү бар, Ысык-Көл аты. Бир жолу артисттери, жазуучулары келип, чоң концерт көрсөтүп, ырларын окушту. Бүгүн ырдай турган Саякбай Каралаев дегени да курортко кошо келген. Азыр да өңүн көрүп тургансыймын. Айткандарын Гүлмира — Фрунзедеги токулган кездемелер фабрикасынын жумушчусу которуп берип турду. Укмуштай сонун айтат экен. Угасыңар го азыр.

Эл, жумушчулар Саякбайды кантип угар болду экен? — деген суроо мени айрыкча кызыктырды. Залга барып, эптеп орун таап олтурдум. Арийне, Москванын угуучуларын таланттуу артисттер менен да тан калтыруу кыйын. Алар атактуу сахна чеберлери Качалов менен Москвинди, Остужевди угушкан; карылары болсо Шаляпинди, Маяковскийди, Есенинди көрүшкөн.

Зал ичи дуулдап турду. Мына, Саякбай Каралаев чыгат деп жарыяланды. Ушунча көп элдин алдына чы-

гуу үчүн канча эрк керек дейсиңер? Саякбай залда отургандардын дээрлик көбү кыргыз тилин түшүнбөй тургандыгын билген. Бирок, ал уккулуктуу кылып айтса, тили башка болсо да угуучулар түшүнөт. Буга чейин аны көп эле башка улуттун өкүлдөрү укпадыбы. Баары эришкен, суктанышкан, «бали!» деп кыйкырышкан.

Зал көпкө чейин тынчый албай жатты. Көздөр орто бойлуу ак калпак, кара чапан, эндүү кооз бел боо менен курчанган адамга кадалган. Ал төрт бурчтуу орундукка олтурду. Тымтырс боло калган залга телмире карады.

Жок, ал залда отурган элге карап жатса да элди көрбөй тоону көрдү, асманды көрүп тургансыды. Жаратылыш гана ага дем берип, кайратына кайрат, кубатына кубат кошо алат.

Бир-эки мүнөттөн кийин гана акырын, шашпай баштады. Тегерегинде отургандарга аярдап көз чаптырдым. Жана эле кош көңүл болгонсуп отурган айрымдары бир аз убакыт өтпөй айтуучуга кулак төшөп, алдыга моюндарын созушту.

Сол жагымда ак жибек көйнөк кийген жаш аял олтурду. Бир караган кишиге ал тойдон жаңы келгендей түрү бар. Бетинин тазалыгы, чачынын ирээти менен таралышы, жылтылдаган каухар сөйкөлөрү, моймолжуган кой көздөрү анын сулуулугун далилдеп, журтка көрсөтүп тургансыды.

Саякбай айта баштаганда, ал денесин бош коё берип, эркин олтуруп, көңүл коюп укту. Ушул олтурушунан ал концерт бүткөнчө жазган жок. Залдын ичи жымжырттыкка көшүлдү. Мага Саякбай сахнада эмес эркин абада, ачык асман астында олтургандай туюлду. Эпостун баяны улам кеңири кулач жайып, окуясы кызый берди. Баарыбыз баатырлардын жеңишине күбө болуп, тоюна катышкансыдык.

Угуучулардын көңүлүн өзүнө буруп алгандан кийин Саякбай Манастын уулу Семетейдин төрөлүшү жөнүндө айта баштады. Бул баян кеңири чыккан доош менен кубанычтуу айтылды эле баатырдын кубанычын баарыбыз кошо бөлүштүк. Манастын кырк чоросунун ортосунда Аккуласынын чылбырын кармап турганын көрдүк. Жанында Чубак менен Алмамбет, Сыргак менен Ажыбай, Кыргыл жана башка чоролор.

— Капырай, түшүмбү деп жатсам өңүм тура,— деп алгы адегенде кош көңүл олтурган чоң адам далысын

күүшөй берди. — Сахнага чыкканда мен көп ишене берген жок элем. Жаткан талант турбайбы, Саякбай Каралаев деген киши. Биринчи жолу эл эпосун угушум. Орусчага которулса жакшы болмок экен. Кызык легенда окшойт. Бир туруп биздин Микула Селяниновичти (орус баатыры) элестетсе, бир туруп даңктуу төө Святогорду элестетет. Эл мүдөөсүн жактаган баатырлар ар бир элде болсо керек. Каптап, талап келген душмандын жазасын берген ошолор эмес беле. Же мен туура эмес айтып жатамбы?

Ал мага суроолуу карады. Мен Манасты, Семетейди орустун элдик жомокторунун баатырлары Святогор, Селяниновичке салыштырганына таң калдым.

Саякбайдын айта баштаганынан бери бир саат өттү. Зал калыбынан бөксөрбөй угуп олтурду. Көркөм сөздүн таасири ар бир жүрөккө жетсе керек. Дагы жарым сааттан кийин манасчы айтуусун токтотту. Зал бироокумга дагы тынчтыкка бөлөнүп, анан шатырата алакан чаап кирди. Туш-туштан: «Дагы ырдаңыз! Ландысын айтыңыз! Азамат!» деген үндөр угулду. Кол чабуу бир топко чейин басылган жок. Саякбай сахнага үч жолу чыгып, жүгүнүп көшөгөнүн ары жагында көрүнбөй калды. Барсам аябай тердеп кетиптир.

— Салкын абада болсо дагы айтар элем, бул жерде үп экен, кыйналып кеттим,— деди.

Буйрук экен, Саякбай Карелиянын борбору Петрозаводск шаарына барды. «Калевала» эпосунун басмадан чыкканынын жүз жылдыгы белгиленип жаткан. Бага чейин Манас сыяктуу чоң дастан — «Калеваланы» Саякбай уккан эмес. Калмактардын «Жангар», казактын «Кыз Жибек» грузиянын «Жолборс терисин жамынган баатыр» деген эпосторун уккан, ар бири ага өзүнчө таасир калтырган.

Калеваланын жердеген жери — муздак деңиздердин жана көлдөрдүн, чытырман карагай токойлордун мекени Саякбайга сыз жана суз көрүндү. Анын жүрөгүнө тоолор, кар мөңгү, оргуштап аккан суулар алда канча жакын, алда канча кымбат. Ар бир адамга өзүнүн турагы ыйык, чөбү бал жыттанат. Карелдерге жана финдерге токойлору артык, найза карагайлар күн нурундай асманды тиреп, адамды терең ойго салат. «Жыгачтар да кадимкидей сүйлөшө алат»,— дешет бу тарапта жашагандар. Алар бороон-чапкынды боору менен тосуп, кылымдар бою адамдарга кызмат кылып келишкен.

Саякбай ал жактан эстелик үчүн бир жыгач табак,

карагайдын муштумдай чайырын ала келген. Табак кийин жарылып жок болду, чайырдын жыпар жыты чыгып жатып бүттү. Бирок, карелофиндердин улуттук музыкалык аспабы — кантеледе ойногону, «Калевала» эпосун укканы, өзү «Манастан» «Чоң казатты» айтканы өмүр бою сезиминде сакталып калды.

...Бул сапар Саякбай, мүмкүн акыркы жолу биринчи карга кубанган чыгар. Күндүн кыпкызыл болуп батканы, кечки шамал ызгаары, кээде асманда ала булуттардын удургуп ары-бери учканы анын делебесин карыганда абдан козгоп, үйүнө көп олтура албай калды. Эртеден кечке чейин сыртта жүрөт, караган жагы тоо тарап, көл тарап, асман.

Биринчи кар тегиз түштү. Саякбай муздак ак мамыгынан кочуштап алып, бетине сүрттү, даамын татып көрдү.

— Ии, Учар, кандай, кардын түшкөнүнө сүйүнүп жатасыңбы? — деди Саякбай тайганынын мойнунан, башынан жышып сылап. —Ууга чыгабызбы? Тынчың кетип тыбырчылап турасың, таманың кычышып калган экен. Түлкү алып бересиңби же коён кармап бересиңби? Тек, куйругуңду чамгарактатпа. Ит адамдын досу. Тууразы, Учар?

Тайган ээси эркелеткенине ого бетер эрип, куйругун шыйпандатып, шилекейин чуурута бир жата калып, бир сунала калып эреркейт. Көзү жайнайт, талаага карап «арс-арс» үрүп коёт.

Бул күнү ал тайганы менен айрыкча мээримдүү сүйлөшүп, бүркүттү сыртка алып чыгып, ылымта жерге отургузуп койду. Атын кылдуу щетка менен жылтырата тазалады да мандай көкүлүн тарап, ак жылдызы көрүнүп турсун деп оң жагына жаткызды.

Ары жакта ойноп жүргөн он-он эки жашар баланы өзүнө жакын чакырып, мындай деди:

— Мына бул атты сен азыр мин. Тура берип семирип кетиптир. Ары-бери бастыр. Чаппа. Өзү чуркайм десе кармаба, коё бер. Кел үзөңгүнү теп.

Бала ээр токумга көчүк баскандан кийин атты алаканы менен сооруга чаап койду.

— Бар эми ойноп келгиле. Акылдуу жаныбар. Колдон нан жейт. Тигине, өзү эле таскактап жөнөгөнүн карачы. Төрт аягы жөн эле тыбырайт. Тура берип, булчундары талып калган го. Тердеп келсин. Ат адамдын канаты деген сөз чын. Каалаган жагына жеткирет. Жакшы ат алыс жолду кыскартат, адамдын өмүрүн узартат.

Кечинде ал атына сулудан берип, бүркүтүнө малдын боор этинен сугунтуп, тайганына да адаттагыдан күчтүү тамак жегизди. Эртең менен мындай үч-төрт жыл илгеркидей болуп, түлкүгө, коёнго, карышкырга ачылыкка чыкмакпыз.

Көнүмүш боюнча Саякбай менден эрте турду. Түн ичинде дагы азыраак кар жааптыр. Кечээки издер көрүнбөйт. Аба ырайы, кардын дагы жаашы — баарысы бизди мергенчиликке гана чакырып жаткансыды.

Талаага чыктык. Айылдан үч-төрт чакырым бастыра түшкөндөн кийин эле алыстан бир түлкү көрүндү. Мен адегенде ишенген жокмун. Бирок, Сакем дүрбү салып, аның түлкү экенин көрүп, бүркүттү коё берди. Куш асманга бийик көтөрүлүп кетти.

Бүркүттүн учуп жөнөгөнүн көргөн тайган эми «чатак» салды. Биз аны узун жипке байлап баратканбыз. Жулкунуп, жибин тиштеп жөн бастырбайт.

— Коё бербе,— деди Саякбай. — Табына келген бүркүт түлкүнү качырбай тайганды качырып, мыкчып коюшу мүмкүн. Ушул тайгандын уялашы ошондой болгон — бүркүт аткып таштаган.

Бирок, Учар акыры менин колумдан бошонуп кетти. Артынан аттын башын коё берип катуу кыйкырдым. Саякбай бурулуп карады да биз тарапка камчысын жаңсады. Тайганга тап бердиби, мага тап бердиби билбейм. Сыягы мага камчысын көрсөткөнү го. «Азыр эле эскертип олтурбады беле. Мен Учарды кармай албай коё бердим. Эми эмне болот?»

Бүркүт түлкүгө жете берейин дегенде куу неме калың чычырканактын астына кирип кетип, жоголду. Куш асманга кайра көтөрүлдү. Бир чоң айлана жасап, түлкүнү издеди. Таппады. Тайганды көрдү. Эгерде ошол жерден тик качырса, Учар бизден мурда жетмек. Бирок ал эмнегедир дагы бийиктеп учту.

Биз тайганды убагында кууп жеттик. Саякбай атынан кулап түшүп, Учарды жибинен кармап, эки тизесинин ортосуна кысты. Тайган ырылдап, бир топко чейин ээ-жаа бербей булкунду.

— Кыйтуу, кыйтуу, кыйтуу! — деп бүркүтүнө табыштады эле, айланып-айланып отуруп, жанына келип конуп, шаңшып жиберди.

— Ачууланба, алп куш. Түлкү дагы жолугар. Моокумуң канат, алышып жүрүп. Учарды бөөдө майып кылып коё таштадың. Болбойт да.

Муну сылык айтып, Шамалга томогосун кийгизди.

Тайганын коё берди. Ал түз эле жана түлкү кирген жерге атырылды. Түлкү кайра чыккан жок.

Сайдан сай, белестен белес ашып жүрүп, ошол күнү бир гана коён тиштеттик. Саякбай аны канжыгасына этияттап байлап койду. Мени менен үч-төрт саат сүйлөшпөй келе жатты эле эми кайра көңүлү көтөрүлүп, жылмайды.

— «Уу кылуунун убагы бар, убактысыз чыксаң убара болосуң», деген экен. Күн жакшы тийип турса да, аңчылыгыбыз олжосуз болду. Бирок, жаман кишилердей болуп кейибейм. Күнүнө күнү туура келе бербейт. Эртең башка жагына барып көрөбүз. Жанагы кызыл түлкүнү бекер качырдык. Чекилик менден кетти. Бүркүттү эрте коё бердим. Жете албай калды. Буюрбаган нерсе да. Ойной түшсүн. Кайда кетмек эле? Түлкү ийининен алыс жортуп кетпейт. Ушул тегеректе эле болот.

Бул биздин эң акыркы уубуз эле. Бир жылдан кийин Сакем катуу жүрөк оорусунан көз жумду. Аны Ысык-Көлдөн Фрунзе шаарындагы жүрөк дарттарын дарылоочу ооруканага өтө кеч алып келип калышты. Болбосо алп манасчы Саякбай Каралаев дагы бир топко жашамак. Сөөгү таза киши болчу.

ЖЕКШЕНАЛЫ БЕКБАЕВ

САЯКБАЙГА КАТЧЫ БОЛГОМ

Дүйнөдөгү эң зор эпос «Манасты» айткан залкар манасчылардын бири манасчы Саякбай Каралаев менен 1945-жылдын жай айларында (июль-август) таанышып калдым. Ал кезде республикабыз дагы эле жогорку билимдүү адистерге муктаж болуп, идиректүү жаштарды Союздагы борбордук жогорку окуу жайларына жөнөтүп, интеллигенция үчүн жакшы камкордуктар көрүлүп жаткан. Мен да ушулардын ичинде элем.

Борборго окууга кетердин алдында анча-мынча бош убакты пайдалануу чечип, Союздук илимдер академиясынын кыргыз филиалынын Тил жана адабият бөлүмү тарабынан атайын чакырылган манасчы Каралаев Саякбайдан «Манас» эпосунун «Сейтек» бөлүмүн жазып алууга кириштим. Келишим боюнча эпостун тексти

манасчынын оозунан кандай чыкса, ошондой түрдө ондобой, өзгөртпөй кагазга түшүрүшүм керек. Ушундай кылып аткарууга бардык күч аракетимди жумшадым. Болжол менен бир жарым айча манасчы менен иштешип калдым. Бардыгы ойдогудай болуп жатты көрүнөт, Тил жана адабият бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан эч кандай эскерүүлөр укканым жок. Манасчы Саякбай ошол кезде 50—55 жаштарда, кара чий баркуттан кыргызча колго эптүү тигилген кемсел, бутуна крым кара өтүк кийип, булар анын коюу кара мурутуна куп жарашып, мага өтө эле салабаттуу көрүндү. Ал кезде чий баркуттан тигилген кийим өтө жогору баалануучу эле. Чакан бойлуу кара тору, кызыл жүздүү, мандайы жарык, томологураак келген чымыр киши ар убакта сөздү шашпай өз орду менен сүйлөп, өтө сөзмөрдүгүн жана куудулдугун көрсөтүп жатты. Мына ушул сапатынан эле аны кыргыздын көптү көргөн, акылман, ыймандуу адамы, ошондой эле элине зор пайда келтирген таланттуу инсаны экендигин жазбай байкадым.

Биринчи күндөн эле бири бирибизге жагып, жылдызыбыз тогошуп калды. Саякбай ушул кезде Кыргыз мамлекеттик филармониясынын артисти экен. Филармониянын директору Ш. Орозовдун үйүнө токтоптур, (Ал үй кийинки Кызыл Октябрь менен Киев көчөлөрүнүн кесилишкен жеринде болсо керек эле.) Жыгачтан аштап салынган чоң үй экен (мурун көпөстүн үйү болсо керек) ошонун бир тарабындагы эки чоң бөлмөдө (экинчи тарабында Осмонкул Бөлөбалаев жашаган) туруп калыптыр.

Ишке киришип калдык. Үй эртеден кечке чейин бош, эч ким тоскоолдук кылбайт. Директор, анын жубайы кызматка эрте кетип, кеч келишет. Саякбай аксакалдан башка үйдө эч ким жок. Ошентип, биздин иштөөбүзгө оңтойлуу шарттар түзүлдү.

Бул үйдүн короосу кенен эле. Бул жерде дем алыш күндөрү филармония менен опера жана балет театрынын артисттери эки тарап болуп алышып ордо ойношот. Буга эл көп чогулуп, ышкыбоздор ордо аткандарды кубаттап, сүрөп турушат. Оюндун эрежелери боюнча кээде талаш-тартыштар да чыгып кетет. Мындай учурда аксакалдар калыстык сөзүн айтышат. Ордо атууга көбүнчө ошол кездеги кыргыздын интеллигенциясынын алгачкы өкүлдөрү — көрүнүктүү жазуучулар, акындар, артисттер келишет. Ордо атканга келгендерди жакшы тааныгандыктан ал алардын кимиси кайсыл

жактан экендигин айтып отурар эле, кээде кызыганда оюнчуларга сын берип, катасын түзөп койчу.

Биз ордо оюнун негизинен дем алууга чыккан учурда көрүп жүрдүк. Оюндун кызыгына батып калган Сакем өзүнө жакын филармония тарабындагылардан мага оюнга бир түшүүгө (чокон атууга) көп эле жолу кезек алып берген учурлары болгон. Мен авалак менен жакшы атчумун. Авалак колума тийгенде Сакем менин чүкө атканыма көңүл коюп, «тигини ат, муну ат» деп көрсөтүп да калат. Ортого түшүп, чүкө чертип чыгарбасам да, авалак менен түз атып, 5—6 чүкөнү айдап чыкканыма Сакем кадимкидей ыраазы болуп калат.

Биз текстти жазуу тартибине биротоло көнүп алдык. Адегенде ал 4—5 мүнөт айтат, мен жазам. Анан 15 мүнөт дем алууга чыгабыз. Ушул режимди иш аяктаганга чейин бекем сактадык. Кызык окуяларга кирип, кээде дем алуубуз созулуп кеткен учурлар да болот. Муну текст жазганда сөзсүз эске алабыз.

Сакем тамактан ачкылды жакшы көргөн киши экен. Ишке киришээрден мурда эртең менен Аламүдүн сайынын жээгиндеги бозоканага (анын ээсинин аты-жөнү эсимден чыгып кетиптир) барып, бозодон бир аз жуткандан кийин ички кайрыктары ордуна келип калгандай туюлчу. Ал бозоканага белгилүү кызматкерлер да келишип, баж-баж сүйлөшүп, жаңылыктар айтылып, булардын бардыгы Сакеме оң таасир тийгизчү.

«Сейтекти» жазып алууда манасчынын бир сөзүн да калтырбоого тырыштым. Саякбай көп элдин алдында айтып көнүп калгандыктан, ырды төгүп эле тургусу бар. Бирок азыркы шартты эске алып, ал он чакты сапты бир таштап коёт да, мен толук жазып бүткөнчө, эргип, бир калыпта боло албай, мени айланып бөлмөдө аркы-терки басып калат. Кээде андан да көбүрөөк айтып жиберет. Мен шашып калам. Мындай учурда ал абалды сезе коюп «кайсы жерге келдик эле, жазылган акыркы 3—4 сапты окуп берчи» деп суранып, зарыл тактоолорду да киргизет. Маселен, окуп бергенимден кийин Сакем аны токтобостон узартып айтып кетет. Кайталап жаздырган окуялар мазмуну бирдей болуп турса да, андагы кээ бир саптарды алмаштырып, жаңылап жаздырат. Мындай учурларда манасчынын керектүү сөздөрдү кыйналбай-кысталбай шар табышына, окуяны багытынан бузбай куюлтуп улап кетишине, дегеле анын сөз байлыгынын молдугуна таң калаар элем.

Менин жазуу ишиндеги тыкандыгым Саякбайга аб-

дан жакты. Жалаң эле жазуу менен чектелбей, ал кээде өзүнүн черин жазуу үчүнбү, же менин көңүлүмдү көтөрүү үчүнбү, мени жалгыз отургузуп, өзү отургучту төркү бөлмөнүн төр жагына коюп алып, ага олтуруп эки жеңин чыканагына чейин туруп таштап, «кайсы окуяны айтып берейин»,— деп калат. Мен: «Каалаганыңыздан айта бериңиз» — дейм. Ал киши: «Анда эмесе, Каныкейдин «Тайторуну чапканын айтып берем» — деп, адегенде окуянын башын кара сөз менен айтып келип, анан ырга өтөт. Окуяны алгач жайыраак баштап, барган сайын акырындык менен күчөтүп отуруп, бир маалда буркан-шаркан түшүп, аскадан түшкөн шаркыратманы элестетет, кээде талыбаган буудандар Аккула, Сарала, Тайторулардын жарыштагы кызыганына окшоп кетет. Ушундай учурларда кээде дем алып убактыбыз жарым сааттан да узакка созулат. Мен кызыгып уга берем. Сакем «Манаска» бүтүндөй берилип, бүт кыймылдары, мимикалары ага аралашып, күпүлдөп, жулунуп, теминип, илгери жыла берет, он метрдей алыстыкта олтурган мага жетип келет. Муну өзү да сезбей калат. Сакемдин ушинтип «Манас» айтканда да, жаздырган учурларында да чарчадым деп айтканын же бир түрдүү иштен жадаганын укканым да, көргөнүм да жок.

Жазууну токтотуп, кол бошой калганда Сакем ар кандай кызык кептерден сөз баштап, эч бекер отурчу эмес. Бир жолу андан: «Узак убакытты ичине алган бул зор жомоктун сиздин энчиңизге тийип калышынын жөн-жайы кандай? — деп сурап калдым. Анда ал мындай деди: «Ата-энем кедей болушкан. Байдын коюн багып, аны менен жайлоого кошо көчүп, анын үйүнөн алыс эмес жерде кара алачыкта жашайбыз. Мен 7—8 жаштамын. Кой кайтарам. Бир күнү түндө уктап жатсам, түшүмдө жер солкулдаткан катуу дүбүрт келип калды. Эсим чыгып, тура качайын дегиче болбой, төөдөй-төөдөй ат минген, курал-жабдыкчан, сүрдүү зор кишилер жакындап жаныма келип калыптыр. Абдан коркуп кетип, качайын деп бура тартканымча алдыңкы катардагы атчан, сакалы белине түшкөн, алибеттүү карыя: «Качпа балам, токтоп тур, биз сени таптык, сенин башыңа зор касиет, бакыт конду, сен чоң манасчы болосуң. Бул сен көрүп турган атчандар Манас баатырдын кырк чоролору, Манас деген кыргыздын атактуу зор баатыры бул киши деп, оң тарабындагы укмуштуудай кийинген, өңүнө адам дит багып карагыс, өтө сүр-

дүү, ошол тоодой болгон кишини көрсөттү. «Бакай деген карыя мен болом» деп андан ары Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак ж. б. баатырлардын аттарын атап, тааныштырып өттү. Артыбыздагы көп аскер Манас баатырдын колу. Биз дайыма ушул тегеректе болуп турабыз, керек учурда жардамга келебиз. Манас баатыр эч кимден жеңилген эмес, элин, жерин, коргоп салгылашууларда дайыма душмандарынын сазайын берген. Сен эми мындан ары ошол окуялар жөнүндө айтасың. Биз дайыма сени көзөмөлдөп, көзүңө көрүнүп турабыз. Манасты айтпасаң өзүңө жаман болот»,— деп турганда түшүмөн ойгонуп кеттим. Жүрөгүм лакылдап, алкашалка тердеп калыптырмын. Түшүмдө көргөн зор адамдардын каардуу сүрүнөн аябай эсим чыгып калыптыр. Кызык абалга кабылдым. Күндүз такыр эсимден кетпейт, уктасам кайра-кайра түшүмө кирет. Бара-бара: «баштабайсыңбы, айтпайсыңбы!» деп кыстап, опузалай да башташты. Өзүмчө бук, бушайман болом. Баштайын десем тартынам, андан калса окуялар көп, кайсы бирин айтам. Түшүмдө көргөн Манастын эрдиги жөнүндөгү окуяларды түшүмдө айта баштадым. Козу-улак кайтарып, же кой жайып жүргөндө өзүмчө оолугуп, ээн жерге барып ташка же дөбөгө чыгып алып айткым келип калды. Аз-аздан айтып кирдим. Бара-бара бүт эс-дартым Маната болуп калды. Берилип аткарам. Ушул учурда Манас кырк чоросу менен баягы түшүмдө көргөндөй кырка тизилип, көп аскери менен мени карап тургандай сезилет. Манастан башканын бардыгы унутулат. Кайтарган козу-улактар, жайган койлор эстен чыгып, кайда кеткенин билбей калам. Түндө уктап жатканда да күңгүрөнүп, бирдемелерди айтып чыкчу болдум. Муну байкаган ата-энем мени ооруп калганбы деп чочулай баштаптыр. Бирок менин жашырынып «Манас» айтып жүргөнүмдү көргөндөр жеткиришкенде, алардын көңүлү тынып, менден бардыгын сурап билишкенде «манасчы болот экенсиң»,— деп сүйүнүшүп, бир эчкисин союп түлөө кылып, айылдагы аксакалдарды чакырып, бата да алып берди. Ушундан кийин гана «Манасты» ачыкка чыгып айта баштадым!» — деп Сакем коюу мурутун жанып койду.

Саякбай мурунтадан «Манас» айтып элге таанымал болуп калган көптөгөн манасчылар менен таанышып, бирге жүрүп, таалимин алган. Алар — Чоюке, Балык, Акылбек, Шапак, Ыбрай дегендер болгон. Эпостун үч бөлүмүнүн окуяларын толук өздөштүргөн. Ушул үч бө-

лүмдүн көлөмү жөнүндө сурасам, мындай жооп кайтарган:

— Анын канча болоору азырынча белгисиз. Ушул убакка чейин менден 365 миң ыр сап жазылып алынды. Эми минтип дагы улантып жатабыз. Болгонунун баарын кагазга түшүрүп бүтсөк эле жалпы көлөмү дайын болот.

Сакемдин дагы минтип айтканы эсимде:

— «Улуу Ата Мекендик согуштун алдыңкы жылдары... Бийлик ээлеринин суроолору боюнча жайдын толук кезинде жайлоодо боз үй тигилип, «Манасты» башынан аягына чейин үч жолу айтып бергеним бар. Эл көп. «Манасты» айтуу күн чыгып чамгаракка илингенде башталып, чак түштө бир саатка тыным болот. Андан кийин уланып күндүн нурлары чамгарактын күн чыгыш жаккы учуна илингенде токтолот. Ошентип, жайдын толук күндөрүндө эртеден кечке тынбай Манас айтып, анын башынан аягына 22—23 күндө чыгып жүрдүм. Элге минтип толук айтып бергениме өзүм да ыраазы болуп калдым».

Ошол өтүп кеткен күндөрдөгү Саякбайдан «Сейтекти» жазып алган учур эч эсимден кетпейт. Көз алдыма анын турпаты жалаң эле чоң манасчы эмес, чоң акын катары да элестейт. Ыңгайы келе калганда Сакем ал кездеги республикабызга белгилүү эмгектин алдыңкыларын ырга кошуп жиберүүчү. Атактуу кызылчачы Зууракан Кайназарова, таанымал пахтакер Алля Анаров тууралуу жакшынакай, мазмундуу ырларын дароо жазып албаганыма өкүнөм. Бир жолу жакшы маанайда олтурганда Сакеме: «Азыркы турмуштун темаларында да жазып көрбөйлүбү?» — деп сунуш кылсам, ал: «Ээ, балам, мен сабатсыз киши болсом, азыркы саясаттын бир жеринен жаңылып алып, бир балакетке калбайын»,— деп ынабай койду. Мен ошондо, аттигиниң, ушул Сакеме 2—3 киши консультант бекитип, көзүн, сабатын ачып койсо кандай жакшы болоор эле, «Манасын» да жазмак, башка ыр, поэмаларды да өз колу менен жазмак деп өкүнүп, арман да кылдым.

Күндөрдүн биринде Сакем өз оюнда жүргөн бир нааразылыгын айтып калды: «— Аалы Токомбаевдин жазган ар бир сап ырына 8 сомдон төлөшөт. А мен тиги VIII кылымдан бери болгон кыргыздардын турмушундагы чоң окуяларды төкпөй-чачпай айтып берип жатсам да, сабына бир сомдон төлөшөт. Мындан мурунку жаздыргандарымдын ар бир сабына 2 сомдон төлөшчү эле. Муну кандай түшүнсөм болот?»

Сакемдин оюн билдим. Кандай болсо да аны жооткотоюн дедим.

— Саке, Аалы жазуучу, акын болсо да, ал сизге окшоп күн сайын ыр жарата албайт. Шыктануусуна жараша кээде айына бир-эки жолу гана жазат. Ошондо да тогуз толгонуп, бир нече жолу сызып, ондойт. А сиздики болсо минтип качан да болсо даяр, оозунуздан төгүлүп турат. Али эпостун аягына чыга элексиз. Алды жакты кең караңыз. Насип болуп, көп нерсе буюруп калаар... Сакем макул болгонсуп, унчукпай калды.

«Сейтекти» жазуу иши да аяктады. Коштошуп жатып, менин алыска окууга сапар тартарымды унутпай: «Алдыңа чоң максат коюпсуң, ошол максатыңа жет, бактың ачылсын, жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун, аман барып, эсен кел»,— деп батасын берди.

АСЫЛБЕК МЕДЕТБЕКОВ

МАНАСЧЫ ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Манас!.. Мен бул сөздү укканда көз алдыма эки гигант элестейт: бири канча жүз жылдык элдик мурасты жалгыз боюна сиңирген Саякбай.

Чарчы бойлуу, чымыр, буурул чач, буркугуй мурут, майланган буудай жүздөнүп, көздөрү тереңден караган томолок бул адам бир көргөн көзгө жупуну, абайлап карасаң, тышкы сымбаты тез эле өзүнө тартат. Жазы маңдайы өр тарта жайылып, байыркы даанышмандардын элесин көз алдыга алып келет.

Манасчы катары билбеген күндө да анын түспөлүү көп нерселерди эсиңе салат: бир туруп бала кездеги уккан жомоктордогу каармандарга окшошсо, бир туруп айкөлүү Манас, бир туруп «атка жеңил, тайга чак жоо арстаны» Сыргак.

Сиз али Саякбайды уга элексиз, көрүп гана турасыз. Мына, ал чамынып кирди, кудум тоо суусу. Эми Сакем айкөл Манасты же Сыргакты эле дейсизби, толгон каармандарды элестеткенин көрүңүз. Ана, салабат тартып жайкалса — Бакай, буулуга сүйлөп, чарт-чурт этсе — Чубак, бал тилге сала чайкап, кууланса — Нескара, айтор бардыгы... бардыгы.

Бирок булардын ар бири өзүнчө кейип — бешене, дүйнө, кыскасы образ. Ошентип, каармандарды күлөр жерде күлдүрөт да, ыйлар жерде ыйлатат.

Кара, бузуку Кыргыл чалдын тили менен чукул ачуу, алабарман Чубак чалгынга бараткан Алмамбетти артынан кууй жетип кекетип турат:

«Он эки түркүн кол баштап,
Чалгын чалар сенсиңби?!
Кеңеште жок, кепте жок,
Бээжинге чалгын барбастан
Орукта калар менмиңби!»[6]

Дагы далай сай-сөөктү сыздатаар кептерди айтпадыбы! Алмамбетчи?

«Ойлосоң боло сен Чубак,
Мен Бээжинди чалам ким үчүн?
Арттагы калың эл үчүн,
Байкасаң, Чубак сен үчүн»[7]

— деп канчалык сабыр, канчалык адамкерчилик кылды. Түшүндүрдү. Бирок, тиги болбоду. Акыры Алмамбеттин намысы түтөп, ары козголбоспу:

«Кечке койсом жайыңа,
Кемитип кытай дей бердиң!
Билген богуң жей бердиң![8]

Манаска Бээжиндин жайын айта отуруп, муңканышы ушундан улам эмеспи:

«Сандаган түмөн кытайда
Санаалаштын жоктугу,
Менин таалайымдын жоктугу.
. . . . . .
Каста шса да тууганды
Кай бетим менен мен таштап,
Сага тентип келгемин, Манас»[9]

Тагдыр кызык ээ, Манастан кем болбогон бир эрдин трагедиясы... Ырас, элинен тентип эмнеге келди? Тентиген жок, анткени бүткүл адилетчилик, асыл сапат Алмамбет жакта. Биз үчүн азыр ал кыргызбы, кытайбы — баары бир, чыныгы адам. Ошондуктан кыргыз экендигине карабай Чубак андан төмөн түшүп жатпайбы. Ошондуктан Алмамбет менен кошо биздин да кыңырык түтөп Чубакты жектедик.

---

[6] Каралаев С. «Манас», кол жазма, инв. № 540, 100-бет.
[7] Каралаев С. «Манас», кол жазма, инв. № 540, 105-бет.
[8] Ошол эле, 107-бет.
[9] Ошол эле, 147—148-бет.

Пагыз художниктин кылары ушул эмеспи.

Саякбай бизге мынчалык таасирди оңой-олтоң эле жеткире койгон жок. Ким билет, анын көп кырдуу таланты болбосо, «муздак» калат белек? Минтип айтышыбыздын жөнү бар.

Маселен, кандайдыр бир жазуучу роман жаратты дейлик, албетте ал көп машакат тартары талашсыз. Бирок сөз менен гана образ түзө алса жеткени. Ал эми Манасчычы? Жок, ага сөз аркылуу элес жаратуу аздык кылат. Анын искусствосу синтетикалык форманы: үн, сөз, обон, мимика, жаңсоо жана башкаларды талап кылмакчы... Демек, Саякбай бир эле учурда ыр менен чыгарма жараткан акын да, тышкы кыймылы менен образ түзгөн актер да, образдарга жараша музыка чыгарган композитор да, аны обону аркылуу элге жеткирген ырчы да. Ушул чеберчиликтердин бир адамда болушу чынында сейрек учуроочу көрүнүш. Эгер салыштырар болсок, «Манасты» аткаруу кино искусствону көбүрөөк элестетет.

Эпостор көпчүлүк калктарда кездешет. Алар эл тарабынан чыгарылган менен таланттуу адамдар аркылуу сакталып жана өнүктүрүлүп келгендиги жалпыга маалым. Ушундай элдердин эң байыркысы гректер, ал эми гректердин даңкын чыгарган эпосун айткан адам — Гомер. Гомердин заманында жөндөмдүүлүгүнө жараша ырчылар (албетте, акындар) экиге: аэддер жана рапсоддорго бөлүнүшү тегин көрүнүш эмес. Анткени, ыр искусствосу эң бийик баскычка көтөрүлгөн элде гана акындар катмарга бөлүнүшөт. Ал эми аэдсиз «Илиада» жаралмакпы?

Бул жагынан алганда кыргыздар менен гректердин ортосунда көп окшоштуктар байкалат. Тигилердики сыяктуу эле бизде да ырчылар: төкмө акын жана жамакчы акын болуп экиге бөлүнөт. Аэддердей төкмө акындарсыз «Манас» жаралмак эмес. Андыктан эпос үчүн Гомер кандай болсо, Саякбай дал ошондой.

Минтип айтуу менен эпосту Саякбайдын энчисине ыйгаралы деген ойдон алыспыз. Себеби «Манас» көп Саякбайлардын чыгармачылык лабораториясынан өтүү менен азыркы абалына жеткен. Бирок, ар бир эле художниктин «көркөм дүйнөсү» бөлөкчө сыяктуу Саякбайдын да өзүнүн «Манасы» (искусствосу) бар.

500000 сап ыр. Мынча көлөмдөгү эпосту бүт айткан адамды дүйнөлүк поэзиянын тарыхы билген бекен? «Илиаданы» айткан адам — 13500, «Шах-Намени» айт-

кан адам 125000 ыр жолду билген. Ал эми Саякбайдыкы жарым миллиондон ашык. Өңгөсүн айтпаганда да ушунусу эле таң каларлык эмеспи. Албетте, мындан Саякбайдын улуу импровизатордук талантын көрбөй коюуга болбойт.

Менимче, баарыдан мурун манасчы нагыз акындык жаратылышка ээ болуу керек. Көзүнө урунган көрүнүштү чү деген жерден акындар көңүлгө уюта ырдап жиберген сыяктуу, манасчылар да кайсыл эпизодду айтпасын ошондой эле төгө алат. Анда эпосту айткан адам үчүн өзүнө чейинки «даяр чыгармачылыктар» кайда? — деген суроо туулат. Ооба, манасчынын да акындын айырмасы ошол «даяр чыгармачылыкты» сактагандыгында. Бул — иштин бир жагы. Экинчи жагы — айтуучу чыгарманын аткарылышын гана жөнгө салган «механизм» эмес, аны өз оюндагысынча жаратуучу болуп да эсептелинет. Мына, ушул жерде анын чыныгы акындык кудурети, импровизаторлук таланты ажарын көргөзмөкчү. Мүмкүн, манасчы (акын) чабал болсо, элге белгилүү көркөм сөз чыгармасынын өңү киргил тартып, мурунку сонун жактарынан да айрылат. Күчтүү болсо, мурдагы көркүнө көрк кошулуп, чыгарма кайра жаңы төрөлгөнсүйт. Демек, манасчынын акындык кубаты канчалык арткан сайын, ошончолук чыгарманын ага таандык жактары арбып турат. Ал эми Саякбай, буга караганда, эпостун өзүнө таандык жактарын акыркы бийиктигине көтөргөн манасчылардын катарына кирет. Ушуга байланыштуу бир кызык фактыны айта кетсем, артыкчылык кылбас.

Мен мурда Саякбай «Манастын» кайсыл жерин айтпасын, көп жолу айтуу менен көкүрөгүнө жат болгон баягы эле ырларды, уйкаштарды, сөздөрдү, метафора, эпитеттерди кайталап жатат го деп ойлоочумун. Көрсө андай эмес экен. Ырас, көп айтылуудан көңүлүндө калган көпчүлүк окуя ар бир айткан сайын аздыр-көптүр жаңыча ырларга, уйкаштарга, көркөм каражаттарга дуушар болуп олтурат экен, бирок маанисин ошол бойдон... Муну Сакем менен болгон бир кызык жолугушуудан байкадым.

Бир жолу Азиз Салиев: «Сакем жалаң «Манас» эмес, башка да легенда, жомок, санжыраларды көп билет, сөзгө устат, аңгемечил адам. Ушул жагы анча баамга алынбай жүрөт. Эмесе, билгендери бүтүндөй жыйналып алынса, кийин табылбас мүлк. Албетте, биз радиофонд эмеспиз, ошентсе да, мүмкүнчүлүктүн жети-

шинче айрым кызыктуу кептерин пленкага жазып алалы. Сакемди чакырдым, эртең кел»,— деп калды.

Мына ушул жолугушууда Сакемдин оозунан Каныкейдин Чубакты сайган жерин эки жолу айттырып жаздырдык. Кийин пленкадан кагазга түшүрүп, салыштыра келсек, экөөнүн ортосунда арбын өзгөчөлүктөр бар болуп чыкты. Ал эми төкмөлүгү чоң, акындык жаратылышы бай манасчы гана эпоско дайыма чыгармачылык түрдө мамиле кылмакчы. Ал сюжетти билсе болду, мурунтан даяр ыр-тексттердин канонуна муктаж эмес. Чыгарманын жакшы же жаман айтылышы ошол учурдагы айтуучунун эргүүсүнө, көңүлүнө байланыштуу.

Ушундай эле Кыргыз ССР илимдер академиясынын коомдук илимдеринин кол жазмалар фондусунда сакталып турган. 1940-жана 1950-жылдардын ичинде Саякбайдан эки ирет жазылып алынган эпостун айрым эпизоддору көп бөтөнчөлүктөргө ээ.

Өзүнүн айтуусуна караганда Сакемдин ырчылык ышкысы эрте эле ойгонуптур. 14—15 жаш курагында тели-теңтуш, жеңе-желпилерине арнап ыр чыгара коюп, анысы айыл-апага тарайт. «Ушундан 4—5 жыл кийин — деп эскерет өзү — үйгө тынч олтура албай, эртели-кеч буулугуп, ичимен күңгүрөнчү болдум. Түнкүсүн жөөлүп чыгам. Эртеси эмне айтканым эсимде калбайт. Ушинтип жүрүп «Манас» айтып кеттим».

Буга карап төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот: Табигый шык Сакемде эрте козголуп, улам жетилүү менен аны чоң чыгармачылык демге түртөт. Көөдөнгө сыйбай ташыган эргүү тышка атылып чыгууга жол издейт. Мынчалык толкунду майда-барат ырлардын нугуна сыйдыруу мүмкүн эмес эле. Ал үчүн ири масштабдагы эпикалык поэзиянын гана «бассейни» керек болчу. А эпикалыктын спецификасы же эпосторду айтууда, же чоң айтыштарга түшүп, өз бетинче ири көлөмдүү чыгармаларды жарата алчу акындык кудуретте турган Саякбай, булардын биринчисин тандап алат. Албетте, анын манасчы болуп калышында жакын агалары — чоң манасчылар Чоюке, Акылбектер жана алардын уругунда эпосту айтуу укумдан-тукумга өтүп, салтка айланган-дыгы бирден бир таасирин тийгизген. Балким беделдүү акын болуп калышы да мүмкүн эле? Бирок экөөнүн кайсынысын албайлы, аябаган чыгармачылык эргүүнүн, залкар таланттын негизинде келип чыгары талашсыз.

Минтип айтуу менен манасчылык жана акындыктын

аралыгын жиктегибиз жок. Чоң акындардын көпчүлүгү «Манастын» айрым үзүндүлөрүн, же кенже эпостордун бирин-экисин сөзсүз билген. Ушундай эле манасчылардын көбү ири аш-тойдо айтышка жарап, өз алдынча ырдай алган. Өңгөлөрдү айтпаганда, буга далил катары Саякбайдын ысымын атоо жетишерлик. Маселен, «Эр Төштүк» эпосун, «Унутулгус күндөр», «Эстен кетпейт» сыяктуу тарыхый мемуардык прозалык чыгармаларын эсепке албаганда, элдик сюжеттердин негизинде иштеп чыккан «Азапты көргөн Кубат», «Томор мерген», «Молдо баатыр», «Делдеш баатыр» поэмалары анын акындык жүзүн айкын көрсөтөт. Чынында Саякбайда чоң поэтикалык кудурет болбой, мына ушул чыгармаларды жарата алат беле?

Ал эми нагыз акындык жагын мындай койгондо да, алп манасчы катары Саякбайлык натуранын экинчи бир кыры тез эле көзгө чалдыгат. Ал жагы кайсы? Биз буга жоопту ырчыбы, манасчыбы айтор, художниктин кандай түрү болбосун, анын чыгармачылык өзгөчөлүгүнөн, жеке ага таандык оригиналдуулуктан издешибиз керек. Эгерде художник канчалык таланттуу болсо, ошончолук ал өзүнчөлүктүү, оригиналдуу. Анын күчтүү натурасы искусствосунда көбүрөөк чагылат да, өңгөлөрдүкүнө окшошуудан оолак болот. Деги турмушта күчтүү адамдар жеке жактары менен кескин айырмаланып, чабалдарынын жалпы жактары көп эмеспи. Чыгармачылыкта да дал ушундай.

Саякбай андай өзүнчөлүгү боюнча согуштук картиналар, курч конфликттеги сюжеттер, мүнөз аракеттер, жер көрүнүштөрүн сүрөттөөдө өзгөчө монументалдуу эпик, көтөрүңкү романтик катары көрүнсө, трагизм, комизм жана драматизмдик ситуацияларда терең психолог, чебер юморист.

Искусстводо художник ички дүйнөсүн аздыр-көптүр чагылтпай коё албайт дедик. Ал эми Саякбайдын поэтикалык натурасындагы тигил өзгөчөлүктөр да, сөзсүз, анын жеке табиятына көз каранды.

«Канаттуу куштар», өзгөчө «Бүркүтчүлөр» деп аталган китебин окуп олтуруп, кырк жыл ашык убакыт, «ит агытып, куш салган» бул адам манасчылыгынан бүркүтчүлүгүн артык сүйбөсө, кем сүйбөйт го деген ойго келесин. Курагынын өткөнүнө моюн сунбай, Сакең жылына бир же эки маал Карачологу (бүркүтү) менен ууга чыгарын угуп же көрүп жүргөндөрүбүз көп болгон.

Адатта бүркүтчүлүктүн духу романтикалык-баатыр-

лык турмуш аракеттердин духуна тыгыз байланыштуу эмеспи. Ал эми дал ушундай духка ширелип бүткөн натура анын поэтикалык табиятынын өзүнчөлүгүн түзүп олтурат.

Ушинтип, акындык, манасчылык стилине өтө мүнөздүү көрүнүш: эгерде Сагымбайда лиризм үстөмдүк кылса, Саякбайда эпика...

Талант карыбайт, ал нукура болсо, дат баспаган буюм окшоп дайыма жаркырап турат дешет. Бул кептин канчалык төгүнү бардыгын билбейм, бирок Саякбайга карата колдоно турган болсок, баары чын сыяктуу. Анткени, 74 жаш курагында Сакең эки саат бою тыным албай «Манас» айтып кете берчү. Кадимкисиндей кызып келгенде оозунан ыр нөшөрлөп, астына буудан салбас жоргодой калкылдап алчу. Аның искусствосу мурункудай эле күч менен бойду балкытып, көңүлдү толкутчу. Анан ичинен: «Оо, баракелде, өнөрүңө, Сакe!» — деп кубанганыңды сезбей калчусуң. Албетте, бул Саякбайдын чыгармачылык күчү али жигердүү экендигине толук күбө болчу.

КЕМЕЛ БЕЛЕКОВ

ЗАЛКАР ЖАНА ЗАМАНА

Бүткүл адамзаттын көөнөрбөс кенчине айланган «Илиада» менен «Одиссеяны» жараткан айтылуу Гомердин талантына атагы андан кем эмес байыркы грек ойчулу Платон: «Бул акын бүтүндөй Элладаны тарбиялаган!» — деп баа берген экен. Ал эми биздин «Манасты» эл жаратпадыбы. Демек, миңдеген жылдар бою эл өзүн-өзү тарбиялап келген. Кийинки муундардын ага кайра-кайра кайрылып жаткандыгы да ушундан улам-дыр. Ошол күндөн ушул күн «Манасты» асаба тутканэлге таазим этебиз. Ошол күндөн ушул күн асабасын түшүрбөй келген залкар таланттарга таазим кылабыз.

Ырамандын ырчы уулу!.. Келдибек!.. Тыныбек!.. Чоюке!.. Нооруз!.. Балык!.. Сагымбай!.. Эмне деген таланттар!.. Токто десе болчубу, арадан алашадай мезгил ооду, бир топ заман алмашты. Тагдыр ушу экен, мез-

гилине татыктуу, заманына жарашкан далайлардын көзү өттү. Алардын «Манас» айтканын көрүп келген киши жок. Тек гана, аңызга айланган аты калды.

«Манас-Маңас болгону, Манас атка конгону» эчен залкарлардын көзү өтсө да, улуу эпосту бүткүл ажары менен биздин күнгө жеткирген кадимки Қарала уулу Саякбай болду. Аттиң дүйнө, жер үстүндө а да жок, шум өлүмгө даба жок.

Оо, ал кезде бала элек. Саякбайдын ыманы ысык ысымын эшиткен сайын бала чак көзгө тартылат. Қолхоздун малы жыргал белем, бир бүлөнүн балдарындай дегеле ынтымактуу оттошот. Ана, Шарып, кайкыны жондой баштаган койдун алдын кайрып койду эле, жайылып ылдый түштү. Кезүүнүкү курусун, отко айдасаң, жокко качат. Көрүнгөнү көрүнгөн тоону беттегени беттеген. Бир таанышым айткандай, ар көчөдөн чогулган «хулиган» койлорду тосуп жүрүп жаның төрт чарчы. Тиги, атын айтпай эле коёюн, ошонун кою окшойт, оттогонунан маараканы көп. Тээтигил сакалы чала жулунган карыган сары текенин кырчаңгысын айтасың. «Мал ээсин тартпаса арам өлөт» сыягы. Қыскасы, ар кимден ар кандай тарбия көргөн койлор...

Тыныга калганда көрпөчөсүн салынып кыңай отурган абамды кыйнай баштаймын.

— Аба, «Манас» айтып берчү.

— Э-эй, Абыкейдин улагы кырды ашып кетиптир,— абам сөзгө алаксытат.

— Аба, «Манас» айтып бер дейм.

— Андан көрө тиги Чекирдин кызына көз кырыңды салып көрсөңчү, ыя.

— Жок, атаңдын көрү эр Манас!

— Абылаштын кызычы? Оокатка тың көрүнөт.

— Атаңдын көрү эр Манас!..

Акыры абам жеңилет. Теребелди термеген абамдын конур үнү. Жанында ээк таяна суналган секелек бала. Алдыда аскар тоо турат. Этекте эндей көл жатат. Айлана тегиз көшүгөн. Көктөгү күн жантаят. Аткулактар жарданат. Жана да жаны жай таппаган маарак кой, кыжырга тийген карыган кырчаңгы сары теке...

Ошентип «Манас» укчубуз. Ошентип «Манас» менен кошо Саякбайдын ысымын адеп эшиткем.

Абам сөзмөр киши эле. 1928-жылы москвалык музыка изилдөөчү Затаевич алыска кабар чаптырып, атпай кыргыздан чыккан не бир залкар таланттарды чогултканда Қарамолдого жолдош болуп келген. Токто-

гул менен Молдокемдин арзышып жүрүп табышкан алгачкы жүздөшүүсүнө күбө болгон жайы бар. Анан да, согуштан мурдакы жылдарда Ысанын алма багына атайы боз үй тиктирип, бир ай бою Саякбайдан «Манас» угушканы өзүнчө бир түгөнбөс жомок эле.

Карамолдо менен Саякбай адеп 30-жылдардын башында театрдан жолукту. Манасчы комузчудан он жашча кичүү болсо да, тез эле ымалашып кетишти. Анын үстүнө, мүнөздөрү да таптакыр башка эле. Молдокем басмырт, сыдыргыга салгандай сыпаа, билгенин ичтен кайырган бир мүнөз адам экен. Ал эми, Саякбай болсо ачык-айрым, ойлогон ою сыртына чыккан орошон адам. Балким эки залкардагы эки башка адамдык мыкты сапаттары бири-бирин толуктаган болуп жүрбөсүн. Ата-бабанын улуу жомогу менен улуу комузчу эриш-аркак бирин-бири сүрөп жүргөн болбосун. Эмнеси болсо да, бул жылдары жашы айрым жанкурбулар жан дүйнөсүндө кош өнөрдү жалгатып, эл ичинде чогуу жүрүштү.

Алыс сапар. Ат-көөлүгүн алмашып, улам илгери жол тартышат. Сакем жанындагысын укуйт: «Молдокемди бир ырдаталыбы, ыя?». Тигиниси баш ийкейт. Ортого келди-кетти сөз байлайт. Арада сөз убара. Жүрүп жүрүп отуруп тамашага айланат.

— Молдоке, баягы эсиңдеби? — Сакем жашы улуу жанкурбусун тамашага чалат.

— Ыя? — Молдокем такыр укмаксан.

— Баягы... Баягыны билесиңби дейм.

— Койсоңчу, кудайдын каарына калган неме экенсиң...

«Баягысын» экөөнөн бөлөк билген бир жан жок. Арты туюк кеп эле. Сакемдин ансайын «баягысы» түгөнбөйт.

Молдокем билет, унчукпайт. Көңүл күүлөйт, үн чыкпайт. Анан барып селт этти. Жаткан арман козголуп, курган жүрөк болк этти. Көкүрөккө дил бүттү. Чоркок тилге сөз бүттү. Арабанын үстүндө күйдүм обон созулат. Жүрөк дартын козгогон ашык ыры бир топко барып басылат. Мончоктоп аккан терин жаак ылдый шыпырып, үнсүз алга телмирет. Баятан бери жаагын жанып сүрөп отурган Сакем да муюп, жан жыгачка кыйшаят. Арада жол кыйла арбыган. Алыстан аттын кошкуругу менен дөңгөлөк алдында быркыраган таштын дабышы гана угулат.

Саякбай Бейшекан апага үйлөнгөн соң, кайын-журтун пааналап Бостери айлында туруп калды. Эми ту-

рагы коңшу эки залкар андан бетер камыр-жумур аралашып кетишти. Мүнүшкөрлүккө тап экөө тең жорожолдоштору менен ат агытып, куш салат. Чоло тие калганда мектептин директору, Карамолдонун иниси Шамыратов Иман «Манастын» окуяларын жазып жүрдү.

Элдик өнөрлөрдүн ортосунда эч деле чек ара жок сыяктуу. Өзгөчө «Манас» менен комуздун ички табияты өтө жакын окшобойбу. Ошол себептен, алардын улуу өнөрү шумкардын кош канатындай оболоп учту. Бирине-бири шык берди, бири-бирин байытты. Акырында аска тоодой залкар болуп чыга келишти. Мындай ымаланын пайдалуулугун учурунда экөө тең айтышчу экен. Ал тургай, Карамолдо «Манас» эпосу боюнча бир топ күү чыгарган.

Чын-чынына келгенде, Саякбай залкарлардын эң акыркысы. Көптөгөн орошон таланттардын атынан башка артында мурасы калбады. Кийинкилерден Сагымбайдын «Манасы» жазылганы болбосо, жандүйнөнү козгогон үнүн уга албадык. Бул жаатына келгенде Саякбай бактылуу жан экен, Октябрга туш келген. Эл эпостун бүткүл кудурети менен тартуулап, жаркын элеси көз алдыбызда калды.

Бюффон Архимеддин айтылуу таяныч чекитин адам менен анын жасаган ишинин стилинен издеген экен. Көрсө, адамдык парасат менен анын тандаган иш ыкмасы шайкеш келсе, ал беттеген өнөрдүн ажары жүзүнө чыгат тура. Бул аныктама Саякбайдын талантына дал келет. Анткени, анын адамдык айкөлдүгү менен, бууракандаган эмоциясы, тубаса ышкысы жалгаша калып атпайбы.

Ал өмүр өтөлгөсү улуу «Манасты» ошол күндөн ушул күн «жамалын күнгө күйгүзбөй, таманын жерге тийгизбей» кастарлап алып келди. Артында теке жаадай керилген, күүлүү эликтей элирген орошон талантын сүрөп алчу атпай кыргыз журт турат. Арасында ок аттаса айыккан абийири таза адам бар. Калк ичинен чачылганын жыйнаган, үзүлгөнүн улаган атуулдар чыкты жол чалып. «Бали... бали балилеп» эли турат Манастын:

Жоону чапса, биз чаптык,
Аты калды Манаска!..»
Аты калсын Манаска!
Аты калат Манаска!..

Анткени, «Манас» — эл тарыхы. Ал эми, ар бир атуулдун аткарган албан иши — элдин шыбагасы, журт-

тун ырыскысы. Бекеринен, «не бир мыкты жигиттен эркек бала туяк калып калса деп ыйлайт. Адырмактуу көк сайдан булак калса деп ыйлайт» деп тилебесе керек.

Кайран Сакем, «Айың менен күнүндүн бир өзүнөн бүткөндөй, алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй, асман менен жериндин бир өзүнөн бүткөндөй», «Малым-малым дейсиңер, малың — тоонун чымчыгы, багым-багым дейсиңер, багың — токой чырпыгы... Калып калсын калкыңа калыс сөздүн чындыгы, сөөлөт болсун артыңа сөзүндүн бир чымчымы...»

Ат койгондон жерге алганча Карала уулу Саякбай «Манаска» өз уулундай эле кызмат өтөдү. Ал үчүн элден миң алкыш.

ОМОР ЕРКЕТАНОВ

БИЗДИН ҮЙДӨ «МАНАС» АЙТКАН

«Акындын поэзиясын дилиң менен түшүнгүң келсе анын Мекенине баргын» деген Гётенин сөзүнө жараша манасчынын туулуп-өскөн, жашап жаткан жери, эли анын алгачкы табият тартуулаган шыгы, өсүү таланты жана залкар манасчылыкка жетүү жолу өзүнчө эле чоң аңгеме.

Саякбайдын теги, Көлдөгү бугу уруусунун Арык тукумундагы Сары-Калпак Ата уруусунан тарайт. Сары-Калпактан — Шампар, Орусуул, Сарытон деген үч уул. Үч уулдун улуусу Мойноктон — Тилен, Сасай эки уул. Сасайдан Карала. Караладан Саякбай өзү Ак-Өлөңдөгү Семиз-Белде туулганы менен Кыргыз филармониясына артист болуп барганга чейин азыркы Ысык-Көл облусу Ак-Суу районунун Маман Карачий аймагында жашаган. 1932-жылдын декабрь айында Саякбай биздин үйгө келген. Биздин айыл Каракол шаарынан түндүк тарабында Жыргалаң суусунун берки кашатындагы Тегизчил айылы. Ошондогу турпаты азыр да көз алдымда: Кара көрпө кыйууланган баркыт менен тыштанган тебетей, кара чий баркыт бешмант шым кийген каратору кызылдуу жигит экен. Мен аны биринчи көрүшүм. Атам Бексултан молдо революцияга чейин кыр-

гыздардын балдарын арап тамгасы менен окуткан, сабаттуу, сөзмөр, санжырачы келим-кетимдүү адам эле. Саякбайдын «Манасын» угууга айылдын аксакалдары, активдери, жалпы эл келишти. «Манасты» кечинде эл орунга отурганда саат 8дерден баштап айтып, эртең менен бүтчү. 7 күнү катар айтып күндүз эс алып жатчу. Айлыбызда Чоюке, Дыйкамбай, Назар, Сагымбайдай манасчылардын айткандарын күндөп-түндөп уккан, көргөн адамдар көп эле. Айылыбыздагы көрүнүктүү эл кызматын аткарып жүргөн кадырлуу адамдарыбыз: Жийдебай, Мусагожо, Коной молдолор, Итибай, Кийизбай, Абышактар Саякбайдын жети күнү айткан «Манасына» өтө ыраазы болуп жогору баалашты. Ошондо Абышактын айтканы эсимде: «Саякбай мурункуга караганда такшалып калган экен. Чоюкенин ыкмасы менен «Манастын» үч бөлүгүн тең мыкты айтып калыптыр. Бул Ысык-Көлдүн аймагы башынан эле манасчылардын залкарларына ыйык жер эмеспи. Залкар манасчылар: Тыныбек, Назар, Дыйкамбай, Чоюке, Сагымбайлардын «Манас» айтуусуна мына ушул көл аймагы даарыган. Кудай буюрса Саякбайды Манастын арбагы көлдөп залкар манасчылардын катарынан орун алсын. Өмүрү узун болуп Манастын казынасынан насип буюрсун. Оомийин алло-акбар, жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун, Манастын арбагы колдосун!» — деп чуркурап бата беришип, эртеңки саат 10—12лерде узатышты. Карагер атына минип Карачий-Маманга жөнөп кетти...

Сегиз жыл өткөндөн кийин жай айларында отпуск алган болсо керек. Биздин үйгө Каркырада отурганда келди. Атайы эле келгенин айтып: «Бексултан молдоке, көл башына келип калдым эле Сиздин аманчылыгыңызды билип учураша кетейин деп келдим. Беш, он күн убактым бар, кандай жакшы турасыңарбы деп жаркылдап, жайнап учурашышты. Эртеси биздин үйдөн кетээр күнү атам Бексултан молдо Саякбайдын Чоюке менен Кыдыр-Акенин үйүндө 1924-жылы Ак-Суу ичиндеги Аңырты жайлоосунда болгонун кеп салып берди.

Ошондо Кыдыр-Акенин айтканы:

«Эми Чоюке балам! Саякбай ининди жаныңан чыгарбай болгон өнөр ыкмаларынды, акыл-насаатыңды үйрөткүн». Кыдыр-Аке Саякбайга карап «Балам Манастын арбагы колдосун дастандын туу чокусуна чыгууна насип буюрсун, жолуң ачылсын, оомийин алоакбар»,— деп Кыдыр-Аке бата бергенде олтурган эл-журт чуркурап

кошо батасын бериштн. Ошол күнү Чоюке менен Саякбай сарытөр жайлоосун ашып Қаракол, Қашкасуу өрөөнүнө жөнөп кетишти...

Жакында Қыргызстандын Эл акыны карыя Абдурасул Токтомушев менен аңгеме-маек куруп отурушуп калдым. Сөздөн сөз чыгып келип Саякбайдын басып өткөн жолунун бир-эки үзүмдөрү кеп арасына кирип кетип жатты. Қарыя Абдырасул Токтомушев Саякбай жөнүндө кыскача бир-эки сөз айтканы: «1971-жылдын май айынын башы эле Саякбай ооруканада жаткан эле, көрүп — ал жайын билейинчи деп барып калдым. Кирип көрсөм оорусу катуу болуп калган экен, мени тааныган жок. Кадимкидей эле «Манас» айтып күңгүрөнүп жатат, тили билинбейт, обону Манастыкы. Эч сүйлөшө албадым, врачтардан сурасам бүгүндөн баштап катуурааК болуп калды киши тааныбайт, эртеден бери эле ичинен күңгүрөнүп Манастын обонун айтат тили билинбейт деди. Бир күнгө жетпей каза болгонун уктум, Саякбайды «Манастын кырк чоросу, арбактары алып кетти, кайран гана Саякбай,— деп кебин салып отурду. Саякбай кыргыз элине түгөнгүс, өчпөс, өлбөс океандай «Манас» эпосун мураска калтырды. Эмгеги кылымдардан кылымга кала бермекчи.

МАЗМУНУ

Бет ачар 3
Чыңгыз Айтматов. Замандаштар, агаин-туугандар 6
Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген 8
Түгөлбай Сыдыкбеков. Асыл мурасты уланткан залкар манасчы 13
Улуу манасчы Саякбай Карала уулуна алкыш . . . 19
Азиз Салиев. «Манас» жана Саякбай 23
Тургунбай Садыков. Улуу манасчынын рухий бийиктиги . . 48
Виктор Виноградов. Эпостун музыкалык аткарылышы . . . 53
Кусеин Карасаев. Манасчы Саякбай Карала уулун табышым 59
Манасчы Саякбайды Фрунзеге алып келишим . . . 62
Зыяш Бектенов. Саякбай «Калевала» жергесинде 66
Раиса Заит кызы Кыдырбаева. Саякбайдын көөнөрбөс мурасы 77
Самар Мусаев. Чоң манасчылардын акыркысы 82
Муңдук Мамыров. «Чоюке чынар — мен чырпык» 106
Уркаш Мамбеталиев. Мен Сакемден бата алгам 116
Николай Удалов. Саякбай 121
Жекшеналы Бекбаев. Саякбайга катчы болгом 141
Асылбек Медетбеков. Манасчы жөнүндө баян 147
Кемел Белеков. Залкар жана замана 153
Омор Еркетанов. Биздин үйдө «Манас» айткан 158

НАУЧНО-ПОПУЛЯРНОЕ ИЗДАНИЕ

Штрихи к портрету великого сказителя

ВОСПОМИНАНИЯ

Составители: *Исмаилов Ооганбек, Акматалиев Абдылдажан*
Бишкек, издательство «Кыргызстан»

На кыргызском языке

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ БАСЫЛЫШ

Алп манасчынын албан элеси

ЭСКЕРҮҮЛӨР

Түзгөндөр: *Исмаилов Ооганбек, Акматалиев Абдылдажан*
Редактору *Ш. Адамалиева*
Сүрөтчүсү *Р. Исаков*
Көркөм редактору *К. Коёналиев*
Техн. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *Д. Ороскожоева*

ИБ № 5039

Терүүгө 20. 07. 94. берилди. Басууга 20. 10. 94. көл коюлду. Офсет кагазы № 1. «Адабий» ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108¹/₃₂. 5,0 физ. басма табак, 8,40 шарттуу басма табак, 8,71 учеттук табак. Тиражы 2000. Заказ № 30. Келишим баада.

«Кыргызстан» басмасы.
720361, ГСП, Бишкек шаары, Совет көчөсү 170.
Кыргыз Республикасынын «Акыл» мамлекеттик концерни
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты
720461, ГСП, Бишкек, 5. Т. Суванбердиев көчөсү, 102.